**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ**
**ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**Ош мамлекеттик университети**
**Журналистика кафедрасы**

Кол жазма укугунда
УДК: 801.8 (575.2) (043.3)

**АБДИЕВА ЧЫНАРА ИЛЬИЯСОВНА**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ОШ, ЖАЛАЛ-АБАД, БАТКЕН ОБЛАСТТАРЫНДАГЫ ЭЛЕКТРОНДУК МАССАЛЫК МААЛЫМАТ КАРАЖАТТАРЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ (1991-2016)

**10.01.10 – журналистика**

**Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы**

**Илимий жетекчиси – филология илимдеринин доктору Мамбеталиев К.И.**

**Ош - 2021**

## МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ** ........................................... 3

**ГЛАВА 1. Кыргызстандагы радио жана телекөрсөтүү тармагын изилдеген илимий эмгектер (обзор)**

1.1. Телерадиожурналистиканын теориялык негиздери жана Кыргызстандагы илимий изилдөөлөр ........................... 11

1.2. Эгемендүү доордогу Кыргызстандын электрондук маалымат каражаттарынын өнүгүүсүндөгү тарыхый этаптар ................ 20

Тыянактар ......... .......................................... 29

**ГЛАВА 2. Кыргызстандын түштүк регионундагы электрондук маалымат каражаттары жана аларды изилдөөнүн методдору**

2.1. Илимий изилдөөнүн методдору .................................32

2.2. Ош областындагы радио менен телеканалдар ..................... 37

2.3. Жалал-Абад областындагы телеканалдар ......................... 57

2.4. Баткен областындагы радио жана телеканалдар .................... 65

Тыянактар ........ ...................................68

**ГЛАВА 3. Кыргызстандын түштүгүндөгү электрондук маалымат каражаттары экстремалдык учурларда, мониторингдин жыйынтыктары жана изилдөөнүн натыйжалары**

3.1. Массалык маалымат каражаттардын экстремалдык учурлардагы иш-арекеттери: 1990 - “Ош окуясы”, 1999-2000 - “Баткен окуясы”, 2002 -“Аксы окуясы”, 2005 - “Март ыңкылабы” .................. 70

3.2. 2010-жылдын коогаландары жана медиа тармагы: “Апрель ыңкылабы”, “Ош окуясы-2010” ............................96

3.3. Электрондук маалымат каражаттарга тиешелүү мониторингдер (түштүк аймагы боюнча отчеттор) ......... ................... 122

3.4. Автордун жекече алган илимий натыйжалары ..................161

Тыянактар ....................................163

**КОРУТУНДУ** ..........................................**164**

**ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР** ...........................**172**

**ТИРКЕМЕЛЕР** .......................................... **184**

# КИРИШҮҮ

Массалык маалымат каражаттары коомдун өнүгүшүнө таасирин тийгизип, коомдук пикирди жаратат. Мындай тартип адамзат маалымдоого муктаж болгон учурдан башталган - ташка чагылган, жыгач менен териге жазылган, анан кагазга, андан кийин гезит, радио, телевидение, интернет түрүнө өткөн. Формалары өзгөргөн, технологиялары өскөн, булактары жайылган, бирок түпкү тамыры бир калыпта - адамдардын, коомдун, мамлекеттердин ортосуна маалыматты ар тарапка, булуң-бурчка, жерден жерге таратуу. 21-кылымда бул процесстин ыкчамдыгы интернеттин эбегейсиз күчү менен толук түрдө чечилди - “мезгил менен мейкиндик” дегендин табигый “чектөөсү” жокко чыкты.

“Массалык” деп аталган түшүнүк кеңири катмарга тараган нерсени белгилейт, мунун өлчөмү (басма сөзгө тиешелүү жагын алсак) өлкөнүн масштабына ылайык болот. Бирок азыр “өлчөмдүн да мааниси артка жылды, себеби  интернеттин таасири менен бул көрсөткүч дагы өчүп калды – гезиттер “сайт” аркылуу нускага (тиражга) муктаж болбой калышты. Мындай пикирдин салмактуу сыры бар, ал так ошол тираждын салмагына байланат - канча нускада басылса, ошончо адамдан гезиттин редакциясына түздөн-түз киреше кирет. “Сайттан” түшкөн киреше башкача. Тираждын мааниси жоголо элек, аны жоготуш үчүн “басма сөз” (пресса, гезит, журнал) деген түшүнүк жоголуш керек.

АКШ өлкөсүндө миллион нуска менен чыккан гезиттер бар (Россия, Индия, Кытайда деле ушундай), ошолорго удаа 5 миң нускалуу гезиттери да бар (кичинекей шаарларында). Муну “рынок” өзүнүн тартибине салат. Советтер Союзунда тартипти бийлик салган, ал кезде гезиттер компартия бекиткен пландын негизинде чыгып турчу.

“Маалымат” деген түшүнүк бул окуя, көрүнүш, кубулуш, көйгөй, факт, пикир, аргумент жана ушул сыяктуу нерселердин бүтүмү. “Массалык маалымат каражаттары” (ММК) деген термин журналистиканын теориясы

менен практикасына кирди. Айрым авторлор муну “жалпыга маалымдоо каражаттары” (ЖМК) деп да аташат, Б.Орунбековдун окуу китебинде ушинтип берилет [1, 199-б.]. Мындай “новациялардын” (жаңыртуунун) пайдасы деле жок, себеби чаташтырууга жол ачат, “ММК” менен “ЖМК”нын ортосунда кандай айырмачылык бар деген суроо жаралат. Эч “айырма” жок, болгону авторлордун жеке “чымындары” (бул илимге жаңычылдыкты киргизбейт). “Массалык” деген сөздү “жалпыга” деп которгонубуз, бирок котормо оргиналды сууруп чыкпады. Ооба, эгемендүүлүктүн биринчи жылдарында “Азаттыктын” демилгеси менен “үналгы, сыналгы, мударис, мүдүр, тик учак” деген сөздөрдү (кытайлык кыргыздардын лексиконунан келген) кабыл алуу процесси башталган, бирок улуттук тилибиздин “активдүү” жагына кирбеди, баягы эле көнүп калган “радио, телевидение, профессор, директор, вертолет” деген сөздөрүбүзгө кайтып келдик. ММК (массалык маалымат каражаттары) деген термин туруктуу калыпка түшүп калды, бул жерден “мүдүрүлбөй” басалы. “Тик учак” тим болуп, “вертолет” өз ордуна конду. Контекстке жараша «массалык маалымат» дегенди биз айрым учурларда «масс-медиа», «медиа каражат» десек да туура болот.

**Диссертациялык иштин актуалдуулугу.**

Кыргызстандагы массалык маалымат каражаттар тармагын изилдөөгө арналган илимий иштердин аздыгына байланыштуу, улуттук журналистиканын тарыхы жана теориясы боюнча жазылган китептердин, монографиялардын, окуу куралдардын саны бизге жетишсиз. Регионалдык (аймактык) масштабда карасак, анда ар бир областын ММКлары өз алдынча өзгөчөлөнгөн структура сыяктуу айырмаланат, анан булар өзүнүн жергиликтүү жамаатынын жашоосун чагылдырат. Эми ушул аймактык маалымат каражаттарды изилдеген илимий иштерди жаратыш керек. Сунушталып жаткан диссертацияда буга чейин өз алдынча каралбаган тема (региондун масштабындагы тема) системалуу түрдө каралып, жаңы булактар илим казынага кошулуп, жаңы мазмундуу иликтөө пайда болду.

1) глабалдаштыруу дооруна шайкеш кыргыз журналистикасынын өнүгүү жолдорунун алигече толук аныкталбагандыгы, журналистиканын заманбап маселелеринин конкреттүү жагдайларга ылайык талдап чыгуунун зарылдыгы;

2) өлкөбүз кечирип жаткан эгемендүүлүк шартында ММКнын өнүгүү этаптарынын каралбай келиши, бул зарылчылыкты ишке ашыруунун илимий жолдорун иштеп чыгуунун журналистика үчүн өтө баалуулугу;

3) түштүк региондо жайгашкан телерадиокомпаниялардын ишинин кенен талдоого алына электиги;

4) ММК жаатында иштеген журналисттердин экстремалдык учурда жүргүзгөн иш-аракеттеринин ар тараптан аныкталбай жатышы;

5) коомдук кооптуу кырдаалдарды чагылдыруудагы журналисттердин чыгармачылыгындагы тактык эместик, объективдүүлүк- субъективдүүлүк, ар тараптуулук, бир беткейлик өңүттөрдө изилдеп чыгуунун керектиги;

6) түштүк тарапта эмгектенип жаткан журналисттердин иш-аракетине айрым жаңы милдет, сунуштарды айтуу керектиги иштин темасын тандоого өбөлгө болду.

Эмгек Ош мамлекеттик университетинин журналистика кафедрасында аткарылды.

**Изилдөөнүн максаты** болуп Кыргызстандын түштүк жагында жайгашкан Ош, Жалал-Абад, Баткен областтарындагы маалымат каражаттарынын эгемендүү жылдарда (1991-2016) баскан жолун анализдеп, жыйынтык чыгаруу саналат. Бул максатты аткарыш үчүн төмөнкү **милдеттер** коюлду:

1. Телерадиожурналистиканын теориялык негиздерине жана бизде аткарылган изилдөөлөрүнө системалыштырылган мүнөздөмө берүү;
2. Эгемендүү доордогу Кыргызстандын электрондук ММКлардын өнүгүүсүндөгү тарыхый этаптарын аныктоо;
3. Түштүк регионундагы радио менен телеканалдардын эгемендүү

доордогу жолун Ош, Жалал-Абад, Баткен областтары боюнча материалдардын негизинде талдап чыгуу;

4. Экстремалдык учурлардагы электрондук массалык маалымат каражаттарынын аракеттерин аныктоо;

5 Электрондук маалымат каражаттарына жүргүзүлгөн мониторинг боюнча тиешелүү жыйынтыктарын белгилөө.

**Изилдөөнүн методологиялык негизи жана методдору.**

Изилдөөдө В.Вакуров, М.Глейзер, В.Ярошенко, В.Резников, Э.Багиров, Т.Мамбетсариев, С.Усупов, Ж.Бакашева, К.Мамбеталиев, А.Дүйшекеева, М.Мырзагулов, Л.Калчаева, Н.Жумагазиева, Т.Кадыров, Г.Ибраева менен С.Куликова, Б.Орунбеков, Ж.Туралиев, Ж.Акматбекова жана дагы башка окумуштуулардын темага тиешелүү эмгектери методологиялык негиз катары колдонулду. Изилдөө процессинде эмпирикалык методдор (материал топтоо, каттоо, сурамжылоо, байкоо, чечмелөө, системалаштыруу, топтоштуруу, которуу, саноо) менен катары теоретикалык методдор (анализ, синтез, сыпаттоо, салыштыруу, жалпылоо) пайдаланылды.

Терминдердин тили менен айтсак, диссертацияда “структуралык-функционалдык”, “салыштырма-тарыхый” жана “салыштырма-типологиялык” деп аталган методдор тиешелүү деңгээлде колдонулду. Биринчиси системанын ичиндеги объектилердин жана субъектилердин динамикасын иликтөөгө жол ачат. Экинчиси болсо факты менен көрүнүштүн өзгөчөлүгүн айырмалоого мүмкүнчүлүк түзөт. Үчүнчүсү сапат жагынан бири бирине тийгизген таасирлерди белгилөөгө жардам кылат (муну “компаративистика методу” деп да аташат).

**Изилдөөдө алынган натыйжалардын илимий жаңылыгына:**

1) иштин мазмунунда түштүк регионунда аракеттенген телерадиожурналистикада коомдук актуалдуу маселелердин чагылдырылышына жана буга тиешелүү изилдөөлөргө жалпы сереп берилиши;

2) электрондук медиа каражаттардын региондогу өнүгүү этаптарынын тартибинин аныкталышы;

3) журналистиканын методологиялык пайдубалынын жана методдорунун жергиликтүү материалдарды мүнөздөөгө ылайыктап иштелип чыгышы;

4) түштүк регионунда жайгашкан медиа каражаттардын бөтөнчөлүктөрүнүн жана жалпылыктарынын салыштырылып берилиши;

5) аймактагы жана өлкөдөгү экстремалдык жагдайлардагы журналистикада актуалдашкан, биринчи планга коюлган маселелердин чагылдырылышындагы бөтөнчөлүктөрдүн талданышы;

6) региондук жана республикалык каардуу окуяларга карата медиа каражаттарда берилген маалыматтардын көп түрдүүлүгүнүн (бир тараптуу, ар тараптуу, субъективдүү - объективдүү, козуткан - сабырдуу ж.б.) көрсөтүлүшү;

7) шайлоолордун (президенттик, депутаттык ж.б.) жүрүшүндө натыйжасын, талданышы, бааланышын, электрондук маалымат каражаттарда жүргүзүүнүн ык-методдорунун сыпатталышы кирет.

**Изилдөөнүн теориялык мааниси.** Кыргызстандын түштүгүндөгү электрондук медиа каражаттар буга чейин өз алдынча илимий изилдөөнүн (диссертациянын) курамына негизги объект катары кирген эмес. Буга чейин чыккан айрым эмгектерде региондун медиалары жалпы алынган темалардын ичиндеги структуралык бүтүмдүктүн бир кичине бөлүгү сыяктуу каралган. Сунушталган диссертацияда түштүк региондун журналистикасы өз алдынча системдүү тартипте изилденди - бул илимий жаңылыктын белгиси катары эсептелинет.

**Иштин практикалык баалуулугу.** Диссертациянын материалы “Кыргызстандын түштүк аймагындагы журналистиканын тарыхы” аттуу темадагы монографияны, ошондой эле университеттер үчүн окуу китепти жазганга салмактуу бир негиз болуп берет. Иштин жыйынтыктары журналистиканын теориясы жана практикасы боюнча лекциялык курстарды

түзгөнгө жол ачат. “Экстремалдуу учурдагы журналистика” багыты боюнча атайын курс менен атайын семинарларды өтүүгө мүмкүнчүлүк берет. “Масс-медианын ишине мониторингдердин тажрыйбасы” деген жаңы тематикалык окууну ачууга шарт түзөт.

**Коргоого коюлуучу жоболор:**

1. Телерадиожурналистиканын теориялык негиздери илимдин объектиси катары толук түрдөгү иликтөөдөн өтө электигине байланыштуу болгонунан, ушул жагына көңүл буруп, буга чейин жазылган эмгектерге мүнөздөмө берилиши зарыл иш.

2. Эгемендүү доордогу электрондук медиа каражаттарынын өнүгүү процессиндеги тарыхый этаптары илимдин тартиби менен аныкталыш керек. Мунун да зарылчылыгы көрүнүп турат.

3. Журналистикага тиешелүү илимий изилдөөнүн методологиялык базасын жана колдоно турган методдорун жергиликтүү материалдарга ылайыктап жазып чыгуу мезгилдин талабы экени талашсыз.

4. Өлкөнүн түштүк аймагындагы үч областында эфирге чыгып жаткан медиа каражаттары (радио менен телеканалдар) өз алдынча бири-бири менен салыштыруу тартибинде деталдуу түрдө каралышы керек.

5. Медиа каражаттары экстремалдуу учурларда (митинг, ыңкылап, тирешүү, күч колдонуу) өзгөчө шарттарда иштеп калат, ошол шарттардын кайталанган жана кайталанбаган жактары болот. Ушундай багытта журналистиканын тажрыйбасын иликтеп, аткарган иш-аракеттерин талдап, илимий көз караш менен баа берүү коомго керектүү иш.

6. Түштүк региондун медиа каражаттары түйшүктүү кырдаалдарда иштеген практикасын терең изилдеш керек - Ош окуясы (1990), Баткен окуясы (1999-2000), Аксы окуясы (2002), Март ыңкылабы (2005), Апрель ыңкылабы (2010), экинчи Ош окуясы (2010).

7. Кыргызстандагы электрондук маалымат каражаттары шайлоо марафондорунда мониторинг аркылуу парламенттик жана президенттик шайлоолордо көзөмөлгө (байкоого) алынган. Ушунун жыйынтыктары

(отчеттору) илимий иштин курамына кире электиги көйгөйлүү маселе катары профессионалдык деңгээлдеги иликтөөнү талап кылат.

**Илимий изилдөөчүнүн жеке салымы.** Жеке салым иштин мазмунунан көрүнүп турат, себеби журналистика боюнча илимий эмгектер регионалдык багытта жазыла элек. Диссертациянын өзгөчө белгилей турган жери - бул өлкөбүздө өткөн мониторингдердин материалдары илимий иликтөөгө алынганы. Медиа каражаттарына тиешелүү 16 жылдын ичинде (2000-2015) бизде 11 мониторинг өткөрүлгөн. Бул төрт түрдөгү мониторингдер - эки айлык (шайлоолорго тиешелүү), 6 айлык, 1 жылдык, 2 жылдык убакыттарды камтыган. Ушул мониторингдер диссертацияда толук түрдө анализ берилди.

**Изилдөөнүн апробациясы.** Диссертациянын бөлүмдөрү коюлган талапка ылайык апробациядан өттү. Университеттерде болгон илимий-практикалык конференцияларда талкууга алынган, илимий жыйындарда докладдар жасалган. ВАКтын тизмесине кирген журналдарга басылып, адистешкен илимий жыйнактардан жарыяланган жана чет элдик РИНЦтин рейтинги бар журналдардан чыкты.

**Изилдөөнүн жыйынтыгынын жарыяланышы.**

Иштин мазмунуна толук байланыштуу 10 илимий макала жарык көрдү.

**Диссертациялык иштин түзүлүшү.** Иш киришүүдөн, үч главадан (биринчи главада - 2 параграф, экинчи главада - 4 параграф, үчүнчү главада - 4 параграф), ар бир главага берилген тыянактардан, корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат. Иштин жалпы көлөмү – 186 бет.

Киришүү бөлүмүндө иштин актуалдуулугу, изилдөө объектиси, предмети, максаты, изилдөөнүн методологиялык негиздери жана методдору, иштин теориялык мааниси, практикалык баалуулугу, диссертациянын натыйжаларынын илимий жаңылыгы, изилдөөчүнүн жеке салымы, иштин апробацияланышы, изилденген материалдардын жарыяланышы тууралуу кыскача баяндама берилген.

Биринчи глава “Кыргызстандагы радио менен телекөрсөтүү тармагын изилдеген илимий эмгектер (обзор)” деп аталат. Иштин бул жеринде телерадиоберүүнүн табияты, өзгөчөлүктөрү жана аталган маселелер тууралуу жүргүзүлгөн изилдөөлөр, илимий-теориялык булактар тууралуу баяндама берилди. Ошондой эле электрондук медианын калыптанышы, эволюциясы, тарыхый этаптары аныкталды.

Экинчи глава - “Кыргызстандын түштүк регионундагы электрондук маалымат каражаттары жана аларды изилдөөнүн методдору” деп аталып, бул жерде Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтарындагы телерадио журналистиканын кыймылын, өзгөчөлүгүн аныктап берген методдор тууралуу айтылат.

Үчүнчү глава - “Кыргызстандын түштүгүндөгү электрондук маалымат каражаттары экстремалдык учурларда, мониторингдердин жыйынтыктары жана изилдөөнүн натыйжалары” деп аталат. Мында медианын экстремалдык шарттагы иш аракеттери көрсөтүлдү. Ош окуясы, Баткен окуясы, Аксы окуясы, Март ыңкылабы, Апрель ыңкылабы, экинчи Ош окуясы медиа тармагында кандай чагылдырылганы изилденди. Электрондук маалымат каражаттарга тиешелүү мониторингдердин отчеттору (түштүк регионуна тиешелүү жактары) илимий тартипте иликтенди.

Ар бир глава боюнча тыянактар жана жалпы иш боюнча корутунду берилди. Пайдаланган адабияттардын тизмеси келтирилди.

# Биринчи глава

# Кыргызстандагы радио менен телекөрсөтүү тармагын изилдеген илимий эмгектер (обзор)

## 1.1. Телерадиожурналистиканын теориялык негиздери жана Кыргызстандагы илимий изилдөөлөр

Адамзат тарыхында радионун пайда болушу эки адамдын ысымдарына байланыштуу, бул бир мезгилде жашаган орус окумуштуусу Александр Попов менен италиялык окумуштуу Гульельмо Маркони. Жаңы ачылыш бир бирине көз карандысыз түрдө 19-кылымдын аягында жасалат. А.Поповдун аппараты биринчи болгон, бирок ал аскердик сыр катары бааланып, жарыялоого тыюу салышкан. Бир жылдан кийин ушундай эле аппаратты Г.Маркони ачык түрдө жасап, Лондондон патент алат. А.Попов 1906-жылы каза болгон, Г.Маркони 1909-жылы Нобель сыйлыгын алды. Экөө тең маанилүү дүйнөлүк ачылышка өз алдынча келишкен, бирок А.Поповдун ысымы Советтер Союзунда белгилүү болгон, Г.Марконин ысымы Батышта белгиленген.

1924-жылы Советтер Союзундагы телеграфтык агентствосунун “радиогезитинин” биринчи саны эфирге чыкты. 1925-жылы Беларусь радиосу башталды, андан кийин Бакуда азербайжан менен армян тилдеринде, ошондой эле Харьковдо украин тилинде радиоберүүлөр пайда болду. 1927-жылы Ташкентте радиогезитинин алгачкы саны эфирге чыкты. Ошол учурда булар басма сөздөгү гезиттердин тыгыз байланыштагы бөлүгү катары калыптанган. Ташкенттен чыккан радиоберүүнү “Правда Востока” деген жергиликтүү гезитинин редакциясы даярдаган. 1928-жылдан тартып радиоуктуруулар массалык көрүнүшкө айланды. Басма сөз түрүндөгү массалык маалымат каражаттарды электрондук түрдөгү каражаттар толуктады. Мурун бир гана “пресса” болсо (гезит менен журналдар), эми буга “радио” келип кошулду.

1930-жылы оптикалык ыкма менен уктуруу тасмага жазылды, бул стационардык студиядан сырткары жерлерден сюжеттерди жаратууга жол ачты. Кыргызстандын борбор шаарында алгачкы радиостудия 1931-жылы ачылып, биринчи жетекчиси катары Н.Еленин бекитилген. Региондорго 6 түйүн (узел) курулду, мунун ичинен түштүк тарапка да - Ош менен Кызыл-Кыяга. Андан кийин дагы 12 түйүн курулган. Борбордо "Фрунзелик жумушчу" деген радиогезит эки тилде (орусча, кыргызча) эфирге чыга баштаган. Ошто 1932-жылы "Кызыл пахтачы" (кыргыз тилинде) жана "Коммунист" (өзбек тилинде) аттуу радиогезиттер жаралды. Кызыл-Кыя шаарында "Шахтачы" деген радиогезит уюштурулду [2, 72-б.].

Телевидениенин тарыхын да тактап чыгалы. Биринчи телеберүү Москвадан 1931-жылы көрсөтүлдү, үнсүз болгон, анан 1932-жылдын 1-май күнү Кызыл Аянттан тартылган майрамдык репортаж диктордун үнү менен коштолуп көрсөтүлдү. 1934-жылдан баштап телепрограммалар (коомдук-саясий темалар, маалымат, эстрадалык ырлар, спектакльдер) үзгүлтүксүз даярдалып башталды.

Кыргызстанга телевидение Улуу Ата-Мекендик согуштан кийин келген. Фрунзе шаарында биринчи телестудия ишин 1958-жылы баштап, жумасына 4 жолу эфирге чыккан, суткасына 60 минут, анын ичинде өзү даярдаган программа 18 минут болгон. Эфирдеги көлөмү жыл сайын өсүп, 1966-жылы суткасына 4 саат 30 минутка жеткен, республиканын территориясынын 80 % камтыган. 1970-жылы Ош шаарында өз алдынча башкы редакциясы уюштурулган. 1974-жылы "Орбита" деген космостук байланыш спутниги аркылуу Кыргызстанда түстүү (цветной) телевидениенин заманы башталган.

Совет доорундагы телерадионун тарыхый жолу ошол кездеги илимий эмгектерде изилденген. Москвадан мындай китептер чыккан - В.Вакулов «О языке радио и телепередач» (1960); Р.Борецкий «Информационные жанры телевидения» (1961); С.Фильд «Как писать для радио и телевидения» (1963); Л.Крысин «О языке радиопередач» (1967); В.Ярошенко «Информационные жанры радиожурналистики» (1976); В.Резников «Радио и телевидение: вчера,

сегодня, завтра» (1977); Э.Багиров «Очерки теории телевидения» (1978) жана башкалар [3].

Коңшу өлкөлөрдөн да илимий эмгектер чыккан - Р.Сагимбеков «Создание и развитие массового радиовещания в Казахской ССР» (1973); А.Есин «Радио и телевидение Узбекистана» (1975); Т.Новокрещенова «Создание и развитие радиовещания в Туркмении» (1986) жана башка [4].

Бул китептерде электрондук массалык маалымат каражаттарынын тарыхый жолу жана теориялык негиздери чагылдырылган. Албетте, тарых жагы бири-биринен айырмаланат, ал эми теориялык жагы бири-бирине окшош жана үндөш, себеби идеологиялык калыптын стандарты баарысына тең бирдей болгон. Бул «соцреализм» деп аталып, үч бурчтан турган калып - партия, тап, эл (партия, класс, народ). Бул 70 жыл совет коомун түзгөн жарандарга үстөмдүк кылып, цензура аркылуу козголбой келген. Совет доорундагы теория «партийность, классовость, народность» деген «ыйык» терминдер менен белгиленди.

Ошол учурдагы эмгектердин мазмуну сол тарапка да, оң тарапка да кыйшайбай түзүлгөн, чийинден чыккандар басмаканага (эфирге) жетчү эмес. Совет бийлиги цензураны талап кылган. Мындай нерсе адам укугун жана басма сөз эркиндигин чектеген коомдо пайда болот. Мындай тартип бир эле совет дооруна таандык эмес - жеке адамдын диктатурасы орнолгон мамлекеттерде да орун алат, ошондуктан муну конкреттүү түрдө белгилеш керек. Кыргыз изилдөөчү Б.Орунбековдун китебинде ушундай «белги» бар, аталган көрүнүштү бул автор «советтик коммунисттик концепция» жана «авторитардык концепция» деп ажыраткан [1, 30-б.].

Ушул концепциялар ММКлардын коомдогу ордун жана милдетин аныктады. Совет доорундагы журналистика компартиянын бийлигин колдоп, үгүт жана пропаганданын куралы катары кызмат кылган. Советтик концепциясынын башталышы жана аягы компартиянын заманы менен чектелди. Авторитардык концепция авторитардык тартиптин заманына байланып, бийликте турган жеке адамдын мөөнөтүнө туш келет. Мындай

жерде саясий партиянын орду экинчи планда калат. Буга тиешелүү мисалдар 21-кылымга да таандык. Борбор Азияда мындай концепциядан алыс кеткен жок, бирок ушул региондо өзгөчө (авторитардык эмес) орунду бир гана Кыргызстан ээлейт. Ушул көрүнүш жөнүндө сөз алдыда, азыр болсо совет дooруна тиешелүү негиздеринин талдоосун аягына чыгаралы.

Кыргызстандагы телерадиого байланыштуу изилдөөлөр өз алдынча бөлүнүп чыккан эмес, булар маданияттын жалпы өнүгүүсүнө арналган китептердин структурасына кирген, мисалы Э.Бактыгуловдун «Культурное строительство в Киргизской ССР», С.Даниировдун «Осуществление ленинской программы культурной революции в Киргизии», К.Каракеевдин «Особенности и основные этапы культурной революции в Киргизии» жана ушул сыяктуу совет мезгилиндеги материалдардын негизинде орус тилинде жазылган эмгектер [5]. Булар жогоруда айтылган «соцреализм» методу менен «советтик концепциясына» ылайык жазылган. Диссертациялык иштерди эсепке алсак, анда журналистика адистиги боюнча совет доорунда жакталган Т.Мамбетсариевдин кандидаттык диссертациясын аташыбыз керек [6].

Кыргыз журналистикасынын тарыхын изилдеген китептер совет доорунан кийин чыга баштады, эмгектерди төмөнкү авторлор жаратышты - С.Усупов (2007), Т.Кадыров (2013), А.Дүйшекеева (2013), Ж.Бакашева (2002), М.Мырзагулов (2014), Л.Калчаева (2002), Н.Джумагазиева (2018) жана буга чейин аталган Б.Орунбеков (2015) [7]. Белгилүү орунду Г.Ибраева менен С.Куликованын (2002) натыйжалуу изилдөөсү ээлейт, бул эмгекте Кыргызстандын массалык маалымат каражаттарынын эгемендүү доорундагы тарыхый жолу аныкталып, социологиялык иликтөө аркылуу изилденген [8]. Китеп орус жана кыргыз тилдеринде чыкты.

Совет бийлигинен кийин кыргыз өлкөсүндөгү телерадионун тажрыйбасын изилдеген диссертациялар пайда болду, мисалы Ж.Туралиевдин, Ж.Акматбекованын жана башкалардын [9]. Албетте, жаңы келген доордун авторлору жаңы ыкмаларды колдонушкан, анан булардын «жаңылыгы» Батыштагы илимге көнүмүш болуп, теориялык калыпка түшүп

калган, себеби ал жакта «соцреализмдин» методологиялык үстөмдүгү болгон эмес, тескерисинче, ушуга туруктуу түрдө каршылык көрсөтүлгөн. Советтер Союзундагы цензурадан өтпөгөн чыгармалар Европадан басылып турду («самиздат» деген нерсе пайда болгон). Ал тарапка жетпей калган кол жазмалар, тасмалар «перестройка» учурунда (1985-1990) жарыкка чыкты.
Ушул жылдарга чейин (Горбачевго чейин) Москвадан ар тараптуу аракеттер жасалган, мисалы, идеологиялык радиоуктуруулар, телеберүүлөр, автордук китептер жана макалалардын жыйнактары кеңири орун алган [10]. Ошол чагылдыруулар бир беткейлүү болгон, капиталисттик дүйнөнүн негативдүү жактарын көрсөтүүгө багыт берилген - андайлар аз болсо көбөйтүп, жок болсо жаратып беришкен.

Советтик контроль жокко чыккандан кийин кара боёк менен шыбалган субъективдүү бурмалоолор токтоп, объективдүү көз караштарга жол ачылды. 20-кылымда журналистиканын негизи «партиялуулук» болсо, 21-кылымда ошол негиз «гуманизмге» алмашылды [11]. Чет элдик авторлордун китептери (журналистиканын теориясы менен практикасына арналган) орус тилинде басылып, айрымдары кыргыз тилине да которулду - француз изилдөөчү Т.Репкованын, англис изилдөөчү Д.Рэндалдын эмгектери кыргыз тилинде окуган студенттерге «күнүмдүк окуу куралга» айланды [12].

Журналисттик кесиптин сапаты (профессионализм) башка кретерийлер менен бааланууга өттү, орус илимпозу М.Симкачева айткандай, теориялык түшүнүктөрдө “трансформация” башталды, практикалык “модельдер” өзгөрдү [13]. Мурда журналистика тарабына эч бир жакындабаган (оозго алынбаган) терминдер пайда болду, мисалы «менеджмент» деген түшүнүк. Эми ушуга түздөн-түз арналган көлөмдүү эмгектер басмадан чыгып, кеңири таралды, мисалы, телерадиого тийиштүүсү 2001-жылы Борбор Азиянын адистеринин колуна тийди [14].

Кыргыз журналистикасынын тарыхы совет идеологиянын тизгининен бошогон ыкмалар менен жазылып, басмадан чыкты. Дагы бир белгилей турган нерсе бар. Америка менен Европа Борбор Азиядагы массалык

маалымат каражаттарына гранттар аркылуу жардам беришти - ушунун негизинде мониторингдер, иликтөөлөр, конференциялар өткөрүлдү, окуу куралдар жазылды. 2002-жылы ОБСЕ уюмунун аракети менен региондогу жагдайды (массалык маалыматтын шарттары боюнча) аныктаган жыйнак чыгарылды [15]. Журналисттердин эл аралык федерациясы (IFJ) 2003-жылы Ош шаарында регионалдык журналистикасынын маселелерине арнап, Фергана өрөөнүндө иштеген белгилүү журналисттерди чогултуп, бир актуалдуу конференция өткөргөн. Фергана, Наманган, Андижан, Худжанд, Ош, Жалал-Абаддан келген адистердин докладдары жарыяланды [16].

“Андижанская правда” гезитинин өкүлү А.Абдуллаев мындай жыйынтык чыгарган. “Вызывает сожаление отсутствие рычагов влияния СМИ на нашу жизнь. Нет ни одного случая, чтобы газетная публикация или телепередача послужила причиной разбора в хокимияте области и отставке чиновника” [16, 6-б.]. Ооба, Өзбекстандын медиа каражаттарында ошол кезде бул мыйзам ченемдүү көрүнүш болгон, себеби ал жерде «авторитардык тартип» бекем орнотулган - сын пикирге, эркин сөзгө жол кынтыксыз жабылган. Худжанд шаарынан келген Х.Юсупов «биздин Согдия областындагы телекөрсөтүү суткасына 1 саатка чыгат, ошондуктан Өзбекстанга чектеш райондор Ташкенттин телеканалдарына «басылып» калган, ошондой эле Кыргызстанга чектеш райондордо кыргыз каналдарына конкуренция боло алалбайт» деп белгиледи [16, 10-б.]. Фергана областынын өкүлү З.Султанов бул жерде 69 гезит, 4 журнал басылганын, мамлекеттик телерадиокомпания жана төрт жергиликтүү телестудиялар эфирге чыгаарын айтты [16, 17-б.].

Эми бул коңшу өлкөдөгү тартип Ислам Каримовдун учурунда бир калыпта болгон, сөз эркиндиги боюнча жылыш болгон эмес, өзгөрүү азыр (экинчи президент Шавкат Мирзиеевдин тушунда) башталды. Буларга таандык дагы бир нерсени айтыш керек - журналисттердин билим деңгээли төмөн, себеби журналистика факультеттерине жаштар барбайт. З.Султановдун айтуусу боюнча өзбек журналисттердин ошол кездеги (2003-жыл) айлык акысы 20 долларга барабар экен. Бул Кыргызстандагы

журналисттердин айлыктарына салыштырсак бир топ төмөн (Ош областында ошондо 150 долларга барабар эле). Мындай көрсөткүчтөр боюнча Кыргызстанда “Журналисттер” коомдук бирикмеси “Эл аралык медиа көмөк” уюмунун (IMS) жардамы менен атайын изилдөө жүргүзгөн [17].

Борбор Азиядагы маалымат каражаттардын изилдеген эмгектерге төрт эле республикага кирет, себеби бешинчиси (Түркмөнстан) нейтралдык статусту алганына байланыштуу (бул формалдык жагы) жана “авторитардык тартип” менен жашаганы үчүн (бул реалдык жагы) иликтөөлөргө жол бербейт, чет элдик уюмдардын сөз эркиндикке байланыштуу гранттарын албайт, эл аралык конференцияларга өкүлдөрүн жибербейт. Жыйнактарда, китептерде түркмөн журналистикасы боюнча маалыматтар жок. Региондун калган өлкөлөрү боюнча маалымат көбүнчө Бишкектен жарыкка улам чыгып турат, айрым учурларда Алматыдан да чыгат, мисалы 2001-жылы Борбор Азиянын маалымат каражаттарынын жагдайын жана перспективасын аныктаган жыйнак ушул шаардан басылып чыккан [18].

21-кылымдын башында Кыргызстанда биринчи президент А.Акаевдин аракети менен жагдай өзгөрдү, бул анын үчүнчү мөөнөтүнө 2000-жылы шайлангандыгына байланыштуу болгон. Конституцияда жазылган нормага (эки мөөнөттүк норма) каршы шайланган. Буга чейин чет жактан Бишкек шаарына келген инсандар “силерде реалдуу түрдө сөз эркиндиги бар турбайбы” деп баа бериши - муну биздеги гезит менен телеканалдардын сапатын көрүп жыйынтык чыгарышкан. Ал эми жергиликтүү инсандардын үмүтү президенттин эки жүздүүлүгү даана ачылгандан кийин биротоло үзүлгөн. Аталган жыйнакта А.Мадумаровдун сөзүн келтирели. “Государственная телекорпорация проводит антинародную политику, никогда не говорит правды, все искажает либо выдает усеченную информацию в интересах Акаева. Возможно, он знает об этом, и ему это нравится” [18, 18-б.]. Ооба, так ушундай болгон, «возможно» деген сөздү алып салсак, таамай айтылган баа болот. Эми тагдырдын тамашасы дегендей (парадокс времени), А.Мадумаров экинчи президенттин учурунда

мамлекеттик катчы кызматын ээлеп, так өзү айткан «элге каршы саясаты» активдүү түрдө жүргүзүп (президенттин кызыкчылыгын коргоп) коомдук телеканалды ачтырууга жол бербеди. Саясатчы эки «стандартын» коомго жакшы эле көрсөтүп берди.

Акаевге болсо эркин гезиттер багынбады, сын пикирлер күндөн күнгө күчөп турду. 2002-жылдагы трагедиялык окуя бийликтин арам аракетинен пайда болгон. Жалал-Абад областындагы Аксы районунда милициянын куралдуу күчтөрү митингге чыккан элге ок атып, алты адамды өлтүрүшкөн. Ошондон кийин президент Акаевге каршы тирешүү ого бетер күчөдү, бийлик элди тизгиндей албады, натыйжада 2005-жылдын март айында элдин толкунунан коркуп, Акаев өлкөдөн качып кетти.

Экинчи президент Курманбек Бакиев адегенде аракетин демократиялык нукта баштады, бирок демилгеси бир эле жылга жетип, андан кийин ал дагы “авторитардык тартипке” түштү. Мамлекеттик телеканалды коомдук түргө (обшественное телевидениеге) айлантам деп, акыры дагы бир мамлекеттин кол алдындагы «Эл ТР» аттуу каналды жаратты. Ушул маселеге кийинки бөлүмдө кайрылабыз, бул жерде коомдук телерадиоберүүнүн стандарттары жөнүндө айта кетели. 2006-жылы «коомдук телеканалдын» тажрыйбасын көрүш үчүн Финляндия менен Эстонияга Бишкектен атайын делегация барган (курамына эки юрист, эки журналист жана төрт депутат кирген). Булардын ичинде маркум Мелис Эшимканов да бар эле. Таллин менен Хельсинкидеги коомдук телеканалдардын иш тартиби менен деталдуу түрдө таанышып, ошолордун үлгүсүн пайдаланалы деп Жогорку Кеңештен «коомдук телевидениеси» боюнча долбоор түзүлгөн. Дүйнөлүк стандарттарды чагылдырган китепчени да чыгарышты [19].

Бардык жагынан көмөк болду, бирок күтүлгөн нерсе жасалбады, мамлекеттик телеканал бийликтин көзөмөлүнөн чыкпады. Стандарттын негизги шартын «коомдук канал сөзсүз түрдө республикалык масштабда түзүлөт» дегенин аттап кетишти, көзөмөлдөө кеңешти түзүштү, бирок ага коом эмес эле бийлик «көзөмөл» кылып калды. Кыскасы, коомдук

стандарттын формасы эле алынды. Славян фольклорунда айтылгандай, «гора родила мышь» деген лакап орун алды. Кыргызча айтсак, «тоодой болгон аракеттен чычкандай нерсе жаралды». Эми азыр коомдук телеканалга арналган изилдөөлөрдөгү жыйынтыктар сынга татыбайт. Кыргыз-Орус Славян университетинин жарчысына 2015-жылы чыккан макалада минтип жазылды. «Преобразование ГТРК в общественное стало возможно после апрельских событий 2010 года. В соответствии с декретом Временного Правительства КР государственную корпорацию преобразовали в Общественное телерадиовещание, и народ получил возможность иметь независимое общественное телевидение и радио» [20].

Муну автордун «иллюзиясы» десек туура болот, себеби бизде «коомдук телерадиоберүү» жаралган жок, формасын үч жолу өзгөртүштү, бирок мазмуну «авторитардык тартиптен» ажырабады, себеби финансылык жана административдик тизгин бийликтин колунда. Макаланын авторуна орусча жооп берсек, анда «народ ничего не получил» деп айтышыбыз керек.

Эми коомдук стандарттардын тамырлуу жактарын карап көрөлү. Биринчиден, граждандык контроль болуш керек (бийлик буга жолой албайт). Батыш дүйнөсүндө мамлекеттик менен коомдук каналдар бир учурда (параллельно) өмүр сүрүшпөйт, ал жакта «мамлекеттик» деген каналдар жок. Жанагы биздин депутаттар көргөн коомдук каналдын бир жылга сарпталган акча каражатынын көлөмүн салыштырсак, айырмасы чоң, жер менен асмандай. Эстониядагы көлөм (2006-жылы) жылына 40 миллион евро, Финляндияда - 400 миллион евро. Кыргыз телерадиокорпорациянын бир жылдык бюджети - 40 миллион сом эле (ошол жылдын курсу боюнча 1 миллион доллар). Эстониядан 40 эсе, Финляндиядан 400 эсе аз (элдин саны буларда биздикиндей эле). Каражаттын жарымын мамлекет берет, калганы реклама аркылуу. Финляндияда ар бир дүкөндөн сатылган телевизордун баасына белгилүү процент кошулат, анан ошол акча коомдук каналдын банктагы эсебине (счетко) түшөт. Эстонияга мындай ыкма жарабыды, алар

башка жолду табышты. Эми кеп ыкманын түрүндө эмес (булар ар кандай болот), кеп стандарттын негизги принципинде, ал өзгөрбөйт.

Батыштагы коомдук каналдардын Көзөмөлдөө кеңешин Парламент бекитет (президентин указы менен бекитишпейт). Ошол кеңеш коомдук телеканалдын генералдык директорун кызматка коёт жана кызматтан алат. Бизде болсо каналдын жетекчиси президенттин указы менен бекилет.

Жеке менчик деген телерадионун турпаты башкача болот, мындагы тартип мыйзамдык базанын талаптарынын негизинде өз ишин алып барууга муктаж. Эгемендүүлүктүн доорунда массалык маалымат каражаттарын жалпысынан иретке салган анын ичинде телерадио тармагын тейлеген өзүнчө мыйзамдар кабыл алынган.

1991-жылдын 31-августунан кийин республиканын телерадио боюнча компаниясы өз алдынча иштеп калды. Совет бийлигинен кийин, эгемендиктин доору башталып, ММКлардын формасы, мазмуну да өзгөргөн. Компартиянын «социалисттик реализми» деген усулдун жана ушуга байланыштуу официалдык цензуранын («Главлит» деп аталчы) тарыхый мөөнөтү бүтүп, жаңы өзгөчөлүктөр орун алып, астыда жаңы этаптар өз кезегин күтүп калышкан. Эми ушул процессти изилдеп чыгалы.

### 1.2. Эгемендүү доордогу Кыргызстандын электрондук маалымат каражаттарынын өнүгүүсүндөгү тарыхый этаптары

Кыргыз жергесинде эгемендүүлүк 1991-жылдын 31-августунан башталды, ушул күн улуттук майрам катары жыл сайын белгиленет. Маалымат берүү тармагы компартиянын көзөмөлүнөн бошоп, менчиктин жолуна түшкөн. Мисалы, “Вечерний Фрунзе” гезити компартиянын шааркомунун карамагынан бошонуп, “Вечерний Бишкек” деген эркин гезитке айланды (азыр бул жумасына үч жолу чыккан эң тираждуу гезит). Сөз эркиндиги басма сөздөн башталды, радио менен телевидениеге кезек кийин жетти. 1992-жылы “Массалык маалымат каражаттары жөнүндө” деген мыйзам чыкты. 1993-жылы Кыргызстандын Конституциясы кабыл алынды. Бул сөз эркиндигинин кепили болду, 16-беренесинде ар бир жаран “өзүнүн

көз карашын эркин билдирүүгө, ой-пикирин жайылтууга, басма сөз эркиндигине, маалымат берүү жана аны таратууга“ жол ачылды. Андан кийин бул тараптагы мыйзамдуулук дагы тереңдеди.

1997-жылы журналистика кесибине түздөн-түз тиешелүү эки мыйзам жаралды - “Журналисттин профессионалдык иш-аракеттери жөнүндө”, “Маалыматка жетишүүнүн кепилдиги жана эркиндиги жөнүндө”. Сыртынан караганда жакшы кадам болду, бирок ичинен карасаң бул жерде бир терс маанидеги карама-каршылык жараткан нерселер жазылып калган. Бир жагынан “журналисттик тергөөгө” укук берилет (биринчи мыйзамдын 9-беренеси), экинчи жагынан маалымат берген адамдан уруксат алмайынча, аудио-видео каражаттарын пайдаланууга тыюу салынат (аталган мыйзамдын 7-беренеси). Бул колдорун бош коюп, буттарын тушап койгонго барабар. Экинчи мыйзамдын түпкү мааниси жокко чыгып турат, себеби журналисттик изилдөөдө эркин түрдө маалымат алууга жол берилбейт. Мындай жыйынтык атайын фокус-группа аркылуу аткарылган иликтөөдөн (соцопрос) кийин чыгарылган [22, 75-б.].

Ошол кезде өлкөнү жетектеген А.Акаевдин юристтери ушундай “жылчык” жасашып, бийликти сындаган авторлорго жолтоо кылышты. Ушундай “чеберчиликти” көрсөткөн юристке коомчулук “хитроумный” деген эпитетти ыйгарган - Леонид Левитин 90-жылдардын аягында Германияга көчүп кеткен, бирок анын “таланттуу” шакирттери юридикалык жактан Акаевди биринчи революцияга чейин тейлешкен, эң көрүнүктүүсү Данияр Нарынбаев. Ал экинчи президентке өтүп кетип, анан үчүнчүгө өткөндө “токтотушту”. Телерадиого арналган мыйзамдын долбоорун ушулар бийликке керектүү “тартипке” келтиришкен.

2006-жылы “Кыргыз Республикасынын улуттук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө” деген мыйзам пайда болду, андан кийин 2008-жылы “Телеберүү жана радиоберүү жөнүндө” мыйзамды кабыл алышты. Бирок өлкөбүздө коомдук телерадиоберүүнү камсыз кылган борбор түзүлгөн жок. Формасы түрүндө аталышы жазылды, иш жүзүндө улуттук

телерадиокорпорация толук бойдон президенттин кол алдында идеологиялык курал катары сакталып калды. Корпорациянын жетекчиси президенттин эрки менен кызматка коюлат жана алынат. 15 кишиден турган Көзөмөл кеңеши да президентке көз каранды. Ушундай кырдаалда “наблюдательный совет при общественной телерадиовещательной корпорации выполнил свою историческую миссию” деп жазган эксперттер чындыктан алыс турушат, себеби “миссия не выполнена” [20]. «Общественный» деген статуска жете элек болсок, «тарыхый миссия» кантип аткарылмак эле.

Эгемендүүлүк башталгандан кийин Кыргызстандын юстиция министрлигинде бир топ массалык маалымат каражаттар катталган. Биз 2015-жылдын көрсөткүчүн карап көрсөк, анда күбөлүк (свидетельство о регистрации) алгандардын саны: гезиттер - 986, телекомпаниялар - 109, радиостанциялар - 59. Мунун ичинен азыркы учурда реалдуу түрдө иштегендердин санын эксперттер «белгисиз», себеби ушул  маселе боюнча эч ким мониторинг жүргүзгөн эмес дешет. Ушундай тыянакты биз тактап кетели, себеби бир жолу «мониторинг» болгон, аны «Журналисттер» коому 2003-жылы өткөрүп, «Печатные и электронные СМИ Кыргызской Республики» деп аталган маалымдоону (справочникти) жарыкка чыгарган. Ошол жылы мониторингдин адисттери ар бир шаарга, ар бир районго барышып, жергиликтүү гезиттердин редакциялары менен, жергиликтүү телеканалдардын жана радиостудиялардын жамааттары менен кезигишкен. Ошол иштин көрсөткүчтөрү орус тилинде жазылган. «По состоянию на 2003 год. Печатные СМИ КР: газеты - 127, журналы - 4, бюллетени - 2. Всего по стране печатных СМИ - 133. Электронные СМИ КР: радио - 20, телевидение - 27. Всего электронных СМИ - 47» [23]. Мындай маалымат илимий изилдөөлөргө буга чейин кирген эмес. Эми бул 15 жыл мурун болгон көрүнүш, андан бери сан жагынан бир аз өстү (өзгөчө цифровой телеберүү форматына өткөндөн кийин). Сапат жагы да астыга жылганын иликтейбиз.

Эми “периодизациялоо” маселесине өтөлү, бул орчунду нерсе, себеби ар кандай түрдөгү, ар кандай негиздеги варианттар түзүлгөн. Бул иш

логикадан тайбай, учурдагы саясаттын жана мезгилдин маанилүү бурулуштарынын контекстинде каралышы керек. Мисалдарга кайрылалы. Г.Ибраева менен С.Куликованын китебинде биздин ММКлардын тарыхы төрт этапка бөлүнөт. 1-этап: 1991-1992-жылдар – прессанын эркиндигин жарыялоо. 2-этап: 1993-1995-жылдар – ММКнын бийлик менен болгон мамилесиндеги, ошондой эле экөөнүн жеке ролдору менен аткарган милдеттериндеги кескин өзгөрүүлөр. 3-этап: 1996-1999-жылдар – бийлик менен такыр «ажырашуу». 4-этап: 1999-2002-жылга чейин медиа-холдингдерди түзүү жолу менен медиа-менчиктерин кайра бөлүштүрүү жана топтоо. [7, 15-38-бб.].

Бул А.Акаевдин доорунда жазылган китеп, ошондуктан бир эле бийликтин ичиндеги «этаптар» 10 жылдык мөөнөттү камтыйт, ал эми 20 жылдык мезгилди алсак, анда бул эки этаптын бири болуп калат. Анан ошол эки этап эки президенттин (Акаев менен Бакиев) доору менен чектелет. Эгерде чейрек кылымды алсак, анда үч этаптын бири болот, үч этап үч президентке таандык. Ушул жерден логиканын биринчи ченеми чыгат.

Кыргызстанды башкарган ар бир президенттин өзгөчөлүктөрү даана көрүнүп турат - ар биринин жеке мүнөзүнө, стилине жана аракетине жараша. Бири-бирине окшоштук жагы бирдей, бирок массалык маалымат каражаттарын чөк түшүрүп, кол астында кул сыяктуу кызмат кылдыруу үмүтү менен окшошот. Үчөө тең (Акаев-Бакиев-Атамбаев) оппозициялык журналисттерди жек көргөн, булардын мыктыларын доо арыз менен, соттук штрафтары менен баскан. Бакиевдин учурунда эки белгилүү журналист (Алишер Саипов менен Геннадий Павлюк) киши колдуу болуп өлтүрүлгөн. Акаев менен Бакиевдин дагы бир окшоштугу бар - экөө тең өлкөдөн элдин каарынан коркуп качып кетишкен. Үчүнчүсү камалды, төртүнчүсү 6-жылдык мөөтүүнүн жарыма гана жетип, бийликтен кулады.

Казак окумуштуусу Н. Омашев казак радио уктуруунун өнүгүү этаптарын төмөндөгүдөй бөлүштүргөн:

1. 1921-1927-жылдары казак жеринде радио уктуруу .

2. 1927-1941-жылдардагы радио уктуруунун массалык өнүгүшү.

3. 1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги советтик радио.

4. Согуштан кийинки 1946-1950-жылдардагы радио.

5. 1950-1985-жылдардагы тоталитардык мамлекеттеги радио.

6. Радиону калыбына келтирүү жана жарыялоо 1985-1991.

7. 1991-2009-жылдардагы жаңы мезгил радиосу.

Мында окумуштуу казак эли эгемендүүлүккө чейинки коомдук өнүгүү Россия менен байланыштуу болгонун жана радионун мекени ошол өлкө экендигин эске алып, эгемендүүлүккө чейин жана эгемендүүлүктөн кийинки этаптарды бөлүп көрсөткөн.

ММКнын тарых этаптары кенен масштабдагы жалпылоо менен аныкталган варианты да бар. А.Дүйшекееванын китебинде эки гана этапка бөлүнөт - биринчиси (1927-1991-ж.ж.) - «калыптануу жана өнүгүү»; экинчиси (1991-2010-ж.ж.) - «өнүгүүнүн жаңы этабы». Башка сөз менен айтсак, «совет доору» менен» «эгемендүү доорун» бири-биринен ажыратылган көз караш [24, 35-93-бб.]. Бирок ушул жерде «совет доору» деген түшүнүк негедир «түшүп» жана «эгемендүү» деген доор «чыкпай» калыптыр.

Дагы бир вариантка көңүл буралы. Ж.Акматбекованын кандидаттык диссертациясында эгемендүү доордогу ММКнын тарыхы мындай бөлүнөт.

1. Эгемендүү ММКнын түзүлүшү, мамлекеттик эмес ММКлардын пайда болушу (1991-1996).
2. Бийлик жана ММКнын келишпестиги (1996-1999).
3. ММК жана өлкөдөгү уруунттуу саясий жагдайлар (2000-2009).
4. Апрель революциясы жана ММКдагы жаңы түзүлүш (2010-2014).

Эми ушунун негизинде автор «ММКнын өнүгүүсү өлкөнүн саясий, социалдык, экономикалык факторлору менен тыгыз байланышта экендиги аныкталды» дейт, бирок берилген этаптарында «Апрель революциясынан» башка «факторлор» көрүнбөйт [25, 7-9-б.]. 2002-жылдын «Аксы окуясы», 2005-жылдын «Март революциясы» сызылып калгандай. Бийлик менен масс

медиалардын «келишпестиги» төрт эле жылга таандык эмес да (1996-1999), ушул процесс эгемендиктен бери бүтпөй, созулуп эле келе жатат.

Мындай жалпы сөздөр менен (түзүлүш, келишпестик, урунттуу) периодизациялоонун мааниси чыкпайт, себеби логикасы жоголуп жатат. Эми жыйынтык чыгаралы. Кыргызстандагы ММКнын тарыхын чагылдырганда, мунун басып өткөн жолунун этаптарын өлкөнү башкарган ажолордун жетектөө мөөнөтүнө ылайык кылып, үндөш катары караганыбыз туура болот, себеби жалпы тарыхыбыздын мааниси ушундай багытка таянат. Советтер Союзунун тарыхын алсак деле, ал жогорку бийликке ээ болгон инсандардын мөөнөтүнө жараша өнүккөн, ошондуктан ММКнын тарыхый жолун ушуга жараша бөлгөнүбүз оң. Мисалы мындай түрдө: Лениндин доорундагы этап (1917-1924); Сталиндин доору (1924-1953); Хрущевдун (1953-1964); Брежневдин этабы (1964-1982); Андропов менен Черненконун доору (1982-1985); Горбачевдун этабы (1985-1991). Жалпысынан алсак «совет доору». Андан ары эгемен доордун тарыхы.

Кыргыз Республикасынын эгемендүү жолуна жараша ММКлардын өнүгүүсүн эл шайлаган президенттер бийликте турган жылдарга такап карашыбыз керек. Этаптарга бөлүүнү төмөнкүдөй кылып сунуштайбыз.

1. Биринчи президент Аскар Акаевдин доорундагы этап (1991-2005)
2. Экинчи президент Курманбек Бакиевдин этабы (2005-2010)
3. Үчүнчү президент Алмазбек Атамбаевдин этабы (2011-2017)
4. Төртүнчү президент Сооронбай Жээнбековдун этабы (2017-2020)

Мындан ары этаптар «бешинчи, алтынчы» деп улана берет. Президенттин мөөнөтүн узартпасак (азыр Конституциябыздын нормасы боюнча бир адам 6 жылга бир жолу шайланат), анда кийинки этаптардын мөөнөтү «алты жылдык» өлчөмдөгү калыпка түшө берет.

Эми түштүк тараптын электрондук ММКлардын санын карап чыгалы. Кыргызстандын юстиция министрлигинин каттоо тизмесиндеги расмий маалыматка таянсак: Жалал-Абад областында - 12 телерадиокомпания (ТРК); Баткен областында - 2 ТРК; Ош областында - 7 ТРК жана 1 радиостанция.

Каттодон өткөндөрдүн көпчүлүгү жөн эле күбөлүк алуу менен чектелген. 2003-жылы өткөрүлгөн эсеп боюнча иш жүзүндөгү абал мындай болчу: Жалал-Абадда - 4 телекомпания; Баткенде - 1 радиокомпания, Ошто - 6 телеканал жана 2 радиостанция [23, 50-56-бб.]. Азыркы учурдагы көрүнүштү экинчи главада карайбыз, ага чейин бир нерсени тактап кетели.

Адисттердин арасында «коэфициент насыщенности телерадио пространства» деген термин бар, буга ылайык борбор шаарда жашаган жарандар 10 эфирдик каналдарды көрүүгө мүмкүнчүлүк алыш керек экен, областагы шаардын жарандары 6 каналды, айылдарда 4 каналды көрүүгө тийиш деп аныкталган. Өлкөбүз мындай талаптарга азыр негизинен жакын эле, бирок территориябыз телекөрсөтүү менен 100 пайыз камсыздана элек, кыргыз телеканалын таптакыр көрө элек кыштактарыбыз да бар.

Мамлекеттик телеканалдын эфири Кыргызстандын 90% жерине жетет. Эң көлөмдүү аудиторияны ушул канал ээлейт. Бирок элдин жалпы пикирин түзүүгө кудурети жетпейт, себеби «коомдук» эмес, көпчүлүк буга ишенбейт - бийликтин кол алдында калган, тизгинден бошой элек деп. Ушул жерден Американын мисалын келтирсек, кептин сыры түшүнүктүү болот.

АКШ мамлекетинде электрондук маалымат каражаттар жаралгандан тартып эч качан мамлекеттик болгон эмес, бул жерде телеканалдар менен радиостанциялардын баарысы жеке менчик (частный), булар даярдаган программалар эфирге коммерциялык мүнөздө чыгып турат. Бирок америкалык өкмөт коомдук телеберүүнү жаратып, финансылык жактан каржылайт, бул стандарттык түрдөгү коомдук телеберүү. Президентке талапкер болгондор дебаттарын (сөз жарышын) так ушул коомдук телеканал аркылуу эфирге чыгарышат, коммерциялык каналдар мындайды берүүгө укугу жок. Американын прессасында мамлекеттик да, коомдук да гезит жок, болгон эмес, бирок дүйнөгө маалыматты жеткириш үчүн “USA Today” деген гезит АКШ өкмөтүнүн каржылоосу менен чыгып турат.

Кыргызстандын алыскы аймактарына улуттук телеберүү жетпейт, ал жердеги жарандар коңшу мамлекеттердин программаларын көрөт. Мисалы,

түштүк тарапта Өзбекстандын радиосу менен телеканалдарын көрөт - “Маргалон ТВ”, “Андижон ТВ”, “Фаргона ТВ”, “Наманган ТВ”, “Ёшлар ТВ”, “Эхо долины” радио, “Радио Тироз”. Бул жөнүндөгү маалымат кыргыз изилдөөчүсү Н.Джумагазиеванын китебинде бар [26, 90-91-б.]. Кыргыз телеберүү кайсы айыл-кыштактарга жетпегенин тизмелеп, анан ошол жерде кандай техникалык каражаттар жок экенин такташ керек. Мындай ишти мониторинг аркылуу аткарсак болот. Буга чейинки изилдөөлөрдө башка тараптар каралган. 2013-жылы “Журналисттер” коомдук бирикмеси “Исследование СМИ Кыргызской Республики” деген ишти аткарып, телерадиого тиешелүү төмөнкү аспекттерди жазып чыгышты - “Язык ТВ в разрезе регионов”; “Обьем вещания в сутки и доля собственной продукции”; “Гендерный состав журналистов”; “Средняя зарплата журналистов на ТВ и радио”; “Доля тележурналистов, имеющих высшее журналистское образование”.

Албетте, бул абдан эле керектүү маалымат, бирок “охват населения телевещанием” деген орчунду маселеге көңүл бурулган эмес. “Гендер” боюнча 5 графикалык бөлүм түзүлүптүр [17, 19-23-бб.]. Грант берген чет элдик уюмга бул өтө маанилүү болсо керек, ал эми кыргыздарга мындай нерсе негизги көрүнүш эмес, себеби көрөрманды эркек менен аялдардын “пропорциясы” кызыктырбайт.

2017-жылдан баштап Кыргызстандагы телеберүү санариптик (цифровой) форматка өттү, электрондук маалымат каражаттарынын өнүгүүсүндөгү жаңы доордун ачылышы деп эсептелинет. Учуру келгенде мунун өзгөчөлүктөрүн илимпоздор иликтеп чыгат, бул келечектеги иш. Биздин диссертациябызда изилдөөгө кирген материал 2016-жыл менен чектелет, демек чейрек кылымдык жол каралат. Бул эми хронологиялык жагы, географиялык жагы болсо республиканын түштүк регионун камтыйт - Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтарын. Ар бир областагы электрондук медиа каражаттарын иликтеп чыгаардын астында, ММК тармагын реформалоо боюнча берилген сунуштарды анализдеп берели.

Сунуштар эки тараптуу, биринчиси - “региондогу ММК системасын сактап калыш керек”, экинчиси - “региондогу ММК системасын жоюп, бир эле республикалык масштабдагы структураны түзүш керек”. Эми ушуга баа берерден мурун, дүйнөнүн тажрыйбасына кайрылып, бир нерсени белгилейли. Батышта (өнүккөн мамлекеттерде) бизде орун алган “биринчи варианты” жок, себеби ал жакта “мамлекеттик ММК” деген система түзүлгөн эмес, ал жакта бир эле борбордук эсепте болгон “коомдук телерадиоберүү” бар (коомдук гезит деген жок), анан ошонун тегерегинде көп сандагы коммерциялык медиа каражаттар турат (радио, ТВ, пресса). Ал эми Кыргызстандын “биринчи системасы” мамлекеттик ММК тобу деталдуу түрдө жайылган - борбордо, шаарларда, областтарда, райондордо.

Мамлекеттик басма сөз, мамлекеттик телерадио деген статустары ушул күнгө чейин сакталып, финансылык каржылоосу болсо жарым-жартылай, себеби “айлык акыдан” башка бюджеттен эч нерсе берилбейт. Жогорку бийлик буларды мамлекеттин тизгининен бошото алалбады, президенттер адеп баштаганда “жоюп салабыз, бошотобуз” деп демилге кылышат, анан экинчи жылга келгенде, бийликке мамлекетчил ММКлар керек экенин түшүнүп, өзгөртүүдөн баш тартышат. Эми биз ушинтип эле турабыз. Батыш менен Чыгыштын ортосунда либералдык жана авторитардык тартиптин “үлгүсүн” издеп. Реформа кылалы дегендердин демилгелери так ушул эки ачалуу жагдайга байланыштуу.

Бир тарап бийликтин тизгинин үздүрбөйлү, экинчи тарап ошону жулуп салалы деген аракеттерде. Компромисттүү вариантын түзгөндөр да бар, алардын сунушу мындай - мамлекеттик статустагы бир эле гезитти калтырып, областтардагы мамлекеттик гезиттерди ушуга филиал кылып салалы дешет (корреспонденттик пункт). Телерадиого тиешелүү жагын да ушундай эле ыкма менен ишке ашырабыз дешет - Бишкекте борбордук телерадиокорпорация мамлекеттик статусун кармап, областагы телерадио болсо борборго филиал (корпункт) катары сакталып калышы керек дешет.

Бул сунуштун максаты аймактагы телерадиокомпанияларды бир чынжырга тизип салуу (единая телевизионная сеть). Ушундай жол менен журт менен бийликтин ортосундагы байланышты бекемдеп салабыз дешет, бирок мындай аракет “иллюзияга” негизделген, себеби сунуш кылынган “чынжыр” мамлекеттин куралы катары сакталат. Экинчи топ болсо, мындай реформага каршы, булардын сунушу боюнча эч нерсени өзгөртпөй мамлекеттик тизгиндердин баарысын (борбордо, областтарда, райондордо) сактап калыш керек, антпесек мамлекетибиз ыдырап кетет деп коркутушат. Сөз эркиндигинен жана коомдук телерадиодон дүйнө жүзүндө эч бир мамлекет ыдараган эмес, тескерисинче, алдыга жылган. Эми бул бирине-бири каршы турган варианттардын бир окшош жери бар - экөө тең “мамлекеттин тизгинин” сактоого умтулат, башкача айтсак, экөө тең бир тизгиндин эки чылбырына окшош. Бир мазмундун эки түрүндөй эле көрүнүш.

Реформаны накта кылалы десек, анда эки тарапка кыйшайбай толук түрдө (дүйнөнүн тажрыйбасына таянып) кылышыбыз керек. Коомдук телеберүүнүн бир эле жолу бар - бул борбордогу мамлекеттик телерадионун ордуна уюштурулат - бир жерге, бир жолу, республикалык масштабда. Кайталанбайт, бөлүнбөйт, өзгөрбөйт.

Областтардагы телерадио бийликтин тизгининен чыгып, коммерциялык жолго түшүп, рыноктун (капиталдын) тартиби менен жашашы керек. Бул эми үчүнчү вариант, мындайга каршы чыккан күчтөр арбын, мындайды буга чейин кыргыздын президенттери (үчөө тең) колдогон жок, демек реформа жасай турган учур астыда.

## Тыянактар

Кыргызстанда телеберүү Ата-Мекендик согуштан кийин пайда болду. Республиканын борборуна биринчи телестудия 1958-жылы орнотулду. 1966-жылы өлкөнүн 80 % жерине жетти. 1970-жылы Ошто өз алдынча редакциясы ачылды. 1974-жылы “Орбита” космостук спутник аркылуу бизде түстүү (цветной) телеберүүнүн заманы башталды.

Советтер Союзунун доорунда идеологиялык калыптын стандарттары ("соцреализмдин" калыбы) улуттук республикалардын баарысына тең бирдей болгон. Ал кезде "цензура" киргизилген. Совет доорундагы журналистика КПССтин (компартиянын) "үгүт жана пропаганданын куралы" болду.

Ошол жылдарда Кыргызстандагы телерадиого байланыштуу илимий изилдөөлөр өз алдынча бөлүнбөй, маданияттын жалпы өнүгүүсүнө арналган эмгектердин ичине кирген. Кыргыз журналистиканын тарыхын чагылдырган китептер жана тажрыйбасын изилдеген диссертациялар совет доорунан кийин чыга баштады. Жаңы замандын авторлору жаңы ыкмаларды колдонушкан, себеби "цензура" жокко чыкты, "соцреализмдин" теориялык негиздери сынга алынды.

Советтер Союзу урагандан кийин Борбор Азиянын массалык маалымат каражаттарына АКШ менен Европадан "гранттар" (финансылык жардам) келе баштады - мониторингдер, иликтөөлөр, конференциялар өткөрүлдү, окуу куралдар жазылды, жаңы китептер басылып чыкты. 2003-жылы Ош шаарында биринчи жолу Фергана өрөөнүнүн журналисттери (бул жерде үч өлкөнүн областтары бар - Өзбекстандын, Кыргызстандын, Таджикистандын) чогулуп, конференцияны өткөрүштү. Борбор Азиядагы журналистикасын изилдеген эмгектерге төрт республика кирет, бешинчиси (Түркмөнстан) нейтралдык статуста - маалымат бербейт, конференцияларга катышпайт, изилдөөлөрдү жүргүзбөйт.

21-кылымдын башында Кыргызстандын саясий турпаты өзгөрдү, буга себепти өлкөнүн биринчи президенти Аскар Акаев берди - Конституцияга каршы үчүнчү мөөнөткө шайлангандан кийин коомдун үмүтү үзүлдү. Андан кийинки экстремалдуу Аксы окуясы (2002) өлкөдөгү масс-медиа каражаттардын тирешүүсүн курчутту - мамлекеттик телеканал менен мамлекеттик гезиттер, бир жагынан, буларга каршы чыккан мамлекеттик эмес гезиттер жана "Азаттык" радио, экинчи жагынан, "информациялык согушту" башташты. Мындай кырдаал үч жылдан кийин өлкөнү биринчи

ыңкылапка алып келди (2005-жылдын март айында). Акаев Бишкектен Москвага качты, ошондон бери ошол жерде жашайт.

Экинчи президент Курманбек Бакиев өлкөнү беш жыл башкаргандан кийин, биринчи ажонун калыбына түшүп, Бишкектен Минск шаарына качты, ошондон бери ошол жерде жашайт. Биринчи ыңкылаптан кийин бул жетекчиден мамлекеттик телеканалдардын жана гезиттердин ордуна коомдук каналдар, эркин түрдөгү гезиттер уюштуруулат деп кыргыз эли көптөн күткөн. Бирок бул иш ишке ашпады.

Үчүнчү президент Алмазбек Атамбаев да бул ишти аткарбады, медиа каражаттардын тарыхына журналисттерди сотко берген доо арыздары менен кирди. Мамлекетке каршы “Апрель” телеканалын жаратып (бул өзүнүн менчиги), “бийликти кайтарып алам” деп элди толкундатты. Анан ок атууга жеткенден кийин, Атамбаев камакка алынды.

Төртүнчү президент Сооронбай Жээнбековдун учуру келгенде деле медиа каражаттардын тартиби өзгөрбөдү - коомдук телеканал өлкөдө жок, жергиликтүү мамлекеттик гезиттерди ар бир областка түзүлгөн медиа борбордун курамына киргизишти (телеканалдар менен гезиттерди бир калыпка салган борбор). Бирок мындайдан прогрессивдүү жылыш жок.

# Экинчи глава

## Кыргызстандын түштүк регионундагы электрондук маалымат каражаттары жана аларды изилдөөнүн методдору

### 2.1. Илимий изилдөөнүн методдору

Журналистикадагы фактыларды, көрүнүштөрдү, ыкмаларды изилдөө процессинде өзүнүн методологиясы бар. Бул гуманитардык тармактарды бириктирген илимдин негиздерине таянат, анан өзүнүн өзгөчө методдорун колдонот. Принциптер, көз караштар изилдөөнүн объектисине ылайык өз алдынча калыптанган системага кирет. Журналистиканын илимий социалдык-тарыхый билиминин жалпы закондоруна багынат, себеби журналисттин чыгармачылыгы социалдык практиканын курамында ишке ашат. Коомдун жашоосуна компетенттүү түрдө баа бериши үчүн, журналист коомдогу өнүгүүнүн жалпы мыйзамдарын түшүнүш керек.

Ушуга байланыштуу фундаменталдык билим негизги база катары кабыл алынат. Изилдөөнүн негизги ориентири илимий ишти туура жолго салып, керектүү методдорду колдонуу аракетерин талап кылат. Ооба, мындай жолдо башка илимдердин (үзөңгүлөштөрдөн - философия эстетика, социология, тарых, геополитика, адабияттын теориясы) ыкмалары колдонулат, бирок көчүрмө катары эмес, адаптацияланган түрдө колдонулат. Журналистика илими өзүнө ылайык методологияны түзгөн, бул жагынан белгилүү эмгектер жазылган [27, 98-105-бб.].

Журналистика саясаттын курамына өзгөчө бир элемент катары киргендиктен, коомго учурдагы саясаттын сапатын аныктаган маалымат булагы катары ишин алып барат. Буга байланыштуу журналистика илимий изилдөөнүн атайын объектисине айланып, тарыхчыларды, политологдорду, социологдорду жана медианы иликтеген илимпоздорду кызыктырат. Теорияда “саясий журналистика” деген термин калыптанган - бул багытта атайын эмгектер жазылган [28, 263-294-бб.].

Ар бир изилдөөнүн темасына жараша чеги (рамкасы) болот - мезгилге, доорго, көп өлкөлөргө, бир өлкөгө, өлкөнүн ичиндеги регионго чектелет. Эл аралык, улут аралык масштабдагы изилдөөлөр орун алат, анан муну “пространственно-территориальный критерий” деп аташат. Биз аткарган изилдөөдө регионалдык масштаб камтылды - Кыргызстандын түштүгүндөгү регион (Ош, Жалал-Абад, Баткен). Ушуга байланыштуу жана ушуга ылайыкталган методдор диссертацияда колдонулду.

Регионалдык медиаларда орун алган (эфирге чыккан) материалдар талдоого алынды. Мындай илимий иште талдоонун үч түрү болот. Биринчиси, “мазмундук анализ” - материалдын тематикасы, конкреттүү жерде жана конкреттүү мезгилде чагылдырылган факт, окуя. Экинчиси, “институционалдык анализ” - журналисттердин жана медиалардын саясий күчтөр, партиялар, фракциялар, оппозиция, чет элдик уюмдар менен болгон байланыштар. Үчүнчүсү, “функционалдык анализ” - журналисттердин саясий сапаттары (мисалы, бийликке жакындыгы же алыстыгы, көз карандуулугу же көз карансыздыгы).

Ушунун негизинде методдор аныкталат. Системаны анализдеген методдун мазмуну болсо мындай - социалдык топтордун, бирикмелердин, индивиддердин бир бүтүмдүктү жараткан байланыштарды аныктоо. Ал эми структуралык функцияларды анализдеген метод болсо системанын ичиндеги объектилердин кыймылдарын, динамикасын иликтейт. Институт менен уюмду анализдөө методу бул көзөмөл кылган, мониторинг жүргүзгөн проектилердин жыйынтыктарын изилдейт. Мисалды бизге тиешелүү кылып карасак, электрондук каражаттарды байкаган мониторингдердин отчетторун карап, түштүк аймактар боюнча материалдарды анализдеп чыктык.

Бул жерден бир нерсени тактап кетишибиз керек. Журналистика “институциалдык статусу бар социалдык субъект” катары саясий шарттын белгилүү учурунда орун алат. “Вертикалдык” бийликте журналистика “инструменталдык” функцияны аткарып, бийликке көз каранды болуп калат. Башкача айтсак, тоталитардуу режимде медиа каражат пропаганда менен

агитациянын инструментине айланып, бийликтин кызматкери катары иш аткарат. Мисалы, Түркмөнстан буга далил.

Ал эми “горизонталдуу” түрдөгү бийликте шарт таптакыр башка. Коомдук саясий жашоо демократиялык нукта болсо, журналистика бийлик менен жарандык коомдун ортосунан орун алып, эки тарапты тең салмактуу болууга аракет кылат. Демократиянын доорунда медиа “институционалдык” статуска ээ болуп, өзүн-өзү башкарууга жана өзүн-өзү көзөмөлдөөгө мүмкүнчүлүк алат (самоуправление и самоконтроль). Мындай кырдаалда конфликттер жокко чыкпайт, тескерисинче, ачыкка чыгып, объективдүү жана мыйзам ченемдүү көрүнүш катары бааланат. Анан конфликттерди ачыкка чыгаруу иш медиалардын негизги милдетине айланат. Конфликттерди (тирешүү, кагышуу, айтышуу) иликтөөгө “диалектикалык метод” деген ыкма колдонулат - эки тараптуулуктун бирдигин жана бирикпестигин (единство и борьба противоположностей) аныктайт. Мунун сырын Гегель менен Энгельс 19-кылымда ачышкан [29].

Диссертацияда тарыхый-салыштырмалуу (сравнительно-исторический) методду колдондук - бул факты менен көрүнүштүн универсалдуулугун жана өзгөчөлүгүн салыштырып, айырмаларын көрсөтүү (муну “компаративистика методу” деп да аташат). Сапаттуу бөлүктөрдүн бири-бирине тийгизген таасирлерин аныктоого “сопоставительно-типологический метод” дегенди колдонуш керек (башкача муну “компаративистский метод” деп аташат).

Түштүк региондогу журналистиканын өнүгүү жолунда окшоштуктар менен ар бир аймакка таандык болгон өзгөчөлүктөр бар. Жалпысынан карасак, системалык түрдөгү келишпестиктер да орун алат, мисалы, мамлекеттик медиа каражаттар менен мамлекеттик эмес каражаттардын ортосундагы позициондук тирешүүлөр болот, себеби жанагы диалектикалык биримдиктен эки тараптын максаттары бир калыпка түшпөйт - бир жагынан бийликтин камчысын колдогон тарап, экинчи жагынан граждандык коомдун кызыкчылыгын колдогон тарап. Эки тарап илгерки мезгилден бери алмак-салмак болуп келе жатат. Ушуга байланыштуу журналистиканын түрлөрү

жаралган - монархиялык, социалисттик, коммунисттик, улутчулдук багытта. Бул жөнүндө В.Ворошиловдун китебинде кенен жазылган [30, 32-43-бб.].

Административдик ресурстар менен демократиялык принциптердин ортосундагы каршылашуунун кыймылы өлкөнү астыга жылдырат. Кыргызстандын өнүгүү жолу ушунун негизинде жүрүп жатат - мөөнөтсүз бийликке шайланган мамлекет башчы бизде жок (аракет кылгандарды эл эки жолу качырды) жана парламент дагы мөөнөтү менен шайланып турат. Анан медиа менен бийликтин ортосунданы мамиле шайлоо өткөргөн учурларда мониторинг аркылуу көзөмөлдөнөт. Коомдун ичинде журналист ортомчулук милдетин аткарып, дискурстарды (талкуулорду) уюштурат. Бул иштин методикасы китептерде жазылган [31, 249-282-бб.].

Классификация аркылуу журналистикадагы көрүнүштөр, сапаттар, багыттар, агымдар байкалат, анан белгилери боюнча топторго бөлүнөт. Ошол топтордун өзгөчөлүктөрүн иликтөө иши аркылуу “типологиялык анализ” берилет. Муну типологиялык талдоонун методу деп аташат. Журналистикада өзүнчө типологиялык система бар, буга арналган эмгектер да жазылган [32, 84-90-бб.]. Диссертациядагы классификациялар так ушунун негизинде аткарылды. Мисалы, эгемендүү доордогу журналистикасынын тарыхый этаптарынын динамикасы (эволюциясы) ар бир Кыргызстандагы президенттин дооруна (мөөнөтүнө) ылайыктыгына байланыштуу болгонун типологиялык иликтөө аркылуу аныктадык. Биринчи президент Аскар Акаевдин доору 15 жылга созулду - ушул убакыт прогрессивдүү башталып, регресске айланып, кульминациясына жетип, революциялык финал менен бүттү. Экинчи президент Курманбек Бакиевдин доору 5 жыл созулуп, айтылган нерселерди кайталады. Айырмасы жылдарда - экинчисиники үч эсе кыска болду. Үчүнчү президент Алмазбек Атамбаевдин мөөнөтү 6 жыл менен чектелди, бул дагы прогрессден регресске жетип, аягы түрмө менен бүттү (экс-президент деген статустан ажыратылып, кылмыш иши козголду).

Медианын өнүгүүсүнө ар бир президенттин таасири тийгенине байланыштуу өзгөчө бир белгилер орун алды. Ушуну чагылдырыш үчүн

компаративисттик методду колдондук. Компаративистиканын түрлөрү бар - тышкы, ички, эл аралык, улуттук, регионалдык жана персоналдык элементтерге ылайык болуп, конкреттүү түрдө түзүлгөн контексттин ичине кирет. Ар бир тарыхый контекстин (чектөөлүктүн) спецификалык белгиси бар - бул доордун (мөөнөттүн) жүзүнө ылайык болот. Ушул жагдайлар журналистиканын турпатын изилдегенде эске алынат. Аталган методдор аркылуу жыйынтыктар чыгарылат. Илимий иштин негизги принциби мындай - журналистиканы реалдуу жашоодон ажыратпай, диалектикалык түрдө жана объективдүү мазмунда коомго карап, илимий эмгекти жаратуу.

Журналистикада журналисттик иликтөө жанры өтө маанилүү болуп эсептелинет. Буга тиешелүү атайын окуу куралдар түзүлгөн, мисалы, А.Тертычныйдын китеби [33]. Мындай тергөөнүн классикалык үлгүлөрү бар - “Уотергейт иши”, “Моникагейт иши” жана ушул сыяктуу журналисттердин аракети менен ачыкка чыккан чатактар. Кыргызстанда мындай “тергөөлөр” Кумтөргө байланыштуу болгон, акыркы тергөөлөр Азиз Батукаевге (криминалдык авторитет), Кой-таштагы окуяга, Раим Матраимовго (бажы тармагы) багытталган.

Түштүк региондогу электрондук медиалардын экстремалдуу учурлардагы иш-аракеттерин изилдөөдө негизги ыкма катары тарыхый-салыштырма методду колдондук, себеби тарыхый кырдаалдар бирдей болгон жок, бир доордун рамкасына чектелген эмес. Мисалы, Ош шаарында этникалык коогалаң эки жолу орун алды, мунун себеби (өзөгү) “сепаратизм” деген бир тамырдан чыкты, бирок эки башка саясий системада өттү - бирөө совет доорунда (1990-жыл), экинчиси эгемен доорунда (2010-жыл). Ушундайда салыштырманын ыкмасы тарыхтын контекстине байланат.

2005-жылдын ыңкылабы (А.Акаевдин доорун бүтүргөн окуя) 2020-жылдын ыңкылабына (К.Бакиевдин доорун бүтүрдү) окшош, себеби булардын тамыры бир - авторитардык бийликтин чектен чыккан арам аракети. Ооба, тамыры бир, бирок шарттары, кыймылдары, мөөнөттөрү, жыйынтыктары башкача болду, курман болгондордун саны кескин түрдө

айырмаланды. Бул окуялар медиа каражаттарында кенен чагылдырылды. Ошол учурлардагы журналистиканын кыймылын изилдеш үчүн биз тарыхый-салыштырма методдун ылайыктуу ыкмаларын колдондук. Белгилей турган бир нерсе бар. Айтылган методдун ыкмалары журналистиканын теориясына адабияттын теориясынан келген, себеби ошол жакта илимий калыпка түшүрүлүп, системалык түрдө жазылган. Бул жагынан учурунда фундаменталдуу илимий эмгектер жаралган [34].

Ар бир көрүнүштүн (фактынын, окуянын) мазмуну менен формасы салыштырма аркылуу ачылат. Бул мыйзам ченемдүү нерсе журналистиканын тарыхын изилдеген процессте өзгөчө орун алганы талашсыз. Ар бир журналисттин (автордун) өзүнө таандык ыкмалары бар, башкача айтсак, ар биринин өздүк методу бар, мындай болбосо, ал окурманды, көрөрманды, угарманды кызыктыра албайт. Ушул жагдайды да илимий изилдөөдө эске алыш керек, себеби диссертациянын объектисине журналистиканын жеке түрдө даярдалган материалдары да кирет (басмага жана эфирге чыккан түрдө).

Мындай аспектилерди изилдөөдө “текстуалдык метод” деген терминдин эрежелери аныкталган. Электрондук медиага “эфирдик материал” дешибиз керек. Спецификасы бар. Текст - бул печатный (гезит, журнал) материал. Эфир - бул визуальный (телеканал) жана аудиальный (радио) материал. Басма сөзгө карата теориялык негиздер журналистиканын илиминде кеңири жазылган, ал эми электрондук медиаларга арналган ийри иликтөөлөр келечектин иши [35, 95-125-бб.].

## 2.2. Ош областындагы радио менен телеканалдар

Эгемендүү доордун башталышында бул жерде көз карандысыз “Алмаз” радионун филиалы ачылды. Эркин телеканалдарды алсак, анда жаңы доордо эң биринчиси (мамлекеттик эмес телеканалы) Оштон түзүлгөн. Бул шаарда 1990-жылдарда масс-медианын ресурсттук борбору ачылган. Студенттик телеканалдын биринчиси да ушул жерде уюштурулду. Түштүк тараптагы жаңы түрдөгү ММКлар алгачкы кадамдарын ушул шаардан башташкан.

Айрымдары ар кандай себептер менен иштерин токтотушту, башкалары улантышты, арасында эң башынан (1991-жылдан) изин жоготпой азыркы күнгө чейин иштеп жаткандары бар. Аталыштарын жана статустарын өзгөртүп, бир багыттан башка багытка бургандары да бар. Бул региондо этникалык маселелер курч болуп турганына байланыштуу (1990-ж, 2010-ж) масс-медианын тарыхы өзгөчө тартиби менен айырмаланат. Ушуну эске алып, жергиликтүү электрондук медиа каражаттарды иликтеп чыгалы.

**“Ош ТВ”**

Журналистиканын түйшүктөрү жөнүндө журналисттер өздөрү эле жазат, аймактарга тиешелүү маалыматтар аймактык гезиттерге чыгат, демек ушул тараптагы булактарга кайрылабыз. Борбор Азияда биринчи көз карандысыз телерадиокомпания 1991-жылдын март айында жаралган, буга 1990-жылы Советтер Союзунда кабыл алынган “Закон о печати и других средствах массовой информации” деген мыйзам негиз болгон. Кыргызстандын түштүк жагында алгачкы эркин ММК катары “Ош ТВ” телеканалы ачылды. Муну кесиби боюнча телерадио тармагынын инженери Халилжан Худайбердиев уюштурган (Ош шаарынын тургуну, өзбек улутундагы Кыргыз Республикасынын жараны). Телеканал Оштун шаардык кеңешинде каттоодон өтүп, 1991-жылдын май айынан мамлекеттик биринчи каналынан күндүзгү убакытта эфирди арендага алып чыга баштады.

1993-жылы Кыргызстанда “Массалык маалымат каражаттары жөнүндө” мыйзамы кабыл алынгандан кийин юстиция министрлигинен каттоо күбөлүгүн алып, 1995-жылы “Ош ТВ” 5 метрдик каналдан өз алдынча чыга баштады. 1997-жылы берүү көлөмүн (объем вещания) суткасына 20 саатка чейин жеткирди. Программаларын кыргыз, өзбек жана орус тилдеринде алып барды. Ушундай тартип менен “метрдик канал” аркылуу эфирге 19 жыл чыгып турду (1995-2004), башка жеке менчик телерадиокомпанияларга мындай мүмкүнчүлүк болгон эмес, алардын баарысы “дециметрдик канал” менен иштешкен. 2004-жылы Ош ТВны да 23 дециметрдик каналга которушкан. Ушул каналда 10 жыл чыгып турду, эң

популярдуу каналга айланды, эл аралык сыйлыктарды алды. 2005-жылы «Ош ТВ» жөнүндө американын “Нью-Йорк таймс” гезитинде позитивдүү макала жарыяланган [36]. Жалпысынан карасак, бул жеке менчик (частный) телекомпания катары 23 жыл иштептир (1991-2014), анан муну 2014-жылы мамлекеттик статуска өткөрүштү. Мындай бурулушка 2010-жылдагы Ош окуялары себеп болгон. Ошол кадам сот аркылуу чечилген, бирок талаш-тартыш аягына чыга элек. Азыркы учурда “Ош ТВ” каналынын маселеси БУУнун астындагы адам укуктары боюнча комитеттин кароосуна жетти. Сотто кабыл алынган чечимдердин мазмунун ачалы.

2011-жылдын 11-июнунда Убактылуу Өкмөт (муну Роза Отунбаева жетектеген) өзбек тилинде чыккан Ош шаарынын үч телекомпанияларын (Ош ТВ, Мезон ТВ, ДДД) өзүнүн чечими менен токтотуп койду. Ушинтип жасоого сунушту ошол кездеги шаардын мэри Мелис Мырзакматов демилге кылды. «Ош ТВ»нын жетекчисине “эми эфирге чыкпайсыңар” деп, Өкмөттүн чечимин жеткирип, анын имаратын буйругу менен тартып алган. Үч каналдын жамааты жаңжал токтогондон кийин, “эми биз кайрадан эфирге чыгалы, уруксат бергиле, токтотконго негиз жок” деп жергиликтүү бийликке кайрылышат, бирок уруксат берилбейт. Телеканалдын 51 % акциясын мэрге жакын киши Х.Худайбердиевден сатып алды. «Ош ТВ» мэрдин көзөмөлү менен ишин улантып, үч жыл ушундай тартиптин астында турду.

Телеканалдын мурунку журналисттери чет өлкөгө качышты, Халил Худайбердиев Америкага кетип, “журналисттерди коргоо комитети” деген эл аралык уюмга (штаб-квартирасы Нью-Йорк шаарында) 2011-жылы интервью берди. “Ар тараптагы коркутуулардын күчөгөнүнө байланыштуу ошондо мен Кыргызстандан чыгып кетүүгө мажбур болдум” деди [37]. 2010-жылы 8-декабрда Оштогу райондор аралык сот чечим кылып, Худайбердиевди уюштуруучулардын курамынан чыгарды. Акциялардын 100 % К.Кошбаевге өттү, андан кийин (2011-жылдын 5-апрелинде) акцияларга А.Абдыкапаров ээ болду («Улуттар биримдиги партиясынын» мүчөсү, бул партиянын лидери М.Мырзакматов).

М.Мырзакматов шаардын мэринен алынгандан кийин кырдаал өзгөрдү. 2014-жылы Ош областтык сотунун жана райондор аралык сотунун чечимдери менен мурунку “Ош ТВ” каналынын тегерегиндеги сот чечимдери жокко чыгарылып, 1998-жылдын каттоо күбөлүгү өз калыбына келтирилип, Х.Худайбердиев каналдын накта жетекчиси катары жана мүлктүн ээси катары белгиленди. Ушундай кадамга бийлик юридикалык жактан муктаж болгон, себеби «Ош ТВ»нын колдон колго өтүп бараткан мүлкүн (имараттарды, техникалык каражаттарды) сактап калыш керек эле. Мындайга жетиш үчүн бир эле жол калган - телеканалдын статусун алгачкы вариантына келтирип, Х.Худайбердиевди мүлктүн жалгыз ээси катары аныктаган кадам соттун чечими аркылуу ишке ашмак. Мындай ыкма колдонбогондо, “Ош ТВ” чет элдик бизнесмен (Россиянын жараны) Максим Кротовдун менчиги болуп калмак [38].

Иштин башка жагы да бар. 2011-жылдын 28-октябрында кабыл алынган Жалал-Абаддагы шаардык соттун чечими ордунда калды, муну эч ким жокко чыгара элек. Соттун чечими боюнча Х.Хуйдайбердиев 20 жылдык мөөнөткө эркинен ажыратылып, анын мүлкү конфискацияланган. Ушунун негизинде «Ош ТВ»нын мүлкү Х.Худайбердиевдин жеке менчиги катары Кыргыз мамлекетинин мүлк фондунун карамагына өтүп кеткен.

Эми «Ош ТВ»нын жетекчилеринин хронологиялык мөөнөттөрүн карап чыгалы - башынан азыркы учурга чейин. 1991-2010 (19 жыл) - Халилжан Худайбердиев негиздөөчү катары башкарган. 2010-2013 (3 жыл) - Сюита Соурбаева, 2013-2014 (1 жыл) - Эрнис Кыязов, 2014 (апрель, май, июнь) - Шайырбек Маматтокторовдор жетектеди. 2014-жылдын июль айынан Керимбек Калыгулов башкарып жатат.

2018-жылы «Ош ТВ» каналында берилген программалардын бир жумалык көлөмү - 126 саат, анын ичинде жаңылыктар (кыргыз тилинде) - 12 саат, түз эфир - 18 саат. Өлкөдө жана областа болуп жаткан жаңылыктар жумасына 320 саат эфирдик убакытты түзөт. Көрүүчүлөрдүн аудиториясы кенен - Кыргызстандын үч областы (Ош, Жалал-Абад, Баткен),

Өзбекстандын эки областы (Андижан, Наманган). Эфирге суткасына 18 саат чыгат. Өлкөнүн жергиликтүү бийлиги, саламатты сактоо мекемелери, ички иштер башкармалыктары зарыл болгон маалыматты биринчи кезекте “Ош ТВ” аркылуу элге жеткиришет. Түз эфирге чыгууга шарт түзөт. Мониторинг чыгарган жыйынтыктары боюнча, түштүк регионундагы “Ош ТВ” телерадиокомпаниялардын ичинен биринчи орунда. Туруктуу аудиториясы бар. Ош шаарында 4-санарип каналынан көрсөтөт.

2010-жылдын Ош окуясына үгүттөө каражаты катары иш жүргүзүп, трагедиялык тирешүүгө себеп болгон деп “Ош ТВ” каналына күнөө коюлган. Башынан өзбек аудиторияга багыт алып, бул ММК Кыргызстандагы жергиликтүү өзбек улутундагы жарандарга лидер болгон инсандардын сепаратисттик көз караштарын чагылдырган. Ошол лидерлер менен чогуу «Ош ТВ»нын директору 2011-жылы жооп берген. Булардын тобу (К.Батыров, И.Абдырасулов, А.Абдуллаев, Х.Худайбердиев, Ж.Мирзаходжаев, М.Абакжанов) “Кыргызстандын территориясында Өзбек автономиялык областын курабыз” деген аракеттери үчүн айыпталып, мамлекеттик кылмышкерлер катары жазаланышкан. Аппелляциялык арыздар четте калды.

“Ош ТВ" телеканалына 2014-жылы (жаңы жетекчилер пайда болгондо) дагы бир кылмыш иши козголгон, бул жолу регионалдык маселе боюнча.

“Эфирге СМС-кабарларды берип, элди экиге бөлүп салган үчүн жоопко тартыласыңар” деп ошонун мазмунун экспертизадан өткөрүштү, анан чечими “региондордун ортосуна чок салынды, бир бүтүн эл түштүк менен түндүккө бөлүндү” деген күнөөнү далилдешти. Ушул жерде эки ачалуу нерсе жатат, бир жагынан алсак, СМС-кабарларды эфирге электен өткөрүп бериши деген талап туура, себеби булар түз эфирден чыккан жок, Интернет булагынан алынган, муну эфирге берүү телеканалдарга сөзсүз түрдөгү милдет эмес, демек ылгоону талап кылат.

Экинчи жагына кайрылсак, “түндүк” менен “түштүк” деген сөздөрдө кылмыштын “белгилери” жок, бул жашообуздан туруктуу түрдө орун алган түшүнүктөр, бул “географиянын” белгиси, анан ушундай нерсе соттун

чечими менен жоюлуп калмак беле. Ооба, Кыргыз Республикасында эгемендүү бийлик пайда болгондон бери “түндүк-түштүк” аттуу проблема кайра-кайра (өзгөчө президенттер алмашканда) курчуп турат - “бул жактан көбүрөөк, тиги жактан азыраак” болду деп, бийликтин бутактарына конгон чиновниктерди санап чыгышат.

Бул чатак телеканалды токтотууга алып барбады, «Ош ТВ»нын ошол учурда жетектеген Эрнис Кыязовду кызматтан бошотуу менен чектелди. Окуя 2014-жылдын февраль айында орун алган, ал эми ошол жылдын май айында Оштогу райондор аралык сот экономикалык жагдайды карап, «Ош ТВ» компанияны мамлекеттин менчигине өткөздү, адегенде Х.Худайбердиев менен М.Мырзакматовдун ортосунда жасалган (2010-жылдын июнь айында) сооданы (купля-продажаны) жокко чыгарып. Мындай чечимдердин түпкү себебин буга чейин түшүндүргөнбүз. Эми ушул учурдан тартып, «Ош ТВ» официалдуу түрдө мамлекеттик ММКлардын тизмесин толуктады. Башкача айтсак, “о государствление” деген процесстин дагы бир кадамы жасалды. Астыга эмес, артка жылган кадам, Ленин айткандай, “шаг вперед-два шага назад”. Телеканалдардын тарыхын салыштырсак, көрүнүш (тыянак) мындай.

Акаевдин учурунда - бир эле мамлекеттик канал болгон («КТР»)

Бакиевдин учурунда - үч мамлекеттик канал болду («КТР», «Эл ТР», «Пирамида»).

Атамбаевдин учурунда - беш мамлекеттик каналдар иштеди («КТР», «Эл ТР», «Пирамида», «5-канал», «Ош ТВ»).

Ушундай “мамлекеттик байлык” төртүнчү президент С.Жээнбековдун колуна өтүп, андан кийин бешинчи президенттин дооруна жетти. Ушундай эстафетанын жыйынтыгын мезгил көрсөтөт. Мамлекеттин тизгинине түшкөн маалымат каражаттарды сөз эркиндиктин “үлгүлөрү” деп айтышка негиз жок.

**«Мезон ТВ»**

Телеканал 1997-жылдын февраль айында жаралган, март айынан баштап эфирге чыкты. Уюштуруучулар - өзбек маданий борбору жана үч жеке адамдар (Адина Сабирова, Адхам Ахмедов, Мамир Шакиров). 1998-жылы

42-ТВ жыштыкдагы дециметрдик каналга лицензия алынган. Берүүлөрдү өзбек жана кыргыз тилдеринде жүргүзгөн. Биринчи директору катары М.Шакиров иштеди. “Ош ТВ” каналына үндөш жана үзөңгүлөш болуп баштаган.

2005-жылдын 15-майында К.Батыров менен И.Абдурасуловдун Жалал-Абаддагы өзбек тургундардын астында сүйлөгүн сөздөрүн “Ош ТВ” менен “Мезон ТВ” толук түрдө эфирге чыгарышты. Так ошол репортаждар сотко берилген доо арызда негизги далили болгон. Кыргыз Республикасынын Кылмыш кодексинин беренелери боюнча күнөө коюлган - “сепаратисттик иш-аракеттер" жана "улуттар аралык кастыкты козутуу”. Х.Худайбердиев (“Ош ТВ”) менен Мирзаходжаевге (“Мезон ТВ”) каршы “кызматтык ыйгарым укуктарды уюмдук кызыкчылыктарына каршы пайдалануу” деген беренени колдонушкан [39].

Коргоо органдарынын көз карашы боюнча, аталган телеканалдар К.Батыров митингде сүйлөгөн сөзү эфирге «комментарийсиз» берилгени үчүн улут аралык тирешүүгө түрткү берип, адамдардын курман болушуна алып барган [40]. «Мезон ТВ»га байланыштуу эки криминалдык түрдөгү окуя болгон. 2007-жылдын 25-ноябрында телеканалдын имаратына уурулар кирип, компьютерди алып кетишкен. Ал жерде саясий партияларга атайын роликтер жазылган экен, ошол материалдарды жалгыз экземплярда сакташыптыр. Шаардын милициясы кылмыштын жүзүн ачалбады [41].

2010-жылдын 5-февралында «Мезон ТВ»нын студиясына эки адам түн ичинде кирип, техникалык каражаттарды сындырууга аракет жасашты. Чатакты чакырылган милиция токтоткон [42]. «Мезон ТВ»га каршы чыккандар “эмне себептен бул телеканал “Ош ТВ” каналындай болуп мамлекеттештирилген жок” деп нааразычылыгын билдиришти. Мындайды “Апрель окуясынын баатыры” Төлөгөн Келдабаев сайттарга жарыялады [43].

«Мезон ТВ»нын тарыхына караштуу дагы бир олуттуу иш болгон. Экинчи революцияга чейин “Ош ТВ” менен “Мезон ТВ” биргелешип, Конституциялык сотко арыз жазышкан - “Кыргыз Республикасынын

“Мамлекеттик тил жөнүндөгү” мыйзамдын 20-беренеси “конституциялык эместиги табылсын” деп. Себебин Конституциянын нормаларына (4-берененин 1-пункту, 5-берененин 3-пункту, 13-берененин 3-пункту, 14-берененин 6-пункту) каршы экен деп белгилешкен.

Аталган мыйзамдын 20-беренеси телерадиокомпаниялар өзүнүн берүүлөрүнүн жарымынан кем эмес өлчөмүн мамлекеттик тилде (кыргыз тилинде) эфирге чыгарыш керек деген талапты койгон. “Ош ТВ” менен “Мезон ТВ” өздүк программаларын көбүнчө өзбек тилинде даярдашчу, ушуга байланыштуу мыйзам тартибин Конституциялык соттун чечими менен өзгөртүүгө үмүттөнүшкөн.

Конституциялык сотко “Ош ТВ”, “Мезон ТВ” берген кайрылуу (ходатайство) 2008-жылдын 31-мартында түшкөн. Анан бул маселени Конституциялык соттун сегиз мүчөсү карап, “Мамлекеттик тил жөнүндөгү” мыйзамдын 20-берененин өзгөртүүгө негиз жок деп, кайрылган тараптын сунушун четке какты [44].

2010-жылдагы тополондон кийин «Мезон ТВ»нын жетекчиси Жавлон Мирзаходжаев өлкөдөн качып кетти. 2011-жылдын 28-октябрында өткөн сот “Ж.Мирзаходжаев эркинен 14 жылга ажыратылсын жана анын мүлкү конфискациялансын” деп чечим чыгарды. Ошол күнү Ош окуясындагы этникалык тирешүү боюнча 6 кишиге соттон жаза берилген: К.Батыров менен И.Абдурасулов “пожизненный срок” алышкан, Х.Худайбердиев менен К.Абдуллаева - 20 жыл, Ж.Мирзаходжаев - 14 жыл, М.Абакжанов - 6 жыл.

«Мезон ТВ»ны «Ош ТВ»га окшотуп, мамлекеттин кол алдына өткөрүшкөн жок, жеке менчик (частный) статусун сакташты, бирок аталышын өзгөртүштү, бул 2011-жылы “Башат” ТРК деп аталып калды. Албетте, мазмуну да өзгөрдү, өзбек тилиндеги берүүлөр токтоп, эми кыргыз жана орус тилдеринде чыгып жатат.

**“Башат” телерадиокомпаниясы**

2011-жылдын 20-сентябрында суткасына бул 6 сааттык берүүсү менен эфирге чыкты, андан төрт ай өткөндөн кийин берүүнүн мөөнөтү 18 саатка

жетти. Компаниянын штатында 20 киши иштеп калды [45]. Ушул жерден Кыргызстандагы улуттук-этникалык саясат 2010-жылдагы "июнь окуясынан" кийин кескин түрдө өзгөргөнүн белгилеп кетели. Буга чейин өзбек улутундагы адистердин мамлекеттик жана укук коргоо органдарында 0,1 % түзсө, азыр бул көрсөткүч 10 эсеге азайды. Кыргызстандын түштүк жагында өзбек жана тажик мектептердин саны азайды, мисалы, Ош шаарында 20 өзбек тилиндеги мектептен 12 мектеп калды.

Дагы бир көрүнүштү салыштыралы. Кыргызстанда 55 миң тажиктер жашайт, ушуга барабар санда кыргыздар Тажикстанда жашайт, бирок ал жакта кыргыз тилинде 37 мектеп бар, бизде тажик тилинде 7 мектеп. Жалал-Абад шаарында 2010-жылы Өзбек университети жабылды, Ош шаарындагы Кыргыз-Өзбек университети Мамлекеттик социалдык университетине айланып, өзбек улутундагы абитуриенттерине бөлүнгөн квота (бюджеттин негизинде) бир топко азайды [46].

**"ДДД" телеканал**

1998-жылдын январь айында "ДДД" "Информациялык-креативдик борбордун" астында уюштурулган, телеканал катары ишин 2005-жылы баштады. Эфирдеги убакытты "Керемет" телекомпаниясынан арендага алган. Негиздөөчүсү Мамир Шакиров (өзбек улутундагы Кыргызстандын жараны). Канал өзбек тилдүү аудиторияга арналган, "ДДД" абревиатурасы "Достук-Дружба-Дустлик" деген бир түшүнүктү үч тилде берет. Бул этникалык телеканалга чет өлкөлүк уюмдар салмактуу түрдө көмөк көрсөтүштү. Гранттардын негизинде "ДДД" социалдык жана партиоттук мүнөздөгү бир топ телеберүүлөрдү эфирге чыгарган. 2014-жылга чейин иштеп, реклама азайып, финансалык булактар соолуганынан телеканал жабылып калды.

**"Керемет" телекомпаниясы**

1995-жылдын 1-мартында эфирге чыкты, ошондон бери бир калыпта тынбай иштеп жатат. Адегенде россиялык "ОРТ" каналынан жуманын үчүнчү жана бешинчи күндөрүндө бир сааттан чыгып турду, анан 1998-жылы дециметрдик канал мамлекеттен лицензия алды. Берүүлөрүнүн 70 % кыргыз

тилинде даярдалат. Каналды Өмүрбек Абдираимов негиздеген, азыркы күнгө чейин жетектейт, аткаруучу директордун милдетин өзүнүн кызы Венера Абдираимова аткарат. Канал “Сулайман-Тоо” аттуу жаңылыктар программасы менен көрөрмандарга белгилүү. Туруктуу программаларынын дагы бирөөсү “Заман, инсан, бизнес” деген аталышта башынан чыгып келе жатат. Жумасына эфирге 5 жолу чыгып, суткасына 14 саат иштейт. Мунун эфирдик убактысынын жарымын ДДД телеканалы 9 жыл катары менен алып турду (2005-2014). Аудиториясы Кыргызстандын түштүк региону жана Өзбекстандын чек арага жакынкы аймактар. Мунун “Кедейликтен кутулууга болобу” деген аналитикалык программасы “Интерньюс-Кыргызстан” уюмунун колдоосу аркылуу башка тилдерге которулуп, Борбор Азияга таркатылат. Бул берүүдө жергиликтүү фермерлердин көйгөйлөрү менен түйшүктөрүнө, кемчиликтери менен жетишкендиктерине көңүл бурулуп, көрөрмандарды кызыктырат [47].

1995-жылы канал өз ишин баштаганда, Ө.Абдираимов “Вечерний Ош” гезитине берген интервьюсунда “Кереметтин” саясий позициясын минтип билдирген. Орус тилинде айтылган суроо-жooптон үзүндүнү берели.

- Что побудило вас создать свое детище?
- Государственные СМИ находятся под контролем властей, что негативно отражается на подаче материалов. Этот пробел заполняют независимые СМИ, сюда входит и ТРК “Керемет”, мы будем освещать материалы обьективно и достоверно.
- Не могли бы привести пример, где можно почувствовать разницу между государственным и негосударственным ТВ?
- Это выборы в Жогорку Кеңеш, где кандидат в депутаты Сатыбалды Жээнбеков далеко опередил претендентов, во втором туре отрыв был еще больше, но комиссия назначает третий тур, где он набирает 69 % голосов. Местная власть пытается опротестовать его победу, государственные СМИ конфликтную ситуацию замалчивают, поэтому доверенные лица обратились к нам, и мы выдали в эфир полную информацию [48].

Ооба, ушундай болгон, ошол жылы түштүк регионунан С.Жээнбеков парламентке шайланган эң мыкты депутат болуп берди, бирок бир жылдан кийин (1996) табышмактуу түрдө каза тапты. “Кереметтин” жетекчиси ушул мисал менен көз каранды ММКнын эң негизги милдетин чагылдырып берди. Окурманга, көрөрманга, угарманга маалыматты толук жана объективдүү түрдө (жашырбай, кемитпей, ашыртпай, бурмалабай) өз учурунда жеткирүү.

Мындай мүмкүнчүлүк мамлекеттик ММКда жок, себеби көз каранды болгон пресса менен телерадио бийликтин саясатына каршы чыгалбайт. Чындыкты берүү кудуретин эркин статуска ээ болгон ММКлар көрсөтүшөт. “Керемет” телеканалы башынан эле “атка түз минген” жергиликтүү элдин сүймөнчүгүнө айланган. Бет ачаар аземинен жазылган репортажда бир эпизод эсте калды. Ошол аземге Кызыл-Кыя шаарынан келген С.Исмаилова жоголуп кеткен кичинекей кызын “Кереметтин” эфирине чыккан жарыядан кийин тапканын батыналбай айтып берген [49].

**“Ош Пирим” телерадиокомпаниясы**

2013-жылдын сентябрында “Ош Пирим” деген аталыштагы телеканал эфирге чыкты, баштаганда эле суткасына 18 саат менен иштеди - 30 дециметрдик каналында эртең мененки 7.00 дөн түнкү 01.00 чейин. 2014-жылы “жаңылыктар” кызматы кең көлөмдүү форматта (широкоформатный) эфирге чыкты. Санариптик (цифровой) берүүгө чейинки аудиториясы Ош менен Жалал-Абад, Өзбекстандын Андижан, Фергана, Наманган областтарындагы чек арага жакын райондорун камтыган. Тез эле мыкты телеканал катары элге таанылды. Көрсөтүүлөрү кыргыз жана орус тилдеринде алып барат. Көрөрмандарды жумасына 5 жолу берген кечки маалдагы 3 сааттык түз эфири өзгөчө кызыктырат. Түз эфирдин темалары жуманын күндөрүнө ылайык бир тартипке келтирилген: биринчи күнү - Ош шаарынынын проблемары, экинчи күнү - социалдык маселелер, үчүнчү күнү - саясат, төртүнчү күнү - дин жөнүндөгү маалымдоолор, бешинчи күн болсо маданиятка арналат.

Каналдын негиздөөчүсү жана жетекчиси Мариф Парпиназаров - электрондук медиа тармагындагы эң таланттуу адистердин бири. 1998-жылы Ош мамлекеттик университетинин астында өлкөдөгү алгачкы “Үмүт” деп аталган студенттик телерадиостудияны уюштуруп, 1999-жылы эфирге чыгарган. Заманбап тартуу жана монтаждоо студиясы жасалган. “Үмүттүн” иши бүгүн да студенттик телестудия статусунда уланып жатат, аудиториясы Ош шаары менен Кара-Суу району, берүүлөрү кыргыз, орус, өзбек, англис тилдеринде. “Үмүттүн” үлгүсү башка университеттерге таасир этип, ал жерлерде дагы телерадиостудиялар ачылды. М.Парпиназаров студенттик телеканалды 5 жыл башкарып (1998-2003), бутуна бекем тургузуп, анан Оштогу технологиялык университетинде “Жаштык” телестудияны, “Медиа Борборду” жана “Эко ТВ” деген жеке менчик компанияларды ачты. Ушундай тажрыйбанын негизинде “Ош Пирим” телеканалы түзүлдү.

Азыркы учурда телеканал санариптик берүүгө өттү, бул “Цифровые технологии” деп аталган жоопкерчилиги чектелген коомунун (ОсОО) “мультиплекси” аркылуу ишке ашты. Коомду жеке менчик телеканалдар чогулуп уюштурушту. Эми “Ош Пиримдин” берүүлөрү Ош менен Жалал-Абад шаарларына санариптик форматта тарайт. 2017-жылы калган областтардын борболоруна да бул формат менен жетти. Өлкөнүн бүт аудиториясына жетүүгө техникалык мүмкүнчүлүктөр жаралды, демек регионалдык статусту республикалык статуска алмаштыра турган мезгил келди. Бишкектен жаңы офис ачылды, бирок негизги офис Ошто калды, аны бул жерден көчүрүүгө негиз деле жок [50].

Дагы бир нерсе өзгөртүүгө муктаж болду. Статустун кеңейишине байланыштуу телеканалдын аталышын алмаштырыш керек деп, “Ош Пирим” 2018-жылы “Прайм ТВ” деген бренд менен ишин улантты. Программалардын мазмуну, багыттары сакталды, Ош шаарынын маселелери четке кагылган жок, тескерисинче, шаардын көйгөйлөрү бүтүн өлкөгө маалым боло баштады. Бирок кийин кайра эле “Ош пирим” деген аталышты колдонду.

### “Ынтымак” телерадиокомпаниясы

Бул маалымат каражаты «коомдук-регионалдык телерадиокомпания» деген статус менен бийлик тарабынан уюштурулган - Кыргыз Өкмөтүнүн 2011-жылдын 29-ноябрында чыккан № 742 токтомунун негизинде эфирге 2012-жылы 58-дециметр каналында чыкты. Техникалык жардамды “Интерньюс-Нетуорк” уюму көрсөткөн, журналисттерге тренинг менен семинарларды да ушул эл аралык уюм өткөргөн. Гранттык долбоорлордун негизинде даярдалган репортаждар көрсөтүлөт. Берүүлөрү эфирге үч тилде кыргыз, орус, өзбек тилдеринде чыгат.

“Ынтымак” Борбор Азияда жалгыз коомдук-регионалдык телерадиокомпания катары белгилүү. Мындай “жалгыздык” бүт дүйнөнүн масштабына да туура келет, себеби башка эч жерде регионалдык бөлүмгө (өлкөнүн ичиндеги регионго) чектелген коомдук телеканал жок. Азыркы учурда дүйнөдө иштеп жаткан коомдук телеканалдар бүтүн өлкөнү камтыган сапатка ээ. Бизде болсо бүтүн республиканы камтыган коомдук статустагы телеканал жок.

Ооба, экинчи президент К.Бакиевдин учурунда коомдук телерадиону уюштурууга аракет жасалган, бирок улуттун негизги телеканалын мындай статуска өткөрүүгө бийликтин ниети болбоду. Ош шаарынан “Эл ТР” деп (элдик телерадио маанисинде) коомдук канал ачышты, анан аны да ыраа көрбөй аягында мамлекеттин алдына өткөрүштү. “Ынтымак” ушунун экинчи варианты катары кереksиз аракеттин уландысы болду. Мамлекеттин негизги телерадиокомпаниясын (КТРканы) коомдук статуска толук түрдө (жарым-жартылабай) өткөргөндө гана өлкөбүз “коомдук телеберүүгө” ээ болот.

“Ынтымакты” саясий кырдаалдын контекстинде карасак, позитивдүү жактарын белгилешибиз керек. Азыр бул Кыргызстандын түштүк регионунда үч тилде чыккан телерадионун булагы - кыргыз, орус, өзбек тилдеринде чыгат. Компаниянын аталышын да үч тилди бириктирүүгө умтулуп, “Ынтымак” деп коюшкан. 2017-жылдан тартып телекөрсөтүүсү санариптик форматка кирди, радиосу FM 106,1 жыштыктан эфирге чыгат - суткасына 24 саат иштейт. “Аудиториябыз чексиз болду десек да туура болот, себеби

онлайн түрүндө угармандар Андижан, Ташкент шаарларынан, Дубайдан байланышып турушат. Москвадан, Туркиядан, Кореядан уккан адамдар бар" деп "Ынтымак" радиосунун продюссери А.Акимова маалымдады [51]. Бул жерге дагы бир цитата орундуу болот. Екатерина Иващенко минтип жазган. "Немаловажно, что 10 февраля 2013 года, впервые за три последних года, радио "Ынтымак" провело узбекский концерт в Ошском театре имени Бабура. Зал был забит до отказа. Песни исполнялись на разных языках. Можно констатировать, что информирование на узбекском языке начинает восстанавливаться" [52].

Кыргызстандын түштүк регионундагы өзбек тилиндеги ММКлардын аудиториясы жөнүндө өзбек улутундагы журналист Акрамжан Бабаев (Ошто өзбек тилинде чыккан "Уш садоси" гезитинин редакторунун орун басары) берген маалыматка көңүл буралы. "2010-жылы болгон "Ош окуясынан" кийин, Ош шаарындагы өзбек тилиндеги телеканалдар жабылып кеткенине байланыштуу, жергиликтүү өзбек тургундар Өзбекстандын төмөнкү каналдарын көрүшөт - ZOR TV, Milliy TV, Yoshlar, Sevimli TV, Русор ТВ, Таракет ТВ. Мунун баарысы жеке менчик каналдар, ал эми Өзбекстандын мамлекеттик 1-каналына жана областтардагы мамлекеттик каналдарга (Андижан ТВ, Наманган ТВ) анчалык көңүл бурулбайт.

Кыргызстандын түштүк жагындагы телеканалдарды алсак, 7-каналдын маалымат бөлүгүн, «Ош ТВ»нын "ыйман сабагы" программасын, "Ынтымак" каналдагы өзбек тилиндеги берүүлөрүн кызыгуу менен көрүшөт. 2010-жылга чейин өзбек тилиндеги аудиториясы үчүн эң алдынкы орундарды (дагы бир жолу белгилейли) Ош шаарынан эфирге чыккан үч телеканалдар ээлешкен – "Ош ТВ", "Мезон ТВ", "ДДД". Прессага тиешелүү жагын өз алдынча изилдеш керек, "Ош окуясына" чейин бул жакта 7 жеке менчик гезиттер бар эле [53].

Ушундай кырдаалда "Ынтымак" каналынын өзбек тилинде даярдалган берүүлөрү позитивдүү ролду аткарып жатат. Мындай аракет эл арасындагы ынтымакты жаратат, мындай өзгөчөлүк мактоого татыйт. Бул компаниянын

дагы бир жакшы өзгөчөлүгү бар деп айрым эксперттер айтышат, бирок ушул жагы мактоого жатпайт. Кеп ишти “конвергенттүү” ыкма менен жүргүзүүдө, башкача айтсак, бир эле журналист ТВ, радио, сайт жана гезит үчүн материал даярдоодо. “Ынтымак” медиа-холдингге айланды, көп тармактарды өзүнүн курамына бириктирди - телеканалды, радиостудияны, гезитти жана сайтты.

Холдинг болгону жакшы дечи, бирок “конвергенция” деген нерсе ММКлардын дүйнөлүк тажрыйбасына ылайык эмес, эч жерде бир эле адис масс-медианын бардык түрлөрүн бир учурда аткарбайт, мисалы, азыркы Американы карасак, ал жерде белгилүү тележурналист Опра Уинфри “Нью-Йорк таймс” гезитине макала жазбайт, себеби бул иш колунан келбейт да, ошондой эле гезиттин журналисти Уильям Сафайер да телесюжеттерди тартпайт, себеби колунан келбейт. “Ынтымактын” демилгеси үлгү эмес, муну “көп максаттуу” деп какшык түрүндө аташат. Ар бир тарап өзгөчө ыкманы талап кылат, бул спорттогу “пятиборье” эмес да. Бир колдон чыккан көп тараптуу кызмат көп тараптуу сапатка жеткирбейт. Сапаттуулуктун накта жагын алсак, анда атына жараша бул эки элдин (кыргыз менен өзбек) ынтымагын бекемдөөгө багыт алган телекомпаниянын аракети позитивдүү кадам экени талашсыз. 2010-жылдын кандуу окуясынан кийин түштүк аймактарда кыргыз-өзбек тилинде аралаш берген массалык маалымат каражаттар калбай калган.

Адабият теориясынын профессору, мисалы, бир учурда акын, драматург жана дагы прозаик болбойт, мындайдын “үлгүсү” жок. Кыргызстандын мисалдарына кайрылсак, гезитчик Алишер Токсонбаев телепрограммаларды жаратпайт, телеэфирдин устасы Абды Сатаров гезиттерге макала жазбайт. Ооба, буга умтулуулар болгон, мисалы, ыраматылык Мелис Эшимканов (“Асаба” гезитинин редактору) учурунда мамлекеттин телеканалынан бир телеберүүнү жасап жүрдү, бирок ал кыска мөөнөттө соолуп калды, себеби көрөрманды анысы менен кызыктырбады, тескерисинче, кыжырына тийди. Өзү деле “чоочун чанага” олтуруп алганын дароо түшүнүп, экинчи мындай

“азгырууларга” барбады. Гезит тармагын алсак, Эшимканов редактор катары астына киши салбай, кыргыз тилиндеги эң көп тираждуу гезитти жаратты.

“Ынтымактын” статусу коомдук болгондуктан, бул жерде “көзөмөлдөө кеңеши” бар (Наблюдательный совет), курамы 7 кишиден. Өкмөт тараптан 3 жылга бекилет. Кеңеш өзүнө башкарманы шайлайт, ошондой эле генералдык директорун 3 жылга шайлайт. Бул көрсөткүчтөрү боюнча “коомдук телерадионун” статусуна жооп берет, бирок негизги көрсөткүчтү бербейт, себеби өлкөдө “коомдук ТВ” регионалдуу болбойт, ал сөзсүз түрдө мамлекеттин негизги каналынын ордун басып, республикалык статусту ээлеш керек. Бирок, кандай болбосун, азыркы учурда “Ынтымак ТВ” түштүк регионунда баа берген “М-вектор” агенттигинин рейтинги боюнча экинчи орунда турат, “Ынтымак радио” үчүнчү орунда. Буга кошумча Интернетте веб-порталы бар жана өзбек тилинде 2800 нуска менен басылган “Биз” деген гезити бар. Кызматкерлеринин жалпы саны - 12 киши.

**“Ош 3000” мамлекеттик телерадиокомпаниясы**

Бул массалык маалымат каражаты Ош областынын мамлекеттик телерадионун уландысы. 2000-жылы Ош шаарынын үч миң жылдык маарекеси белгиленген, ушуга карата областтык телерадиокомпаниянын аталышы президенттин жарлыгы менен “Ош 3000” МТРК деп 1999-жылы өзгөргөн. Президент А.Акаев тарыхый маанидеги маарекелерди өткөрүүгө умтулчу, буга чейин 1995-жылы “Манас” эпосунун 1000 жылдыгын өткөрүп, ушундай иштерге тажрыйба топтогон.

Ош областындагы телерадиокомпаниясы суткасына 30-минуттук берүүсү менен эфирге чыгып турчу жана республиканын телеканалына жумасына бир жолу жарым сааттык берүүнү даярдачу. 1993-жылы бул жерге жетекчи катары Абды Сатаров келгенден кийин, иш тартиби өзгөрдү - эфирге чыккан убакыт узарды, жаңы берүүлөр пайда болду, ошолордун ичинен алдыга түрткү бергендерди атап кетсек жетиштүү болот. Бул жума сайын чыккан “Кадыр түн”, “Ош пирим” деген берүүлөр, “Сармерден” аттуу телеконкурс

(областын масштабынан республикага өтүп, бул эми мамлекеттин борбордук каналынан өтүп жатат).

Биринчи президент А.Акаевдин бийлиги бүткөндөн кийин “Ош 3000” аталышы дагы бир жолу өзгөрдү. Экинчи президенттин бийлиги башталаар менен Оштогу мамлекеттик телерадио “Эл ТР” деп аталып калды. Эми бир эле имаратта жайгашкан жана бири-бирине мамлекеттин мурасы катары өткөн бул регионалдык массалык маалымат каражаттын тарыхый тепкичтерин иретке келтирели (аталыштары көп жолу өзгөргөн).

Совет доорунда:

1967 - “Радиоуктуруунун Ош областтык башкы редакциясы”.

1968 - “Оштон сүйлөйбүз” (Ош радиосу).

1970 - “Ош көрсөтөт” (Ош телестудиясы).

Эгемендүү доорунда:

1991 - “Ош областтык мамлекеттик телерадиокомпаниясы”.

1999 - “Ош 3000” МТРК (мамлекеттик телерадиокомпаниясы).

2005 - “Эл ТР” КТРК (коомдук телерадиокомпаниясы).

2015 - “Эл ТР” МТРК (мамлекеттик телерадиокомпаниясы).

2007-жылы Оштун телерадиостудиясынын 40 жылдык маарекесин белгилешкен, буга арналып китеп жазылды [54]. Эгемендүүлүктүн жыйырма төрт жылдык мөөнөттүн ичинде бул регионалдык мамлекеттик телерадиосу төрт жолу өзгөрдү.

**“Эл ТР” (элдик телерадио)**

Компаниянын башаты катары мамлекеттик статустагы Ош телерадио (1967-жылы Өкмөттүн чечими менен негизделген) эсептелинет. Учурда бул “Эл ТР” мамлекеттик телерадиокомпаниясы, суткасына 18 саат эфирде түз көрсөтүүсүн тартуулайт. Ош шаарында аппараттык-студиялык комплекси бар, Бишкекте улуттук телерадионун эски имаратынан орун алган студиясы бар, жетекчинин офиси да ушул жерде. Санариптик теле көрсөтүүгө өткөрүлгөн. 48 өлкөгө спутник аркылуу жетип турат. Ошто, Баткенде, Жалал-Абадда атайын кабарчылары иштейт. Жуманын ар бир күнү эфирде.

2010-жылдын 15-мартында мурдагы “Ош радиосу” кайра жанданып, “Эл ФМ” деп аталды - 24 саат эфирде, 48 өлкөгө тарайт. Жаңылыктар ар бир саатта жаңыланып, күнүнө 13 жолу кабарлардын топтому берилет. “Аптадагы аалам окуялары” жана “Жети күн” деген жумалык-маалымат программалары бар. Түз эфир менен түрдүү тематикадагы уктуруулар обого чыгат. “Эл ФМ” радиосу структуралык бөлүм катары “Эл ТР” компаниянын курамына кирет.

Бул жерде дагы “Эл фильм” деп аталган котормо студиясы иштейт. Мунун адистери чет элдик кинолорду, мультфильмдерди популярдуу тасмаларды кыргызчалап, эфирге чыгарышат. Балдар үчүн калыптанган программалар улам жаңылануу менен берилет - “Бөбөк кечи”, “Таңдануу”, “Саякаттоо”, “Ачык көңүл балдарбыз”, “Билерман ордо”, “Өнөр”. Мугалимдерге, студенттерге багытталган берүүлөрү да бар. 2016-жылдын 1-сентябрынан тартып, “Эл ТР”дин курамына кирген “Илим жана Билим” деген телеканал эфирге чыкты. Мунун концепциясын маданият, маалымат жана туризм министрлиги даярдады.

2017-жылы “Эл ТР” компаниянын 50-жылдык юбилейине карата чыккан журналда тиешелүү маалыматтар жайгашкан [55]. “Эл ТР”дин Оштогу дареги мурунку областтык мамлекеттик телерадиокомпаниянын имаратында. Өлкөбүздүн башка областтарында мамлекеттик телерадио деген регионалдык уюмдар мурунку статустарында иштеп жатышат. Ошто болсо мындай уюмдун ордуна мураскер катары “Эл ТР” пайда болгон, анан мунун регионалдык статусу сакталып, буга республикалык статус кошулду, ушунусу менен областагы мамлекеттик телерадиокомпаниялардан өзгөчөлөнүп турат.

“Эл ТР”, албетте, мамлекеттин көзөмөлү менен ишин жүргүзөт, бирок ошол эле учурда программаларынын 90 % менчик долбоорлордон куралат. Бул жагдай сөз эркиндигине өз алдынча ой жүгүртүүгө шарт түзөт, анан коомдук түрдөгү телерадионун мүнөзүнө жакындатат. Ушул жерден эгемендүү тарыхыбызга байланыштуу бир нерсени тактай кетели.

Биринчи революциядан кийин (2005-жылдын март айында болгон) коомчулук мамлекеттик телерадиону жоюп салууга бийликти мажбурлады. Ошонун деми менен экинчи президент К.Бакиев атайын комиссия түзүп, анын башчылыгына ошол кездеги мамлекеттик катчынын кызматын ээлеген Адахан Мадумаровду койгон. Маселенин түпкү максаты Бишкекте жайгашкан Мамлекеттик телерадиону бийликтин тизгининен бошотуу эле, бирок мындай кадамга Акаевдин ордуна келген ажо баралбады, натыйжада “компромисс” жараткан чечим кабыл алынды. 2005-жылы президент Бакиевдин жарлыгы чыкты. Бул орус тилинде жазылган.

Утверждено Указом Президента Кыргызской Республики от 10 декабря 2005 г., № 623. Положение о телерадиовещательной компании Кыргызской Республики “Общественное телевидение - Эл ТР” [56]. «Компания является правоприемником Государственной телерадиокомпании «Ош 3000». Юридический адрес: г. Ош, ул. Ленина, 330».

Дүйнөлүк тажрыйбанын стандарты боюнча коомдук телеканалдар, биринчиден, мамлекеттин улуттук (негизги) телеканалынын базасында курулат, экинчиси, борбор шаарынан орун алат. Бул жерден биринчиси да, экинчиси да аткарылбады. Түпкү максат кескин түрдө бурмаланды, себеби коомдук каналды региондо ачып, борбордогу улуттук каналды бийликтин тизгининен чыгарышпады. Мамлекеттик катчы ушундай «тизгинге» керек тапшырманы дурус аткарды.

Кыргызстан регионалдык статустагы коомдук телеканалды курду, бирок эл аралык стандарттан алыс турган эрежелерди кошумчалады. Регионалдык түрдө иштеши мүмкүн эместигин мезгил өзү тастыктады. Айтылган стандартта кырдаалга байланыштуу коомдук каналды уюштурууга бир гана жол бар экени белгиленди. Ал жол коомдук канал мамлекеттин борборунда бүтүн мамлекеттин масштабындагы телеканалдын ордуна түзүлөт деген стандарт. Мындан тышкары жол болбойт, себеби коомдук канал мамлекеттик канал менен «параллельно» иштей албайт, бийлик да

мындайга чыдабайт - же ары, же бери болуш керек. Ушул себептен биздин бийлигибиз он жылдан кийин берки (эски) жагына өттү.

2015-жылы Өкмөт мындай токтом чыгарды. Орус тилинде.

Правительство Кыргызской Республики. Постановление от 16 марта 2015 года, № 122. «О государственной телерадиовещательной компании «Эл ТР» "В целях удорвлетворения информационных потребностей граждан постановляет: 1. Переименовать телерадиовещательную компанию Кыргызской Республики "Общественное телевидение - Эл ТР" в государственную телерадиовещательную компанию "Эл ТР" [57].

Өлкөбүздө революциянын толкуну аркылуу түзүлгөн алгачкы коомдук каналды бийликтин колу менен жок кылдык. Бул токтомдун астында ошол кезде премьер-министр болгон Жоомарт Оторбаевдин колу турат. Эми өлкөбүздө эки чоң (республикалык масштабында) телерадиокомпания болсо (УТРК менен Эл ТР), экөө тең мамлекеттин көзөмөлүндө иштеп калды. Мисалы, "Ынтымак" деген телекомпаниянын статусу "коомдук-регионалдык" деп аныкталган, бирок толук эле түрдө мамлекеттик катары эсептелинет, себеби 2011-жылдын 29-ноябрында Өкмөттүн № 742 токтому менен түзүлгөн [58].

Эми жыйынтык кылалы. Ош областында негизинен эки түрдөгү массалык маалымат каражаттар иштейт - мамлекеттик жана мамлекеттик эмес. Мамлекеттик статустагы ММКлар - "Эл ТР", "Ош ТВ", "Ынтымак". Бул тарапка үч студенттик медиалар кошулат - "Үмүт" (Ош мамлекеттик университети), "Жаштык" (Ош технологиялык университети), "Мурас" (Ош гуманитардык-педагогикалык институту). Буларда телестудиялары бар, ошол аркылуу жумасына үч жолу (шаршемби, жума, ишемби) жарым саат өздүк программалары менен эфирге чыгат.

Мамлекеттик эмес масс-медиалардын тобуна "Керемет", "NUR TV", "Prime TV" (мурунку "Ош Пирим") телеканалдар кирет. "Ош ТВ" Борбор Азиядагы биринчи көз карандысыз телеканал катары (1991-жылы түзүлгөн) өзбек тилиндеги аудиторияга багытталган. Дагы бир ушундай багытта

“Мезон ТВ” телеканалы ачылган, экөө тең 2010-жылга чейин эфирге чыгып турушту. Каналдын жетекчиси Х.Худайбердиев “Ош окуясынан” кийин Кыргызстандан чыгып кеткен, себеби сепаратисттердин лидери К.Батыровдун тобуна кошулуп, “Ош ТВ” каналын ошолордун медиа “рупоруна” айланткан. Ал качып кеткенден кийин, канал мэриянын көзөмөлүндө болуп, анан 2014-жылы контролдук пакети мамлекеттин мүлк фондуна өткөн.

“Prime TV” деген каналдын аталышы 2018-жылы пайда болду, буга чейин “Ош Пирим” деп аталчу - 2013-жылы Ош шаарында түптөлгөн. Санариптик берүүгө өткөндөн кийин каналдын аудиториясы областын масштабынан чыгып, бүтүн республиканы кучагына алды.

“NUR TV” телеканалы 2017-жылы уюштурулган. Берүүлөрү азыркы учурда  Ош, Жалал-Абад, Чүй областтарына жана Бишкек шаарына таркайт. Үч телестудиясы бар - кыргыз, орус, өзбек тилдеринде чыгат.

“Керемет” телеканалы 1995-жылы түптөлүп, анын негиздөөчүсү ушул күнгө чейин жетектеп турат (Ө.Абдираимов). Кыргыз тилиндеги аудиторияга багытталган. Суткасына 16 саат эфирге чыгат.

Ош областындагы электрондун медиа каражаттардын азыркы көрүнүшү ушундай. Коомдук каналдын моделин ушул жерден ишке ашырабыз деген аракет четке кагылды.

### 2.3.  Жалал-Абад областындагы телеканалдар

Бул жерде областын мамлекеттик статусундагы телерадиокомпания бар (ЖМТРК), 1991-жылы негизделген, штатында 36 кызматкер, суткасына 17 саат эфирге чыгып турат, өздүк программалары 6 саатты түзөт. 2017-жылы жаңы студия ачылып, санариптик берүүгө өтүп, өзүнүн маалымат борбору бар. Совет доорунда Жалал-Абад шаарында телеканал менен радио жок болгон, себеби бул аймак Ош курамына кирген, ал кезде Ош менен Жалал-Абаддын ортосундагы жол 60 чакырым болчу, азыр Өзгөн аркылуу 130 чакырым. Жалал-Абад өз алдынча област болуп, 1991-жылы бөлүнгөн. Ушуга үндөш бул жерде масс-медиалар түзүлө баштаган. Бул аймакта совет

доорунда өзүнүн радиосу да болгон эмес, себеби Оштогу радио бул жакты камтыган. Эгемендүүлүк башталганда областын борборунда шаардык радио түзүлгөн, бирок 2007-жылы шаркеңештин чечими менен аны жоюп салышкан. Радио азыркы күндө жок, Жалал-Абад областында жалаң эле телеканалдар иштейт, ушунусу менен башка областтардан айырмаланат.

Мамлекеттик телерадиокомпаниянын орду бар, бирок таасири күчтүү деп айтуу кыйын, буга салыштырганда жеке менчик телеканалдардын салмагы чоң. Мамлекеттик эмес масс-медиа тарабында деле радио жок, бирок 2005-жылы аракет болгон - Таш-Көмүр шаарында “Миррор” деп аталган коомдук статустагы радио уюштурулган. Мындай түрдөгү радио мурун бул жерде болгон эмес. Өзбек тилинде чыга баштап, лицензияны жана радиожыштыкты ала элек болчу, эфирге Оштогу өзбек тилиндеги “Баракух” радио аркылуу чыгып турду. Чиновниктер “Мирроргo” уруксат беришкен жок - “каттоонун эрежелери бузулган” деп шылтоо кылышты. Чет өлкөлүк медиа-фонддор бул фактыны жакшы билип, радиого финансылык жардам берүүгө даяр турушкан. Мунун таржымалы Валентина Галичтин макаласында кеңири жазылган [55, 32-146-бб.].

Медиа тармагын изилдеген эксперттер “2010-жылы ММК ушактарды контролдобой калган үчүн реалдуу маалыматты бере алалбай калышкан” деп тыянак чыгарышты [55, 141-б.]. Ооба, мейли дейли, бирок маалымат каражаттар контролдук орган эмес да, бул фактыларды чагылдырган күзгү сыяктуу каражат, анан күзгүнү “сен кыйшык экенсиң” деп жемелештин кереги жок да. Славян фольклорунда айтылгандай, кебетеңдин кыйшыгына күзгү күнөөлү эмес. “Күзгүгө” каршы агым кыргыздардын үчүнчү ажосу А.Атамбаевдин учурунда (2011-2017) эбегейсиз түрдө күчөдү. Президенттин атынан журналисттерге доо арызды ошол кездеги башпрокурор Индира Джолдубаева жаадырып салды.

Бийликтин мындай аракети коомдо коркунуч сезимин жаратты (атмосфера страха). Ушундай ыкмага 2003-жылы кабыл алынган “президенттин ишмердигинин кепилдиктери жөнүндө” мыйзамдын 4-

беренеси жол ачып берген - башпрокурорду доо арыз жазууга укукту кылышкан. Ушул ылайыксыз (Конституцияга каршы турган) беренени 2018-жылдын 17-октябрында Конституциялык палата карап, жараксыз деп чечим чыгарды. Бул берене аталган мыйзамдан кыскартылды.

Кыргыздын бийлиги коомдун умтулуусуна каршы болгон тажрыйбаны жаратты. 2005-жылдан бери коомдук телеканалга жол тосуп жатат. Мамлекеттик гезиттерди акционерлештирүүгө да жол берилбеди. Ушундай ахыбалды чет элдик эксперттер минтип баалашат - "ММКны мамлекеттен ажыратуу идеясы алар үчүн жаңылыш болуп калды, анткени бийлик аларга мамлекеттин ишин илгерилетүүгө муктаж" [55, 134-б.].

Ооба, ар бир президентке кол алдында кызмат кылган гезиттер, телеканалдар, радиолор, маалымат агенттиктер абдан керек. Томас Джефферсон президент болгон кезинде «Өкмөт менен эркин гезиттердин ортосунан тандоо жүргүзгүн дешсе, мен гезиттерди тандайт элем» деген. Америкада мамлекетке «тушалган» гезиттер жок. Кыргыз президенттери Өкмөт менен гезиттерди бир бүтүмдө (тизгинде) кармоого умтулушат. Эми Жалал-Абаддагы менчик телеканалдарга көңүл буралы.

**«7-канал»**

Бул телеканал 2010-жылдын 18-сентябрында эфирге чыкты. Оштогу июнь окуясынан кийин түзүлгөн, ошол учурда эл менен бийликтин ортосуна көпүрө болду. Бишкектен өзүнүн өкүлчүлүгүн ачып, Убактылуу Өкмөткө айтылган сын пикирлерди коомчулукка толук жеткирип турду. Элдин ишенимине кирген маалыматтык каражат катары белгиленди. Башкы кеңсеси Жалал-Абад шаарында жайгашып турат. Азыркы учурда 50 кызматкери бар.

Эң популярдуу көрсөтүүлөрү - "Кабар" маалымат программасы, түз эфирдеги "Бетме-Бет", эрте мененки "Таң" программасы, интернет булактарынан алынган "Саясатка саякат" берүүсү жана башкалар. 2014-жылы каналдын башкы директору Алтынбек Жумаев "Ачык сөз" деген программасын эфирге чыгарып, экс-президент А.Акаевден интервью алган.

2017-жылдан тартып санариптик берүү аркылуу бүтүн өлкөнү камтыды - Бишкек, Чүй, Нарын, Талас, Ош, Баткен, Жалал-Абад. М-Вектор агенттигинин изилдөөсү боюнча, алдыңкы 10 телерадиокомпаниялардын арасына кирди. Божомолду аудиториясынын саны жарым миллион көрүүчүлөрдү түзөт деп эксперттер аныкташты.

“Азаттык” радиосунун эфирине чыккан бир маектен үзүндүнү келтирели. Муну 2012-жылы “7-каналдын” баш директору А.Жумаев берген. “2010-жылдагы коогаландуу окуядан кийин түштүк жергесинде жалпыга маалымдоо каражаттарынын көбү жабылап калды. Жаңылыктарды көрсөткөн жергиликтүү каналдар жок болуп, адамдар боштукта калгансыды. Биз ошол маалымат жетишсиздигин жоюуга аракет жасадык жана ал колубуздан келди деп ойлойм” [59]. Ушуга удаа “Ачык саясат” гезитине чыккан материалдын мазмунун да келтирели. “Бул канал Камчыбек Ташиевдин менчиги” деп белгилеп, К.Бакиевди мактаган, А.Атамбаев менен Р.Отунбаеваны сындаган жана элди түндүк-түштүккө бөлүнүшүнө шарт түзгөн маалымат каражаты” деп гезит тыянак чыгарган [60].

2016-жылы “7-канал” ошол кездеги президент А.Атамбаевдин жакын адамы Икрамжан Илмияновдун карамагына өтүп, чыгармачыл жамааты жана канал жетекчиси А.Жумаев ордунда калышкан, бирок бул медиа каражаттын “идеологиялык саясаты кескин түрдө өзгөргөн” деп “kyrgyztoday” сайты билдирди [61]. Каналдын берүүлөрү көбөйдү жана популярдуу болду - маалымат программасы, түз эфири, эртең мененки эфир, кулинардык берүү жана интернеттен алынган маалыматтар. Санариптик форматка өткөндөн кийин, түштүк регионунан чыккан каналдардын лидери катары калыптанды.

“7-каналдын” өзүнүн аракеттери менен улуттар аралык маселени чечүүгө быгыт алган. 2013-жылы канал “өзбек тилинде чакан маалыматтарды эфирге чыгарабыз” деп “анонс” аркылуу жарыялаган, бирок бул “патриотторго” жакпай калып, буга каршылык акциясы уюштурулган (2013-жылдын 15-февралында). 50 киши каналдын имаратынын астына чогулуп, “кыргыз менен өзбек тилдер окшош, котормо кереги жок, бир гана кыргыз

тилинде чыгасыңар" деп талап коюшкан. Анан бул демилгени колдоп, 8 миң жарандын колу топтолгон (өзбек тилине каршы топтолгон).

Ушул жерде бир финансылык аспектиси бар эле, себеби ошол өзбек тилиндеги берүүлөргө америкалык ЮСАИД уюму грант берген. Бул жөнүндө каналдын жетекчиси А.Жумаев комментарий берүүдөн баш тарткан (комментарий алууга "Фергана" сайты кадам жасаган). ЮСАИД жактан да жооп берилбеди. Жалал-Абаддагы "Адилеттүүлүк" деген коомдук бирикме дагы финансылык булактын дарегин билүүгө умтулган. Мындай кырдаалда 2013-жылдын февраль айдын аягында "7-канал" аталган коомдук бирикменин эки өкүлүн кыргыз тилинде "Чындык" деп аталып, эфирге чыккан ток-шоусуна чакырды [62].

Ал жерден "өзбек тилиндеги жаңылыктар керекпи" деген суроого каналдын жетекчиси А.Жумаев жана Жалал-Абад шаарынын мэриясынын мамлекеттик тил боюнча адиси У.Асаналиева жооп беришкен. Аталган айым каршы болгон аргументтерин минтип келтирди - "патриоттук канал өзбек тилинде чыкпаш керек, себеби "июнь окуясы" так ушундай телеберүүлөрдөн башталган". А.Жумаев болсо Ошко шылтап, "Ошто "Ынтымак" деген телеканал бар, ошол жаңылыктарды эки тилде берет - өзбекче жана кыргызча" деген сөздөр менен түз жооптон буйтап кеткен. Ток-шоунун катышуучусу О.Карасартов "Биз "7-каналды" патриоттук канал деп тааныйбыз, ошондуктан өзбек тилиндеги берүүлөргө каршыбыз", - деди. "Адилеттүүлүк" бирикмесинен келген өкүлдөргө сөз берилбеди, каналдын жетекчиси "кимге сөз беришти жана кандай кылышты өзүм билем" деп үстөмдүк жасады.

Ток-шоудан кийин шаардын администрациясы "тегерек стол" өткөрүп, ошол жерден "7-каналга" жаңылыктарды өзбек тилинде чыгарбай эле койгула деп сунуш кылды. Бирок телеканал өзбек тилинде эки элдин досчулугу жөнүндө чакан сюжеттерди эфирге маалы менен берип турду. "Открытая Азия о событиях в Центральной Азии" деп аталган

тележурналынан орус, кыргыз, өзбек тилдеринде 30 минуталык “Интерньюс” уюмунун проектиси аркылуу жарыяланган.

Жогорку кеңештин пресс-кызматынын ошол кездеги жетекчиси Ш.Маматокторов бул маселеге мындай баа берди. Орус тилинде айтылган сөзүн берели. “Почему-то международные организации выделяют деньги на развитие узбекоязычных СМИ, что идет в разрез с целями страны. Они способствуют сепаратизму. Я не говорю ничего националистического. Демократия должна быть вторична, в первую очередь для страны после конфликта необходимо спокойствие. Ведь все начиналось именно из выступлений узбекских лидеров по телеканалам. Люди на юге злые, они потеряли родных, и как им обьяснить, что СМИ на узбекском - это нормально?! Чтобы забыли о трагедии, надо 20 лет, когда сознание людей будет одинаковое, узбек будет мыслить так же, как и кыргыз. Сейчас рано открывать узбекские СМИ, мы еще не забыли 1990 год” [63].

Ушундай логика 2010-жылы орун алган (1990-жылдын логикасы да ушундай эле). Бул сөздөр элдин сезимине таасир эткен. Патриоттордун акылы боюнча, өзбек тилине бир гана маданияттын рамкасынан орун бериш керек экен. Булар «сепаратисттик чакыруу» менен «маалыматтык кабардын» айырмасын ажыратпай, эфирге күнүгө чыга турган «жаңылыктарды» бир сызык аркылуу «саясатка» барабар кылышат. Мындай көз караш зыяндуу экенин дүйнөнүн тарыхы ар бир кылымда даана көрсөтүп турат. Ушундай агымды, массалык маалымат каражаттарына коюлган талаптарды масс-медианын илиминде «журналистика периода развития и демократического участия» деп аташат, мында өлкөдөгү бийлик менен журналисттер «үндөш» болуп, мамлекеттин экономикалык жана саясий өнүгүү процессине көмөк көрсөтүш керек» деген талап коюлат [64, 94-95-бб.].

Б.Орунбековдун китебинде маалымат каражаттарынын тарыхындагы мындай көрүнүшүн “өнүктүрүү концепциясы” деп, ушундай учурдагы журналистиканын аныктамасын минтип берет - “маалымат аркылуу адамды агартып, улуттук аң-сезимди калыптандыруу жана жалпы өнүгүүгө өбөлгө

түзө турган, шык бере турган каражат катары каралат” [1, 31-б.]. Башкача жана тагыраак айтсак, бул «улуттук концепция», анан мунун таржымалы тайкы, бул журналистиканын эң негизги (эң ыйык) принцибине туура келбейт, себеби жашоодогу чындыкты «патриоттук» агым менен басууга жана мезгилдин кабарын чектелген түрдө жеткирүүгө жол ачат. Ш.Маматокторов, мисалы, 20 жыл өткөндө өзбек менен кыргыздын сезими бирдей болот дейт.

1990-жылы да «патриоттор» ушундай эле бүдөмүк сөздөрдү айтышкан - «чыгарбагыла, ырбатпагыла, тилди маданиятка байлагыла» деп. Ушундай «үгүттөн» натыйжа чыкса, трагедиялуу иш кайталанбайт беле. «Тыйылган нерсе таттуу болот» деген славяндардын лакабы бар - «запретный плод сладок» деген. Массалык маалымат каражаттар «тыйылмалардан» туура тыянак чыга турган майдан эмес, себеби жаш балдарга ылайыкталган нерселер пресса менен телерадиого жарабайт. Патриоттук тартипке түштүк дейли, анан 20 жылдан кийин «окуя» кайталанса эмне кылабыз, андан ары дагы 20 жыл өтсүн дейбизби. Аягы эмне болот. Чындыктан далдалаган жана коомду далдалаган журналистика улуттардын биримдигине жеткиреби.

«7-канал» 2017-жылда өткөн президенттик шайлоодон кийин өзүнүн турпатын өзүнүн ээсине карата өзгөрткөн жок. Кожоюну «шопур» атка конгон И.Илмиянов болгондон кийин, «президент Атамбаевди» кандай колдосо, «экс-президент Атамбаевди» да ошондой эле колдой баштаганын көрдүк. Мындайды «жеке адамга сыйынуу» (культ личности) дейт. «Майдан» гезити белгилегендей, телеканал «Атамбаевдин арыгын чаап жатат» [65].

### “Сентябрь” телеканалы

2013-жылы Жалал-Абад шаарында ачылган. Ээси “Ата-Мекен” партиясынын лидери Өмүрбек Текебаев. Ачылыш аземи сентябрь айында өткөн. Адегенде областтык масштабын камтып, анан бүт өлкөгө жайылды. 2015-жылы канал Бишкек шаарына көчтү. “Ата-Мекен” партиясынын маалымдоо каражаты катары таанылды.

2017-жылдын 22-августунда Бишкектен Биринчи май районунун соту башпрокуратуранын доо арызын карап, “Сентябрь” каналын жабуу боюнча өкүмүн чыгарды. Экстремисттик багытка түштү деп күнөө коюлду. Буга милициянын полковниги Абдылда Капаровдун телеканалдын түз эфиринде берген интервьюсу себеп болду. Бул инсанды Жээнбековдордун (Сооронбай менен Асылбектин) кадыр-баркына доо кетиргени үчүн сот 4 жылга эркинен ажыраткан. Бул жерден бир несени тактап берели. “Сентябрь” телеканалы соттун өкүмүнө чейин 2016-жылы санариптик көрсөтүүгө өткөндөн кийин кайра каттодон өтүп, “Сентябрь ТВ” деген аталышты алган. Сот так ушул санариптик каналды экстремисттик экен деп жаап салды, интернеттеги жана социалдык тармактардагы баракчаларын да жаптырды.

Каналдын жетекчилиги соттун чечимине даттанып, Бишкек шаардык сотуна минтип кайрылган - “доого негиз болгон материал бир жыл мурда ишин токтоткон Жалал-Абадда “Сентябрь” деген телеканалга чыккан, ал эми азыркы “Сентябрь ТВ” аталыштагы телеканалга тиешеси жок”. Бирок сот даттанууну кабыл албады. Жабылган каналдын ордуна “Жалбырак ТВ” деген канал пайда болду, бирок мурунку каналды улай албады.

**“Чолпон ТВ”**

Бул телеканал Жалал-Абад шаарында ачылды, эфирге 2017-жылдын 11-ноябрь күнү чыкты. Мурунку “Сентябрь” каналдын имаратын ээледи. Директордун кызматын ээлеген Б.Кадыралиев “Чолпон ТВ” өз алдындагы канал, “Сентябрь” каналына эч кандай тиешеси жок” деп “Азаттык” радиодон билдирди. Канал санарипте чыгып, өз эфирин көбүнчө кино жана клиптер менен толтурат. Ээси ким экени ачык айтыла элек. Бул көз карандысыз маалымат берүүнүн жана көңүл ачуунун телеканалы деп эсептелинет. Окуялар, жаңылыктар, иликтөөлөр, кызыктуу көрсөтүүлөр эфирге берилет. Санарипте 24 саат бою чыгат. Штатта 6 адам иштейт. Көбүнчө “Азаттык” радиосу менен кызматташат.

Жалал-Абад областындагы электрондук ММКлардын жагдайы ушундай. “You Tube” сайтына чыгат. “Malina TV” деген каналы да бар, ал эфирден ар

түрдүү социалдык маселелерди көтөрүп чыгат. 2018-жылдын ноябрь айында бир окуя менен кенен таанылды. 9-ноябрь күнү эртең менен үйүнөн чыгып бараткан учурда, “Малина.TV” каналдын негиздөөчүсү (алып баруучусу) Санрабия Сатыбалдиевага белгисиз адам колуна бычак шилтеди. Жарат алган журналист айым ооруканадан жардам алып, милицияга арыз жазат, бирок кылмышкерди издешпейт. “Эгер аны биз таппай калсак, анда сени “калп айтты” деп жоопко тартабыз”, - деп тергөөчү айткандан кийин, С.Сатыбалдиева милицияга берген арызын кайтарып алды. Бул окуя тууралуу эки гезит маалымдаган [66].

Жалал-Абад областындагы массалык маалымат каражаттарынын тарыхы ушундай. Бул жерде башталган телеканалдар өздөрүнүн жолун кеңейтип, өлкөнүн масшабына тарап кетишти.

### 2.4. Баткен областындагы радио менен телеканалдар

#### Мамлекеттик телерадио

Баткен областы 1999-2000-жылдарда өлкөбүзгө чек арадан исламдык экстремисттер кол салгандан кийин уюштурулган. Буга чейин аймак Ош областынын курамында болгон. Анан бул жерде областтык статустагы жергиликтүү бийлик пайда болгондон кийин, Баткен областынын мамлекеттик телерадиоберүүкомпаниясы 2004-жылы негизделип, жергиликтүү жаңылыктарды, окуяларды, республикалык масштабдагы фактыларды чагылдыра баштады. Өзүнүн аудиториясы, авторлору, өзүнүн жылдыздары чыкты. Жетишкендиктерди, кыйынчылыктарды башынан өткөрдү. Донорлорду издеп, гранттык каражаттарды табуу максатында кыймыл-аракеттери орун алды.

2010-жылдан кийин кырдаал өзгөрдү. Баткен телерадиосу миллион долларды камтыган долбоорду утуп алып, ишке ашырды. Ал долбоор “Карегимде Мекеним” деп аталып, чек аралаш райондорунда жашаган жергиликтүү жамааттын социалдык көйгөйлөрүн көрсөтө баштады. Кыргыз тилинде. Тиешелүү учурларда суроолор орус жана тажик тилдеринде берилип, котормосу менен тартылат. Эфирдеги иштөө мөөнөтү суткасына 6

саатты түзөт (18.00 дон 24.00 чейин). Жаңылыктар, окуя болгон жерден репортаж, көрүүчүлөрдүн катышуусу менен түз эфир жана коммерциялык негизде жарым сааттык музыкалык куттуктоолор берилет. Штатында 26 кызматкери бар. Өз кабарчылары Лейлек жана Кадамжай райондорунда иштешет. Атайын курстардан окуп, served тележурналистиканын ыкмаларын өздөштүрүшкөн. Штаттан сырткары кабарчылары да бар.

2015-жылы Баткендеги телерадио юстиция министрлигинен кайрадан каттоодон өтүп (перерегистрация жасап), жаңы күбөлүктү алды. Эми бул массалык маалымат каражаттын аталышы - "Кыргыз Республикасынын Баткен областтык мамлекеттик телерадиоберүүкомпаниясы". Азыркы учурда эфирде 19 саат иштейт (7.00 дон 24.00 чейин). Өздүк продукциясы 8 саат. Штатта 36 адам. Санариптик берүү ушул жерден башталган, бул аймак республикага жайылтуу боюнча полигон катары тандалган. Баткен облусу Тажикистан менен чектешет, ушуга байланыштуу чек арада орун алган конфликттерди чагылдырууда жергиликтүү медиа каражаттардан мурун борбордук медиалар биринчи бергенге үлгүрүшөт. Жергиликтүү бийликтин да бул процесске тиешеси бар. Чек арага жакын тажик айылдарынын тургундары Баткен телеканалдын берүүлөрүн көрүшөт, анан ошол жактан жарыялар, жарнактар, куттуктоо каттар түшөт.

**Областагы мамлекеттик эмес масс-медиалар**

**"ЮТС" телеканал**

Берүүлөрүн 2004-жылы баштады. Кызыл-Кыя шаарында негизделген. Бул жер Өзбекстанга жакын болгондугунан, жергиликтүү калк ошол жактын телеканалдарын көрүп, "Эхо долины" деген өзбек радиосун угуп турчу, себеби кыргыз тилиндеги электрондук медиа каражаттар жок эле. Мындай кырдаал 2004-жылы "ЮТС" ачылганда өзгөрдү. Бүгүн бул канал суткасына 17 саат эфирде, өздүк продукциясы 4 саатты түзөт, штатта 4 кызматкери бар.

**"Салам" радио**

2001-жылы чет элдик уюмдардын ("Эл аралык толеранттуулук", Интерньюс, ЮНИСЕФ) колдоосу менен түзүлгөн. Ошол учурда бул Баткен

аймагында биринчи (жалгыз) радио болуп, уктуруусун 106.4 FM толкуну аркылуу күнүнө 18 саат эфирге чыга баштады. Жергиликтүү элге жакын маалыматтарды берип, маданият багытында көңүлдөрүн ачып турду. Анан музыкалык программаларды түзүп, жаштардын таланттарын колдоп, тарбия көрсөтөп, социалдык жана экономикалык маселелерди, жетишкендиктерди, түйшүктөрдү оперативдүү түрдө чагылдырып турду. Ушул радиодон өзүнүн профессионалдык эмгек жолун баштап, кийин бүт республикага белгилүү болгон инсандар чыкты - Максуда Айтиева (радионун алгачкы бышчысы), Сабыр Абдымомунов, Жеңиш Айдаров, Жылдыз Жусупова, Султан Артыков. “Салам” радио учурда камтыган аймакты атасак, буга үч өлкөнүн жерлери кирет - Кыргызстандан: Баткен, Айдаркан, Кадамжай, Базар-Коргон, Ала-Бука, Ноокен; Тажикстандан - Согди областы; Өзбекстандан - Фергана областы. Угармандардын жалпы саны - 700 миң киши.

Өнөктөш болгон медиаларды атап кетели, бул “Азаттык” радиосу, Тажикстандагы Исфара шаарындагы “Терроз” радиосу, Кыргызстандагы Исфана шаарындагы “Коомдук” радиосу. “Салам” радио Кыргызстандагы белгилүү “ТОП 20” деген радиолордун катарына кирет. Өзүнүн имараты, 500 ваттагы “передатчиги” бар, менчик продакшн жана уктуруучу студияларын түзгөн. Туруктуу түрдө 7 кызматкери иштейт (2 корреспондент, 2 диджей, дизайнер, оператор, коммерциялык директор). Буларга катар активист-окучуулары, студент-волонтерлору бар.

Радионун багыттары - эртең мененки түз эфир, күндөлүк жаңылыктар, интерактивдүү берүү, агартуу программасы, спорт, мектеп, студенттердин жашоосу, куттуктоолор, “Ден-соолук”, “Юридикалык клиника”, “Өмүр” программалары. Учурда “социалдык сеттерге” активдүүлүгүн көрсөтүп, интернет ресурс аркылуу угармандарга радио-эфирин жеткире баштады. Веб-сайт аркылуу да беришет - фейсбук, ютуб, одноклассники, инстаграмм.

Радиолордун көптүгү (мамлекеттик, жеке менчик, коммерциялыктар) дүйнө жүзүндө пайдалуу деп эсептелинет, анткени аудиторияны тандап алуу, ар түрдүү маалыматтарды, пикирлерди билүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Жогоруда

көрсөтүлгөн маалымат 2018-жылы Баткен шаарында өткөн “Салам” радионун презентациясында деталдуу түрдө жарыяланган [67].

**Тыянактар**

Кыргызстанда 1991-жылдан тартып “менчик” түрүндөгү электрондук медиа каражаттар чыга баштады. Мамлекеттик эмес телеканалдар жана радиолор ачылды, ошолордун бир тобу азыркы күнгө чейин иштеп жатат, анан финансылык жактан өзүн-өзү камсыз кылалбай жабылып калгандары да бар, бул тизмеге киргендер - “Толкун ТВ”, “Эркин Ала-Тоо”, “Нур ТВ”, “Дастан ТВ”. Масс-медиа тармагы да рыноктун тартиби менен жашайт. Совет доорунда ушул тармакта бир эле түрү болгон - мамлекеттик массалык маалымат каражаттар (пресса, ТВ, радио). Эгемендүүлүктүн доорунда буга экинчи түрү кошулду - мамлекеттик эмес ММКлар.

Кыргызстандын түштүк жагындагы аймактарында азыркы учурда мамлекеттик түргө кирген алты ММКлар иштейт. Ош областында - “Эл ТР” МТРК (мамлекеттик телерадиокомпания), “Ош ТВ” ТРК (телерадио-компания), “Ынтымак” КРТРК (коомдук-регионалдык телерадиокомпания), “Илим-билим” телеканалы, “Эл ФМ” радио. Жалал-Абад областында - ЖМТРК (Жалал-Абад областтык мамлекеттик телерадиокомпания). Баткен областында - “Баткен” ОМТРК (Баткен областтык мамлекеттик телерадио-компания). Мамлекеттик эмес телерадиокомпаниялардын катарына “Керемет” ТРК, “Ош пирим” ТРК, “NUR TV” телеканалы, “7-канал”, “Чолпон” телеканалы, “ЮТС” телеканалы, “Салам” радиолору кирет.

Түштүк регионундагы ММКлардын жалпы саны 14, анын ичинде 7 мамлекеттик, 7 мамлекеттик эмес телерадиолор. Телерадиолордун көбү Ош областында жайгашып, 8 телерадионун ичинен 5 мамлекеттик, 3 мамлекеттик эмес). Бул жерде белгилей турган нерсе, Ош областында мамлекеттик эмес деп уюшулган радио жок болгон болсо, Баткен областында мамлекеттик түрдөгү радио ачылган эмес. Жалал-Абад областында бир дагы кыргыз радиосу түптөлгөн эмес.

2010-жылга чейин республикабыздын түштүк регионунда өзбек тилиндеги «Мезон ТВ», «ДДД», «Ош ТВ» телеканалдары ишмердүүлүгүн жүргүзүп келген. Июнь окуясынан кийин “Ош ТВ” ТРКсы мэриянын карамагына өттү, калгандары жабылып калды. Өзбек тилиндеги маалымат азыр “Ынтымак” телеканалынан берилип турат (эки элдин ынтымагын бекемдөө максатында уюшулган). Өзбек тилинде өз алдынча иштеген өзбек тилдүү телеканал Кыргызстанда бүгүн жок. Буга байланыштуу чет элдик сайттардын жыйынтыгы мындай - “2010-жылдын июнунан кийин өлкөдө өзбек тилдүү телекөрсөтүү жоголгон” [68]. Санариптик берүүгө өткөндөн кийин тандоонун мүмкүнчүлүгү кеңейди – 50дөн ашык каналды көрсө болот. Жергиликтүү телеканалдар жаңы жолдорго бурулду.

Эгемендүүлүктүн биринчи жылдарында Ош шаарындагы областтык китепканасынын имаратында журналисттерге жардам берүү максатында Оштогу ММКларды колдоо борбору ачылган. Бул борбордо жергиликтүү журналисттер тексттерин компьютерден терип, интернетке кирип турушчу. Ал жылдары региондук журналисттер техникалык каражаттарга муктаж болушкан. Азыркы учурда журналисттерде персоналдык компьютерлери бар.

# Үчүнчү глава

# Кыргызстандын түштүгүндөгү электрондук маалымат каражаттары экстремалдык учурларда, мониторингдердин жыйынтыктары жана изилдөөнүн натыйжалары

## 3.1. Массалык маалымат каражаттардын экстремалдык учурлардагы иш-аракеттери: 1990 - “Ош окуясы”, 1999-2000 - “Баткен окуясы”, 2002 -“Аксы окуясы”, 2005 - “Март ыңкылабы”

Кыргыз мамлекетинин эгемендүүлүгү 1991-жылы башталды. Буга чейин (1990-жылдын июнь айында) бизде трагедиялуу “Ош окуясы” орун алган. Мындай учур экстремалдык деп белгиленет. 20 жылдан кийин (2010-жылдын июнь айында) окуя ошол эле жерден кайталанды. “Биринчи Ош окуясы” жана “Экинчи Ош окуясы” деп бул кан төгүлгөн жылдар тарыхыбызга кирди. Ортосунда дагы төрт экстремалдык окуялар орун алды - “Баткен окуясы” (1999-2000-ж.ж.), “Аксы окуясы” (2002-ж.), “Март ыңкылабы” (2005-ж.), “Апрель ыңкылабы” (2010-ж.). Ушул окуялар Кыргызстандагы түштүк регионундагы электрондук маалымат каражаттарында кандай түрдө чагылдырылганын иликтеп чыгалы.

### 1990 – “Ош окуясы”

Бул жылга байланыштуу улуттук коопсуздук кызматынын өкүлү полковник Талант Разаковдун документалдык изилдөө катары жазылган эмгеги өзгөчө орун алат. Басмадан 1993-жылы эки тилде (орусча, кыргызча) басылып чыкты. Андан кийин дагы эки жолу басылды. Биз 2011-жылы Бишкектен чыккан китебине көңүл буралы [69]. Трагедиянын чыгышы, коопсуздук комитетинин маалыматы, окуянын хронологиясы, статистикалык берүүлөр жана коомчулуктун атынан жарыяланган ардагерлердин каттары. Ушул жерден эки катты карап көрөлү. Экөө тең орус тилинде жазылган.

Биринчи кат 1990-жылдын 2-мартында жазылып (коогаландан үч ай мурун), Москвага жөнөтүлгөн - “Известия ЦК КПСС” журналына жана

Советтер Союзунун Жогорку Кеңешинин Советиндеги Улуттар кеңешинин төрагасы Рафик Нишановго. Көчүрмөсү - “Советская Киргизия” гезитине жана Кыргызстан Компартиясынын жетекчиси Абсамат Масалиевге. Катты жибергендер Жалал-Абад шаарынын тургундары - 23 ардагер, анын ичинде Советтер Союзунун Баатыры Р.Азимов, Социалисттик Эмгектин Баатырлары С.Алимов менен Ф.Тешебаев, эмгек сиңирген мугалим С.Акбаров. Катты “Арыз” деп атап, сыймыктуу адамдар минтип тыянак чыгарышкан.

“Мы считаем возможным возбудить вопрос о включении в повестку дня Совета национальностей Верховного Совета СССР о формировании Ошской автономной советской социалистической области в составе Киргизской ССР и внесении соответствующих изменений в Конституцию Союза ССР и Киргизской ССР” [69, 100-б.].

Мисал катары Өзбекстандын курамындагы Кара-Калпак автономиясын, Грузиянын курамындагы Абхаз менен Аджар автономияларын, Азербайжандын курамындагы Нахичевань автономиясын көрсөтүшкөн. Бирок натыйжа болбоду, ардагерлердин сунушу четке кагылды, себеби калыптанган тартипке (административно-территориальное деление дегенге) бул ылайык келбеди. Мындай “прецедент” буга чейин болгон эмес. Бирок бул кат элдин сезимин катуу козгоду. Борбордук маалымат каражаттарына чыккандан кийин (“Известия ЦК КПСС” менен “Советская Киргизия”) кат кеңири тарап (жергиликтүү телеканалдан жана гезиттерден кайталанды), коомдогу эл аралык ынтымакка чок таштагандай болду. Биринчиден, борбордон (Москвадан) кабыл алынып, Компартиянын басылмасынан орун алган, экинчиден, республиканын эң негизги гезитине жиберилген. Мындай шартта ал катка сын айтууга жергиликтүү бийликтин кудурети жетпеген (өлкөнүн баатыр инсандары кол коюп жатса, кайдан каршылык болмок эле). Кыргыз Республикасында мындай кадамдар болгон эмес, буга Горбачевдун “перестройка” деген заманы таасирин тийгизди.

Бул маселеге (сепаратизмге) тиешелүү дагы бир кат ошол эле түштүк аймактан орун алган, ал 1993-жылы жазылды, коогаландан кийин,

Т.Разаковдун китебине каршылык көрсөтүү иретинде жазылган. Төрт дарекке жиберилди - кыргыз президенти А.Акаевге, өзбек президенти И.Каримовго, Ош областынын губернатору А.Эркебаевге жана Өзгөн районунун акими А.Карашевге. Орус тилинде жазышты.

"Со стороны наступающих киргизских молодчиков потери были незначительными, а потери узбекского населения в сотни раз превышали потери киргизских националистов" [69, 108-б.]. Катка 11 адамдын колу коюлду - Өзгөн районунун ардагерлер кеңешинин 7 мүчөсү жана шаардагы 14 махаллянын (өзбек улутундагы тургундардын кварталдары) жетекчилери. Жыйынтыкты минтип беришти. "Требуем привлечь к отвественности автора книги, изьять весь тираж из продажи, и считаем, что автор должен публично раскаяться перед горожанами через страницы газет, журналов и телевидение" [69, с.109]. Мына ушундай дем менен жазылды.

Адегенде каттын бир жерин айталы. Ош окуясында киши колду болуп өлгөндөрдүн саны, улуту такталган, буга тиешелүү цифралар жарыяланган, бирок катта "в сотни раз" деген нерсе жок, демек каттын бул жери туура эмес. Автор болсо (Т.Разаков) публикалык түрдө "покаяние" кылбады, документтер менен далилденген фактыларды иликтегени үчүн эмнеге антмек эле. Китептин тиражын конфискация кылышпады, жергиликтүү телеканал менен гезиттерден мындай катка көңүл бурулбады. Автор бул катты толук бойдон китебинин кийинки басылышына киргизди. Ардагерлердин "автономия маниясы" бул жолу да (коогаландан кийин) четтетилди. Кат менен кайрылгандардын үмүтүн медиа каражаттары өчүрүп салышты. Бул жолу жергиликтүү калк эки тарапка бөлүнүп, салгылашуу болгон жок.

Биринчи кат болсо (1990-жылы) элдин сезимин козгоп, кан төгүүгө алып барган. Ошондо жергиликтүү медиа каражаттар туруштук кылалбады, себеби ал кезде мамлекеттик эмес медиа каражаттар жок болчу, булар бир жылдан кийин пайда болушту. Кат жаштардын канын кызытып, коомдо өзгөчө орун алган. Ошол катты маалымат каражаттарына жеткирбей, партиянын архивинде жашыруун түрдө кармашса, иштин нугу башкача

болмок. Жарыкка сөзсүз түрдө эртели кеч ачыкка чыкмак дечи, бирок бөтөнчө жол менен кетмек – мезгили жана таасири боюнча да. Ооба, болгону болду, ишке медиалардын салымы кошулду, бийликтин каталары үйүлдү. Кыргыз Компартиясынын негизги катасы коопсуздук кызматынын чалгындоо менен алынган маалыматына көңүл бурбай, алдын ала чара көрбөй, шалаакылыктын жолуна түшүп, “биз кырдаалды көзөмөлдөп турабыз” деген сокур ишениминде.

Көрөгөчтүк болбоду, анан ушуга көмөктөшкөн маалымат каражаттар мамлекеттин коопсуздугуна тиешеси бар маалыматка жетпей калышкан. Бир четинен, бийлик медиаларды тыйып салды, экинчи жагынан, коопсуздук комитетинин кызматкери тапкан маалыматын бекем сакташты (уруксатсыз кантип таратышмак эле ошол жылы). Бардык тарапты компартия көзөмөлдөп турган совет доору болчу.

Ушул себептен коом алсыз эле, басма сөз менен телерадио ошол учурда коомдун, демократиянын “куралы” боло алалбады. Бул жөнүндө Т.Разаковдун орус тилинде жазылган текстинде таамай айтылган, ал эми кыргыз вариантында ушул жери берилбей калыптыр. Муну өз алдынча бөлүп, орусчасын келтирели.

“Заблаговременная информация Комитета об имеющих место локальных межнациональных стычках, которые неизбежно ведут к массовому взрыву, о тревожном оперативном положении в Ошской области была проигнорирована руководителями республики” [69, 67-б.].

Ошол жылы республикабызды А.Масалиев жетектеген. Бул инсан Москванын “көрсөтмөлөрүнөн” четке бир карыш жылууга кудурети жок эле. Коопсуздук комитетинин маалыматын анализдеп, керектүү жагын пресса менен телерадио аркылуу элге жеткирсе, жергиликтүү тургундар алдын ала чара көргөнгө мүмкүнчүлүк алышмак. Мунун ордуна провокациялык маанидеги кат жарыяланды. Ошондой эле партиянын көзөмөлү менен медиа каражаттар да тизгинделип турушкан. “1990-жылдын 21-майынан баштап коопсуздук комитетинин жергиликтүү уюмунан өлкөнүн борборуна 11

рапорт жөнөтүлгөн. Борбор болсо мунун бирине да көңүл бурбады” деп ошол кездеги Оштун журналисти Д.Евлашков белгилеген [70].

1989-жылдын май айында Өзгөн шаарында кыргыз менен өзбек жаштардын ортосунда чоң мушташ болгонун жергиликтүү бийлик (партиянын райкому жана совет өкмөтүнүн райисполкому) жогорку жакка (борбордогу инстанцияга) маалымдабай, жашырып койгон [71]. Буга чейин Ферганада өзбектер менен месхетин түрктөрдүн жаңжалы болгон, ошондон кийин Советтер Союзунун Өкмөтү атайын чечими менен түрктөрдү Фергана шаарынан өлкөнүн башка аймактарына эвакуациялашкан (көчүргөн). Ушуну мисал катары кабыл алып, өзбек улутундагы Өзгөн шаарынын тургундары кыргыз тургандарын башка тарапка көчүрүп, Өзгөндү Өзбекстандын Андижан облусуна кошууну талап кылышты. Ал жак менен бириктирүү жолу Кемпир-Абад суу сактагыч аркылуу ачылсын деп сунушташкан [72].

2006-жылы Ош мамлекеттик университетинде А.Сатарбаевдин кандидаттык диссертациясы жакталды. Орус тилинде, аталышы - “Причины и уроки ошских и узгенских событий 1990 года”. Ушул эмгекте массалык-маалымат каражаттарынын “салымы” минтип белгиленди. “В начало ошского межнационального конфликта и продолжение кровавых столкновений внесли свою “лепту” и средства массовой информации, особенно центральные газеты “Правда”, “Известия”, “Труд”, которые публиковали не совсем правдивые материалы” [73].

Ооба, аталган гезиттерде бурмаланган маалымат орун алганы чын. Г.Шепитько эң негизги себеп катары “жер участкаларын бөлүштүргөндөгү бир беткейлик болгон” деп жазган [74]. Ю.Разгуляев мындай деген - “появление на месте событий еще одной большой группы кыргызов привело к столкновениям” [75]. Бул маалымат туура эмес экенин архивде сакталган булактар тастыктайт, ал жерде мындай бир тыянак бар - “обьединения кыргызских групп на самом деле на этом поле не было, о чем свидетельствуют официальные источники и информация очевидцев” [76]. Кеп хлопокомбинаттын жанындагы талаа (колхозное поле) жөнүндө болгон,

так ошол жерден кагышуу башталган, атчандар болсо андан эки күн кийин кыргыз элинин жерин сактап калалы деп келишкен.

Ю.Рост деген белгилүү журналист окуяны өзүнүн “божомолуна” ороду. “По толпе стреляла кыргызская милиция. Кыргызские боевики, прошедшие двухнедельные сборы, ждали сигнала. Когда узбекская толпа ринулась в город, боевики устремились вслед” [77]. Өзүнчө бир боевиктер жөнүндөгү телесериалдын сюжетиндей көрүнөт, бирок бул “чыгарма” фактылар менен далилденбейт. Кыргыз милициясын эч ким эч жерде окуянын астында эки жума даярдаган эмес, кыргыз “боевиктердин” издери ал жерден табылбады.

Имиштер менен ушактарды өз алдынча калтыруу болбойт, буларга өз учурунда (кечиктирбей) фактылардын негизинде жооп кылыш керек. Так ушул нерсе (жооп берүү) так ушул принцип менен окуянын астында (1989-жылдан 1990-жылдын июнь айына чейин) ишке ашпай калган. Буга биринчи иретте бийлик жооптуу, себеби фактылар тиешелүү кызматтардын аракети аркылуу бийликтин колуна берилет. Ушундай жагдайды психологдор профессионалдык деңгээлде минтип баалашат. “Межэтнитческая напряженность характеризукется массовым неврозом, когда развивается страх и ощущение необходимости этнической консолидации. Это состояние вызывает тревогу, массовую национальную напряженность, растерянность, отчаяние” [78, 227-б.]. Так ушундай психологиялык контекстке кыргыз менен өзбектер ошол учурда туш келишкен. Ушундай шартта экстремисттик жана сепаратисттик сезим массалык түрдө курчуган.

1989-жылдын ноябрында Ош областындагы “Ленинский путь” деген мамлекеттик гезитте А.Мустафинанын макаласы чыкты - “Земные страсти вокруг святой горы” деген аталышта. Бул жерде автор Сулайман-Тоонун тегерегинде башталган курулуштар жөнүндө маселени көтөрдү. Мындай курулушка бийлик “запрет” кылган, бирок аны жергиликтүү иштермандар тооготушпады [79]. Бул маселе курч талкууну жаратты, талкууга исламдык уюмдар да кирип кетишти - этникалык негизде түзүлгөн уюмдар (кыргыз менен өзбектердин мусулмандары).

Корутунду түрдө айтсак, ушундай көйгөйлөр менен маалыматтар ошол жылдарда (эгемендүүлүктүн алдындагы эки жыл) Советтер Союзунда орун алып, этникалык тирешүүгө алып барган окуялар (Сумгаит, Фергана), улуттук ниет провокациялык мазмун менен жазылган каттар, гезиттерде жарыяланган бурмалоолор, исламдык диндин өкүлдөрүнүн кыймылдары жана кыргыз менен өзбек тараптан түзүлгөн демократиялык уюмдардын адилетсиз аракеттери - ушунун баарысы 1990-жылдын июнь айындагы кан төгүүгө алып келди.

Хронологиялык жактан карасак, тирешүүгө даярдык май айында башталды. Адегенде Кыргызстандын улуттук-демократиялык майдандын (Народно-демократический фронт Киргизии) лидери Т.Дыйканбаевдин кайрылуусу чыкты - "кыргыздын жаштары турак жайсыз, жумушсуз жүрөт, студенттер жакыр, улуттук кадрларды өстүрүшпөйт" деп. Буга каршы прессага "Адолат" деген өзбек уюмдун лидеринин кайрылуусу жарыяланды. Орус тилинде, мындай сөздөр менен - "в Ошской области нет социального равноправия в отношении лиц узбекской национальности, всячески унижаются их права, создаются барьеры при расстановке кадров, для решений этих вопросов необходимо создать автономию Ошского региона".

Эки тараптын талаптары окшош, көйгөйлөрү үндөш, бирок экөө тең (кыргыз менен өзбек) бири-бирин сүрүп чыгууга бет алышканы ачык болуп калды. Андан кийин "Ош-Аймагы" деген кыргыздардын коому саясий сахнага чыгып, мунун лидери К.Бектемиров негизги максат катары жер участкаларын Ошто жашаган жана окуган кыргыздарга бөлүштүрүүнү талап кылды. Так ушул коом тирешүү башталган Оштогу пахтакомбинаттын тушундагы Ленин атындагы колхоздун талаасында чогулган.

Коогалан 4-июнь күнү кечинде ушул жерден башталып, 12-июнда гана басылды. Толкун Москвага чейин жетип, 11-июнда Кыргыз Өкмөтүнүн Өкүлчүлүгүнүн короосунда ошол борбордо окуган кыргыз студенттеринин митинги өттү. Күнөөкөрлөр жоопко тартылып, Ош областындагы компартиянын бюросу отставкага кетсин деп айтылды. "Известия" гезитине

чыккан Г.Шепитьконун макаласынын тенденциоздук багыты кескин түрдө сынга алынды [69, 125-б.].

Жаңжал басылгандан кийин дагы бир ай кайым айтышуулар болуп жатты. Ошто 1990-жылдын 9-июнь күнү "самиздат" (жеке печаттоо) тартибинде бир гезит чыкты, аталышы "Киргизия: остановить насилие". Орус тилинде, редактору Эдуард Середняк, "орган учредительного собрания трудящихся юга Киргизии" деген тактоосу менен. Гезитке комментарийлер бир беткейлүү берилип, күнөөнүн баарысы кыргыз тургундарга оодарылып калган. Гезиттин нускаларын өзбек улутундагы тургундар таратышкан. Ошол эле учурда "Ленин йули" деген областтык өзбек тилиндеги мамлекеттик гезитине анонимдүү (аты-жөнсүз) кол жазма түшкөн. "От имени Подпольной освободительной организации узбеков" деген көрсөтмөсү менен. Орус тилинде 5 баракка жазылыптыр. Аталышы "Воду мутят сверху". Бул жерде минтип айтылган - "акция против узбекского народа тщательным образом готовилась и проводилась на основе заранее разработанного плана". Күнөөнү кыргыз мамлекетинин жетекчисине коюп, аны жазага тартыш керек деп жыйынтык чыгарышкан.

Андан кийин "Адолат" уюмунун лидери Р.Мирахмедов жөнүндө маалымат тарады, бул адам Москвадан чыккан "Учительская газета", "Коммерсант", "Голос Америки", "Свободная Европа" деген медиа булактар менен байланышы бар болуп, ошолорго Ош окуясы боюнча маалыматты, видеотасмаларды бергени белгилүү болду [69, 127-б.].

Оштогу жаңжал жөнүндө 2012-жылы чакан түрдө адабий роман басылып чыкты. Автору Тулян Джолдошев. Аталышы "Ош-90". Орус тилинде. Чыгарма 1992-жылы жызылыптыр, бирок он жылдан кийин жарык көрдү, себеби ошол жылдагы бийлик бул темага тыюу салган - "өткөндү чукубай, эки тараптын сезимин козгобогула" деп. Бийликтин ушундай ыкмасына байланыштуу автордун айтканын келтирели. "Все те причины, ставшие катализатором ошских событий в 1990 году, так и не были

устранены полностью. Все это в конечном итоге привело в повторению межнациональных столкновений в Оше в июне 2010 года” [80, 3-б.].

2010-жылдын жаңжалына өз алдынча кайрылабыз, ал биринчи жаңжалдан жыйырма жылдан кийин кайталанган. Ага чейин Кыргызстанда дагы башка экстремалдуу окуялар орун алды. Ушуларды хронологиялык тартип менен иликтеп чыгалы.

**1999-2000 – “Баткен окуясы”**

Биринчи жолу Баткен районуна Тажикстан тараптан куралчан топ 1999-жылдын 31-августунда кирип келди. Коркунучтуу кырдаал 25-октябрга чейин созулду (үч ай). Кыргыз тараптан 27 адам курман болду, анын ичинен үчөө өзбек авиациянын жаңылып таштаган бомбадан каза тапты. Кыргыз бийлиги өзбек бийлигине кайрылып, жардам сураган, алар болсо самолетун берип, биз көрсөткөн жерлерди бомбалашты. Жаңылыш болгондон кийин, кыргыз тарап мындай жардамдан баш тартты. Кыргыздын Карамык деген айылын бомбалап салышкан (кыргыз парламентинин ошол кездеги спикери А.Эркебаевдин айылы). Бул факт чатак жаратып, коомдун кыжырына тийди.

Биздин жоокерлерди башкарган генерал Шамкеев, Япониядан келишкен төрт геологдор боевиктердин колуна түшүп, туткун болушту. Каршылык көрсөтүп, генералды коргогон солдатты боевиктер атып салышты. Буга чейин Баткен районунун акими А.Маматалиев да колго түшүп, акча берилип куткарылган. Генерал менен геологдорду бошотуш үчүн алар Кыргызстан менен Япониядан акча сурашты, анан ары-бери соодалашып, ортого ар түрдөөгү далдалчылар түшүп, акыры сураганын беришип, туткундарды бошотушкан. Ушул боюнча сүйлөшүү процессине белгилүү саясатчы Турсунбай Бакир уулу катышканын медиа каражаттар деталдуу түрдө маалымдады. Өзү да Алматы шаарында өткөн конференцияда орус тилинде минтип айтып берген. “Меня стали обвинять в ваххабизме мои оппоненты, к которым присоединился и Ислам Каримов, после того как я принял участие в переговорах с моджахедами-талибовцами. В 1999 году в Кабуле я встречался с лидерами “Талибана”, с Тахиром Юлдашевым, с Абдрахманом. По поводу

наркотрафика хочу сказать следующее. Была создана официальная версия, чтобы опорочить сторонников ИДУ. Я не видел среди них ни одного наркомана” [81, 29-б.].

ИДУ - “Исламское Движение Узбекистана” деген уюм (КМШ өлкөлөр буга тыюу салган). “Ваххабит” деп муну Ислам Каримов (Т.Бакир уулун Кыргызстандын Омбудсменине Жогорку Кеңеш шайлаганда) таңгалып айткан - “ушундай адамды ушундай жооптуу кызматка кантип койдуңар” деп. Наркотик жагын алсак, анда кептин сыры мындай. Ооба, наркотиктерди дүйнөгө тараткан мусулмандар өздөрү “наркоман” болушпайт, туура, бирок Турсунбай мырза бул жерден кепти буруп салды. Сөздүн түбү башкада, ал 1,5 тонна героинде болуп жатат. Бул жөнүндө масс-медиа тараптан атайын иликтөөлөр жүргүзүлгөн - “Вечерний Бишкек”, “Слово Кыргызстана”, “Дело №” деген гезиттер, ИТАР-ТАСС, “Азаттык” радиосу, “Британиянын согушту жана тынчтыкты чагылдыруу институту” деген уюмдар.

2000-жылдын июнь айында Баткен областынын губернаторунун орун басары Ю.Тойчубеков орус тилинде интервью берип, суроолорго минтип жооп кылган. “Я считаю, что наше Министерство нацбезопасности, наше Министерство внутренних дел, прокуратура и другие правоохранительные органы работают очень оперативно и надежно” дегенди угузду [81, 65-б.]. Эми “надежно” иштегени эки айдан кийин билинди. 2000-жылдын 11-августунда “боевиктер” дагы бир жолу, дагы эле Баткендин жерине кол салышты. Кагылышууда (Кур-Бака деген ашууда) биз тараптан 17 аскер атылды, 10 аскер жарадар болду, 3 аскер жоголуп кетти (пропали без вести). Экинчи окуя эки айга созулду.

Бул жолу кыргыздын генералдары колго түшүп, туткун болушкан жок. Тиги тарап 12 адамынан ажырады. Буларды ашуудан ары өткөрүшпөдү. Баткенден максатына жетпей, Ворух деген “анклавдан” өтөбүз деп үмүттөнүштү (бул жерде 40 миң тажиктер жашайт). Душмандын колуна түшкөндөр бул жолу да болду. Мисалы, 12 алпинисттерди туткундап алышкан (Россиядан, Германиядан, Украинадан жана Өзбекстандан

топтолгон команда), бирок бул жолу акча бербей эле, куралдын күчү менен кыргыздын аскерлери чет элдик спорстмендерди куткарып алышты. 16-август күнү дагы бир атышуудан кыргыздын 7 аскери курман болду. 19-августта америкалык 4 алпинистти аскерлер туткундан бошотушту. Бул жолу бизден 1 аскер каза тапты.

Официалдуу маалымат боюнча кыргыз тараптан согуш учурунда 30 аскер атылды, 2 аскер жоголду, 40 аскер жарадар болушту. Душман тараптан "120 киши өлтүрүлдү, 200 киши жарадар болушту" деп Кыргызстандын коопсуздук кеңеши билдирүү жасады [81, 57-б.]. Бул жолу кыргыз жоокерлер кол салган душманды түбү менен талкалады десек болот. Ушуну менен түштүк регионун эки жыл катары титиреткен коркунуч жоголду десек да болот. Бул эми тыш тараптан келген коркунуч эле, ал эми ички тараптан чыккан корунуч болсо, булар менен чогуу кеткен жок. Эки жылдан кийин кезектеги экстремалдык окуя орун алды.

**2002 – "Аксы окуясы"**

Бул окуя ошол кездеги Жогорку Кеңештин депутаты Азимбек Бекназаровго түздөн-түз байланыштуу болгон, 2002-жылдын 5-январында бул инсан камакка алынды - "жети жыл мурун кылмыш жасаган" деген шылтоо менен. Бирок себеп башкада эле, себеп анын ажого айтылган сынында болгон. Депутат Үзөңгү-Кууш деген кыргыздын жерин Кытайга өткөрүп бергени үчүн президент Акаевге импичмент жарыялоону демилгелеген. "Дело №" гезити 2001-жылы "Президенту грозит импичмент? Группа депутатов-законодателей считает, что Аскар Акаев превысил свои полномочия" деген аталышта Бекназаровдон интервью алды. Кеп Кытайга берилген жер маселесине такалган [82]. 2002-жылдын башында Бекназаров ажого кайрылуусун камакта жатып жарыялады - "менин үстүмдөн козголгон кылмыш иши толугу менен фальсификация" деп [83, 119-122-бб.].

Депутаттын кылмышы саясий куугунтук болду деп Жогорку Кеңештин адилеттүү бөлүмү ажого кайрылуу жасады. Башка бөлүмү ажону колдоду. Парламент экиге бөлүнүп калды. Бекназаровго коюлган күнөөнүн

таржымалы күмөндүү болгон, ал мындай. 1995-жылы Азимбек мырза Токтогул районундагы прокуратурасынын тергөөчүсү катары бир ишти (киши өлтүргөн боюнча) алып барып, бычак менен сайган адамды “самооборона” кылган деп куткарган экен. Анан жети жылдан бери буга көңүл бурулбай, Үзөңгү-Куушка туш келгенде дароо эске кирип, ортого салынып калды. Ажонун командасы сынчы депутаттын оозун басабыз деген аракетин баштап, албетте саясий нукка түштү.

Укук коргоо уюмдар Бекназаровго жардам берүү максаты менен коомдук комитетин түзүштү. Пикеттер, митингдер башталды. Саясий ачкачылык (политическая голодовка) жарыяланды, буга катышкан элдин саны күндөн күнгө көбөйдү. Беш миңден ашык кол коюлган арыз ажонун дарегине жиберилди - “депутат Бекназаровду камактан чыгаргыла” деп. Ушундай кырдаалда “Азаттык” радиосу маалымдоонун негизги куралы катары ишин оперативдүү түрдө алып барды. Бийлик тарабы да, оппозиция тарабы да так ушул көз каранды эмес радио аркылуу билдирүүлөрдү тынбай элге жеткирип, интервьюларды берип турушту. Ажо тырышып тура берди, андан айкөлдүктү күткөн жарандар түңүлүп, отставкасын талап кылышты.

Аксы районунун тургундары (Бекназаровдун жердештери жана шайлоочулары) митинг өткөрүп, райондун борборуна жөө жүрүш жасайбыз деген чечимге келип, 17-март күнү жолго чыгышты. “Азаттык” радиосунун кабарчысына телефондон маалымат жетти - куралчан милициялар элге ок атышты, жарадарлар бар деп. Кандуу окуя Боспиек деген айылдын тушунда болду, ок аткан ОМОН (отряд милиции особого назначения) экени белгилүү болду. Элде курал болгон эмес, бийлик буга (митингчилерде курал бар экенине) эч кандай далилдерди таппады. Милиция тарабынан видеотасма тартылган экен (ал кийин Бекназаровдун колуна тийген), ошол тасмада ким жана кантип ок атканы көрүнүп, атууга буйрук берген адамдын (райондун прокурору экен) үнү угулуп турат.

Окуяда милициянын огунан 6 жаран каза тапты. 18-март күнү Акаев мамлекеттик телеканал аркылуу кайрылуу жасап, өзүнүн күнөөсүн өзүнө

каршы чыккан оппозицияга оодарды. Ошол кайрылууда “беззастенчивая ложь и дезинформация” деген сөздөр бар, бирок так ушуну өзүнүн жакындары жана өзүнүн кол алдында иштеген гезиттер менен телерадио каражаттар ишке ашырышты. Ажонун короосунан жем жеген журналисттер бири-бири менен жарышып, кожоюнун коргошту - “ой, буларды милиция аткан эмес, кантип атсын, өзүлөрүн өзү мас болуп бычактап салышкан” деген “легенданы” элге кеңири жайышкан.

Чындыкты болсо “Азаттык” радиосу күн сайын эфирге чыркырата берип турду. Радионун репортерлорун сабап, колдорун толгоп, диктофондорун жулуп кеткен учурлар да болгон. Баарысына чыдашты, жарандык эрдикти көрсөтүп, кесиптин туусун жерге түшүрбөй, журналисттик иштин үлгүсүн көрсөтүштү десек калыс эле болот.

Официалдуу тарап “Азаттык” радиосунун эфирине чыгып, мындай маалыматты угузду. Орус тилинде: “Есть сведения, что в толпе были провокаторы, что один из погибших получил удар ножом, а другого человека ударили по голове тяжелым предметом” [84, 27-б.]. Ошол кезде бийик тепкичте турган аткаминер бул радиону сыйлаган үчүн пайдаланган эмес, “Азаттыктын” ошол кездеги бийик таасирин көргөнү үчүн ушундай кылган жана өздөрүнүн сөздөрү ушул эфирден чыкса, эл буга ишенет деген. Андай болбоду, тескерисинче эл кыжырланды.

Аксы окуясына тиешелүү маалыматты хронологиялык түрдө системалаштырып, Бишкек шаарында жайгашкан “Британиянын согушту жана тынчтыкты чагылдыруу институту” деген эл аралык медиа уюм китеп кылып чыгарган. Бул уюмду ошол жылы кыргыздын белгилүү инсаны тарых илиминин доктору профессор Чынара Жакыпова жетектеген. Акаевдин доорунда ушул айымдын демократияга кошкон салымы зор (билим берүү министрлигин башкарган, Сорос-Кыргызстан фондусун төрайымы болгон).

22-май күнү Өкмөттүн курамы (премьер-министр К.Бакиев менен чогуу) отставкага кетти, бирок митингдер токтободу, себеби Аксыдагы кан төгүүгө жол ачкандар жазаланышпады жана Бекназаров сот тарабынан

акталбады. Демонстранттар ажонун отставкасын талап кылган аракеттерин улантышты. Вице-премьер министр Н.Танаев коопсуздук кеңештин отурумунда мындай жыйынтык чыгарды - “население отдает предпочтение независимым СМИ, а правительственные газеты никто не читает, мы потеряли информационное пространство” деп [85, 37-б.].

27-майда ажонун жарлыгы менен Коомдук көзөмөлдөө кеңеши түзүлүп, буга үч айдын ичинде мамлекеттик телерадиону реформалоо боюнча долбоор жазууга буйрук берилди. Бийликти мындай кадамга Аксы окуясынан кийин түзүлгөн саясий кырдаал мажбурлады. Өкмөттүн телеканалы өзүнүн тенденциоздук мүнөзүн даана көрсөтүп, элдин каарына калганы талашсыз болуп калган. Бирок өлкөнүн негизги электрондук медиа каражатынын реформасы ишке ашпады. Коомдук көзөмөлдөө кеңешине кирген белгилүү инсандар бийликтин саясатына наараазы болуп, курамдан чыгып кетишти.

Аксы окуясын иликтөө үчүн атайын түзүлгөн Мамлекеттик комиссия минтип белгиледи - “тенденциозные передачи Государственной телерадио вещательной корпорации усугубили и без того тяжелую общественно-политическую обстановку в стране” деп. Ушундай жыйынтыкты коопсуздук кеңештин катчысы М.Ашыркулов да ачык белгиледи - “контраст между освещением событий правительственными и независимыми изданиями обострил ситуацию в стране” деп [85, 37-б.]. “Недостоверная информация вызвала справедливый гнев народа” деген корутундуну бийликтин өкүлдөрү чыгарышты. Кырдаал курчуп, “мурунга суу жетип калган” учурда бийлик жыйынтыкты ушундай тактык менен чыгарып калат, бирок реалдуу кадам жасап, өлкөнүн идеологиялык системасын оңдоого келгенде, артка жылып кетет, себеби медиа каражаттарды колунан чыгаргысы келбейт.

Ушуга байланыштуу Кыргызстанда чейрек кылымдан бери масс-медианын тармагы реформаланбай жатат. Формасы жагын “общественный” (коомдук) деп оңдой салышат, бирок мазмуну ошол эле бойдон, телеканалды “элдик” деп атап коюп, мамлекеттик статусун кайра ордуна келтиришет.

Ыңкылаптар менен кайгылуу окуялардан кийин сол колу менен буйрук чыгарып, оң колу менен анын аткаруу жолун бууп салышат. Ушул күнгө чейин совет бийлигинен бери иштеп келе жаткан мамлекеттик телеканалдар (борбордо жана областтарда), мамлекеттик гезиттер (борбордо, областтарда, шаарларда, райондордо) ажонун тизгининен бошой элек.

Так ушундай тартип ажодон ажого чейин келе жатат. Ажолор алмашат, бирок медиа каражаттар ажонун колунда калат. Өзүнчө бир финиши жок “эстафета” сыяктуу. Бир кылымдан экинчи кылымга да өттү. Борбордогу мамлекеттин телеканалы берген маалыматты областагы мамлекеттик телеканалдары ар тараптан колдоп, кооздоп, коштоп турушат. Анан ушулардын баарысына 2002-жылы “Азаттык” радиосу туруштук берип, чындыкты тынымсыз чагылдырып турду. Ошол жылы бул радио жогорку деңгээлдеги рейтинг алып, улуттук журналистикага үлгү болуп берди.

Ошол кездеги мамлекеттик телерадионун жетекчиси М.Мамбетакунов комиссиянын жыйынтыгына минтип наразычылыгын айтты - “я не понимаю, в чем тенденциозность наших телепередач” деп. Албетте, арзыматчылыктын уюткусуна малынган кызматкердин катасын мойнуна алууга кудуреттери жок болчу, мындай кудурет мындай адамдарда эч качан болгон эмес. Аксы районунун тургундары “мамлекеттик телеканал күнөөсүн мойнуна албаса, каршылык акцияларыбызды улантабыз” деп билдиришти. Идеологиялык тирешүү ушундай абалга жетип калган.

Ушул жерге “Моя столица - новости” гезитинин редактору Г.Кузьминдин пикирин келтирели. “Правительственные СМИ не ограничились критикой в адрес Бекназарова и оппозиции. Они допустили оскорбительные выпады даже в отношении людей, погибших от пуль милиционеров”. Буга каршы мамлекеттик гезит “Слово Кыргызстана” тескери маанидеги сөздөрүн жарыялады. “Загублено несколько жизней по вине тех оппозиционеров, которые подняли толпу, предварительно напоив ее бесплатной водкой и накачав наркотиками” [85, 38-б.]. Мындай жасалма аргумент өтпөй калды.

Ажонун идеологдору “информациялык согушту” уттуруп коюшту, себеби элге каршы чыккан көз караштарды пропагандалашты. Мамлекеттин телеканалы ошол учурда өлкөнүн 99 % территориясын камтып, толук түрдөгү монополияны орноткон. Бирок бул жетишсиздик кылды. Элге бийликтин “чындыгы” эмес, турмуштун чындыгы керек эле, мындай чындык мындай элге дайыма (күнү-түнү) керек.

Элдин кыймылдары (толкундары) 2002-жылдын аягына чейин созулду. Өкмөт алмашылды, министрлер менен губернаторлор кызматтарынан бошотулду, мамлекеттик телерадионун жетекчиси алынды, айрым кызматкерлер сотко тартылды. Акаев болсо өзүнүн бийлигин сактап калды, жаракка кетти, бирок “импичментке” жеткен жок. Убакыт бүтүп, эсине келгенден кийин, мамлекеттик медиа каражаттары аркылуу “кара пиарды” кеңири пайдаланды. Мамлекеттин “Кабар” маалымат агенттиги “российским службам известны имена организаторов волнений в Аксыйском районе” деген “жаңылыкты” жайды. Ажо оппозицияны “политические экстремисты и кучка демагогов” деп атады жана жарандык коомго жардам берген эл аралык уюмдарга “көлөкө” түшүрдү - Соростун фондусу, Каунтерпарт Консорциум жана башкаларга. Москвадан келген генерал В.Рушайло (ошол кезде секретарь Совета безопасности России) билдирүү жасады - “Россия поддерживает политику президента Аскара Акаева по стабилизации внутриполитической ситуации в республике в связи с Аксыйскими событиями” деп [85, 49-б.].

Мындай сөздөрдү кыргыз коомчулук терс кабыл алды, себеби Акаев өлкөнүн Конституциясына туура келбеген кадамга барды - 2000-жылы үчүнчү ирет президент болуп шайланды (Конституцияда эки эле иретке уруксат берилген). Ушундай шартта орус генералынын “колдойбуз” дегени элдин жинин келтирди.

2000-жылы атагы чыккан инсандар ажонун үчүнчү шайланышын мамлекеттик телеканал аркылуу колдоп чыгышкан, булардын катарына дүйнөлүк адабияттын классиги Чыңгыз Айтматов да кошулган. А.Акаевди

колдогондор элдин кыжырын келтирип, каршылыкка алып барган кырдаалды түзүштү. Ардактуу адамдардын агитациялык аракети А.Акаевдин үчүнчү мөөнөтүнө көмөк кылды, бирок натыйжа жаман болду. Добуштар жасалма ыкмалар менен топтолду, электорат буга макул болбой, каршылык акцияларды улады. 2005-жылы өлкөбүздүн Эл Баатырлары арамчылыктын жолуна түшкөн ажону коргой алышпады. Чыдамдык бүттү.

Эми Мамлекеттик комиссиянын улуттук телеканалга тиешелүү корутундусуна көңүл буралы. Бул документтин үчүнчү пунктунда минтип жазылган. Корутунду орус тилинде түзүлгөн.

“3. Тенденциозное освещение Государственной телерадиовещательной корпорацией Кыргызской Республики событий, связанных с арестом депутата Бекназарова А.А., усугубило общественно-политическую обстановку в Аксыйском районе” [85, 64-б.].

“Тенденциозный” деген сөздүн түз мааниси - “бир беткейлүү”, ал эми дагы бир жагын айтсак - “көк беттик”. Бул сөздө жакшы маани жок. Ошол окуядан кийин гезиттерге жазылган материалдарды карап чыксак, бир жалпыланган нук байкалат. Электрондук каражатка (радио менен ТВ) караганда, пресса мындай учурларда аналитикалык мүнөзгө ыктуурак болот. Телеканалдар мындайда оперативдүү ыкмаларга жакыныраак. 2003-жылы “Лица” гезитине “Уроки Аксы” деген макала чыккан. Орус тилинде, автору журналист Б.Букашева, ал окуянын сабагын минтип белгиледи - “власть не может игнорировать народ” деп [86]. Башка публикациялардын аналитикалык багыты да ушундай болгон (булар 2004-жылы да прессага чыккан). Аксы окуясы үч жыл катары менен коомдун сезимин курчутуп турду. 2005-жылы көңүл революцияга бурулуп кеткен.

2012-жылы (Аксы окуясынын 10-жылдыгына карата) материалдар кеңири чыкты. “Жаңы кылым” гезитине М.Дүйшөналиевдин макаласы басылды - “Эстен кеткис Аксы окуясы” деген аталышта. Бул гезит менен “Лица” гезити мамлекеттик эмес басылмалар. Ал эми мамлекеттик “Эркин Тоо” гезити удаасы менен үч материалды жарыялады. “Тарыхка айланган

окуя”, “Ата журттун жарасы Аксыда жаралган”, “Жоогазын революциясынын башаты - Аксы окуясы” [87].

Он жыл өткөндөн кийин гезиттер бул темага карата эки жаатка бөлүнүп, салгылашпады, тескерисинче, бири-бирин толуктап үндөш болуп чыкты, себеби бийлик алмашты, ошол учурда (2002-жылы) мамлекеттик медиалар обу жок түрдө колдогон ажо өлкөдөн качып кеткен, жаңы бийлик Аксы окуясын өзүнүн идеологиясына жакындатып, ар тараптан пайдаланган - экинчи ажосу да, үчүнчү ажосу да ушундай жолго түшкөн.

Акаев ажонун тагын сактап калса, эки жааттык мурдагыдай эле орун алмак. Бул (2012-жылдагы) көрүнүш масс-медиа тармагы демократиянын жолуна толук бойдон түшкөнүн айкындабайт, жок, бул мамлекет бийлиги дагы эле медиалардын бир бөлүгүн тизгиндеп тургандыгынын белгиси катары баалашыбыз керек. Ажонун (учурда бийлеп турган ажонун) көрсөтмөсү кандай болсо, ошого жараша мамлекеттик масс-медиа ишин жүргүзөт, кандай ажо келсе ошого жараша кызмат кылат - “эшегине жараша тушак” деген тартип биздин медиа тармагынан кете элек.

Албетте, 2012-жылы өлкөбүздүн официалдуу медиалары (пресса, радио, ТВ) Аксы окуясы боюнча чындыкты бурмалабай, болгон фактыларды анализдеп чыгышты. “Кыргыз Туусу” (кыргыз тилиндеги мамлекеттик гезит) да үч макаланы жарыялады. Биринчиси - “Аксы окуясы - демократиялык өнүгүүнүн бурулушу” [88]. Экинчиси - “Аксы окуясы тарыхта алтын тамгалар менен жазылат”, үчүнчүсү - “Эркиндик үчүн күн сайын күрөшкө чыгуубуз керек” [89]. Бул гезит да бул жолу чындыкты чырмалабады. Булар 2002-жылы жазган “аргументтерин” түбү менен унутуп калып, 180 градуска бурулуп, Чеховдун “Хамелеон” деген классикалык аңгемесин элдин эсине салышты. Саясий контраст саясаттын контекстине жараша болот.

2002-жылы мамлекеттик комиссия менен бирге көз карандысыз коомдук комиссиясы да түзүлгөн, бул өз алдынча иликтөө жүргүзүп, өзүнүн жыйынтыгын 12-июлда (жаңжалдан бир ай кийин) жарыялаган. Орус тилинде, ушундан үзүндүлөрдү төмөндө келтирели.

Чубак Абышкаев - генеральный прокурор, исполнитель политического заказа против Бекназарова, не возбудил уголовное дело на виновников расстрела.

Темирбек Акматалиев - министр внутренних дел, распространил первую лживую информацию о расстреле, виновен в том, что кровопролитие продолжилось 18-19 марта в Кербене.

Зоотбек Кудайбергенов - прокурор Жалал-Абадской области, возбудил уголовное дело на Бекназарова без основания.

Калмурат Садиев - заместитель министра внутренних дел, командовал вооруженным отрядом спецназа.

Шермамат Осмонов - аким Аксыйского района, отказался вести диалог с участниками акций протеста, привел вооруженный отряд к месту расстрела".

Күнөөкөр катары дагы Калык Иманкулов көрсөтүлгөн (директор Службы нацбезопасности), М.Аширкулов (секретарь Совета безопасности), Б.Жанузаков (советник президента), Д.Кулуев (начальник раймилиции), А.Калдаров (районный прокурор) жана башкалар. Албетте, бул комиссия Акаевдин отставкасын талап кылды [83, 300-303-бб.].

Аксы окуясынан башталган "элдик толкун" бара-бара кыргыздын биринчи ыңкылабына алып келип, кыргыздын биринчи ажосу Акаевди өлкөдөн качып чыгууга мажбур кылды. Мындай ыкма Борбор Азияда биринчи жолу орун алды. Эми ушул ыңкылаптуу окуяны иликтеп чыгалы.

**2005 - "Март ыңкылабы"**

2005-жылдын 27-февралында Жогорку Кеңешке шайлоонун биринчи айлампасы (биринчи тур) өттү. Мунун жыйынтыгын Европарламенттен келген байкоочулар эл аралык нормаларга дал келбейт деп терс баалашты, добуштарды сатып алуу фактылар орун алганын белгилешти. Буга чейин өлкөдө беш оппозициялык кыймылдар биригип, саясий күчтөрдүн Форумун түзүшкөн. 4-марта Жалал-Абадда эл митинге чыгып, "адилеттүү шайлоону талап кылабыз, Акаев кетсин" деген ураандар менен губернатор отурган

имаратты басып алышты. Нарында шайлоочулар Бишкек-Торугарт жолун бууп салышты (бул Кытайга кетчү стратегиялык жол). Таласта, Ошто пикет менен митингдер башталды, башка жерлер да кошулду. Кар орогондой эле көрүнүш болду.

Ушуну медиа каражаттар тынбай чагылдырып турду. Биздеги гезиттердин көпчүлүгү жумасына бир жолу чыгат, бирок булар бир күнү жапа тырмак иретинде чыкпайт - бири жуманын экинчи күнүндө чыкса, калгандары үчүнчү, төртүнчү, бешинчи күндөрдө чыгышат. Ушундай бир "конвейерге" окшогон ыкма. "Вечерний Бишкек" гезити (өлкөдө жумасына үч жолу чыккан жалгыз басылма) Акаевдин күйө баласынын колуна өтүп калган (рейдердик ыкма менен өткөн), демек өтүп жаткан окуяларды бурмалап турду.

Мамлекеттик телеканал болсо коомдук тартипке өткөн эмес (ушуну дагы бир жолу белгилеп кетели), мурунку бойдон эле "Арзыматтын" турпаты менен калган. Бул негизги телеканал бүгүн деле эч бир өзгөрбөдү, себеби бийликтин эски тизгининде байланып турат. "Азаттык" радиосу 2002-жылдагы кудурети менен таасирин жоготкон жок, журналисттик милдетин демократиялык принциптердин негизинде аткарды, бирок бул жолу алдыңкы орунга чыкпады. Себептер субъективдүү жана объективдүү "штрихтерге" (шилтемдерге) байланыштуу болгон - тигиндей жана мындай кадамдар тиги тараптан да, бул тараптан да жасалган.

Бул жолу оппозициянын майданына негизинен мамлекеттик эмес гезиттер туруп берди. Буларды жабууга аракеттер жасалды, тиражды баскан басмакананы цензурага айландырышты - бийликтин амалдарын аңтарган гезиттерди басмадан чыгарбай калышкан (басмакана бийликтин кол алдында турган). Ушундай кырдаалда Американын демократиялык уюмдары жардам катары көз карандысыз басмакананы (типографияны) Бишкектен уюштуруп беришти - "Центр поддержки СМИ" деген аталышта. Буга каршы бийлик ошол типография иштеп турган жерди электроэнергиядан ажыратып салганда деле майнап чыкпады - "Манас" аэропортунда американын

авиациялык базасынан типографияга эки чоң генераторду алып келишип, автономдук энергияны жандырышты. Ошол типография ошондон бери ийгиликтүү иштеп жатат (электроэнергияны болсо Акаевдин ыкмасы өтпөй калганда, кайра кошуп берген). Кыргызстандын көпчүлүк гезиттери ушул жерден басылат. Масс-медианы багындырам деген максат ишке ашпады.

Акаев ажо катары журналисттерге “алтын калем” деген сыйлыктарды, алтын сааттарды белек кыла баштады, бул жол менен айрым (саны анча көп эмес) авторлорду, редакторлорду өзүнүн короосуна киргизди, бирок бул сөз эркиндигин жокко чыгарбады, себеби ажого сатылбаган калемгерлердин таасири күчтүү болду. Чындыкты бөксөртпөй, аны эч кимге бастыртпай элге жеткирип турушту. Бир гезитти же бир телеканалды бийлик өзүнө имерип, маселени чечтик деп калганда, ошол эле заматта башка гезит, башка телеканал пайда болуп турду - жыгылган жоокердин колунан тууну кармап алгандай эле тартип орноду. “Демократиянын аралы” деген чет элдиктер берген баага татыктуу болуп, Кыргызстандын оппозициялык инсандары эр жүрөк журналисттер менен биригип, адилетсиз бийликтин астында калбай, тескерисинче, аны (ажону) астыга салып, улуу акын Арстанбек айткан “кийикке” айландырып салышты.

Биринчи жолу “кийикти” качырганда чет элдин эксперттер “бул кокусунан болду, Борбор Азияда мындай нерсе болбош керек, бул “исключение из правил” деп чыгышкан. Экинчи “кийик” пайда болгондо “исключение” деген сөздү алып салышты, бирок дагы эле толук ишенбей тарыхый кырдаалдын жылышын аңдып туруугa өтүштү. Эң көрөгөч саясатчылар (мындайлардын саны көп болбойт) болсо, ооба, кыргыздар дүйнөгө үлгүлүү жолду көрсөтүштү, бул жер демократиянын накта аралы экен деп жыйынтык кылышты. Дагы кайсы өлкөдө ажонун мөөнөтү бир эле 6 жылдык өлчөм менен (2010-жылдан бери) чектелет экен. Мындай өлкө азыр жок - эң эле аз дегени 4 жылдан эки мөөнөт. Бул жаңы тартипти кыргыздар киргизди, мунун ишке ашканына кыргыз журналисттеринин салымы зор (негизги салым десек да болот).

2005-жылдын 13-мартында шайлоонун экинчи айлампасы өтүп, депутаттык мандаттар Акаевдин жакындарына тийди (анын ичине кызы Бермет менен уулу Айдар киришкен). Оппозициянын өкүлдөрү Жогорку Кеңештеги (ал кезде 75 кишиден турган) орундардан 10 % алышкан, бирок ушундай кичинекей өлчөм да кыргыздарга жетиштүү болду. Бийлик менен күрөш курчуду. 15-март күнү Жалал-Абад облусунун администрациясы оппозицияга багынды, элдин талабы менен ал жерге Жусупжан Жээнбеков губернатор болду. Акаевдин шаар ичине илинген сүрөттөрүн эл өрттөп салды. 24-мартына карата өлкөдөгү беш аймактагы жергиликтүү бийлиги оппозиция тарабына өттү. Чүй менен Ысык-Көл эле ажонун тарабында калган [90, 47-б.].

15-март күнү Акаев улуттук телеканал аркылу элге кайрылып, өзүнүн "көк беттигин" дагы бир жолу көрсөттү. Бул сөзү "акыркы тамчыга" айланды. Оппозиция эң башкы эки талапты койду. Биринчиси, мыйзам бузулган округдарда шайлоону кайрадан өткөрүүнү айтты. Экинчиси, күзүндө боло турган президенттик шайлоого Акаев барбаймын деп расмий түрдө жарыя кылсын дешти. Мындай жеңил эле аткарала турган талаптарды ажо четке какты. Авторитардык бийлигине ишенген Акаев элди күч менен басмак болду. Мындай ишенимге коңшу президенттердин авторитардык тажрыйбалары да "отко май куйгандай" сезилди.

К.Дүйшөбаевди ички иштер министри, М.Суталиновду генералдык прокурор кылып дайындады (экөө тең ажого жердеш, кеминдиктер). Булардын күчүнө ишенди. Булар ажону сактап калабыз деп талпынышты. Мисалы, Кеңешбек Дүйшөбаев улуттук телеканалга чыгып "биз кырдаалды (ситуацияны) колдо бекем кармап турабыз деп оозунан көбүк чыккыча бакылдады, бирок эл генералга ишенбеди, себеби эл ичинде баркы кеткен инсан эле, буга чейин Топчубек Тургуналиевди "листовка" менен кармап камакка алынгын болчу. Ал "листовкада" (баракчада) Акаевке каршы маалымат кескин түрдө радикалдуу сөздөр менен жазылган. Ошонун негизинде Каракол шаарына алып барып Топчубекти жана анын шериктеши

укук коргоочу Жумагазыны соттошкон. Нарын шаарына барган журналист Ырысбек Өмүрзаковду “листовка” менен кармап, түрмөгө салышкан. Ушул фактылардын тегерегиндеги окуяны Бишкектен чыккан “ResPublica” деген гезит деталдуу түрдө чагылдырган.

Генерал Дүйшөбаевдин “жасоолдук” стилде айтылган сөзү өтпөдү, тескерисинче таасир этти. Дагы бир генерал Муратбек Суталиновдун (билгилүү инсан Абдыбек Суталиновдун уулу) оппозицияга жасалган аракеттери да пайда бербеди, себеби позитивдүү жолго салбай, кырдаалды курчутту. Ошол кезде Акаевди тегеректеп турган генералдардан калыс сөз, жүйөөлү кеңеш, көрөгөчтүк кадам болбоду - “биз кыйратабыз, биз кыйынбыз, оппозицияга акесин таанытабыз” деп ажонун кулагына куюп эле турушту. Ажонун короосунан жем жеген генералдар башкача болмок беле, жок, булар ажонун чырдуу чырагына майларын улам-улам тамызып жатышты.

2005-жылдын 24-мартында оппозиция Ак Үйдү (Президент менен Өкмөт отурган имаратты) басып алды. Бийлик урады. Акаев түнү менен Москвага учуп кетти. Ошол жерден 1990-жылдын 27-октябрында учуп келген болсо, 15 жылдан кийин ошол шаарга кайра учуп кетти.

Мамлекеттик телеканалга каалаган адамдар студияга кирип, бири-биринен микрофонду жулуп, эфирге чыгышты, булардын арасында врач-нарколог Жеңишбек Назаралиев да болгон (кепкасын көзүнө баса кийип алып, түшүнүксүз сөздөрдү сүйлөп элди таңгалдырган). Мындай “башаламандык” эфир улуттук телеканалда бир суткага созулду.

Шаардын негизги көчөлөрүндө ошол түнү мародерчулук (талап-тоноо) башталды, бул дагы бир суткага узарды. Кылмыштуу топтор, ууру-кескилер, көчө таптаган жарандарды тартипке чакырууга бийлик менен милиция жетишпеди. Анархиянын түнү орун алган. Саясатчы Темир Сариев ошол учурду минтип эскерет - “түнү бою келечектеги кызматтарды бөлүштүрүү менен алек болушту” деп [90, 60-б.]. Кеп бийликке жеткен оппозициялык топ жөнүндө болгон (булардын башында Курманбек Бакиев турган).

2013-жылы Москвадан берген маегинде Аскар Акаев “мени эл кубалаган жок” деп дагы бир жолу маалыматын берди [90, 69-б.].

“Азаттык” радиого карата Акаевдин командасы каршы аракеттерин жасады - эфирге чыккан радиожыштыкты чектетти, бирок башка жыштык менен (бийликтин колу жетпеген толкун менен) угармандарга жетип турду. 2005-жылдын 28-февралында Бишкекте бул үналгыны коргоо максатында митинг өттү - “Азаттык” радиосунан колуңарды тарткыла” деген ураан плакатка жазылды [90, 19-б.]. Ооба, бул радио милдетин так аткарды - буга байланыштуу нерсени дагы бир жолу белгилейли. 2002-жылы бул радио оппозициялык майданда алдынкы орунда туруп жүктү жалгыз көтөргөндөй сезилген, себеби башка медиа каражаттар же басылып калган, же күчүнө келе элек болчу. Анан оппозиция тарабы да, бийлик тарабы да бул радионун мүмкүнчүлүгүн пайдаланышкан.

2005-жылы башка шарттар түзүлүп, “Азаттыктын” жанына туруп калган гезиттер саясатты жаңыртышты. Оппозициянын майданына “Моя столица-новости” деген гезит чыгып, алдынкы милдетти аткара баштады. Мунун бир себепкери Александр Ким болду - “Вечерний Бишкек” гезитин ажонун күйө баласы тартып алгандан кийин бул тажрыйбалуу редактор оппозициянын катарына кирип, айтылган гезиттин мазмунун курчутуп, бул жерге мыкты журналисттерди топтоду.

Саясий кырдаалды Акаевдин үй-бүлөсү курчутуп салган. Ажонун жубайы Майрам мамлекеттик башкарууга киришти, “Мээрим” фондун түзүп, ошого байлыкты жыйнады - бизнесмендер взностор, чет жактан келген товарлар, гуманитардык жардам, медикаменттер, мамлекеттин кызматтары. Депутаттар, министрлер, губернаторлор, акимдер Майрам Акаеванын “элегинен” өтүшчү. Ажонун балдары да өлкөнүн сахнасына чыгып, өлкөгө терс таасирин тийгизишти. Бермет Акаева (кызы) “Алга, Кыргызстан” партиясын түзүп, муну “Единая Россия” партиясына окшотом деп, атасынын саясатын тереңдеткен. Айдар Акаев (эрке баласы) Кыргызстандын Олимпийский комитетин колуна алган, анан бизнес фирмасын түзүп, аны

өзүнчө бир “империяга” айландырды. Ийри дүкөндөр, эс алуу борборлор, өндүрүш ишканалар, Россиядан келген бензин, Өзбекстандан келген газ жана ушу сыяктуу баалуу заттар ажонун уулуна көз каранды болуп калышкан.

Күйөө баласы Адил Тойгонбаев (Казакстандын жараны, Берметтин жолдошу) “Вечерний Бишкек” гезитинен тышкары телеканал, радио, маалымат агенттигин менчиктеген, транспорт менен байланыш уюмдарын, сотовый телефон уюмун, “Манас” аэропортун кол алдына келтирген. Кант цемент заводун, Кадамжай сурма комбинатын, Каинда кант заводун, Кара-Балта спирт заводун, Токмок айнек заводун, Жалал-Абад пахта заводун багындырды. Соода үйлөр, мейманканалар, ресторандар. Кыргызстанда ажонун үй-бүлөсүнө тиешеси жок эч нерсе калбады, бүтүн өлкөнү басып алышкан [91, 10-13-бб.].

2005-жылдын 23-февралында “МСН” гезитине “Молчать - значит предать” деп белгилүү врач-нарколог Ж.Назаралиевдин кайрылуусун чыгарды, ал жерде “дорогой друг, очнись” деген ураан Акаевдин бийлигине каршылык көрсөтүү багытында айтылды. Гезиттин 80 миң нускасы сатылып, кошумча дагы 100 миң нуска басылды [91, 16-17-бб.]. Бийликтин каны кайнап, типографияны шаардык электросетинен ажыратып салды, бирок гизитти, типографияны да жок кылалбады.

Шаардын көчөлөрүнө баракчалар (листовки) таратылды мындай ураандар менен - “Алга - война!”, “Акаев - позор!” деп. Ош шаарында атчан кишилер пайда болду, артына “Я за отставку Акаева” деген плакатты тагып алыптыр. “Макс” деген радионун эфиринен “Ты смелый человек! Ты получишь свободу! Ты идешь за правду!” деп 60 жолу берилди [91, 32-б.]. Андан кийин эл Акаев отурган Ак Үйгө “Мы победим! Долой Акаева!” деген транспоранттар менен жөнөдү. Бийлик урады.

Акаев мындай натыйжа үчүн Американын элчилигин күнөөлөдү, өзүн “жертва” (байкуш) катары көрсөттү, бирок эч жерден колдоо таппады. Путиндин “айкөлдүгүнөн” Москвадан үй-бүлөсү менен баш калкалоого орун алды. Ушул күнгө чейин ошол жерде. АКШнын мамдепартаментинин пресс-

катчысы официалдуу түрдө билдирүү кылды - “Вашингтон Бишкектеги окуянын “жашыруун уюштуруучусу” болгон эмес” деп. Ошол жылы Америкадан бизге 31 млн. доллар жардам катары берилди, ал акча алардын Конгресси кабыл алган “Акт о поддержке свободы” деген долбоордун негизинде бөлүнгөн [91, 75-б.].

Жалал-Абаддагы губернатор отурган имаратты басып алуудан кийин өлкөбүздөгү ыңкылаптуу процесс Батыштын (Европа менен Американын) негизги медиа каражаттарында тынбай чагылдырылып турду. 23-25-март күндөрүндө окуялардын хроникасы дүйнөгө белгилүү BBC (Би-Би-Си) кызматынын эң башкы жаңылыгы катары эфирге чыгып, угармандардын аудиториясы 150 миллиондон ашкан. Лондондон чыккан “Гардиан” гезити 22-марта “эл аралык коомчулук Бишкектеги окуянын аягы зордук-зомбулукка айланып кетпесе экен деп кооптууда” деген пикирди билдирди. Эртеси күнү ушул эле гезит Акаевдин “бул мамлекеттик төңкөрүш” деп айткан сөзүн жарыялады [92].

Лондондон чыккан дагы бир гезити “Файнешнл Таймс” “Акаев менен оппозиция тез арада бир келишимге келишпесе, анда атуулдук согуш башталат” деп “билермандыгын” көрсөттү [93]. Бирок, булардын “прогноздору” ишке ашпады. Анан Батыштын эксперттери Бишкектеги ыңкылапты Тбилиси менен Киевде болгон майдандуу окуяларга салыштырып, окшоштуктарын издешти. Акаевдин өлкөдөн качып кеткенин “Гардиан” гезити башкы жаңылык катары “лидердин дайыны жок жоголушу менен режим кулатылды” деп дүйнөнүн коомуна билдирди [94].

Акаев 24-март күнү эч жакка жоголбой, Москвага учуп барган. Россиянын тышкы иштер боюнча министри С.Лавров “кырдаал тынчтык жол менен жөнгө салынат” деп билдирүү жасады. Россиянын бийлиги биздеги окуяны “мыйзамдуу жол менен чечилет” деп айтты. Ушундай эле ниеттерин Кытай менен Борбор Азиянын өлкөлөрү билдиришти. БУУнун башкы катчысы Кофи Аннан өлкөбүздөгү коомдук тартипти жана мыйзамдуулукту калыпка салууга чакырды. АКШнын мамлекеттик катчысы Кондолиза Райс

кырдаал түзөлүп, шайлоо өткөрүлүп, алдыга басууга жакшы шарт түзүлөрүн билгиледи [95, 184-б.].

Эл аралык коомчулук Акаевдин ордуна шайланып келген Курманбек Бакиевди колдоду. Бирок жаңы бийликтин жолу эски стандартка түшүп, үй-бүлөлүк башкаруу кайталанды. Биринчи президенттин "эстафетасын" экинчи президент улады. Беш жылдан кийин экинчи ыңкылап орун алды. Экинчи президент Минск шаарына качып кетти.

## 3.2. 2010-жылдын коогалаңдары жана медиа тармагы: "Апрель ыңкылабы", "Ош окуясы - 2010"

### "Апрель ыңкылабы" (2010)

Экинчи президент мөөнөтүнүн экинчи жылынан баштап оппозицияны куугунтуктоого кирди. Өлкө кайра үй-бүлөлүк авторитаризмге чөмүлдү. Анан саясий өлтүрүүлөр (политические убийства) орун алды. 2005-жылдын 10-апрелинде белгилүү каскадер У.Кудайбергеновду атып кетишти, 10-июль күнү депутат Ж.Сурабалдиев атылды, 21-сентябрында дагы бир депутат Б.Эркинбаевди атышты. Криминал чөйрөнүн лидери Р.Акматбаев атылды (2006). 2008-жылы депутат Р.Шаботоев өлтүрүлдү. Каза тапкан адамдардын баарысы биринчи ыңкылапты уюштуруп, аны материалдык жактан каржылашкан. Усөн Кудайбергенов март айында Куловду түрмөдөн чыгарып, мамлекеттин мүлкүн мародерлордон коргогон эр жүрөк адам эле.

2006-жылдын 8-январында Олимпиада оюндарынын призеру спортсмен Р.Санатбаевди атып кетишти, 2009-жылдын 13-мартында Президентик Администрациянын экс-жетекчиси М.Садыркуловду машинеси менен өрттөп салышты. 2009-жылдын 4-апрелинде депутат С.Кадыралиев атылды. Өзүнчө бир "өлүмдүн арабасы" (конвейер смерти) өлкөбүздү басып кеткендей болду. Мамлекетибиз "полициялык режимде" жашаган мафиянын мамлекетине айлана баштады.

2006-жылдын февраль айында "Лица" гезитине оппозициялык кыймылдардын ("Демократиялык күчтөрдүн элдик коалициясы" деп аталган) арызы жарыяланды. Орус тилинде жазылып, арыз "Неужели пришли к 37

году?” деп аталган [96]. Кыргыз тилинде бул “Агым” гезитине чыкты - “37-жылга туш болобузбу” деп [97]. Бул арызга каршы чаралар жасалды. Бийлик “Эркин Тоо” гезитин пайдаланып, оппозициянын лидерлеринин бири болгон депутат К.Байболовго “мамлекеттик төңкөрүш (госпереворот) жасоого умтулду” деген күнөө тагылды, бирок аны камакка алышпады. Бул жөнүндө тарыхчы А.Асанканов Ош мамлекеттик университетинин «Жарчы» журналына орус тилинде макала жазган - “Установление системной политической репрессии в период правления государством К.Бакиева” деген аталышта [98, 73-81-бб.].

Кырдаал социалдык жарылууга жетип калган. Оппозициянын лидерлерине “провокациялар” улам-улам уюштурулуп, жасалма “сюжеттер” бийликтин телеканалынан тынбай чыгып турду. 2006-жылы сентябрь айында “матрешка-гейт” деген чатак орун алды. Жогорку Кеңештин спикерлик кызматынан Бакиевге каршы болуп кеткен белгилүү саясатчы Ө.Текебаевге “Манас” аэропортунан чемоданына наркотик салып коюшкан. Бул арам иш экени видеотасмадан далилденди. Варшава шаарынын аэропортунан полиция кызматы текшерип, героинге толтурулган “матрешканы” (оюнчукту) тапты, бирок ошол эле күнү (иштин чоо-жайын тактагандан кийин) Ө.Текебаевди бошоткон. Бийликтин максаты четке кагылды.

Ысык-Көл областындагы Каркыра деген тарыхый жерге (муну Бакиевдин бийлиги казактарга өткөрүп салган) депутаттардын тобу барабыз дегенде, жолун ОБОНдун (Отряд Баб Особого Назначения) аялдары тосуп, таш менен жумурткаларды ыргытышып, өткөрбөй коюшкан. Ажаан аялдардын ураандары мындай болгон - “Бакиев прав”, “От того, что теряем часть Каркыры, ничего не теряем” жана ушул сыяктуу бийликти колдогон сөздөрдү агрессивдүү түрдө кыйкырып турушту. Бакиевдин ушундай ыплас пропагандасын мамлекеттик телеканал менен гезиттер жаадырды [99].

Бул жолу бийликке каршы чыккан медиалардын алдыңкы катарында кыргыз тилинде чыккан “Агым” гезити, орус тилинде чыккан “МСН” менен “Дело №” гезиттери болду. “Азаттык” радио бул учурда мокоп калган,

себеби радионун жергиликтүү журналисттерин Бакиев өзүнө имерип алган - бирине наам, бирине сыйлык, бирине кызмат берип. Айрым журналисттер пендечиликтин кудугуна түшүп кетишкен, анан ушулардын таасири менен “Азаттык” мурунку курчтугун жоготкон. Албетте, бул радио түбү менен бийликтин колуна өтпөдү, өзүнүн негизги принциптерин сактады, бирок 2002-жылдын деңгээлине ошондон кийин чыгалбады.

Аликбек Джекшенкулов тышкы иштер боюнча министри катары Каркыраны казактарга өткөрүү документине кол койбогону үчүн кызматынан алынган. Анан бул саясатчыга 2009-жылдын 22-январында КРнын Башкы прокуратурасы иш козгойт - “экс-министрдин пистолетинен (сыйлыкка берилген курал - наградное оружие) Турциянын бизнесменин Четин Сервет атылган” деп [100]. Ошол учурда А.Джекшенкулов “За справедливость” деген кыймылдын лидери катары Москвага барып, Кыргызстандын саясий түзүлүшү боюнча концепциясын презентация кылмак эле. Бийлик муну токтотуга “пистолет” менен амал тапкан. Бирок бул жолу да Бакиев максатына жетпей, Джекшенкуловду камай албай калды. Ал эми генерал Исмаил Исаковго “амал” таап 8 жылга эркинен ажыратышты [101].

Журналистика тармагындагы бийликтин камчысын чаппаган инсандар да ошол жылдарда (Бакиевдин доорунда) бийликтен запкы жеди. Мисалы, “Пирамида” телеканалынын редактору Т.Бектенов 2007-жылы өз жанын сакташ үчүн үй-бүлөсү менен Швейцарияга көчүп кетти. Журналист Сыргак Абдылдаев өлтүрө сабалгандан кийин, Швецияга качты. “Де-Факто” гезитинин редактору Ч.Орозобекова да күйөсү менен чет мамлекетке кеткен. “Репортер-Бишкек” гезитинин репортеру Х.Мажиеваны макаласы үчүн сабап кетишкен, ал дагы Швейцариядан “политическое убежище” сурады [101]. “Белый Парус” маалымат булактын уюштуруучусу Геннадий Павлюк Алматыдан каза болду - кыргыз кызматынын офицери муну терезеден ыргытып жайлаган. Ноокат районунун ооруканасынан жергиликтүү журналист Алмаз Ташиев тепкиден кийин көзүн жумду [102]. Оштон журналист Алишер Саиповду атып салышты.

Үч жылдын ичинде журналисттерге каршы күч колдонгон учурлардын саны жыйырмадан ашкан [103]. “Алиби” гезитин бийлик 2009-жылы жаптырып салды, анын редактору Б.Жээнбеков (белгилүү саясатчы Равшан Жээнбековдун атасы) камакка алынган. «Журналисттер» коомдук бирикмесинин төрагасы Марат Токоев “профессия журналиста в Кыргызстане становится опасной, каждый день происходят факты, угрожающие жизни журналистов” деп маалыматты таратты [104].

2010-жылдын 3-апрелинде Бишкекке БУУнун генералдык катчысы Пан Ги Мун келип, президент Бакиев менен жолугуп, дипломатиялык тил менен “мы обеспокоены мерами, которые кыргызские власти принимают для ограничения независимого освещения событий” деди [105]. Мындай сөзгө негиз бар эле, себеби Бакиевдин бийлиги саясий репрессияларды күнүмдүк иш-аракетке айландырган. Эксперттер бул кыргыз ажонун доорун “генерал Пиночеттин” дооруна салыштырышкан (20-кылымдын экинчи бөлүгүндө Чили мамлекетин ушундай зөөкүр башкарган).

Экинчи ыңкылап Таластан башталды. Обладминистрациясынын алдында 2010-жылдын 6-апрелинде эки миң адам чогулуп, курултай өткөрүүнү талап кылышты. Аянттан Бакиевдин сүрөтүн өрттөштү, мындай иш ыңкылаптардын салттуу “символуна” айланып калды, 2005-жылы так ушундай “жалындуу” көрүнүш Жалал-Абадда болгон. 7-апрелде Таласка ички иштер боюнча министри генерал Молдомуса Конгантиев келип, “жыйындардын баары мыйзамсыз” деп, элге бир тийди.

Элдин жообу катуу болду. Областтык администрациясынын имаратын тургундар басып алып, Бакиевди кетсин дешти. Милиция менен тирешүү салгылашууга өттү, имараттын биринчи кабаты өрттөндү, 48 киши жарат алды (анын ичинде 35 ички иштер органдарынын кызматкерлери). Министри (Конгантиевди) өлтүрө сабашты, анын канжалаган бетин Россиянын телеканалы дүйнөгө таратты. Талас аймагында Бакиевдин бийлиги ошол күнү кулады. Андан кийин башка аймактар да бийликти алмаштырышты - Нарын, Аксы, Алай, Кара-Кулжа, Токтогул, Сокулук, Каракол [90, 78-81-б].

2010-жылдын 7-апрелинде Бишкекте митингчилер Ак Үйгө жеткенде, аларга ок атылды (таамай атылды). Ок тийгендерге жардам беришип, алдыга жыла беришти - октон коркпой, эл аянттан кетпеди. Каза тапкандардын саны көбөйдү. Бул жерден бийлик 2005-жылы май айында Андижанда болгон (Өзбекстандын шаары) кырылышты (расстрел) үлгү кылгандай сезилди - ал жерде элди ушинтип басып салышса, биз эмнеге басалбайт элек" деген ойго жетеленишти. Бирок бул жолу да кыргыздын бийлиги кыргыздын элинен жеңилди. Кыргыздын жигиттерин ок менен токтоту мүмкүн эместигин бүт дүйнө телевизордон көрүп турду. "Бийликке - фиаско, элге - браво" деп баалап, кыргыз журтунун духуна таңгалышты. Биринчи ыңкылапты "жөн эле бир кокустук да" дегендер экинчисин көрүшкөндө жакасын кармап "тообо" дешти, анан кыргыздарга карата мындай "кокустукту" айтпай калышты.

Мындай кырылыш бул жерде мурун болгон эмес. Ак Үйдөн кызматкерлер качты, Бакиев жакындары менен эле калды (он чакты киши). Президент коменданттык саат (комендантский час) кийирүү боюнча жарлыгын чыгарды, бирок бул чара ага жардам алып келбеди, себеби бул адамга бир эле чара калган - өз ыктыяры менен "отставкага" кетүү. Ажо дагы бир аз тырышып турду, анан элдин каарынан коркуп кетип, Улуттук коопсуздук комитетинин абагында жаткан (буларды бир күн мурунку түндө камашкан) саясатчыларды бошотту. Алардын ичинде жаткан Темир Сариев ошол эле замат кан төгүлгөн аянтка келип, элге кошулду, элге дем берди.

Ушул жерден бир таңгалычтуу нерсе байкалды, анын терең маанисин (жашыруун сырын) адегенде эч ким байкабады. Кеп Башпрокуратуранын эски имаратында (бул азыр жаңы жерге көчтү), ал азыр деле баш аягы менен өрттөнгөн бойдон турат, муну же сүрүп салышпайт, же оңдоп колдонушпайт. Имараттын үстүнө сетканы жаап, ким муну сатып алат деп бийлик инвесторду күтүп олтурат. Каалагандар жок. Илгери Парижде так ушундай кырдаал түзүлгөн, ал жерде да катары менен эки ыңкылап болгон, ал жерде дагы элдин кыжырын келтирген Бастилия деп аталган түрмөнү эл талкалаган. Бирок француздар аны "сетка жаап" сакташкан эмес, түбү менен сүрдүрүп

салып, ошол жерди түп түз аянтка айландырышты. Бир гана “табличканы” жазып коюшту - “бул Бастилиянын орду” деп. Ал жерге биринчи келген адам көзү менен Бастилияны издейт (кинофильмдерде бул көп жолу көрсөтүлгөн, “Три мушкетера” деген тасмада каарман так ушунун үстүнөн секирген).

Бирок биздин Башпрокуратурабыз элге “Бастилиядай” сезилген десек, жаңылышабыз, себеби эл ал жерге ыңкылап учурларында жакындаган да эмес, эмнеге бармак эле, ал жерде саясатчыларды камай турган абак жок болсо. Эл ал имаратты өрттөгөн эмес, ошончолук эле өрттөгүсү келсе коопсуздук комитетин же ажо отурган Ак Үйдү өрттөшмөк. Бул элдин колунан чыккан иш эмес, муну “криминалдын өкүлдөрү өрттөп салышты” деп билермандар тыянак чыгарышты. Өрткө салынган кылмыш иштердин папкаларында криминалдык иштер менен экономикалык (коррупциялык) иштердин изи жоготулду.

Бул эми “Бастилия” эмес, бул бийликтин (прокурорлор) жана кылмышкерлердин (коррупционерлер, криминалдар) жашыруун “сыры. Бир эле имарат эмнеге эки жолу ушунчалык өрттөнөт жана эмнеге так ынкылаптар башталган түнү өрттөлөт деген суроого жооп жок, муну журналисттер иликтеп, сырын ача элек.

Ал эми Улуттук телерадиокорпорациясы элдин кыжырына тийген жер десек жаңылышпайбыз. Ушунун имаратына ыңкылаптардын биринчи түнүндө митингчилер кирип келишкен, өрттөшкөн жок, бирок эшиктерин сындырып, техникалык жабдууларын талкалап, анан эфирге чыга турган студияга кирип, өздөрүнүн кайгы-муунун жана жиндери тийген нерселерди кыйкырып айтышкан. Бул жерди алар бийликтин “рупору” (кулактандыргыч) деп кабыл алышкан. Туура, мамлекеттик телеканал так ушундай “рупорго” айланып калган, азыр деле ошол бойдон турат. Улуттун бийлиги менен улуттун телеканалы элге бири-биринен ажырагыс түйүмдөй сезилет.

К.Бакиев Ак үйдүн астындагы туннель менен командасын эки автоунаага салып, борбордон качып чыкты, аэропорттон Жалал-Абад шаарына учуп кетти. Бишкекте 14 кишиден турган Убактылуу Өкмөт

түзүлдү, анын башчысына Роза Отунбаева дайындалды [90, 85-86-бб.]. Ыңкылап ушинтип аягына чыкты, бирок мунун жыйынтыгы кандуу болду - 86 адам өлдү (булардын ичине милициянын Академиясынын эки курсанты кирет). Адегенде 87 адам деп айтылды, бирок андай кийин журналисттер бир өлдү деген киши Россияда тирүү жүргөнүн далилдеп беришкен, көрсө анын Бишкектеги баласы акча алыш үчүн (курман болгондор үчүн Өкмөт акча бөлдүргөн) атасынын ысымын бир белгисиз өлүккө жаздырып салыптыр. 1500 киши жаракат алды (ичинде милициянын кызматкерлери да бар).

Бакиев "реванш" кылууга (бийлигин кайтарууга) колунан келген аракетин жасады, бирок муну (ажону) Сузак районундагы жердештери колдободу, өзүнүн туугандарынын саны аз болгон үчүн токтоп калган, бирок жакындарын калкан кылып, дагы бир жума үмүттөндү. Акыры 14-апрель күнү Казакстандан жиберилген аскер учагы түшүп, Жалал-Абаддын аэропортунан казактардын Тараз шаарына учуп барып, андан ары беларустардын борбору Минск шаарына жеткирилди. Ошондон бери ошол жерде экинчи үй-бүлөсү менен (Максим менен Марат деген уулдары биринчи үй-бүлөсүнөн) күн өткөрүп жатат. Кыргыз мамлекети "экстрадицияны" (кайтарып берүүнү) сурап, белорустардын президентине А.Лукашенкого кайрылган, бирок ал эч качан бербей турган түрүн көрсөттү. Бишкек болсо ушунусу менен четкелип, андан аркы кадамдарды жасабады.

Ушинтип кыргыз элинин биринчи менен экинчи ажосу 21-кылымда өз элинен, өз жеринен ажырап, славян элинин эки борборунда (Москва менен Минск) азыркы күнгө чейин жашап жатышат. Кайтып келе турганга кудуреттери жетпей калды окшойт, ана-мына деп эле олтурушат, төө көтөргүс күнөөлөрүн мойнуна албай, өздөрүн "жертва" катары көрсөтүп, журналисттерге улам-улам интервью берип коюшуп, юбилейлик тасманы тарттырып олтурушат. Көркөмдөп айтсак, бул экөө Чыңгыз Айтматовдун "Бетме беттеги" каарманы Исмаилга окшоп калышты. Үчүнчү ажо Атамбаев болсо Чеховдун "Палата №6" деген аңгемесин эске салды. Элибиз болсо буларга "аман болгула" деп салттуу айкөлдүгүн көрсөтүп турат. Борбор

Азиянын тарыхында президенттердин мындай “ущербный” образдары болгон эмес. Эми ажолорду ушундай “көрүнүшкө” жеткирген медиа каражаттары да Борбор Азияда бизге чейин болгон эмес.

Убактылуу Өкмөт өзүнүн эки декрети менен кыргыздын эки президентин “кол тийбестик” статусунан ажыратты - К.Бакиев 2010-жылдын 26-апрелинде чыккан декрети менен, А.Акаев 2010-жылдын 12-августундагы декрет менен. Декреттердин үчүнчү пунктунда жообуна тартуу жана экстрадициялоо боюнча чаралар көрүлсүн” деп жазылган [90, 150-159-бб.].

Эки президент тең кат түрүндө бийликтен баш тартышкан. Экөө тең күнөөнү буларды бийликтен оодарган оппозициялык күчтөргө жүктөшкөн. Экөө тең өзүнүн элинен (камчысын мойнуна салып) кечирим сурашкан жок. Булар арыздарын орус тилде жазышкан - биринчиси Москвадан, экинчиси Казакстандан. Мындай арыздарды жаздырууга атактуу президенттер ортого түшкөн - биринчисине В.Путин, экинчисине Н.Назарбаев. Мисал иретинде экинчи ажо болгон Курманбек Бакиевдин кол жазма түрүндөгү арызын толук бойдон келтирели (бул текст “Фергана.news” деген сайтка чыккан).

Заявление Президента Кыргызской Республики Бакиева К.С.

Уважаемые соотечественники!

7 апреля 2010 года в Кыргызской Республике произошел государственный переворот. В результате вооруженного захвата государственной власти пролилась кровь простых ни в чем неповинных граждан, причинен огромный материальный ущерб государственному имуществу и личному имуществу граждан, нанесен огромный урон имиджу государства. Вся ответственность лежит на членах Временного Правительства, которые использовали их для захвата власти. Понимая и свою ответственность за прошедшие события приношу глубокие соболезнования всем родным и близким погибших. В эти трагические для кыргызского народа дни, осознавая всю ответственность за будущее кыргызского народа, сохранения целостности государства, кыргызской государственности, в соответствии со статьей 50 Конституции КР я подаю в отставку.

16.04.2010. подпись [106].

Мындай түрдөгү арыз эки жолу жазылды, бирок бир жерин белгилеп кетели. Аскар Акаев кан төгүүгө жеткирбеди, элдин толкуну мамлекеттин имаратына жакындаганда, кабинетинен качып кетти. Курманбек Бакиев болсо жеткирди, кан төгүүгө жеткирип, кабинетинин маңдайындагы аянт канга толуп калган. Эми дагы бир айта турган нерсе бар. Кыргыздын ажолорунун тарыхында дагы бир жолу (үчүнчү жолу) “экс-президент” деген статус алынган. Бул факт 2019-жылдын июнь айында орун алды. Үчүнчү президент Алмазбек Атамбаевден Жогорку Кеңештин чечими менен алынды. Бул ажо качкан эмес, өз учурунда Конституциянын негизинде алты жыл башкарып бийликти шайлоодон кийин официалду түрдө өткөрүп, биринчи жолу (Борбор Азиянын масштабында биринчи жолу) күч колдонбой өткөрүлгөн процедураны жасап берди.

Албетте, бул жакшы жетишкендик, жакшы салт башталды, себеби буга чейин ушул региондо же күчкө салып “кууп чыгуу” ыкма менен же жаназа кылып “дүйнөдөн узатуу” жолу менен ажолор алмашып турушкан. Бул жагынан кыргыздар дагы бир ирет Борбор Азия регионуна жол көрсөттү. Атамбаевдин буга жеке “салымы” позитивдүү болду, бирок андан кийинки саясий кадамы чииниден чыгып, чоң чатакка айланды. Бийлигин өткөргөндөн кийин, “мен муну ажо кылдым, ушул катамды эми мен өзүм оңдойм” деп кыргыздын төртүнчү президенти болуп шайланган Сооронбай Жээнбековду “жакалай” баштады. Ызааланган инсан басылат го деген үмүт үзүлдү, себеби агрессивдүү жолго түшүп алды - “менин пистолетим бар, мен аны менен атканды билем” деп бийликтин бутактарын коркута баштады. Жогорку Кеңеште олтурган 120 депутатты “силер баарыңар чимкириксиңер” деди. “Экс-президент” деген статусунан ажыратылды.

Үчүнчү ажонун окуясы өзүнчө иликтенет, мындай нерселер күтүлбөгөн “прецедент” категориясына кирет. Анан буга медиа каражаттары да аралашып калды - Атамбаевдин жеке менчик “Апрель” телеканалы жана “Ачык саясат” гезити үчүнчү ажону тейлеп, саясий кырдаалды курчутуп

салышты. Булар кожоюнуна позитивдүү кызмат кылышпады, жок, мындай аракеттерди “медвежья услуга” дешет, кыргызча  - “өлгөнгө көмгөн” деп. Буга чейин медиалар мамлекеттик жана мамлекеттик эмес деп эки топко бөлүнсө, эми өлкөнүн медиалары менен “Атамбаевдин медиалары” деп бөлүнүп калышты. Мындай көрүнүш дагы мурун болгон эмес, мурун мындай тартиптеги бөлүнүүлөр жок эле - качып кеткен ажолор өздөрүнө медиа каражаттарды түзүп алып  мамлекети менен ачык түрдө салгылашкан эмес.

Кептин мааниси ушундай - Атамбаев жеке инсан катары кыргыз мамлекети менен тирешти, бул процесске медиа каражаттары түздөн-түз киришти. Жыйынтыгы трагедия менен бүттү. 2019-жылдын 8-августунда Атамбаевдин огунан спецназдын офицери Усөнбек Ниязбеков каза тапты. “Менде снайпердин мылтыгы бар, ошону менен аткам” деп Атамбаев өзү эфирден айтып салды. 9-августта милициянын генералы Курсан Асанов Кой-Ташта бекинип жаткан жерине барып, ошол мылтыктын октору менен таап (снайперская винтовка  Драгунова), аны телекамерага  көрсөтүп, Атамбаевди камакка алды. Киши өлтүрүү боюнча кылмыш иши козголду.

2010-жылга кайталы, иликтей турган бир аз фактылар калды. Апрель ыңкылабын чагылдырууда мамлекеттик эмес медиа каражаттар коом алдындагы милдеттерин тайманбай аткарышты. Бул жолу “Азаттык” радиосу экинчи иретке жылганын дагы бир жолу белгилеп кетели (себебин болсо жогоруда айттык). Алдыга пресса чыкты  - “Форум”, “Фабула”, “Дело №” гезиттери сандан санга бийликти сындап жана окуяларды таразалап турушту. Авторлордун эмгектери да чыкты. Мисалы, М.Алымбаевдин 7-апрелге арналган китебин айтсак болот [107]. 2005-жылы жарыкка чыккан эки ыңкылапты терең изилдеген көлөмдүү жыйнактардын материалдарынын айрым жерлерин биз системалаштырган иретте  келтирдик [90].

Акын менен жазуучулар да ыңкылаптардын темасына үлүштөрүн кошушту. Г.Шакирова деген акын айымдын ошол трагедиялуу апрель айында жазылган ырын келтирели. Мына ошол каргыш түрдөгү сөздөр.

Бакиевди жактагандар кор болсун,

Жаткан жери жалаң темир тор болсун.

Элден безип, өлгөндөрдүн каны кууп,

Өмүр бою тартканы азап, шор болсун [108].

Бакиевди жактаган аткаминерлердин ийри тобу эч жакка качпай эле, кийинки ажонун (Атамбаевдин) командасына өтүп кетишкен. Буга чейин алар Бакиевдин командасына ушундай эле тартип менен Акаевдин командасына өтүп келишкен. Биринчи ыңкылаптан кийин кыргыз саясатчы Топчубек Тургуналиев кадр маселесине практикалык түрдө “люстрация” (электөө) киргизишибиз керек дегенди коомубуз тоотподу. Оппозициянын лидерлери да тоотподу, себеби алардын ичинде мурунку бийлик менен иштегендер бар болчу, кызматтарынан ажыраганда алар оппозициянын курамына кирип, лидерлик позицияларды ээлешкен. Мисал катары буга Роза Отунбаева, Алмазбек Атамбаев, Равшан Жээнбеков, Кеңешбек Дүйшөбаев, Эмилбек Каптагаев, Акылбек Жапаров, Данияр Нарынбаев, Аалы Карашев жана башка чоң чиновниктер кирет.

“Люстрация” кылсак (мындайды Чехия менен Польшада жасашкан), булар ыңкылаптан ыңкылапка “кургак” эле бойдон өтпөй, бийликтин тепкичтерине жолой албай калышмак. Роза Отунбаева менен Алмазбек Атамбаев бийликти эң жогорку тепкичине чыгышты. Тургуналиевдин сунушун эч ким колдободу, анан өзү деле аны кайталабай калды. Ушуга байланыштуу кыргыз сатирасынын классиги Эсенгул Ибраевдин: “Кайрадан эле эски чуңкурга түшүп жатабыз”, - деген сөзү (2005-жылы, биринчи революциядан кийин айткан) бийлик алмашкан сайын эске түшөт.

Акаевдин учурунда жазылган “Полит-үй-бүлө, эс алгылачы” деген лозунг архивге кетпеди, себеби кезектеги ажонун үй-бүлөсү өлкөнүн сахнасынан орун алып, оппозиция менен кезектеги күрөштү баштап турду. Бул көрүнүштүн аягы “Атамбаев-гейт” деген саясий түйшүккө такалды. Бул азыркы күн, 21-кылымда, эгемендүүлүктүн жыйырма тогузунчу жылында. Бир муундун доору өткөндөн кийинки жыйынтык. Кыргыздын “жыдыган ажолору” күрөшкө тойбой, “реваншты” (бийлигин кайтарып алууну)

күтүшкөнү талашсыз, бирок Акаев менен Бакиевди бул жагынан Атамбаев артта калтырды. Мунун “реваншизми” өлкөгө реалдуу түрдө коркунуч жаратты, мурункулар “теория” деңгээлинде калса, мунуку “практикалык” кадамга өтүп кетип, персоналдык түрдөгү камак менен бүттү.

Кыргыз эли “реваншисттерге” жол ачпайт деген ишеним бар дечи, бирок “ширенкеден өрт чыгат” дегени да жок эмес. Үчүнчү президенттин кесепети жаман болду, мындай адамдарды закондун тартиби менен тизгиндебесе, кутуруп кетери билинди. Мындайларга каршы медиа каражаттардын таасирин да колдонуш керек. Ушул жерден азыркы бийлик өзүнүн позициясын кылдаттык менен көрсөтө алса, бул чатак толкун сыяктуу жээктерге урунуп, өзү токтойт. Күч колдоого барбай, “Апрель” телеканалды (Атамбаевдин медиа каражатын) зордуктоо жолу менен жаптырбай, полемиканы этиканын нормаларынан чыгарбай турса, бийликтин саясаты ийгиликке алып барат.

2010-жылдын темасына кайталы. Апрель ыңкылабында курман болгон каармандар жөнүндө атайын бир китеп жызылган, ар биринин таржымалы аты-жөнү менен берилген [109]. Окуядан кийин эки жыл өткөн соң, 2010-жылы өлкөдө болгон эки трагедиялык жаңжалдардын иликтөөсү Бишкекте чыккан үч китепте чагылдырылды. Ушул эмгектерге көңүл буралы. Журналист Ы.Өмурзаков “7-апрель жана түштүк коогалаңы - 2010” деп аталган китебинде экинчи ыңкылапта каза болгондорго тиешелүү соттук-медициналык аныктамалар изилденип чыккан. Окко учураган деп тизмеге киргендердин айрымдары (4 адам) октон эмес эле, бычактан, арматурадан жасалган курактан каза табышканы далилденди. “Булардын сөөгү Ата-Бейтке коюлганы түшүнүксүз болду” деп автор жыйынтык чыгарды [110, 69-70-бб.].

Дагы бир журналист Сымбат Максутованын “От тутанган онунчу жыл” деген китебинде апрель ыңкылабынан кийин: “Кадрдык калпыстыктар” жөнүндө кеп козголуп, “шашылыш орун алмаштырган адамдардын ичинен айрымдары жөндөмсүз да болуп чыгышты”, - деп айтылды [111, 27-28-бб.]. Ооба, Нарын облусуна губернатордук орунга дайындалган жигиттин

диплому жок экендиги билинип, дагы бир жерлерге кылмыш жасап, соттолгон адамдарды аким кылышыптыр. Саясатчы Т.Тургуналиевди (кесиби боюнча философ) мамлекеттик токой чарбасына директор кылышса, ал бул жерге бир беткейлүү тартипти орнотуп, кырдаалды курчутуп салды - мекеменин иш кагаздарын (документацияны) бир гана кыргыз тилинде жазылып, мекеменин жыйындары кыргыз тилде өткөрүлсүн деп буйрук чыгарган. Көп улуттан турган коллектив буга кескин түрдө каршы чыккандан кийин, Тургуналиев  кызматтан кетти.

Россиядан бизге келген адис А.Василивецкийдин "Преломление: События 2010 года в Кыргызстане глазами историка и очевидца" деп аталган китебинде бир маанилүү маалымат бар. Айрым сөздөрүн  келтирели. "Часть доказательств была уничтожена заинтересованными лицами. Исчезли записи, которые круглосуточно велись сотрудниками государственной службы нацбезопасности. Не сохранились записи с камер слежения в Белом Доме (их было 8, установили туда после событий 2005 года). Эти записи могли показать, кто и когда сюда входил (включая снайперов). Эти записи должны были сохраняться в течение месяца [112, 25-36-бб.].

Жоголгон далилдерди жаңы бийлик издеген жок. Диплому жок губернатор жана кылмыш иштерге малынган акимдердин ордуна мурунку бийликтен жем жеген жетекчилер келди. Медиа каражаттардын реформасы бул жолу деле аткарылбады. Мамлекеттин негизги телеканалы (КТРК) мурункудай эле бийликтин колунда калды. Өкмөттүн гезиттери да бийликти тейлөө милдетин улай беришти. Бул тармакта иштегендерге ыңкылаптар "шапке алмашкандай" эле сезилди окшойт - "бектер кетет, бел калат" дегендей. Коомдук телеканал түзүлбөдү. "Коомдук" деген сөздү каналдын аталышына жабыштырып койгону менен, бул сөз жаңы бийлик менен коомчулуктун тирешүүсүнө чейин эле түз маанисин сактады, себеби тирешүү учурунда ким экени кайрадан ачылды. Улуттук телеканалды жетектеген адамдардын анык жүзү билинди.

Мисалы, экинчи ыңкылапка чейин Илим Карыпбеков деген адис элге көз карандысыз инсан катары таанылган - Интерньюс уюмунда юрист болуп иштеди, медиа представитель болуп шайланды, ал кезде муну эч ким бийликтин “жоокери” деп эсептебеген. Адегенде телеканалдын Байкоочу кеңешине мүчө болуп келди, каналдын жетекчисине өтөм деп, өтпөй калды, бирок бийлик тараптан “дагы бир жолу өткөргүлө" деген буйрук тымызын түрдө келгенде, эл сырдын түбүн көрүп калды. Байкоочу кеңеш болсо туруштук бергенге жарабай, Илим мырзаны экинчи жолу кың дебей өткөрүп берди. Анан ал накта “жүзүн” көрсөтүп, арзыматчылдык амалдын бийик ыкмаларын өздөштүрдү.

Акаевдин доорунда улуттук телеканал кандай болсо, Бакиевдин доорунда да так ошондой болду, анан Атамбаевдин доорунда да эч бир өзгөрбөй, бийликтин “камчысын” мыкчып турду. Бул медиа тармакка таандык болгон көрүнүш өлкөбүзгө мыйзам ченемдүү салтка айланып калды, себеби муну реформалоого эч кимдин кудурети жетпеди. Коомдук кылабыз деген ниет унутулду, коом өзү деле бул “коомдук телеканал” деген нерсеге кайдыгер болуп калды. Азыр телеканалдын өзүнө көңүл анча бурулбай, интернетке бурулуп кетти. Жаңы жагдай күндөн күнгө тереңдеп жатат.

Бул жерден медиа тармагынын турпатына тиешелүү ажо тарабынан жасалган бир аракетти эске салалы. 2005-жылдын 8-декабрында К.Бакиев өлкөдөгү мамлекеттик гезиттерди акционерлик тартипке өткөрүү боюнча жарлык чыгарды. Өкмөттүн алдыдагы “Слово Кыргызстана” менен “Кыргыз Туусу” гезиттери жана областтык администрациялардын алдындагы гезиттер бийликтин тизгининен бошотулмак, бирок бул иш аткарылбады. Ажонун жарлыгына каршы кыймыл Жалал-Абаддан башталды. 2006-жылдын 14-январында бул жердеги эки мамлекеттик гезиттердин жамааты (кыргыз тилиндеги “Акыйкат” менен өзбек тилиндеги “Жалол-Обод тонги”) чогулуш өткөрүп, "биз акционер болууга макулдукту бербейбиз, мурункудай эле жергиликтүү бийликтин басма сөз органы катары калабыз” дешти [113, 33-134-бб.]. Бийлик болсо мындайга “кудай жалгасын” деп, өлкөдөгү

мамлекеттик медиалардын баарысын (борбордук жана регионалдык) кол алдында калтырды.

Ошондо өз алдынча чыгып, акционерлик тартипке өтөбүз деген бир да гезит болбоду. Медиа тармак ошол бойдон калып, бийликти адатынча эле тейлегенин улантты. Ажонун жарлыгы аткарылбай, жөн эле калкып калды, себеби муну официалдуу түрдө жокко да чыгарышпады, ошол бойдон архивде жатат. Кийинки келген жетекчилер мындай нерсени уккусу да келбеди, ошондон улам азыркы күнгө чейин Кыргызстандын медиа тармагы өзгөрүлбөй, эки жаатка бөлүнгөн бойдон (мамлекеттик жана мамлекеттик эмес деп) турат.

Электрондук медиаларды алсак, бул жакты коомдук тартипке өткө-рөбүз деген аракет да аткарылбаганын дагы бир жолу тастыктап кетели. Улуттук телеканалдын астына түзүлгөн Байкоочу кеңештин эч кандай күчү жок, мунун чечимин бийлик каалагандай калчай берет - жакпай калса ошол эле замат өзгөртүүгө мажбурлайт. Буга мисал деле коомдун көз алдында. 2019-жылы кеңештин жаңы курамын түзүп аткан учурда, депутаттар шайлоо жолу менен мүчөлөрдү бекитти, ошондо белгилүү тележурналист Чынар Капарова биринчи шайлоодон эле көпчүлүк добушту алганына карабай, дагы бир жолу шайлоо процедурасын өткөрдү. Анда деле жеткиликтүү добушка ээ болду, бирок буга да жол бербей, анын атаандашын өткөрүп беришти.

Ч.Капарованы мындан мурун КТРКанын жетекчиси И.Карыпбеков себеби жок эле кызматтан алып салган болчу, ал сотко кайрылып жетекчини утуп алган, анан мамлекеттин эсебинен (Карыпбековдун эсебинен эмес) доочуга ири суммадагы компенсация төлөнгөн. Ошондо да Илим мырза тырышып, кетирген орунга койбогондо, Капарова телеканалдан кетип калган. Ушундай конкреттүү нерселер болуп жаткан доордо кантип “коомдук” телеканалыбыз бар деп айтмак элек. Жок, ушул күнгө чейин ал жок. Аталышында “коомдук” деген сөз болгону менен, тышкы формасы ички мазмунуна дал келбейт.

Ооба, биринчи революция мындай кадамга (коомдук телеканалга) дем берип шарт түзгөн, бирок ошондон бери чейрек кылым өттү - кардиналдуу жана жөнөкөй түрдөгү да жылыш жок. Өлкөбүздөгү медиа тармакты өзгөртүүгө кудуреттүү ажо бийликке шайланып келе элек. Албетте, мамлекеттик медиалар бүгүн иштерин Акаевдин доорундагыдай кылып алып бара алышпайт, себеби булар трагедиялык окуялардын таасиринен өтүп, тажрыйба топтошкон. Ооба, ушундай, бирок бийликти тейлөө адатын жоготпой, арзыматчылыктын изин суутушкан жок. Булардын мындай кылым карытаар “касиетин” экинчи ыңкылаптан эки ай өткөндөн кийин келген дагы бир трагедиялык кырдаал, дагы бир кандуу жаңжал көрсөттү.

**2010 – “Ош окуясы”**

Бул окуя ошол эле жерден 20 жылдан кийин кайталанды. Дагы эле провокациялык маалыматтар медиа каражаттар аркылуу башталды. Дагы эле атайын кызматтар чогулткан оперативдүү маалыматка бийлик жол бербегени себеп болду. Дагы эле улуттук телеканалдын тейлөө ыкмасынын терс таасири тийип, өлкөдө информациялык “вакум” түзүлдү. Жергиликтүү журналисттер конфликттер чыккан жерлерге баралбай калышкан, себеби бара турган жолдорду бийлик бууп салды. Ушуга байланыштуу маалымат элге имиш менен божомолдун негизинде жетип турду.

Коогалаң төрт күнгө (11-июндан 14-июнга чейин) созулду. Жергиликтүү медиаларды четтеткени үчүн, жергиликтүү калк маалыматты Бишкектен алып калышкан - Улуттук телеканалдан, 5-каналдан, Эл ТРден жана борбордон чыккан гезиттерден. Тележурналисттер жаңылыктарды ар тараптуу түрдө берүүгө аракет кылышты, бирок элдин ишеними купулуна жетпеди. Улуттук телеканал жаңылык берүүлөрдү эки саатта бир берип жатты, анан муну жергиликтүү (областтардагы) каналдар жергиликтүү репортаждар менен толуктоого мүмкүнчүлүктү алалбады.

Жаңылыктарга кошумча Бишкектен улуттук канал эртең мененки “Замана”, андан кийинки “Эл билгиси келет” жана “Ачык сөз” аттуу программаларын берип турду. Белгилүү инсандардын эфир аркылуу айткан

кайрылуулары, эксперттердин аналитикалык баа берүүлөрү да орун алды, бирок Ош областында жашаган элге конкреттүү маалымат саат сайын керек эле, ушул ишти өлкөнүн медиа каражаттары толук түрдө аткаралбай калышкан. Мисалы, ошол учурда теолог (диний тармагындагы окумуштуу) Кадыр Маликов менен политолог Орозбек Молдалиевдин "анализдери" кажетсиз эле. Жалпылап айтсак, электрондук медиалардын жарандарга объективдүү жана оперативдүү маалыматты жеткирүүгө кудуреттери жеткиликтүү болбоду.

«5-канал» маалыматты жер жерлерден телефон аркылуу берген ыкманы колдонду, бирок өзү тарткан видеорепортаждар болбогондуктан, Британиянын «Би-Би-Си» каналынын бир эле репортажы кайра-кайра кайталанып, негативдүү жагдайды жараткан [114].

«Эл ТР» каналы баа берүү менен эмоционалдык пикирлерден алыс туруп, этникалык аспекттерди козгободу. Бул электрондук медианын багыты ынтымакка чакыруу менен гуманитардык жардамдардын келишин чагылдырууга арналды, бирок мында "видеоряд" жетишпей турду, себеби каналдын штаб-квартирасы ошол кезде Ош шаарында жайгашкандыктан, конфликттин очоктуу жерлерине журналисттер бара алышкан жок (бийликтин жол тосуусуна байланыштуу).

Кан төгүлгөн кагылышууга чейин идеологиялык даярдыктар болгонун журналисттер иликтеп чыгышкан. Ырысбек Өмүрзаковдун китебинде Кыргызстандагы өзбек жарандардын лидери катары Кадыржан Батыров Жалал-Абад шаарында өзүнүн менчик университетинин алдындагы аянтка 2010-жылдын 12-15-май күндөрүндө митингдерди өткөрүп, "сепаратисттик" маанидеги чакырууларды жасаган. Буга каршы кыргыз улутундагы жарандар да митингдерди өткөрүп, тирешүүнүн жолуна түшүшкөн.

"Ош ТВ" телеканалы (өзбек тилинде чыккан мамлекеттик эмес медиа каражат) К.Батыровдун жана И.Абдурасуловдун митингдерде айтылган чакырыктарын улам-улам эфирге чыгарып турду. Буга үндөш өзбек тилиндеги "Мезон ТВ" каналы да тенденциялык багытта иштеп берди. Дагы

бир белги сыяктуу нерсе орун алган. Өзбек жарандар жашаган кварталдарда (махаллаларда) үйлөрдүн чатырларына “Узбекская зона” жана “SOS” деп жазып чыгышкан. Муну көргөн кыргыздар “самолетторго ориентир (жолдомо) кылып жатышат” деп баалашты [110, 137-138-б.]. Бул жерде суроо жаралат. Өзбек жарандар өзбек авиациясына белги беришсе, эмнеге өзбек тилинде жазышпады. Логиканын сыры эмнеде. Кээ бир чатырлардагы жазуулар азыр да сакталып турат.

Ок атышуулар 10-июндун түн кирген маалында Оштон башталды. Эртеси Алайдан кыргыздар Ошко келип, салгылашууга киришти. Оштогу, Кара-Суудагы үйлөр, имараттар өрттөндү. Адамдар кырылды. 13-июнда кан төгүү Жалал-Абад менен Базар-Коргонго жетти. Журналист айым С.Максутова ошол күндөрдө түштүк аймактарда болуп, жаңжалга катышкан адамдардан интервью алып, ок атылган жерлерден маалымат жиберип, кийин окуя боюнча жазган китебинде Өзбекстандын ошол кездеги президенти И.Каримовдун кырдаалды тынчытууга жасаган аракетин баса белгиледи. “Опурталдуу учурда Өзбекстандын бир дагы аскер же жаран чек араны өтүп, Кыргызстанга барбайт” деген өзбектин бийлиги [111, 77-б.].

Ал эми кыргыз бийлигинин ошол кездеги лидерлери жөнүндө биздин журналисттерибиз сын пикирлерин ачык эле айтышкан. Мисалы, “Жаңы Ордо” гезитинин редактору Б.Назаралиевдин “Ал-мас капитан” деген макаласында “Отунбаева, Атамбаев, Текебаев эл бузар Кадыржан Батыровго окшогондорго автономия беребиз деп Кыргыз Республикасынын бүтүндүгүнө доо кетиришкен” деп жазган [115]. Ушул гезитке 2011-жылы Базар-Коргон районундагы Акман айылынын тургуну Б.Асановдун айткан сөзү жарыяланган. Текебаевдин дарегине айтылган (бул саясатчы ушул айылдан чыккан). Мына ошол сөздөр - “канкор, журт бузар, бул жерге басып киргенге акын жок, баарын баштаган сенсиң” деген [110, 200-б.].

Курман болгондордун саны 2011-жылы “Вечерний Бишкек” гезитине жарыяланды. “426 киши өлтүрүлдү (мунун ичинени 381 адам таанылды). Эки миң киши жаракат алды (булардын ичинен 925 адам ооруканаларга ок тийип

түшүшкөн). 35 киши дайынсыз жоголушту [116]. Канга чыланган статистикасы ушундай болду. 2010-жылы курман болгондорго тиешелүү айта турган дагы бир нерсе бар.

Ы.Өмүрзаковдун китебинде “калпыз баатырлар” (лже-герои) деген сөз айтылган. “7-апрелде Токмоктогу “Гавайи” кафесин талап-тоноо учурунда эки тараптан атышуу болуп, 5 киши көз жумган. Булардын баарын “революционерлер” деген тизмеге кошуп салышкан. Ушундай эле жол менен Кемин районундагы октон өлгөн 10 адам да тизмеге кошулуп калды. Ак Үйдүн алдындагы аянтка жакындабаган бул 15 адамдын ысымдары Улуттук телеканал тарткан “Баатырлар баяны” тасмасына кирип, даңазаланып, жыл сайын эскерилип турат” [110, 228-229-бб.].

А.Василивецкийдин китебинде да бир “сырдуу” жерлери бар. Ошол күндөрдө Жалал-Абад областына Кубатбек Байболов комендант болуп келгенде, журналисттерге интервью берип, Тажикстандан келген атайын даярдалган топ жөнүндө мындай деген. “Их нанимателями являются приближенные семьи Бакиевых. У нас есть неопровержимые доказательства и признания задержанных. На них заведены уголовные дела. Все показания купируются, и доказательства будут представлены обществу на днях” деп ачык айтканы бар [117]. Бул сөздөр диктофондорго жазылып калды, бул “документ сыяктуу нерсе. “Купировать” деген сөздүн маанисин автор туура эле байкаптыр, бул “кестирип салышты” дегенди билдирет [112, 191-б.].

Ооба, генералдар “показания” (көрсөтмө) деген сөзгө байланыштуу минтип айтышпайт, себеби камакка алынгандардын “көрсөтмөлөрү” кайчыланбайт, бул тергөөнүн негизги документтерине кирет, муну фиксировать этип (жазып), архивден сакташат. Ал эми “купировать” этүү бул кылмыш, муну жасаган кызматкер сотко тартылат. Ошол күндөрдө ушуну чын эле жасашса, анда аткаруучуларды (Байболовду баш кылып) жоопко тартышыбыз керек. Жок, кеп башкада болсо керек, себеби ошондой киши аткычтар ошол учурда Бакиевдердин акчасына даярдалып келишсе, муну жашырбай, бүтүн дүйнөгө билдиришмек - “мына, күнөөкердин тамыры

кайдан чыкканын биз айтпадык беле” деп. Элдин каары Бакиевге дагы бир жолу тиймек. Эмне себептен экинчи ажону булар (Байболовдор) ушундай “далилден” ажыратып салмак эле. Ошол кармалган “тажиктердин” издери кантип эле таптакыр жоголуп калмак эле - булар дүйнө адабиятынын классиги Герберт Уэллс жараткан “человек-невидимка” болуп кетиштиби, же кыргызча айтсак, “кайыптарга” айланып, асманга учуштубу.

Журналисттер ошолорду кантип көрбөй калыптыр, ийнени көргөн немелер “снайперлерди” көрбөй калмак беле. Журналисттердин оозун басып коюшса, жок дегенде бир журналисттин оозу басылбай эле калмак. Жок, же булар реалдуу түрдө жок болгон, же абакка камалган эмес, же атайын даярдалган “легенданы” Байболовдун оозу менен элге жеткирип, ушундай психологиялык ыкманы ишке ашырышты. Эмне болсо да, ошол “ниндзялардын” изи табылбады. Бул нерсе архивде сакталса, анда дагы журналисттер аны таап беришмек, же “купировать” эткен жерлерин белгилеп салышмак. Байболовдун берген убадасы аткарылбады, коомго “далилдерди” генерал көрсөткөн жок.

Июнь окуясын үч комиссия иликтеген - Убактылуу депутаттык комиссия, Улуттук комиссия, Эл аралык комиссия. Булардын отчетторунда себепкер катары төрт тарап белгиленди - сепаратисттер, реваншисттер, исламисттер, наркобарондор. Ооба, ар бир тарап боюнча аргументтер, белгилүү деңгээлдеги далилдери да бар, бирок чындык ушул төрт тараптын ортосунда экенин таналбайбыз. Аргументтердин күмөндүү жактары жок эмес. Мисалы, 11-июнда түнкү саат экиде Оштогу төрт мечиттен азан чакырылды деген аргументке россиялык эксперт В.Пономарев китебинде минтип жооп берет. “Нет убедительных доказательств того, что люди воспринимали это как призыв к “вооруженному джихаду”, а не к обороне” [118, 57-б.]. Ооба, ошол учурда салгылашуу азансыз эле башталып, шаарды октордун үнү басып калган, азанга кимдин көңүлү бурулмак эле.

Исламдык экстремисттердин уюму катары таанылган “Хизбут-Тахрирдин” изи даана көрүнбөдү, бирок жергиликтүү милициялардын бир

айтканы бар - “маркум болгондордун арасында кулак менен буттун чоң бармагы кесилгендер учурады, бул капырларды жазаладык дегендин белгиси” дешти [112, 195-б.]. Эми бул деле күмөндүү аргумент, себеби кулак менен бармактарды исламга тиешеси жок каракчылар деле кесишет.

Наркобарондорго байланыштуу версияны талдабай эле койсок болот, себеби дүйнөлүк тажрыйбада булар мындай экстремалдуу учурларды атайын уюштурушпайт, бирок ар дайым мындайды пайдаланышат. Өзбек улутундагы Оштун тургуну Хайрулло Мамахановду шектүү деп кармашкан, анын үйүнөн опийин менен героинди табышкан, бирок мунун бир үй кызматкери “бул меники” деп мойнуна алгандыктан, аны соттоп, кожоюнду бошотушкан. Мындан башка наркотик темасына жакын фактылар ошол кезде болгон жок.

“Реванш” версиясы Бакиевге байланыштуу. Ал апрель айында Ошко учуп келип, шаардын мэри Мелис Мырзакматовго үмүт кылды, бирок ал каршы чыгып, экс-ажону Оштон кетүүгө мажбурлады. 2011-жылы чыккан китебинде Мелис мырза өзүнүн позициясын минтип түшүндүргөн. “Өлкөнүн түндүгү менен түштүгү кырды бычак болуп экиге бөлүнүп, ортодо кан төгүлүп кетсе мен өзүмдү өмүр бою кечире албайт элем” деген. Анан Бакиевге “сиз 50 миң адамды митингге чыгарып, бийликти кайрып берем дегендерге ишенбеңиз” деп үмүтүн үзгөн [119, 53-б]. Айтканындай эле, “реванш” кылууга шарт түзүлбөдү.

2010-жылдын 26-апрелинде Убактылуу Өкмөттүн төрайымы Роза Отунбаевага Оштун мэри Мелис Мырзакматовдон официалдуу бир кат жиберилген. Бул жерге Д.Сарыгуловдун Улуттук телеканалынан сүйлөгүн кооптуу сөзүн келтирип, ошондой эле М.Итибаевдин “Асман” гезитине чыккан макаласын келтирип, провокациялык кадамдарга жол берилбесин деп, улуттар аралык мамилеге от чагууга багытталган көрсөтүүлөргө каршы чара көрүүнү суранган [119, 147-148-бб.].

Ошол эле күндөрдө Ош шаарынын мэриясынан жана шаардык кеңешинен телеканалдардын жетекчилерине: улуттук

телерадиокорпорациянын президенти Кубат Оторбаевге, “Эл ТР” каналынын директору Шайыр Абдырахмановго, “Ош ТВ” каналынын директору Халил Худайбердиевге, “Мезон ТВ” каналынын директору Жавлон Мирзоходжаевдерге кайрылуу жиберилет - Кайрылууга мындай сөздөр кирген. “Дастан Сарыгуловдун шовинисттик көз караштары Түгөлбай Казаковдун “Улутман” көрсөтүүсүндө угузулушу өзбек улутундагы жашоочулардын арасында кескин түрдөгү терс реакциясын жаратты. Ошол убакта өзбек “лидерлеринин” сөздөрү ушундай эле терс реакциясынын келип чыгышына түрткү болду” [119, 152-б.].

Бир жерин түшүндүрүп кетели. Д.Сарыгулов “өзбек улутунун өкүлдөрү Кыргыз Республикасынын коноктору” деп өзбек улутундагы өлкөбүздүн жарандарын кемсинткен. Мындай контекстинде “конок” деген сөз, албетте, шовинисттик мааниге өтүп кетет. Бул адам Акаевдин доорунда Кумтөрдөгү “алтын маселеге” түздөн-түз катышып, эл ичине “сарыгуловшина” деген түшүнүктү жараткан. Эми байгамбар жашынан эчак эле өтүп калган курагында ушандай ыпластыкка ымаланганына коомубуз күбө болду. Ал эми “лидерлер” катары Кадыржан Батыров, Карамат Абдуллаева жана Иномжан Абдурасулов өзбек тилиндеги “Ош ТВ” менен “Мезон ТВ” каналдардан тынбай сепаратисттик ураандарын жайып турушкан. Улутчулдуктан (национализм) сепаратизм жаралат - бир союлдун эки башындай эле нерсе.

Чет элдик массалык маалымат каражаттары адегенде бул окуяны “геноцид” деген сөз менен чагылдырышты (бул сөздүн мааниси “тукумду куруту” деп чечмеленет). Анан бара бара “улуттар аралык жаңжал” (межэтническое столкновение) деген терминге өтүштү, себеби “геноциддин” негизги белгилери бизде орун албаганы дүйнөлүк коомчулукка билинди. Эксперттер анан Убактылуу Өкмөт өлкөгө маалымат согушун жарыялаган чет элдик медиаларга чара көралбай калды деп корутунду кылышты.

Бул кеп биздин бийлигибизге туура келет. Биринчиден, өлкөнүн журналисттерине бөгөт койгондун натыйжасы болду. Экинчиден, тышкы

иштер боюнча министрлигибизге маалымат таратууга уруксат берилген эмес (Р.Отунбаева бул тармакты бекем кысып турган). Үчүнчүдөн, 1990-жылдагы окуядан кийин журналисттер бул темага келгенде (межэтническая тема) оозун сүткө күйгүзгөн адамга окшоп, муздак сууну үйлөп ичип калышкан. Ал эми чет элдик журналисттер бизге "согуш жарыялашты" деген тыянак туура эмес, себеби чет элдик медиалар колдоруна тийген гана маалыматтарды иликтешкен (ал маалыматтарды сепаратисттик уюмдар даярдап беришкен). Кемчиликтерди алар эмес, өзүбүз жаратканбыз.

БУУнун Генералдык Ассамблеясы 2010-жылдын 21-сентябрында өткөн пленардык жыйынында "үчүнчү күчтөрдүн уюштурулган акциялардын барымтамасында калгандыгына толук негиздер бар" деп Оштогу окуя боюнча корутунду кылды. Бирок айтылган "негиздерди" эч ким жеткиликтүү түрдө ушул күнгө чейин көрсөтө албады. Түзүлгөн комиссиялардын отчетторунда бул жөнүндө (үчүнчү күчтөрдүн таасири) божомолдүү "версия" бар. "Бул маалыматтар документ түрүндө далилденген жок" деп Улуттук комиссиянын отчетунун "Үчүнчү күчтөр жөнүндө" деген бөлүмүндө жазылып турат [120].

Окуядан кийин өлкөдө мындай бир кеп жаралды - "Американын этникалык саясатына өтүп, "улуту кыргыз" дегенди жоюп, "кыргызстанец" деп жазылганы адилеттүү болот" деп сунуш түштү. Булар "американец" деген түшүнүктү бизге үлгү катары чапташты, мунун ылайыксыздыгы сезилгенден кийин, ишке ашпады, себеби француз улутундагы адамды "французец" деп жазганга барабар экенине эл түшүндү. Ойлонбой туруп бирөөнүн тонун жамынган адат "уйга жүгөн салгандай" болуп калат.

Ош окуялары өзбек улутундагы Кыргызстандын жараны Азимжан Аскаровдун "түйшүгүн" жаратты. Бул маселе дүйнөлүк масштабка чыгып, эки ачакей фактыны пайда кылды - биз тараптан бул адам соттолуп, жаза катары "пожизненный срок" алды, ал эми чет элдик тараптан АКШнын Мамдепартаментинин сыйлыгына татыктуу болду, Мындай сыйлыкты буга чейин Акаевдин доорунда "кыргыз демократиясынын атасы" болуп, Арка

деген жерде кылмышкер катары камакта (поселениеде) отурган учурунда Топчубек Тургуналиев алган эле.

БУУнун адам укугун коргоо комитети А.Аскаровду кыргыз бийлиги туура эмес жазалаган деп тыянак чыгарып, соттун чечимин жоюп салууну сунуштады. Ал 2010-жылдын 15-июнунда камакка алынып, 2011-жылы соттолгон. Күнөөсүн мойнуна албады. 2015-жылдын июль айында Американын өкмөтү буга “узник совести” (абийирдин туткуну) деген наамды берип, сыйлыкка чечим чыгарган. Кыргызстандын медиа каражаттары бул маселе боюнча адаттагыдай эки жаатка бөлүндү - мамлекеттик телеканал менен мамлекеттик гезиттер А.Аскаровду абактан чыгарбаш керек десе, мамлекеттик эмес медиалар БУУнун чечимин жана АКШнын сыйлыгын кубаттап, соттон бошотуш керек дешти. “Кыргызстан нарушил несколько статей Международного пакта о гражданских и политических правах, участником которых является” деп журналисттер ачык жазышты [121].

Кыргыздын бийлиги БУУнун чечимин тоотпой койду (ал кезде өлкөнү А.Атамбаев башкарып турган). Каршылык көрсөтүү иретинде 1993-жылы Чикаго шаарында кабыл алынган кыргыз-америкалык эки тараптуу кызматташуу келишимден Кыргызстан чыгып кетти. Бул ошол кездеги ажонун “волюнтаризмге” жетеленип калгандыгын белгиледи. А.Аскаров боюнча эл аралык уюмдарда иштеген юристтер иликтөө жасашып, анын кылмыш ишинен эл аралык стандарттарга жооп бере турган “далилдерди” (доказательства вины) табышкан жок. Биздин юристтерибиздин “далилдери” күмөндүү экенин алар тастыктап беришкен.

Мамлекеттик эмес медиалар бул фактыны ар тараптан чагылдырып беришти, бирок бийлик “көгөрүп” туруп алды. Ушундай “көк беттик” Атамбаевдин мүнөзүнө таандык экенине элибиз таңгалган. Ошол кездеги соттор болсо (сот инстанцияларынын баарысы) ажонун астында “жапа тырмактыкты” көрсөтүп турушкан. Бийликтен кеткенден кийин, бул адам “азыркы бийлик эч бир мыйзамды, Конституцияны сыйлабайт” деп арызданган [122]. Өзү болсо кыргыздын мыйзамын тебелеп, мунусу аз

келгенсип, дүйнөнүн мыйзамын тебеледи го (БУУ - бул бүтүн дүйнөнүн уюму). Мындай адамдарга карата кыргыздар “ыйманын жеген неме турбайбы” дешет.

2011-жылдын март айында АКШнын Мамдепартаменти Р.Отунбаевага “отважная женщина” деген премияны тапшырды. Ушундай күтүүсүз “жаңылыкты” укканы менен саясий куугунтукта жүргөн Өзбекстандын айымы Мутабар Таджиева 2009-жылы алган так ушундай премиясынан официалдуу түрдө “отказ” кылды. “Мне противно быть в одном ряду с женщиной, у которой руки в крови и которая давно заляпала черной краской свои былые положительные черты” деген сөздөрдү айткан [123]. “Руки в крови” дегени аша чапкандык дечи, Р.Отунбаева “жаңжалдын” персоналдуу автору эмес да, бирок кыргыз журтунда бул айымга “отважная женщина” деген статус берилген эмес, мына ушул жагы АКШ тарабынан “аша чапкандык” десек жаңылбайбыз. Окуядан кийин, ок атуулар басылгандан кийин, көкүрөгүнө “бронежилетти” (ок өтпөгөн күрмө) тагынып алып телеканалдын тасмаларына “подиумга” чыккандай болуп ары-бери басканы “отважная женщина” дегенден абдан эле алыс турган көрүнүш.

Азимжан Аскаровдун сыйлыгы болсо Америка тарабынан аша чапкандыкка жатпайт, себеби жөндөн жөн эле (текшерилбей, иликтенбей) берилген жок. БУУнун чечими да шашылыш түрдө чыгарылган жок, муну аткарбайм деген кыргыз бийлиги күмөндүү кадам жасап, дүйнөнүн коомчулугун астында жасады. Өлкөгө мунун кесепети тийбей койбойт. Дүйнөгө белгилүү сыйлыктардын тегерегиндеги чатактын тарыхы ушундай болду.

Азимжан Аскаровдун ишине дагы бир кайрылып айтсак, буга чекит коюла элек. 2019-жылдын 1-январынан баштап Кыргызстанда жаңы Кылмыш кодекси (Уголовный кодекс) күчүнө кирди. Ушуга байланыштуу иш Чүй областынын сотунда каралат деп белгиленди. Бул ишке кайрылгандын да себеби бар. Сегиз эл аралык адам укугун коргогон уюмдар Евросоюздун жогорку деңгээлдеги өкүлү Федерика Могериниге кат менен кайрылышты -

А.Аскаровдун ишин Кыргызстандын президенти С.Жээнбеков менен жолугушуу учурунда талкуулап чыгыңыз деп. Анан бул айым Бишкекке келгенде “иш талкууланyy стадиясында” деп билдирүү кылды. 2016-жылы Чүй областынын соту ишти кайрадан караган, бирок “пожизненный срок” деген чечимди күчүндө калтырган.

БУУнун адам укуктары боюнча Верховный комиссары Зейид Раад аль-Хуссей Кыргызстандагы областын сотунун чечими БУУнун адам укуктары боюнча комитетинин чечимине түздөн-түз каршы турат деп белгиледи. Бул жөнүндөгү маалыматтар Бишкектен чыккан “ResPublica” гезитине чыкты [124]. А.Аскаров коомго белгилүү инсан, кесиби боюнча сүрөт сабагы боюнча мугалим, укук коргоочу, 2010-жылга чейин 15 жыл Жалал-Абаддагы укук коргоо уюмун башкарган, милиция тарабынан кыйноо болгон фактылар боюнча иликтөөлөрдү жүргүзгөн. 2019-жылы Чүй областынын соту ишти дагы бир жолу карап, өкүмдү күчүндө калтырды. “Amnesty International” деген уюм буга мындай баа берди. “Мы снова наблюдаем торжество несправедливости в Кыргызстане. Что помешало властям выполнить свои обязательства согласно международному праву и Конституции страны в отношении узника совести Азимжана Аскарова. Краткий ответ на этот вопрос - это полное пренебрежение правами человека” [125]. 2020-жылы А.Аскаров түрмөнүн ооруканасынан коронавирустан каза болду.

2018-жылы Кыргызстандын бир мамлекеттик эмес гезити сезимди козгогон “заголовка” менен материалын чыгарды. “Кезектеги Ош-2020 окуясына даярдык башталдыбы?” деген кооптуу суроону койду [126]. Бул бийликтен кеткен үчүнчү ажонун аракеттерине байланыштуу айтылган суроо болду, себеби бул адам “жыгылган күрөшкө тойбойт” деген ылакапты ишке ашырды - “мен өлкөгө көп жакшылык алып келдим, журтту мендей эч ким башкаралбады, азыркы ажону кетирем” деп саясий кырдаалды курчута берди. 2019-жылдын июнь айында мунун аракети коркунуч туудурган учурга жеткирди. Атамбаевдин амбициясы чегине жетти.

Башка өлкөлөрдүн президенттери мөөнөттөрү бүтүп, бийликти сый-урматы менен өткөрүп бергенден кийин, саясатка колун салып, жаңы келген президентке "тигиндей кыл, мындай бас" деп акыл үйрөтүшпөйт. Мисалы, АКШнын президенти болгон Билл Клинтон "экс-президент" деген статусту алгандай кийин "саксофон" ойноп жатат, саясаттын оюндарынан өзүн алыс кармайт. Атамбаев деле андай аспаптарга жакын - гитараны мыкты чертип, лирикалык ырларды ырдайт. Ушуну менен чектелсе, бул дагы элдин сый-урматына ээ болмок. Бирок антпеди.

Өлкөдө саясий шарт өзгөргөнүн сезбеген саясатчынын максаты ишке ашпайт. Муну мезгил өзү тастыктайт. Үчүнчү ыңкылапты уюштурам деп, өзүнүн жеке менчик кызыкчылыгын астыга коюп, өзүнүн жеке бийлигин орнотом деген адамды эл колдобойт, "путч" жасайм деген немени кантип колдосун. Кыргызстанда диктаторлор орун албайт, Кыргыздарды ажолор өмүр бою башкарышпайт.

Ыңкылап кылууга жүйөлүү (кыямат сыяктуу) себептер керек экенин кыргыздардын тажрыйбасы көрсөттү. Эки жолку ыңкылаптан, эки жолку жаңжалдан өткөн өлкө катары биз Борбор Азияга үлгү болдук. Саясат жагынан да, президенттик системасы жагынан да чоң үлгү болдук. Дүйнөнүн коомчулугуна Кыргызстан ушунусу менен таанылып, адамзаттын тарыхынан өзгөчө орун алды. Мындайга чейрек кылымдын ичинде жеттик - биздеги эгемендүүлүктүн эң негизги натыйжасы так ушунда. Эми буга салым кошуп, "себепкер жана саяпкер" болгондордун бир ийри бөлүмү бул кыргыздын журналистикасы. Бизге "островок демократия" деген наамды эл аралык коомчулук "сөз эркиндиги жана ой эркиндиги" үчүн берген. Эркин түрдө жаралган (мамлекеттик эмес) гезиттер, эркин түрдө ачылган радио менен телеканалдар муну ишке ашырышты. Ийгиликтүү түрдө ашырышты. Бизди башкарган бийлигибиздин кадамдары ушул медиалардын кудуретине, реалдуу күчүнө жараша болду. Бул тарыхый чындык.

## 3.3. Электрондук маалымат каражаттарга тиешелүү мониторингдер (түштүк аймактардын отчеттору)

Электрондук маалымат каражаттарга тиешелүү мониторингдер 2000-жылы парламенттик жана президенттик шайлоого өз алдынча жүргүзүлө башталды. Ал мониторингдер телеканалдарды көзөмөлдөгөн - эки айлык мөөнөттө (шайлоо күнүнө чейинки “предвыборный марафондо” жана андан кийинки жыйынтык чыгаруу учурда). Мониторингдин көзөмөлүнө Бишкектеги жана областтардагы телеканалдар алынган. Эфирден кассеталарга жазылган материалдар атайын методикасынын ыкмалары менен иликтенип, жыйынтык чыгарылган. Андан кийин мониторингдер жалпы кырдаалга байланыштуу болду – 6 айлык, 1 жылдык, 2 жылдык убакыттарды камтышкан. Ушул мониторингдерден түштүк региондогу электрондук медиа каражаттарына тиешелүү материалдарды бөлүп, системалыштыралы. Мониторингдер орус тилде өткөн, аталыштарын ушу бойдон берели. Бир эле мониторинг кыргыз тилинде өттү, себеби кыргыз прессага арналган. Бир мониторинг англис тилине которулуп, жыйнак катары басылган - бул 2002-2003-жылдын мониторинги [127].

**Мониторинг электронных СМИ (Кыргызстан). 26 января - 20 февраля 2000 года (выборы в Парламент)**

Көзөмөл жүргүзүүгө Бишкек, Ош, Жалал-Абад, Каракол жана Нарын шаарларындагы телеканалдар алынды. Эфирге чыккан шайлоого тиешеси бар материалдарды көзөмөлдөөчүлөр кассетага жазып алып, методикалык ыкмалар менен анализдеп чыгышкан. Мындай методика бизге чейин бир топ өлкөлөрдө колдонулган. Биздин өлкөбүзгө ылайыкталган проект “Журналисттер” коомдук бирикмесинде жазылып, “Каунтерпарт Консорциум” деген эл аралык фондунун грантын уткан. Телеканалдын саясий программалары, жыңылыктары, рекламалык роликтери каралып, ар бир саясий партияга берилген убакыттын өлчөмү, авторлордун интоннациясы жана регламент бузулган учурлар иликтенген [128, 2-б.]. Оштон үч канал көзөмөлгө алынды - областтык мамлекеттик телеканалы, “Ош ТВ” жана “Керемет”. Жалал-Абаддан бир канал - областтык мамлекеттик телеканалы  [128, 5-б.].

### Мониторинг электронных СМИ (Кыргызстан). 2 октября - 29 октября 2000 года (выборы президента)

Бул дагы биринчи мониторингдин үлгүсү менен жана ошондой эле ыкмалар аркылуу аткарылды. Бул жолу Оштон дагы эки канал кошулду - “Ош 3000” менен “Пирамида Ош” (биригип 5 канал көзөмөлгө алынды). Жалал-Абаддан аталган мамлекеттин каналы калды. Эфирден 5 саатта берилген программалар жазылды (19.00 дон 24.00 чейин). Областтардан кассеталар жумасына эки жолу Бишкекке жеткирилип турду (самолет, автотранспорт аркылуу). Телеканалдардын тасмаларын карасак, президентке бир эле талапкер жөнүндө айтылганын көрөбүз - бул үчүнчү мөөнөткө шайланам деп чыккан Аскар Акаев. Мисалы, муну Ош аймагынан “Керемет”, “Ош ТВ”, “Пирамида - Ош” күн сайын берип турушту, бир гана “Ош 300” каналынын эфирине дагы бир талапкер Турсунбай Бакир уулу кошулду [129, 4-5-б.]. Бул мониторинг ошол учурда өлкөнү башкарган президент Акаевдин командасынын эки жүздүү аракеттерин чагылдырып, коомчулукка жеткирди.

Ошол жылдагы шайлоолор өткөндөн кийин, Акаевдин доорунда дагы үч мониторингдер өткөрүлдү (2002-2005-жылдарда). Биринчи мониторинг 2002-жылдан 2003-жылдары Сорос-Кыргызстан фонду каржылады. Экинчиси 2004-жылы, үчүнчүсү 2005-жылы АКШнын эл аралык өнүгүүнүн агенттиги ЮСАИДдин жардамы менен өттү. 2005-жылы алдыда өткөн мониторингдин долбоорун узартышты, буга кошумча шайлоо учурунда эки мониторинг өттү (ыңкылаптан кийин парламенттик жана президенттик шайлоолор болгон).

Чет элдик уюмдар (Сорос-Кыргызстан фондусу, ЮСАИД, ОБСЕ) мониторинг түрүндөгү долбоорлор коюлган максатына жетип, мындан ары бул өлкөгө ушундай “базалык” түрдөгү мониторингдердин (1 жылдык, 2 жылдык) кереги жок деп чечим чыгарышкан - ыңкылап өткөндөн кийин мындай иштин кажети жок дешти окшойт. Эксперттер болсо өткөн мониторингдерди жогору баалап, ушуну туруктуу түрдө дагы эки жылга улагыла дешти, бирок каржылаган уюмдар макул болушпады Кийинки төрт

жылда (2005-2009) мониторингдер өткөн жок (ММК тармагын айтып жатабыз). 2009-жылы президенттик шайлоого байланыштуу чакан түрдөгү мониторинг болду.

Чет элдик уюмдар бул жерде дагы бир ыңкылап болоорун билишпеди. Мындай нерсе эми кайталанбайт дешкен. Ушундай пикирдин таасири менен эң экстремалдуу учурларда (2010-жылы) медиа каражаттардын ишмердиги боюнча мониторинг болбоду. Анан бул маанилүү иш турукту түрдө 2019-жылы уланды.

Эми ушул мониторингдердин ичине кирген түштүк регионуна (Ош, Баткен, Жалал-Абад) тиешелүү материалдарды бөлүп, системалыштыралы. Ар бирин өз алдынча берели. Баарысы орус тилде түзүлгөн. Аткаруучу уюм "Журналисттер" коомдук бирикмеси (ОО "Журналисты"). Аталыштарын которбой, мазмунун кыргызча жеткирели. Хронологиялык ирет менен баштайлы.

**Мониторинг конфликтов и нарушений прав журналистов**
**и СМИ Кыргызстана (май 2002 - август 2003)**

Бул мониторинг бир жыл жана үч айдын өлчөмүндө (15 ай) өткөрүлдү. Көзөмөлдөө багыттарга бөлүнүп аткарылган. Жыйынтыкты (жалпы республика боюнча) фактыларга негиздеп, цифра түрүндө көрсөтөлү.

1. Журналисттерге кол салуу (10 жолу)
2. Журналисттерди кармоо (4 жолу)
3. Журналисттерди басмырлоо (5 жолу)
4. Журналисттерди сотко тартуу (45 жолу)
5. Маалыматты бербөө (8 жолу)
6. Маалымат таратууга тосколдор (29 жолу)

Эми ушундан түштүктөгү аймактарга тиешелүү жерлерин алып, аналитикалык жагын кошуп, багыттар боюнча системалаштырып берели.

**Кол салуулар жана мыйзамсыз кармоолор**

2002-жылдын 8-июнунда Таш-Көмүр шаарында "Азаттык" радиосунун Жалал-Абад областы боюнча корреспонденти Ырысбай Абдраимовду

жергиликтүү милиция кызматкерлери кармап, колуна “наручник” (кишен) салып, эки саат кармашкан. Диктофон менен техникалык каражаттарын алып коюшкан. Бишкектен телефон чалынгандан кийин, областтык милициянын өкүлү келип бошоткон. Ошол эле замат ал пикет өтүп жаткан жерге барып репортажын улады. Аппаратурасын Жалал-Абадка алып кетишкенинен, ошол жерге барып кайтарган - Бишкектен “бул мыйзамсыз иш” дегенден кийин кайтарышкан. Журналист депутат А.Бекназаровду колдогон пикеттин өтүшүн чагылдырган.

2002-жылдын 25-июнунда Жогорку сот журналист Самаган Орозалиевдин апелляциялык арызын кабыл албай койду. Буга чейин ал мамлекеттик телеканалда иштеп турган учурда “пара алды” деп камалган. Жалал-Абад шаарынын соту 9 жылга эркинен ажыратты. Журналист областагы электросеть ишкананын жетекчиси депутат Эргеш Торобаевдин иштери боюнча иликтөө жүргүзгөн. Ал кишинин баласы Бакыт Төрөбаев “бул журналист атама чогулткан компроматын жок кылууга менден акча сураган” деди. Эки жылдан кийин (2003-жылдын 4-январында) Ысык-Көл областындагы Аксы районунун соту С.Орозалиевди “ден-соолугуна байланыштуу” деп эркиндикке чыгарды.

**Маалыматты бербөө, аны алууга тоскол кылуу**

2002-жылдын 24-майында ачык түрдөгү сот процесси жүрүп аткан учурда, сот отурумунун төрагасы Болот Момбеков Жалал-Абад областындагы телекомпаниянын журналисттерин сот залынан чыгарып жиберди. Ошол күнү ошол жерден депутат А.Бекназаровдун иши каралган.

2002-жылдын 26-майында жол тармагын тейлеген мамлекеттик ишкананын жетекчиси Турусбек Токтосунов жергиликтүү журналист Ырысбек Зулумбековдун официалдуу түрдө берген кайрылуусуна жооп бербеди. Ал областагы жолдор жөнүндө сураган, чиновник болсо “менин эмгек ишмердигиме киришүүгө сенин акын жок” деп доогурунду.

2002-жылдын 8-августунда “Ош ТВ” каналынын студиясына үч киши кирип, “берүүңөрдү токтоткула” деп аппараттык бөлүмгө кирүүгө аракет

кылышты, бирок кызматкерлер буга туруштук беришти. Келгендер “өзбек тилинде эфирге чыкпагыла” деп талап коюшуптур. Студиянын монтажёру Ш.Мухитдинов каналдын жетекчисине рапорт жазды [130, 105-б.].

2002-жылдын 17-сентябрында Оштон мындай бир кабар келди. “Өзбекстандын бажы кызматкерлери “Голос Америки” деген радионун өзбек тилиндеги кызматынын корреспонденти Алишер Саиповду издеп жүрүшөт” деп. Ал өзүнүн бир репортажында “Өзбекстандын бажычылары пара алышат, анан Оштон Пекинге жеңилирек жетесин, Кокон менен Ташкентке салыштырганда” деген сынды айтыптыр. Кийин (2006-жылы) А.Саиповду Оштон белгисиз адамдар атып кетишти. Бул өзбек улутундагы эр жүрөк журналист Кыргызстандын жараны болчу.

2003-жылдын 3-мартында “Мезон ТВ” каналынын редактору Камиль Сатканбаев Ош областынын ГАИ кызматында “дежурный” болуп олтурган А.Жапаровго кайрылып, акыркы суткада канча “дорожно-транспортный” окуялар болгонун сураса, ал “мындай маалымат алыш үчүн кат түрүндө кайрылгын” деп сыртын салды. Буга чейин масс-медиаларга мындайды чектөөсүз эле берип турушкан. “Мезон ТВ” өзбек тилинде чыккан телеканал.

**Кыргыз бийлигине чет жактан келген каттар**

2002-жылдын 16-мартында президент А.Акаевдин атына Нью-Йорк шаарында жайгашкан “Хьюман Райтс Вотч” деген укук коргоо уюмунан кат келди. Бишкекте өткөн пикетке катышкандарды камакка алынганын сындап, кыргыз бийлиги жарандардын мүмкүнчүлүктөрүн тар кылып салганын наразычылык менен ажого айтышкан. Пикетке чыккандар “депутат Бекназаровду бошоткула, Кытайга берилген жерди кайтаргыла” дешкен.

Ушул эле окуяга байланыштуу белгилүү укук коргоочу Елена Боннер (академик Сахаровдун жубайы) Аскар Акаевге минтип кайрылды.

“Преследования инокомыслящих и свободной прессы, происходящие в стране, вызывающие серьезную обеспокоенность правозащитников, принимают форму несовместимую с декларациями о демократическом развитии республики. Разгон мирной демонстрации в Бишкеке подтверждает

эти опасения. Я не берусь судить правомерно ли изменение границ, против которого выступали митингующие. Но, беспорно, в демократическом государстве граждане имеют право на мирное выражение своего мнения. Я призываю Вас к немедленному освобождению всех задержанных во время этого митинга. Я призываю вернуться к демократическим нормам государственной жизни, к тем, с которых Вы более десятилетия назад начинали свой первый президентский срок” [130, 29-б.].

Бул сөздөргө комментарийдин кереги жок, бир эле жеке мамилеге жакын бир моментин айтып кетели. Акаев Советтер Союзунун убагында Москвада депутат болуп жүргөндө (Верховный Совет СССР) академик А.Сахаровду колдоп (ал да ошол жерде депутат болгон), аны менен жакындашкан, анын жубайы менен таанышып, баарлашкан. Ошол кезде Акаев, албетте, демократиялык имиджи бар инсандардын тобуна кошулуп, 20-кылымдын (бул 80-жылдардын экинчи бөлүмү болчу) алдыңкы адамы катары коомго таанылган. Мындай болбосо, Акаевди кыргыздар президенттик кызматка чакырышпайт эле да. Так ушуга байланыштырып, Боннер кат жазган - имиджди сакта, жарандарды баспа деген мааниде. Сактай албай калганын мезгил көрсөттү. Елена айым бул каты менен өзүнүн бийик инсандыгын дагы бир жолу далилдеди.

2002-жылдын 17-майында ОБСЕ уюмунун укук коргоо Бюросунун директору Жерар Штудман президент Акаевди өлкөдөгү саясий күчтөр менен диалог кылууга чакырды. “Тез түрдө чаралар көрүлбөсө, кырдаал көзөмөлдөн чыгып калышы мүмкүн” деп эскерткен. Ажо буга да тоотпой койду, ишенгени мамлекеттик катчылар жана генералдык погондорду алган “азаматтар” болгон. Булар ажону сактай албай калышты.

**Мамлекеттик жана коомдук уюмдардын демилгелери**

2002-жылдын 27-майында мамлекеттик телерадиокорпорациясында коомдук көзөмөлдөө кеңеши түзүлдү (Общественно-наблюдательный совет). Мындай кадамды бийлик Мамлекеттик комиссиянын (Аксы окуясын иликтөө үчүн түзүлгөн) сунушун аткаруу багытында жасады. 4-июнда жаңы

кеңештин биринчи жыйыны өттү, чечим орус тилинде жазылды. Анан мониторингдин дарегине мындай маалымат түштү.

“Принято решение о выработке проекта положения о статусе данного совета, для чего создана рабочая группа из семи человек, куда вошли Адахан Мадумаров, Кабай Карабеков, Абдыкадыр Султанбаев, Мар Байджиев, Кубан Мамбеталиев, Виктор Черноморец и Валентин Богатырев. Приглашенный на заседание председатель государственной телерадиовещательной корпорации господин Молдосеит Мамбетакунов в назидательной форме выразил свое принципиальное несогласие с госкомиссией по расследованию аксыйских событий, которая в своих выводах особо отметила “тенденциозность” в работе государственного телеканала” [130, 55-б.].

Бул жерде колдонулган “тенденциозность” деген сөз мамлекеттик каналдын ишине “көк беттик” дегенди маанилейт. Анан ушуга жеткирген М.Мамбетакунов кызматынан алынгандын ордуна, кеңештин мүчөлөрүнө тишин кайрып олтурганы элдин кыжырын ого бетер күчөттү. Кескин түрдөгү кайрылуулар айтылгандан кийин гана ажо бул адамды бошотуп, ордуна Майрам Акаеванын жакыны Токтобүбү Айтикееваны койду. Бул жарлык 2002-жылдын 18-июлунда чыкты, ал эми 11-ноябрда М.Мамбетакунов президент Акаевдин колунан “Алтын калем” (Золотое перо) деген премияны акчалай сыйлыгы менен (500 $) алды. Президенттик деңгээлдеги эки “стандарт” ушундай салтка айланды.

2003-жылдын 15-апрелинде юстиция министрлиги Кыргызстандын журналисттик профсоюзуна регистрациялык күбөлүгүн берди. Мунун уюштуруу иштерине Эл аралык журналисттик федерациясы финансалык жардам көрсөткөн. Бирок бул уюм өлкөбүздөн өзүнүн керектүү жана маанилүү ордун таппады, анан “Журналисттер” коомдук бирикмеси ийгиликтүү иштеп турган учурда, мындай профсоюздун кажети болбоду. Ошол жылы Эл аралык федерация Ош шаарынан жолугушууларды өткөрүп, мындай кайрылууну жасады.

“Важно обьявить о статусе журналиста. Мы сами должны определить критерии своей работы. Мы считаем неприемлемым, когда государство вмешивается во внутренние дела СМИ. В то же самое время, журналисты должны быть ответственны перед своими читателями, зрителями и слушателями за свои действия” деп айтылган. Эми ушундай “насааттарга” кыргыз журналисттердин муктаждыгы деле жок эле, себеби сунушталган нерселер ишке ашырылган. Чет элдик журналистикасынын ыкмалары боюнча, эркин сөз үчүн күрөшүүнүн дүйнөлүк тажрыйбанын тарыхы боюнча өлкөбүздө атайын тренингдерди жана практикалык окутууларды “Журналисттер” коомдук бирикмеси менен “Интерньюс” уюму бир топ жолу өткөрүшкөн.

Кесиптин негизги “критерийлерин” биздеги журналисттер жакшы эле билип калышкан. Кошумчаланган “кеңештердин” жана кошумча уюмдардын кереги жоктугу өзүнөн-өзү сезилди, ошондуктан журналисттер профсоюзунун келечеги болбоду. Ал эми 1998-жылдын күзүндө уюшулган “Журналисттер” коомдук бирикме ушул күнгө чейин бизде иштеп жатат. Бирикменин жаралышына ошол жылы соттун чечими менен кыргыз тилинде чоң тираж менен чыккан “Пайшамба” гезитинин жана орус тилинде чыккан “Лимон” гезитинин жабылышы түрткү болгон. Так ошол соттон кийин мындай бирикмеге журналисттер муктаж болушту.

## Бийлик жана масс-медиа

Аксы окуясынын кийин мамлекеттик телерадиоберүүкорпорациясын реформалайбыз деген ниет ишке ашпады. Муну бийлик саясий кырдаалдын курчуганына байланыштуу жана трагедиялык окуяны иликтеген мамлекеттик комиссиянын сунушу болгон үчүн ушул багытка (реформалоого) кадам жасады. Бирок реформаны тымызын түрдө тосколдуктарга (“саботаж” кылууга) бийлик өзү шарттарды түздү. Реформага керектүү жактарды бурмалап атып, ишти аягына чыгарышпады. Ушундай аракеттерге каршылык көрсөтүп, коомдук-көзөмөлдөө кеңештин курамынан Кубан Мамбеталиев чыгып кетти, андан кийин Адахан Мадумаров чыкты - “бул структура

кадимкидей эле “бутафория” экен” деп. Кийин, экинчи президенттин доорунда Адахан мырза мамлекеттик катчынын кызматын ээлеп калганда, өзү деле “бутафориялык” кадамды жасады. Коомдук телеканалды түзүүгө багытталган комиссиянын ишин башкарып туруп, болгон күчүн жумшап, борбордук телеканалды бийликтин колунда калтырды.

2002-жылдын 26-июлунда президент А.Акаев “Азаттык” радиосун кескин түрдө сынга алып, мындай сөздөрдү мамлекеттик резиденциясында өткөн “тегерек столдо” айткан. “Азаттык” требует свержения президента. Это просто информационный террор. Это стандарты от Запада, они финансируются оттуда. Эти стандарты вредят нам. “Азаттык” работает тенденциозно” [130, 64-б.]. Бул сөздөрдө калыстык жок. Биринчиден, провокациялык мааниде айтылган жери бар - “требует свержения” дегени. “Азаттык” мындай “талаптар” эч жерден айткан эмес, эфирге берген маалыматтарына мындай нерсе кирген эмес. Бул сөздөрдү оппозициялык кыймылдар айткан, бирок “кыйратуу” дебей, “отставкага кетсин” деп. Радио болсо оппозициянын курамына кирген эмес, медиа каражаттын милдетин жогорку деңгээлде аткарып, кыргыз коомунун астында объективдүү түрдө иштеп берип, эч кандай “тенденцияга” жакындабады.

“Тенденциянын” өзөгү ажонун өзүнөн чыгып турду. Бул тууралуу генерал Ф.Кулов минтип баа берген. “Почувствовав свою историческую востребованность, Акаев начал безбоязненно шельмовать радиостанцию “Свобода” (Азаттык), обьявив ее в информационном терроризме. Он явно переоценивает себя, считая, что теперь стал единственным гарантом сохранения авиабазы антитеррористической коалиции в аэропорту “Манас”. Конечно же, он понимает, что передачи “Азаттык” на Кыргызстан не прекратятся по его капризу, но, вероятно, надеется, что те поубавят тональность, перестанут ему мешать” [130, 64-б.].

Ооба, так ушундай максатка (радиого жүгөн салууга) Акаев умтулган, анан ызаасына чыдабай, адилетсиз сезимине жетеленген. Ошол жылы (2002) Аксынын жеринде “Азаттык” өзүнүн кесиптик жөндөмүн үлгүлүү түрдө

аткарып, журналистиканын тарыхына “жоокер” катары кирген. Ажонун алсыздыгын мезгил тастыктады.

Дагы бир нерсени белгилеп кетели, бул мониторингдин текстине кирген маалымат. Алишер Хамидов деген жаш журналист (өзбек улутундагы Кыргызстандын жараны) бир белгилүү сайтка провокациялык түрдөгү макаласын жарыялаган, аталышы мындай - “Юг Кыргызстана: нарастает угроза усиления межэтнической напряженности” деп [131]. 2002-жылы жазылган. Автор өлкөнүн түштүгүндө эки этностун (өзбек менен кыргыз) ортосундагы конфликт күндөн күнгө күчөп баратат деди. Ушуга байланыштуу бир катар “фактыларды” тизмелеп берди. Бирок жергиликтүү кесиптештери Хамидовдун “калпын” чыгарышкан - “келтирилген фактылардын көпчүлүгү орун алган эмес” деп. Анан алар биригишип (арасында кыргыз менен өзбек улутундагы журналисттер), авторго каршы экенин билдиришти.

2003-жылдын 22-мартында Жалал-Абад шаарында “ММКны колдоо борбору” деген уюм Кыргызстандагы АКШнын элчилигинин астында иштеген демократиялык комиссиянын финансылык жардамы менен ачылды. Уюмдун максаты жергиликтүү медиа каражаттарын колдоо жана жергиликтүү журналисттерди коргоо болгон. Уюмдун базасында семинарлар, тренингдер, курстар уюшулуп турду. Уюмдун ичинен журналисттерге техникалык жардам берилди - компьютер, интернет, электрондук почта, телефондук байланыш, факс. Так ушундай уюм мындан мурун Ошто ачылган - Ошский Ресурсный центр СМИ.

2003-жылдын 1-майында “Фридом Хаус” деген эл аралык уюм (“Эркиндиктин үйү”) өзүнүн изилдөөсүн жарыялады. Басма сөздүн эркиндиги толук түрдө бар деп 78 өлкө белгиленди (дүйнөнүн 20 %), толук эмес түрдө деп 47 өлкө бааланды (дүйнөнүн 24 %), ал эми басма сөз эркиндиги жок деп 68 мамлекет айтылды (дүйнөнүн 35 %). Кыргызстан ушул акыркы (“жок” делген) категорияга кошулуп калды [130, 92-б.].

Эми мындай иликтөөлөрдө фактылар ары-бери боло берет. Эгерде бизде ошол учурда (21-кылымдын биринчи беш жылдык маалында) басма сөз эркиндиги “жок” болсо, анда биздеги “биринчи ыңкылап” деле болмок эмес, биз коңшу мамлекеттердей эле болуп, ажообузду кайра-кайра шайлай берет элек го. Басма сөз эркиндиги болбосо, ажону сандан санга сындаган гезиттер кантип элге жетмек эле. “Фридом Хаустун” жыйынтыгы туура эмес, Борбор Азияны жалпылап, бизди ошонун ичине киргизип койгон.

Ооба, ал кезде “ыңкылап” боло элек мезгил (эки жылдан кийин болгон), бирок Аксы окуясы дүйнөгө белгилүү болгон учур, анан “ыңкылап” өзүнөн-өзү эле бир айда даярданып калбайт, ага даярдык 2002-жылы (Аксы окуясынан кийин) башталды, муну дагы тагыраак кылып айтсак, 2000-жылы Акаевдин үчүнчү мөөнөткө Конституцияны бузуп шайланганда башталган. Ага чейин ажо эсине келип экинчи мөөнөт менен чектелет деп эл күткөн, үмүт бар эле. Так ошол үмүт үзүлгөндөн кийин авторитардык бийликке каршы кыймыл жаралды, ошол кыймылдын алдынкы куралы катары басма сөз болду. Ушундай нерселерди эске албай “Кыргызстанда басма сөздүн эркиндиги жок” деп 2003-жылы жыйынтык чыгаруу ката болгону талашсыз.

Ошол жылдарда (2000-2003) бизде алдыңкы катарда туруп, бүтүн Борбор Азияга үлгү көрсөткөн гезиттер болгон - орус тилинде “ResPublica”, “Дело №”, “Моя столица-новости”, “Фергана”, кыргыз тилинде “Асаба”, “Кыргыз руху”, “Аалам”. Так ошол жылдарда “демократиянын аралы” деген түшүнүк биздин өлкөбүздө калыптанган, муну ошол эле эл аралык уюмдар айтышкан. Ооба, “ыңкылаптан” кийин Кыргызстанды экинчи категорияга кошушту (“басма сөз эркиндиги толук эмес түрдө бар” деп). Экинчи “ыңкылапка” чейин кайра ылдый түшүрүштү, анан “ыңкылаптан” кийин кайра өйдөлөтүштү. Ушинтип эле келе жатабыз - экинчи менен үчүнчү категориялардын ортосунда “туда-сюда” болуп. Эл аралык уюмдардын методикасы эскирип, арта калды, себеби кыргыздардын “ыңкылаптарын”

басма сөздөгү “эркиндик” деген түшүнүктүн контекстине аналитикалык көз караш менен киргизбей жатышат. Биздин “практикабыз” жаңы көрүнүштү эки ирет сунуштаса, алардын “теориясы” муну иликтөөгө жарабай турат.

2003-жылы 29-майында Бишкек шаарында “Журналисттер” коомдук бирикмесинин жетекчиси К.Мамбеталиев Улуттук кооптук кызматынын (СНБ) жамааты менен жолугуп, мониторингдин отчетуна кирген конфликттүү учурларды (СНБнын өкүлдөрү катышкан учурлар) белгилеп берди. Мисалы, Ош областындагы СНБнын башкармалыгынын кызматкери жергиликтүү бир орус улутундагы журналистти “вербовка” кылууга аракет жасаганы (тымызын түрдөгү кызматташууга) белгилүү болду. 2003-жылдын 30-майында мындай “аракетти” Алишер Саиповго жасашканы да билинди, муну журналист өзү мониторингдин дарегине маалымдаган. СНБнын жооптуу кызматкерлери менен жолугушууга мониторингдин материалдары негиз берди, “Журналисттер” коомдук бирикмесинин демилгеси себеп болду. Мындай жолугушуу буга чейин бизде болгон эмес, бирок мындан кийин да болбоду. Муну улантууга мониторингди так ушундай ыкма менен улантыш керек эле жана мониторингдин жетекчиси так ушундай демилгени ишке ашырыш керек эле. Кийинки мониторингдер башка ыкма менен жана кыска мөөнөт менен өтүп, пайдалуу тажрыйбаны улантпады.

2002-жылдын 29-сентябрында мониторингдин борборуна түшкөн бир кооптуу маалыматты айта кетели. Каттын автору өзүнүн аты-жөнүн ачыкка чыгарбагыла деп суранды, Өзбекстандын бажысынын кызматкерлеринен коркту. Улуту өзбек экен, ошол учурда Оштун ооруканасында жатыптыр. Суроолор болсо, Алишер Саиповго кайрылгыла деп, анан мобилдик телефонун жазып жибериптир. Окуя 28-сентябрдын түнкү маалында “Дустлик” деген чек арадагы постунда болгон. Бажынын офицери бул жаш жигитти сабаптыр, анан коркутуптур. Ушул жерден кийинкисин каттын текстти боюнча берели. Орус тилинде жазылган. “После издевательства он заявил, что у него “длинные руки”, что он послал в Ош двух человек, отсидевших в тюрьме, чтобы они нашли Алишера Саипова. Они избили меня

по ошибке, приняв за Саипова. Это доказывает, что жизнь этого журналиста находится под реальной угрозой” [130, 106-б.].

Бул окуя ушул бойдон калган жок. “Журналисттер” коомдук бирикмесинин жетекчиси эл аралык журналисттер Федерациясынын президенти Кристофер Уоренге кат менен кайрылып, Оштогу жаш журналисттин өмүрүнө коркунуч жаралганын маалымдады. Кристофер мырза ошол эле заматта Өзбекстандын президенти Ислам Каримовго эл аралык уюмдун атынан кат жазды. Ушунун орус тилиндеги вариантынан бир үзүндүнү келтирели.

“Международная Федерация журналистов глубоко возмущена инцидентом с журналистом, случившеимся на таможенном посту на границе Кыргызстана с Узбекистаном. Журналист был избит, ему угрожали тюремным заключением, потом освободили. По возвращении он был госпитализирован с переломами двух ребер. Это нападение мотивировано выступлением его коллеги Алишера Саипова, который через радио “Голос Америки” рассказал о коррумпированности узбекских таможенников. Во время инцидента “начальник” с таможни заявил, что уже послал двух людей, чтобы они нашли Саипова и расправились с ним. Международная Федерация журналистов настаивает на том, чтобы Вы провели расследование по этому факту и наказали тех, кто участвовал в избиении журналиста. Также мы просим об обеспечении безопасности Алишеру Саипову и всем журналистам, работающим в Кыргызстане”.

Мына, ушундай официалдуу түрдө кат орун алган [130, 13-б.]. Ислам Каримовдон журналисттердин Федерациясына жооп берилген жок, бирок Өзбекстандын бажы кызматкерлери ошондон кийин журналисттерге (өзбек улутундагы Кыргызстандын жарандарына) кол тийгенди токтотушту.

2003-жылдын 15-сентябрында Ош областынын Кара-Суу районундагы суу каналынан журналист Эрнис Назаловдун денеси табылды. Милициянын версиясы боюнча, бул сууга чөгүп каза болгон экен. Ата-энеси

баласы киши колду болуп өлгөнүн айтышты. Бирок алар “эксгумацияга” уруксат беришпеди, ушуга байланыштуу иш жабылуу бойдон калды.

Мониторингдин отчетуна тиркеме (приложение) катары дагы бир документ киргизилген. Бул Жогорку Кеңештин ошол кездеги мыйзам чыгаруу палатанын (Законодательное Собраниенин) спикери Абдыганы Эркебаевге, өлкөбүздүн коомчулугуна жана массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрүнө жиберилген кайрылуу болчу. Копиясы Бишкектеги элчиликтерге жана эл аралык укук коргоо уюмдарына. Кайрылуунун авторлору - Чынара Жакыпова жана Толекан Исмаилова. Орус тилинде жазылган. Үзүндүсүн келтирели.

Обращение

Мы обеспокоены складывающейся ситуацией, неспособностью власти к диалогу с представителями гражданского общества по выходу из кризиса. Власть вновь начала информационную войну против правозащитников и активистов гражданского общества Кыргызстана. Ответственность за аксыйскую трагедию возложена на них. Мы просим Парламент Кыргызской Республики во избежание нарастания конфронтации между властью и гражданским обществом рассмотреть данный вопрос на заседании соответствующих комитетов Законодательного Собрания Жогорку Кенеша и дать соответствующую оценку. Мы намерены также обратиться к общественности Кыргызстана и международным организациям для начала широкомасштабной кампании по защите правозащитников и представителей гражданского общества [130, 117-б.].

Инсандардын ушундай кайдыгерлик эмес кадамдары коомдун пикирин курчутуп, туура эмес жолго түшүп алган ажонун бийлигин тизгиндөөгө шарттарды жаратты. Ушундан улам элдин эрки чыңалып, авторитаризмдин тамырын үзүүгө 2005-жылы жеткирди.

Эми бул мониторингдин (2002-2003) отчету 2003-жылдын 19-июлунда мамлекеттик резиденциясынын чоң залында өткөрүлгөн Партнердук форумда “Журналисттер” коомдук бирикмесинин төрагасы айткан сөзү

менен камтылат. Докладдын аталышы - “Прозрачность власти и ответственность СМИ”. Автору - К.Мамбеталиев. Тексттен үзүндү.

“Приведу образцы ответственности (или безответственности) в работе представителей как государственного органа, так и гражданского сектора. В марте 2003 года начальник милиции одного из районов требует от общественного фонда представить информацию о печатной продукции согласно Постановления Правительства Кыргызской Республики от 14 января 2002 года, № 20. Казус в том, что данное постановление отменено Указом президента в мае 2002 года, то есть 10 месяцев назад. Получился “поручик Киже” (форма есть, мозгов нет). А вот пример из противоположной стороны. 10 июля 2003 года по электронной почте деятель одной из неправительственных организаций распространяет письмо, где пишет две абсурдные фразы: первая - “если бы кыргызский офис ОБСЕ все эти годы возглавлял Ежи Венцлав, то власть не пошла бы на расстрел мирной демонстрации”; вторая фраза - “практическое бездействие ОБСЕ во время Аксыйских событий по сути является одной из причин гибели кыргызстанцев”. Как видите, это тоже очень близко к “поручику Киже” (фразы есть, мозгов нет). Комментарии не нужны” [130, 121-б.].

Ооба, мындай тексттерге комментарийдин кереги жок, буларды бир гана констатация түрүндө белгилеп койсоң, жетиштүү болот, себеби субъективдүү жана тенденциялык жактары алдыга чыгып, конструктивдүү полемикага негиз бербейт. Ушу менен бул мониторинг боюнча иликтөөнү аяктайлы. Көлөмдүү отчеттон (А-4 форматында 127 барак) биз түштүк аймактары боюнча материалдардан электрондук медиа каражаттарына тиешелүү фактыларды алып, чоң резонанстарды жараткан көрүнүштөргө анализ кылдык. Басма сөздөгү масс-медиаларга тиешелүү жактарын изилдеш үчүн, өз алдынча диссертация жазылышы керек деп айта кетели. Кийинки мониторингдин отчетуна өтөлү.

**Кыргызстан: Защита демократических принципов свободы слова в странах Центральной Азии. Мониторинг**

**(Январь - Декабрь 2004 года)**

Финансылык каражаттарын «ЮСАИД» эл аралык уюму камсыздады. Бул жолу проект бир методика менен төрт жерде өткөрүлдү - Казакстан, Кыргызстан, Тажикстан жана Өзбекстанда. Негизги максат - ачык граждандык коомду өнүктүрүү жана анын ар тараптуу, көз карандысыз маалыматты алууга укугун ишке ашырып, сөз эркиндиктин демократиялык принциптерин Борбор Азия регионуна бекемдетүү. Кыргызстан тарабынан муну да "Журналисттер" коомдук бирикмеси өткөрдү.

Бул мониторингдин Кыргызстан боюнча 2004-жылдын цифралары мындай болуп чыкты. Түшкөн маалыматтардын саны - 262. Мунун ичинен 100 маалымат өлкөдөгү саясий, социалдык, административдик жана укуктук өзгөчөлүгүнө таандык. 134 маалымат - журналисттер менен масс-медиалардын укуктарынын түздөн-түз бузулушу боюнча, 27 - конфликттер жана журналисттерге коюлган күнөөлөр, 1 маалымат - "клевета".

2004-жылдагы өлкөдөгү масс-медиаларды карасак, булардын структурасы мындай болгон: басма сөздөгү - 132, электрондук - 51. Мамлекеттиктер - 87 (47 %), мамлекеттик эместер - 96 (53 %). Борбордогу медиалар - 29 %, региондордо - 71 %.

Кыргызстандын Конституциясы "цензурага" чекит койгон, анын 65-беренесинде так жазылып турат - "не допускается принятие законов, ограничивающих свободу слова и печати" деп. Бирок ушуну менен бирге өлкөдөгү мыйзамдар системасында "публичные персоны" деген түшүнүк жок, ошондуктан бийликтин өкүлдөрү журналисттерге жана медиа каражаттарга каршы доо арыздарын сотко катардагы эле жарандар сыяктуу беришкени күнүмдүк адатка айланып калган. Бул жагын алсак, Кылмыш кодексинин 127 (клевета) жана 128 (оскорбление) беренелери бийликтин аткаминерлерин сындагандарды (журналисттерди) талкалаганга өзүнчө бир "хрестоматиялык" курал болуп берди. Жөнөкөй жарандар бийликти сындаса ооз эки түрдө сындашат, ал эми журналисттер бул ишти басма сөз (печать) жана эфир аркылуу (радио менен ТВ) аткарышат, демек бул "публичный"

сын, анан булар жөнөкөй жарандарды сындашпайт (мамлекеттин камчысын кармап, өлкөгө зыян келтиришпесе, эмнеге сындашмак эле), жок, журналисттер публичный түрдөгү сынчылар катары публичный түрдөгү бийликтин адамдарын сындашат. Коомдогу тартип ушундай - журналист менен чиновник дүйнөгө жаралгандан бери ушундай.

Дагы бир нерсени белгилеп кетели, бул Граждандык кодексиндеги 18-берене (защита чести, достоинства и деловой репутации). Так ушунун негизинде доо арыздардын көбү чиновниктерден түшөт, анан бул тенденция ошол учурда (Акаевдин доорунда) жылдан жылга өстү. Мисалы, 2000-жылы сотко 4 доо арыз түшсө, 2003-жылы арыздар үч эсе көбөйдү. Журналисттер менен медиа каражаттардын үстүнө түшкөн арыздарды айтып жатабыз. 2000-жылы арыз бергендердин ээлеген кызматтарын атасак, жалаң гана бийликтин адамдары - депутат, КРТКнын башчысы, СНБнын кызматкери. 2003-жылды карасак - ички иштер боюнча министр жана премьер-министр (Николай Танаев). Мониторингдин отчетунда айтылгандай, мындай “прогресс” өлкөбүздө мурун болгон эмес [132, 5-б.].

Бир тактоо киргизели - “буга чейин мындай болгон” деп. 20-кылымдын 90-жылдарында журналисттерге карата доо арыз ажонун деңгээлине чейин көтөрүлгөн, бирок ажо сотко арызды өз колу менен жазган эмес, адвокатка жаздырган. Ошонун негизинде “ответчиктер” (журналисттер) жоопко тартылышкан - “ResPublica” гезитинин редактору жана эки автор. Доонун ээси Аскар Акаев ошол кезде ажонун экинчи мөөнөтүн аткарып жаткан.

Аксы окуясынан кийин (2003-жылы) атайын мыйзам кабыл алынып (ажонун ишмердиги жөнүндөгү мыйзам), президентти коргоо иретинде доо арызды бере турган укук башпрокурорго берилген (милдет түрүндө жүктөлгөн). Акаев муну, албетте, өзүнүн кызыкчылыгына киргизген, бирок пайдаланганга үлгүрбөй калды (себептерин өз алдынча айтып беребиз), ал эми ордуна келген Курманбек Бакиев мыйзамдын бул жерин пайдаланбады, ага мындай арыздын кереги да жок болуп чыкты, себеби басма сөздү басууга башка жолдорду тапты. Ажонун кезеги Алмазбек Атамбаевге келгенде, так

ушул мыйзамдын так ушул жери негизги куралга айланды - башпрокурордун колу менен журналисттер менен медиа каражаттардын үстүнө доо арыздар жамгырдай жаады. Ушул “жамгырды” төртүнчү президент Сооронбай Жээнбеков токтотту - мыйзамдын жанагы беренеси жокко чыгарылды (бул жөнүндө үстүдөн айттык).

2004-жылы өлкөбүздө бир кызык көрүнүш пайда болгон. Талдап берели. Акаев ошондо Жогорку Кеңешке жаңы закондун долбоорун демилге кылды, аталышы мындай - “О внесении изменений и дополнений в некоторые законодательные акты Кыргызской Республики”. Ушунун негизинде Кылмыш кодексинен “клевета” менен “оскорбление” деген беренелер (127 менен 128) алынмак. Бул ишке ашса, анда “публичный” түрдө айтылган же жазылган сынга журналисттер жооп бербей калышмак.

Ажонун максаты боюнча журналисттерди жоопко тартуу укукту аткаминерлерден ажыратып салуу болгон, себеби мындай укук бир гана өзүнө калмак (башпрокурордун колу менен) - ажонун ишмердиги боюнча мыйзам козголгон эмес, бул 2003-жылы кабыл алынганын айттык. Ажонун жаңы демилгеси максатына жетсе, өлкөгө жакшы эле болмок, себеби ажо менен чогуу чиновниктердин баарына мындай укукту берүүнүн кажети жок эле, ажо менен ушундай “дистанциядан” жарышка түшүүнүн кереги жок эле. Ооба, бардык жактан сөз эркиндигине жеңилдик кирмек, бирок ажонун аракети четке кагылды - депутаттар ажодон түшкөн закондун долбоорун карабайбыз деп чечим чыгарышты. Депутаттардын пикирлерин карайлы.

“Акаевдин демилгеси Конституцияга каршы экен, себеби өлкөнүн жарандары өздөрүн журналисттерден коргош үчүн сотко доо арыздар менен кайрылалбай калышат” деген шылтоону айтышты. Депутаттар жеке өздөрүн ойлоду, өлкөнү ойлошсо, анда ажонун Конституцияны бузган кадамын сындашмак эле (үчүнчү мөөнөткө шайланганын). Ажо болсо депутаттардын каршылыгына эч нерсе дебеди - “мейли, буларга жакпай калса мейли” деп тынчыды. Ооба, кеп жөнөкөй жарандарда эмес эле, кеп “жөнөкөйлүктүн” артына жашынган “публичный” жарандарда эле. Депутаттар өздөрүнүн доо

арыздары менен эң эле жаман “үлгүнү” көрсөтүштү. Жөнөкөй жарандар журналисттер менен медиа каражаттарга каршы сотко арыз жазышпайт, себеби жөнөкөй жаран журналистика үчүн сындай турган объект эмес. Мындай адамдарды (маленькие человеки) Чехов менен Гоголь гана көркөм аңгемелеринде сынга алышкан. Журналистика болсо көркөм адабият эмес.

Депутаттардын доо арыздары орун алганынын мисалы катары бир окуяны келтирели. 2004-жылдын апрель айында депутат Ишенбай Кадырбеков тележурналист Эркин Туралиевди сотко берди, ал “Эркин Тоо” деп аталган автордук программасында (КООРТ каналынан чыкчу) бул депутаттын иш-аракеттерин сындаган. Сот чечим чыгарып, журналистти 30 миң сом (ошол кезде 750 $) штрафка жыкты.

Бул жалгыз мисал эмес. Депутат Тажиниса Абдурасулова ошол эле жылдын май айында “Жаңы заман акыйкаты” гезитине чыккан макаланын автору Б.Калыбековду сотко берем деп, гезиттин редакторуна кайрылган - “опровержение кыл” деп. Ал болсо “менде далилдердин баарысы бар” деп антпеди. Тамеки эккен дыйкандарга депутат айым эмгек акыларын төлөбөй коюптур, гезиттин автору так ушуну жазыптыр.

Дагы бир депутат Давран Сабиров “Учкун” гезитине каршы сотко доо арыз менен кайрылып, 5 миллион сомду (ошол кезде 116 000 $) редакциядан жана 1 миллионду (23 200 $) автор К.Жамгырчиевден доолаган. Макалада депутат Оштогу газ тараткан мекемеге жетекчи болуп турган мезгилдеги иштери сынга алынган. Анан ушуну ал “ущемление чести, достоинства и деловой репутации” деп баалаптыр.

Ушундай депутаттардын доо арыздары жайнап калган учурда, ошол депутаттардын спикери А.Эркебаев адилеттик кадам жасаганы элдин эсинде калды. Ал журналист Э.Туралиев боюнча Палатанын атынан сунушталган токтомдун долбоорун четке каккан - “мен сөз эркиндигин сыйлаган адам катары, эч качан пресса менен соттошпойм” деп. Өтпөй калган чечимге ылайык мындай кадам жасалмак экен - “Законодательное Собраниени дискредитация кылган үчүн тележурналист Э.Туралиевди депутаттардын

ушул палатасынын атынан сотко доо арыз менен спикер кайрылышы керек” дешти. Өзүнчө эле бир ультиматум, бирок мында логика жок, себеби журналист бүтүндөй бир Палатаны сындаган эмес, ал тарапка бир дагы сөз айтылган эмес, сындын баары конкреттүү болсо - бир гана депутаттын дарегине. Бул жерде И.Кадырбеков өзүн парламентке барабар кылууга аракеттенген - “депутат и Палата есть близнецы-братья” дегендей кеп. Спикер болсо, мындай эки “стандарттын” жолуна түшпөдү.

2004-жылдын 9-декабрында А.Акаев мамлекеттин телеканалы аркылуу мындай сөздөрдү айтты. Орус тилинде. “Вслед за выдвижением кандидатов в депутаты развернется предвыборная агитация. Крайне важно исключить в ней разгул “грязных политтехнологий”, разоблачить демагогию, популизм, попытки использовать предвыборную кампанию в целях внесения в общество элементов гражданской розни и противостояния. Велика в этом вопросе роль средств массовой информации. Без преувеличения можно сказать, что для них в республике созданы условия, отвечающие общепризнанным демократическим нормам. Не отказывая печатным и электронным органам СМИ в праве на агитацию за тех или иных кандидатов, общество в то же время вправе ожидать, что журналисты в своей деятельности останутся в демократическом русле, будут решительно отторгать поползновения на использование в предвыборной борьбе грязных приемов, дезинформации и откровенного шельмования неугодных им кандидатов” [132, 19-б.].

Кандай гана кереметтүү сөздөр, муну парламентке кезектеги шайлоо болор жылдын астында айткан. Албетте, туура сөздөр, жакшы сөздөр, бирок ушунун баарысы (ыпластыктар) оппозиция тарабынан эмес эле, бийлик тарабынан ишке ашты. Ажо айтканын төгүп-чачпай өзү аткарды. Парадокс. Коомго коркунуч алып келе турган нерселердин баарысы ишке ашты. Ажонун командасы ашырды. Мисалы, “грязные политтехнологии” дегендин Акаев айтып берген деталдары шайлоо учурунда толук бойдон орун алды. Ажого жардам бериш үчүн ошондо чет жактан тажрыйбалуу

“политтехнологдор” келип, бул жердеги кесиптештерге баалуу кеңештерин берип турушту. Ажонун айтканы чиновниктерге алдын ала берилген “инструкция” катары сезилди, себеби ажо “былык менен чылыктарга” каршы бир дагы кадамды жасабады, тескерисинче, буга “удобный” талапкерлерди Парламентке өткөрүп, авторитардык бийлигин узартууга умтулду.

2002-2004-жылдарда Кыргызстанда журналисттер менен медиа каражаттарына каршы 69 кылмыш (уголовный) иши козголду. Мунун баарысына чиновниктер “доочу” болушту. 2004-жылдын июль айында өлкөнүн масс-медиа өкүлү (медиа-представитель) юрист Шамарал Майчиев мындай сунушту киргизди - “в целях защиты журналистов и СМИ Кыргызстана от исков высокопоставленных чиновников необходимо ввести правовую норму для людей, занимающих публичные должности” деп [123, 30-б.]. Ооба, бизге “Закон о опубличных персонах”деген нерсе керек эле, бул азыр деле керек. Мисалы, АКШда ушундай мыйзам болгону үчүн, ал жерде аткаминерлер эч качан журналисттер менен соттошпойт.

2004-жылдын 3-мартында мониторингдин дарегине Ош шаарынан бир маалымат түштү. Ошол жерде иштеген жаш журналист Станислав Полищук өзүнө тиешелүү СНБнын кызматкери тарабынан жасалган аракетин айтты. “Я обратился к сотруднице СНБ Айнуре Шамшиевой с просьбой получить комментарий по вопросу религиозного экстремизма. Она предложила мне взамен давать ей на просмотр мои материалы до выхода их в печать и эфир. Я ответил ей, что она не имеет права быть мне цензором” [132, 42-б.].

2004-жылдын 25-январында Акаев Ошко келип, мамлекеттик администрациясынын имаратындагы чоң залында жергиликтүү коомчулук менен жолугушууну өткөрдү. Бул жерге мамлекеттик эмес медиа каражаттардын корреспонденттерин киргизбей коюшту, алардын арасында “Свобода” менен “Голос Америки” деген радиолордун өзбек тилиндеги кызматкерлери бар болчу.

2004-жылдын 16-сентябрында “Kyrgyz.us” деп аталган информациялык порталга “хакер” чабуул жасап, мунун “серверин” жараксыз кылыптыр.

Ошол жылы Кыргызстанда бул портал эң популярдуу болгон, буга киргендердин саны боюнча өлкөдөгү сайттардын алдына чыккан. Порталдын уюштуруучусу АКШнын Калифорния штатына "саясий качкын" катары көчүп кеткен Улан Мелисбек болгон. 2005-жылдын март айындагы ыңкылапта так ушул портал Бишкекте болуп жаткан окуяны түздөн-түз коомчулукка саат сайын чагылдырып турду. Кийин (экинчи президентин доорунда) Улан мырза Бишкекке кайтып, чиновниктердин тобуна кирген. Порталын жапкан. Анан бийликтин камчысын чаап, мамлекеттик эмес интернет ресурстарын тизгиндөөгө аракет жасады, бирок максатына жетпей, коомчулуктун каарына калды. Бийлик алмашкандан кийин (Бакиев кеткенден кийин) мамлекеттик кызматынан ажырап, чет өлкөгө кайра чыгып кетти.

2004-жылдын 14-октябрында Ош шаарынын соту Оштун ресурстук борбору тонолгону боюнча козголгон кылмыш ишин караган учурда, "Мезон ТВ" каналынын кызматкерин сот залынан Адил Базарбаев (судья) чыгарып жиберди - "кылмышкер деп күнөө тагылган адамдарга бул журналисттер негативдүү түрдө таасир этет экен" деген шылтоо менен.

Кийинки мониторинг мурункунун шарты менен 2005-жылдын башынан башталды, ошондой эле аталышта жана ошол эле төрт өлкөнү камтып. Бирок бир чоң айырма чыкты - Кыргызстанда ушул жылы биринчи ыңкылап жаралып, Борбор Азияга күтүлбөгөн "жаңылык" болду. Ыңкылапка байланыштуу экстремалдуу окуялар хроникалык түрдө белгиленди - мониторингдин дарегине жер жерлерден (өлкөнүн жети дубанынан) келген маалыматтар чогулду. Ушул мониторингдин отчётуна көңүл буралы.

**Кыргызстан: Защита демократических принципов свободы слова в странах Центральной Азии. Мониторинг. (Январь - декабрь 2005 года)**

2005-жылдын июль айында Курманбек Бакиев өлкөнүн экинчи президенти болуп шайланды. "Кыргыз Республикасында коррупция менен күрөшүү боюнча Мамлекеттик стратегия" иштелип чыгып, ошону ишке ашырууга чаралардын планы түзүлүп, 13-пунктунда тапшырма иретинде

жазылган - жылдын аягына чейин “Улуттук телерадиоберүү корпорациясы” өзгөрүп, “Коомдук кыргыз телерадиоберүүкомпаниясына” айлансын деп.

Жылдын аягында К.Бакиев эки жарлык чыгарды. Биринчиси менен “Ош 3000” деп аталган областагы мамлекеттик телеберүүнүн базасында Эл ТР деген коомдук телеканал түзүлдү (общественное телевидение - Эл ТР). “Эл” деген элдик. Экинчи жарлыкта мамлекеттин борборундагы эки гезит (“Слово Кыргызстана” менен “Кыргыз Туусу”) жана областтардагы мамлекеттик гезиттер бийликтин тизгининен бошотулуп, акционерлик тартипке өтүшсүн деген. Муну аткарыш үчүн Өкмөт атайын бир жобону иштеп чыгыш керек эле.

Бул жарлык аткарылбады, себеби ошол кездеги премьер-министр Ф.Кулов аталган эки гезиттин редакторлорун алмаштыруу менен чектелди. Жобо жазылган жок. Анан бир областтык гезиттин жамааты “биз акционер болбойбуз, биз мурунку тартип менен иштейбиз” деген чечимди Бишкекке жиберет. Албетте, мындайга губернатор “ыраазы” болгон. Анан ушундай жамааттын чечими менен ажонун демилгесин басып коюшту. Ажо каршы чыкпады, тескерисинче, ыраазы болгондой сезилди. Ушул факты боюнча айтып кеткенбиз, бул жерден кошумча деталдарды бердик.

2005-жылы Бакиев мурунку ажого оппозиция болгон журналисттерди элчи кылып, чет өлкөлөргө жиберди - “ResPublica” гезитинин редактору Замира Сыдыкованы АКШга, “МСН” гезитинин баяндамачы Рина Приживойтти ОБСЕге. Александр Ким болсо, соттун чечими менен “Вечерний Бишкек” гезитин кайрып алды (бул гезитке Акаевдин күйө баласы ээ болуп калган). Албетте, аталган журналисттер Бакиевдин бийлигин колдоп беришти. Ооба, адегенде (2005-2006-жылдарда) бул бийлик элге жакшы көрүнгөн - “мына, эми биз оңолобуз, эми мурунку ыпластыктар кайталанбайт” деген пикир пайда болгон.

Бирок эки жылдан кийин жаңы келген бийликтин былыктары чыга баштады, ажонун уулу Максим менен иниси Жаныш өлкөнү жарга такашты - бири коррупциялык схемаларды өркүндөттү, экинчиси “полицейский

тартипти” орнотту. Ажонун кол алдында калган мамлекеттин медиа каражаттары эски ыкмаларын жандандырып, мурунку калыбын табышты. Оппозициялык күчтөр кайра чогулуп, ажого каршы аракеттерин кайра башташты. Бакиев менен Акаев элге бир жерден чыккан өсүмдүктөй сезилди. Бул жолу да тирешүү үч жылга созулуп, аягы ыңкылап менен бүттү.

2007-жылдын 27-декабрында “Интерньюс-Кыргызстан” уюмунда Улуттук телерадиоберүүкорпорациясын реформалоо үчүн жазылган мыйзамдын долбоорун депутаттар менен коомдун өкүлдөрү талкуулашты. Бул долбоорду Жогорку Кеңеш биринчи кароодон (первое чтение) өткөргөн, бирок дагы бир толуктоолор менен өзгөрүүлөрдү киргизүүгө ачык эле. Эксперттер корпорациянын жетекчисин ажонун жарлыгы менен бекитүү көз карандысыздыкты камсыздабайт дешти. Анан толук түрдөгү коомдук телеканал Улуттук корпорациянын базасында түзүлүшү керек, Ошто түзүлгөн «Эл ТР» мындай милдетке жарабайт, себеби бул мамлекеттик телеканалга жанаша эсперименталдык модель катары иштегени туура эмес, дүйнөдө бизге окшош вариант жок экен. Ушуну негизги кемчилик деп белгилешти.

Бийлик өзүнүн вариантын өзгөртпөдү, себеби ошол жылдын күзүндө пайда болгон саясий кризистен чыгып, оппозициялык күчтөрдөн коркпой калган. Оппозиция тараптан Бакиевдин командасына Алмазбек Атамбаев келген (Ф.Куловдун ордуна), ошол жылы борбордун аянтына ажого каршы чыккан күчтөрдөн накта лидери болбой калган - лидердин милдетин Ф.Кулов аткарып берет деген элдин үмүтүн бул генерал өзү үзүп салды (эл күткөн жерге келбей койду).

Ал эми областтык масштабда жаралган “Эл ТР” ошол учурда өзүнчө бир “көшөгөнүн” (ширма) ролун ойноду, кийин аны деле мамлекеттик медиа каражатына айландырышты. Мониторингдин отчетунда ушуга байланыштуу бир аналитикалык тыянак айтылган. Орус тилинде. “Организованное на базе ошского областного телеканала “Ош 3000” “Общественное телевидение - ЭлТР” является пародией на общественное телевидение” [133, 9-б.]. Муну

ошол кездеги Жогорку Кеңештин депутаты маркум Мелис Эшимканов айткан эле. Бул инсандын пикири боюнча Кыргызстанда коомдук телеканал сөзсүз түрдө бир гана Улуттук телерадиокорпорациянын ордуна түзүлүш керек эле. Бир гана ушундай вариант керек, башкалардын баарысы орунсуз деген. Ооба, мезгил “Эл ТР” кандай болуп калганын көрсөттү.

Бир жылдан кийин М.Эшимканов атайын топтун мүчөсү катары Финляндия менен Эстонияга барып, ошол мамлекеттерде коомдук каналдар кандай тартипте иштегенин көрүп келген. Экинчи ыңкылаптан кийин толуп турган курагында оорудан көз жумду. Мелис мырза журналистиканын тарыхына эң мыкты редактор катары кирген, 20-кылымдын 90-жылдарында “Асаба” гезитин жаратып, анын нускасын (тиражын) бийик деңгээлге көтөргөн. Ошол гезит эгемендүүлүктүн “биринчи карлыгачындай” болуп келип, анан Акаевдин бийлигин кулатууга зор салымын кошкон. Айласын таппай калган учурда, республиканын совет доорундагы көп жылдык жетекчиси (Компартиянын лидери) Турдакун Усубалиев ажого көмөктөштү. Ошол кезде ал аксакал Жогорку Кеңеште депутат эле, Эшимкановдун гезитин сотко берген - “мени кемсинтип, моралдык зыян тийгизди” деп. Мындай доого себеп гезиттин бетине чыккан сын макала болгон, ал жерде Т.Усубалиев сындалып, макаланын аягына “ит өлөөрүндө кабанаак болот” деген кыргыздын фольклорундагы лакап жазылыптыр. Так ушул фольклор доо арызга негизги аргумент болду, сот болсо муну кабыл алып, гезитке чоң суммадагы штрафты салды.

Мониторингдин отчетуна кайрылалы. 2005-жылы журналисттерге каршы кол салуулар 12 жолу орун алган. Ыңкылап болгон күндүн түнүндө “Московия-3” деген каналдын (Россиядан келип, репортаж берип атышкан) журналисттерине мародерлор баскынчылык кылышты. Ошол эле түнү “Ren-TV” каналдын (бул да Москвадан келген) кызматкери Леонид Канфердин мобилдик телефонун мародерлор тартып алышты. 24-май күнү күндүз “КООРТ” телеканалдын оператору Дмитрий Павловду пикетке чыккан адамдар сабап, видеокамерасын сындырып салышкан. Ушундай кадам менен

пикетке чыккандар ажонун кызы Бермет Акаевага нааразычылыктарын көрсөтүштү. Милиция буларды кармаганда, “биз бул КООРТ каналды жек көрөбүз, себеби Акаевдин үй-бүлөсүнүн менчик каражаты” деп түшүндүрмө беришкен [133, 10-11-бб.]. Ооба, бул медиа каражатты ажонун күйө баласы менчиктеп алган.

2005-жылдын 18-июлунда “Дустлик” деген посттон (Ош шаарынын жанында) Өзбекстандын бажычылары Ош мамлекеттик университетинде журналистика бөлүмүндө окуган студентти Эркин Якубжановду камап салышты. Бул өзбек улутундагы баланы алар чет элдик радиолорго өзбек тилинде маалымат берет деп доомат коюшкан. Ошол кездеги тышкы иштер боюнча министри Роза Отунбаева менен “Журналисттер” коомдук бирикмесинин төрагасы “Кыргызстандын жаш журналисттин бошоткула” деп Ташкентке кайрылышкан. Студентти 12 күндөн кийин бошотушту.

2005-жылдын 10-сентябрында Оштон “Альянс-пресс” маалымат агенттиги менен “Demos Times” гезитинин уюштуруучусу Махмуд Казакбаевди катуу сабап кетишти. 11-сентябрь күнү Кара-Суу шаарынан “Жаңы муун” гезитинин редактору Жылдыз Бекбаеваны да сабап кетишти.

2005-жылы өлкөдө болгон окуялар “бул жаңы бийлик эски бийликтен эстафета алып, мурунку каталарды улаганга өттүбү” деген  пикир түзүлө баштады. Анан эки жылдан кийин бул пикир кыймылга айланды. Басма сөздүн демократиялык принциптерин басмырлоо адатын бийлик жокко чыгарбады, болгону жаңы саясий шартта басмырлоонун жаңы ыкмалары пайда болду. Ыңкылаптан кийин саясат, албетте, жаңырды, бирок бийликтин авторитардуу мүнөзү жаңырбады. Биринчи ажонун тегерегин толтурган кызматкерлер экинчи ажонун тегерегине имерилип келишти. Одиоздук иштерге жакын, коррупциялык схемаларды түзүүгө машыккан адамдар ар бир ажонун жанынан орун табышат экен. Муну көрдүк жана көрүп жатабыз, мыйзам ченемдүү нерсеге айланып калды.

Эң негизги каталар өзгөрбөдү, булар “ката” деген категориядан “ыкма” категориясына ооп кетти. Биринчиден, журналисттерди бийлик “клевета”

менен “оскорбление” беренелерине илип, түрмөгө салганын токтотподу, ушуну кодекстен алып салуу боюнча мыйзамдын долборуна жол берилбеди. Экинчиден, мыйзам системасына “публичная персона” (коомдук инсан) деген түшүнүктү киргизбей коюшту - мындай кылса өздөрүнүн аткаминерлерин журналисттердин астында куралсыз кылышмак. Үчүнчүдөн, өлкөгө мамлекеттик телерадиокорпорациянын ордуна коомдук каналды орнотууга каршы чыгышты. Төртүнчүдөн, “Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмердиги жөнүндө” деген мыйзамдан 4-пунктун алдырбады, ал жерде башпрокурорду ажонун атынан сотко доо арыз жазууга милдеттүү кылышкан - “защита чести и достоинства президента” деп. Бул пункт Конституциянын 65-беренесинин 8-пунктуна карама каршы турат, себеби ал жерде минтип көрсөтүлгөн - “не допускается принятие законов, ограничивающих свободу слова и печати” деп [133, 27-28-бб.]. Ооба, ажону журналисттерден коргоо үчүн мыйзам чыгаруу так ушул басма сөздүн эркиндигине балта чапкандай чара экени талашсыз.

2005-жылдын 21-ноябрында Коопсуздук Кеңештин отурумунда ошол кездеги башпрокурор Камбаралы Конгантиев (ички иштер боюнча министри Молдомуса Конгантиевдин агасы) бийликти өлкөдөгү медиа каражаттарды кескин түрдө тизгиндөөгө чакырды - “принимать более строгие меры за публикации, нагнетающие страсти и дестабилизирующие обстановку в обществе” деп. Буга каршы пикирин “Журналисттер” коомдук бирикмесинин жетекчиси гезитке жарыялады. Башпрокурор жооп иретинде полемика кылып, авторду “демократиянын кароол дөбөтү” деп атады (“сторожевой пес демократии” деген белгилүү түшүнүккө шылтап). Автор болсо ага “ооба, короо иттен көрү, кароол дөбөт артык” деп жооп кайтарды (“лучше быть строжевым псом, чем придворной собакой”).

Башпрокурордун сунушун президент өзү четке какты - “свобода слова неприкосновенна и будет регламентироваться только законом” деп [133, 51-б.]. Бирок ажонун бул сөзү жөн эле кооз сөз катары калды, себеби закондон тышкары чыккан “регламентациялар” пайда болду.

2005-жылдын май айында экинчи президент К.Бакиев масс-медиа тармагын өзгөртөм деп аракет жасаганын буга чейин жалпылап айттык эле, эми ушуну деталдуу түрдө белгилейли. 26-майда ажонун буйругу чыкты - “создать рабочую группу по реформированию государственных СМИ” деп. Ошол группага жетекчилик кылуу милдети вице-премьер министр Адахан Мадумаровго жүктөлдү, орун басарына “Журналисттер” коомдук бирикмесинин төрагасы Кубан Мамбеталиев ажонун буйругу менен бекитилди. Анан буларга “реформанын долбоорун жазгыла” деген тапшырма берилди. Бакиев маселеге көз карашын адегенде орус тилинде билдирген.

“Все средства массовой информации, включая Национальную телерадиовещательную корпорацию, правительственные издания “Кыргыз Туусу”, “Слово Кыргызстана”, “Эркин Тоо”, должны быть общественными, а Правительству достаточно иметь какой-либо один печатный орган, в котором бы публиковались официальные решения” [133, 62-б.].

Мына, ушундай жол менен барса, бийликтин иши башкача болмок. Бул жерде айтылган сөздөр бардык жагынан кынтыксыз - мамлекеттик телеканал болбойт, анын ордуна коомдук канал түзүлөт, мамлекеттик гезиттер болбойт, алардын ордуна бир эле официалдуу чечимдерди жарыялаган “печатный орган” түзүлөт. Эксперттер ошол “органдын” аталышын да сунушташкан - “Кыргызстан. Официальная газета” деп. Борбордон өлкөнүн бийлиги ушундай кадамга барса, жергиликтүү бийлик (жети дубандан) да так ушундай кылганга мажбур этмек, себеби бизде автономиялар жок. Идеалдуу система түзүлмөк.

Мындай болбоду. Турмуш кыстагандай, бийлик өзүнүн авторитардык сезимине кысылып калды. Ажонун командасы “медиа каражаттарды колдон чыгарсак, мамлекетти кантип башкарабыз” деп реформалык долбоорду четке кагышты. Четке кагууну А.Мадумаров ишке ашырып, бийликке мамлекеттик масс-медиаларды толук бойдон сактап берди. Кийин (кызматтан кеткенде) актанымыш болду. Так ушул  адам медиа тармакка реформа кылдырбады.

Бакиев болсо “менин сунушум ишке ашпады” деп кейиген жок, тескерисинче, медиа тармакты тизгиндегендерге жол ачты. Жогоруда айтылган реформалык долбоордун (коомдук телеканал, гезиттерден тизгинди алып салуу) чыныгы автору К.Бакиев эмес эле, ал алгачкы учурда “Журналисттер” коомдук бирикмесинин төрагасы К.Мамбеталиевдин пикирин толук колдогон, анан өзүнүн пикири өзгөргөндө аны (2006-жылы) Британиядагы элчиликти жетектөөгө жиберди.

2005-жылдын апрель айында Москвадан биринчи ажонун жубайы Майрам Акаева кыргыз элине ачык каты менен кайрылды. Орус тилинде жазган, бир жерин берели.

“Я со всей ответственностью говорю, что за 14 лет президентства мы с Аскаром Акаевичем не были обеспечены положенной Президенту квартирой. За эти годы мы не построили ни дач, ни домов. Мы не имеем ни вилл, ни особняков по всему миру, которые нам с завидным постоянством приписывают. Аскар Акаевич всегда отдавал всего себя, свой интеллект, свою энергию, свои знания и опыт построению независимого демократического государства. Для него материальные ценности и блага никогда не имели никакого значения” [133, 84-б.].

Эмнеге минтип жазганы түшүнүктүү, издер өчө элек кезде (ыңкылаптан бир эле ай өткөн учур) өлкөдө калган жакын адамдардын сезимдерин козгоп, колунан чай ичкен чиновниктерди мобилизациялап, туугандарынын намыздарын ойготуп, тарыхты артка жылдарсак болобу деген үмүт менен “реванш” болсун деп тиледи да. Бирок мындай сөздөр элге жакпады, себеби айтканынын артында чындык жок эле. Акаев өлкөсүнө өзүн “ырыс” катары тартуулаган эмес, тескерисинче, өлкөнүн “ырысын” шылуундарга чачып берди. “Благо” менен “ценности” деген жерлерин тийбей эле коёлу, ошонун баарысын Майрам айым өзүнүн “Мээрим” фондусуна чогулткан. Шаардын ичине хан сарайды куруп, ал жерге “библиотекасын” көчүрүп, президент байбичеси менен жашамак экен.

Ушундай бактылуу “тагдырдан” ажырап калганына өкүнүп, качып кеткен ажонун аялы арманын айтты.

Март айындагы ыңкылаптан кийин АКШнын элчиси Стивенг Янг журналисттер менен жолугушу өткөрүп, мындай сөздөрдү айтты. “Наша встреча является примером одного из достижений 24 марта. Еще никогда будущее поистине свободных СМИ не было таким светлым” деген [133, 85-б.]. Ошол жылдын апрель айында келечек ушундай “светлый” болуп сезилген, анан бара бара туман каптап, кырдаал “темный” тарапка жыла баштады, себеби Акаевдин доорунда орун алган ыкмалар кайтып келишти.

Эми ыңкылаптын астындагы мезгилге кайрылалы. 2005-жылдын февраль айында АКШнын Сан-Франциско шаарында жайгашкан “gazeta.kg” веб-сайтынан өлкөгө кайрылуу келди. Орус тилинде жазылган. “Ни для кого не секрет, что власти Кыргызстана финансируют работу политтехнологов, и что именно от них исходят грязные статьи про оппозицию. Мы призываем выразить протест против методов борьбы акаевского режима путем игнорирования СМИ, принадлежащих Адилю Тойгонбаеву, а именно: ИА “Кыргыз Инфо”, газета “Вечерний Бишкек”, телерадиокомпании “КООРТ” и “Пирамида”, радиостанция “Lave Radio”. А.Тойгонбаев ажого күйө бала болгон (Бермет Акаеванын жолдошу). Анан “бул жөн эле күйө бала эмес, бүтүн кыргыз элинин күйө баласы” деп айтылган.

Ыңкылапка бир ай калганда “Азаттык” радиосунун тегерегинде бир окуя орун алды. 24-февраль күнү (парламенттик шайлоонун алдында) бийлик радиону ортоңку толкундардагы радиожыштыктан четтетип салды - “эскирген жабдыктар жарабай калды” деген шылтоону айтып. Анан бийлик ошол тартып алынган радиожыштыкка тендер жарыялады, ал 10-мартта өтөт деп белгилешти. Ушуга каршы 4 миң адамдын колдору коюлган кат “Ош ТВ”, “Мезон ТВ”, “ДДД” телерадиокомпаниялардын жетекчилери вице-премьер министр А.Мадумаровдун билдирүүсүнө каршыбыз деп өлкөнүн бийлигине кайрылышты. А.Мадумаров 31-майда өткөн медиа-форумда мындай бир тетир пикирин айткан болчу - “Өзбекстандын жеринде кыргыз

тилинде иштеген телеканалдар жок болгондуктан, Кыргызстандын жеринде да өзбек тилиндеги телеканалдар болбосо бирдей шарт түзүлөт эле" деген. Албетте, бийлик мындай пикирге кошулган жок, биздеги өзбек тилинде эфирге чыгышкан каналдарга каршы чаралар болбоду.

2005-жылдын күзүндө журналист Алишер Саиповго тиешелүү дагы бир окуя болгон. 10-ноябрда ал Ош областынын ички иштер боюнча башкармалыктын кызматкери Хоким Разыковго кайрылып, октябрь айындагы жоголуп кеткен Кыргызстандын жараны Азизулло Тешаев жөнүндө маалымат берүүнү сурады, бирок милициянын өкүлү журналистти "экинчи мага кайрылба" деп кагып салды. Суроо даректүү эле болгон, себеби Тешаев Ош шаарынын милициясына "повестка" менен чакырылгандан кийин, үйүнө кайтпаптыр. А.Саипов болсо шектенип, аны Өзбекстандын "кызматтарына" өткөрүп беришсе керек деди, себеби ошол жактан Тешаев май айында Андижанда болгон жаңжалга тиешеси бар деп маалымат келген.

2005-жылдын 1-июлунда "Мезон ТВ" каналындагы түз эфиринде президенттик шайлоого талапкер катары катышкан Турсунбай Бакир уулу өзбек тилинде чыккан "Демоs Times" гезитинин редактору Махмуд Казакбаевди сотко берем деп, официалдуу түрдө кечирим сурасын деген талабын койду. Буга себеп, Турсунбай мырзаны журналист ваххабит дегенинен чыгыптыр. Автор болсо мындай "талапкерден" кечирим сурабайм деди. Бакир уулу "мүнөзүн" көрсөтүп, буга чейин да журналисттер менен ушинтип тирешип келгени элге билгилүү. Бул адамды "вахаббит" деп учурунда Өзбекстандын президенти Ислам Каримов өзү ачык эле айтканы да белгилүү. Бакир уулунун доо арызы сотко жеткен жок.

Мониторингдин дарегине дагы бир маанилүү маалымат түшкөн. Бул эми журналисттердин профессионалдык этикасын бузганына байланыштуу.
Ноябрь айында Баткен областынын мамлекеттик телеканалы СПИД жөнүндө тасма тарткан учурда, бир ооруга чалдыккан адамдан уруксат алып, аны эфирден көрсөтүшкөн, бирок макулдашылган шартты бузуп, бетине "ретуш" кылбай (жашырбай), ачык түрдө беришиптир [133, с.232]. Бул жерден

Граждандык кодексинин 19-беренеси бузулган, себеби оорукчан адам телеканалга бетин ачык түрдө көрсөтүүгө уруксат берген эмес. Ошондой эле 20-берене да бузулган - ар бир жарандын өзүнө тиешелүү сырды сактоого укугу бар, мунун ичине “врачебная тайна” деген түшүнүк да кирет.

2002-2005-жылдарда өткөрүлгөн мониторингдердин материалдарын иликтеп чыктык. Бул аралыкта бийлик менен медиа каражаттардын ортосунда мамилелерди оңдоп, позитивдүү багыттагы реформаны жасоого бийлик тараптан аракеттер жасалды, бирок майнап чыкпады. Реформага түрткү кылган окуялар бийликтин негативдүү кадамдарынан чыкты. Биринчи жолу, Акаев үчүнчү мөөнөткө (Конституцияны бузуп) шайланганы себеп болуп, тирешүү ушундан курчуду (2000-жыл). Экинчи жолу, Аксыдагы кандуу окуясы түрткү берди (2002-жыл). Үчүнчү жолу, биздеги биринчи ыңкылап себеп болду (2005-жыл).

Бул жерде дагы бир нерсени айтышыбыз керек, бул мониторингдин жыйынтыгына байланыштуу иш-чара. 2004-жылы үч областтардын борборлорунда (Ош, Жалал-Абад, Талас) “Журналисттер” коомдук бирикмеси коомдук угууларды (публичные слушания) өткөрдү - ар бир областына тиешелүү мониторингден түшкөн фактылар өз алдынча каралып чыкты. Бул жыйындарга губернаторлордун орун басарлары катышты, жергиликтүү күч оргaндардын өкүлдөрү да келишти (областык сот, прокуратура, милиция). Булар менен чогу жергиликтүү медиалардын (радио, ТВ, пресса) жетекчилери болду. Анан дагы бир нерсе - ошол жерлерден басымга учураган журналисттер өздөрү да катышты.

Албетте, мындай жыйындардын таасири коомго да, бийликке да тийди. Жергиликтүү медиалар муну чагылдыргандан кийин, “ушинтип диалог кылса болот экен да” деп эл бийликке, бийлик элге жакындады. Ушундай жыйындарды жыл сайын өткөрсөк жакшы болмок, бирок буга мүмкүнчүлүк чектелди, себеби муну аткарууга мониторингди жылдан жылга токтотпой жүргүзүш керек эле. Андай болбоду, ошол жылдын тажрыйбасы бир жолку акция бойдон калды. Мониторингдин дарегине жер жерлерден

түшкөн фактылардын негизинде жерлерге жыйын өткөрүп, жергиликтүү бийлик менен чогуу талкуулашса, практикалык жана профилактикалык түрдөгү эффект жаралмак, анан жергиликтүү коомго (ал аркылуу жылпы өлкөнүн коомуна) пайдасы тиймек.

2005-жылы дагы эки чакан мониторинг өткөрүлдү - бул ошол жылы республикабызда өткөн шайлоолорго байланыштуу болгон. Биринчиси парламенттик шайлоого, экинчиси президенттик шайлоого арналган. Ар бири эки айлык мөөнөт менен - шайлоо күнүнө чейинки бир ай, анан шайлоо күнүнөн кийинки ай. Булар 2000-жылы өткөн (шайлоого байланышкан көзөмөлдүн ыкмаларын диссертацияда айтып кеттик) мониторингдердин үлгүсүн толук бойдон пайдаланып, мурунку методиканын негизге өткөрүлдү.

Бул жолу жаңы президент шайланганына байланыштуу мурункудай эреже бузуулар (бузуку иштерди ошол кездеги ажо Акаевдин пайдасына жасашкан) болбоду. Бул мониторингдердин максаттары шайлоонун астындагы “предвыборный марафон” деген бир айлык учурду көзөмөлгө алуу болгон. Аталыштары да даректүү болду - “Мониторинг СМИ в период выборов в Парламент Кыргызской Республики” жана “Мониторинг СМИ в период выборов Президента Кыргызской Республики”. Бакиевдин учурундагы жылдарда (2006-2010) өлкөдө дагы бир мониторинг өткөн. Бул 2009-жылкы (кезексиз түрдөгү) президенттик шайлоого байланышкан.

**Мониторинг СМИ. Президентские выборы - 2009.**
**18 июня - 23 июля**

Муну да “Журналисттер” коомдук бирикмеси аткарды. Бул жолу көзөмөлгө Ош аймагында эфирге чыгышкан 4 телеканал менен бир радио алынды - “Ош ТВ”, “Мезон ТВ”, “Керемет”, “Дастан”, радио Алмаз-Юг”. Президенттик шайлоого талапкер катары 6 киши чыккан, анын ичинде экинчи президент Бакиев. Атандаштары - Алмазбек Атамбаев, Нурлан Мотуев, Жеңишбек Назаралиев, Темир Сариев, Токтайым Уметалиева. Телеканалдарга чыккан рекламалык роликтер баарысы бир гана Бакиевге арналган. Эфирге чыккан жаңылыктарда саясий жана экономикалык

маселелер козголгон эмес. Анан шайлоого тиешелүү иш-чараларга да көңүл бурулбады, бул жөнүндөгү маалымат “Азаттык” радиосунан кеңири берилип жатты. Мониторингдин бир жерин келтирели. Талапкерлерге берилген убакыттын негизги көлөмү Бакиев менен Атамбаевге таандык болду, ошондо Бакиевге жалпысынан 592 секунд (482 - позитивдүү түрдө, 76 - негативдүү), ал эми Атамбаевге 359 секунд (81 - позитивдүү түрдө, 248 - негативдүү). Айырмасы көрүнүп турат, бийликте турган талапкер алдыга чыкканы таңгалдырбады [134, 12-б.]. Бакиевдин мөөнөтү 8 айдан кийин бүттү.

**Кыргыз тилдүү ЖМКлардын мониторинги**

Бул мониторинг кыргыз тилинде аткарылды, себеби кыргыз тилиндеги гезиттерге байланыштуу болгон. 2011-2012-жылдарда өттү. Көзөмөлгө Бишкектен 20 гезит, аймактардан 9 гезит алынды. Түштүк областтарынан (Ош, Жалал-Абад, Баткен) 6 гезит каралды - “Ош жаңырыгы”, “Ош шамы”, “Жалал-Абад үнү”, “Дабан”, “Акыйкат”, “Баткен таңы” [135, 2-б.]. Муну Улуу Британиянын Бишкектеги элчилигинин колдоосу менен актарышты. Аткаруучулар - “Центр правовой информации” жана “Комиссия по рассмотрению жалоб на СМИ”.

Ушундай эле тартипте 2015-жылы дагы бир мониторинг өткөн, бул дагы басма сөздөгү медиа каражаттарга арналган. Орус тилинде өттү. Аталышы **“**Мониторинг печатных СМИ Кыргызстана. Февраль-июль 2015 года”. Муну каржылаган уюм - ОБСЕ. Аткаруучу - “Комиссия по рассмотрению жалоб на СМИ”.

Эми ушул эки мониторингдин материалдары диссертациябыздын объектисине кирбейт, муну басма сөз түрүндөгү медиа каражаттарды изилдеген эмгекте карашат. Биз электрондук медиа каражаттарга тиешелүү жактарын карайлы. 2015-жылы шайлоого байланыштуу дагы бир мониторинг өткөн. Муну Финляндиянын Астанадагы элчилиги каржылаган. Биз жактан аткарган уюм - “Центр Медиа Развития”.

**Мониторинг освещения предвыборной кампании в СМИ Кыргызской Республики (выборы Жогорку Кенеша КР).**

**Сентябрь-октябрь 2015 года.**

Бул мониторинг медиа тармактын бардык түрлөрүн камтыды - электрондук менен басма сөздүк, борбордук менен регионалдык, мамлекеттик менен мамлекеттик эместер, орус тили менен кыргыз тилинде чыккандар. Универсалдуу көзөмөл орун алган. Мөөнөтү бир ай – 4-сентябрдан 4-октябрга чейин. 11 электрондук каражаттар, 6 маалымат агентстволор (интернет булактар), кыргыз тилинде 50 гезит (мунун ичинде 20 регионалдык), орус тилинде 20 гезит (ичинен 5 регионалдык), өзбек тилинде 2 гезит (экөө тең регионалдык). Бир ай бою телеканалдардын толук эфири жазылды, радионун суткалык эфири жазылды - 6.00 дон 24.00 чейин.

Гезиттер толук окулуп, интернеттеги булактар күнүгө анализге алынды. Мониторингдин максаты - көзөмөлгө алынган медиалар маалыматты элге канчалык деңгээлдеги калыстык жана кандай “баланс” менен шайлоо марафонунда жеткирип турганын көрсөтүү. Сан жагынан эсепке эфирдеги секундалар (электрондук каражаттарда) жана сөздөр (басма сөз каражаттарда) алынган. Сапат жагынан “интоннация” (нейтралдуу, позитивдүү, негативдүү) байкоого алынды. Анан мониторингден түшкөн маалымат юридикалык экспертизадан өткөрүлүп турду.

Жыйынтыкты карасак, электрондук медиаларда агитациялык материалдар жаңылыктын эфиринде (даректерин көрсөтпөй) берилгени даана байкалды. Бул агитациялык материал информациялык материалдын курамына кирип кеткенин далилдейт. Бул “Кыргызстан журналистикасынын этикалык кодексинин” 7-беренесине туура келбейт. Ал жерде көрсөтмө бар. “Журналист жарнама материалдарды даярдабашы же даярдоого катышпашы кажет. Эгер журналист жарнама материалдарды даярдаса, анда алардын коммерциялык мүнөзү окурманга, угарманга жана көрөрманга ачык түшүнүктүү болушу үчүн жарнама материалдар аналитикалык жана маалыматтык материалдардан тиешелүү рубрикация же кошумча белги (символ), ариптер же башка ыкмалар менен даана бөлүнүп турушун камсыз кылышы шарт” [135, 81-б.]. Ушундай көрүнүштү мониторинг белгилеп

койду. Анан дагы бир нерсе байкалды. Электрондук медиалар шайлоого үгүт жүргүзүү мезгилинде партиялардын спонсордук жардамдары менен белгилүү бир программаларды жана берүүлөрдү эфирге чыгарышты [136]. Мыйзамга туура келбеген ыкма "Ош ТВ" каналында орун алганын мониторинг чагылдырып берди [137, 12-б.].

Кыргызстандын үчүнчү президенти Алмазбек Атамбаевдин 6 жылдык мөөнөтүнүн акыркы жылында орун алган көрүнүштөрдү иликтеп чыгалы.
Бул 2017-жылы болгон фактылар, бирок булардын башаты 2016-жылы күзүндө башталган. Ажонун ар-намысын коргоо иретинде көзү азиз акындын үстүнө доо арыз тушкөн (Атамбаевдин доосу деп тактап кетели), бирок бул жолу арызды башпрокурор жазган жок, муну Жогорку Кеңештин депутаты Дастан Бекешов жазды. Анан кызык эле кырдаал түзүлдү. Жоопко тартылган адам (ответчик) ырларды жазган акын экен, анан ушунун ажону сындаган жөнөкөй эле сатиралык ыры негедир депутаттын үрөйүн учуруптур.

Ырдын сюжети Атамбаевдин ажо болгон учурунда Нарын менен Таласта айткан "афоризмдерине" негизделген (бир жерден "малсыңар", бир жерден "эл эмессиңер" деп какшык айткан). Мына ушуну акын Темирлан Ормуков көркөмдөп, рифмалап берген. Болгон "күнөөсү" ушул, мындайды чыгармачылык деп баалашат - сатира жанрындагы поэтикалык түрдөгү чыгармачылык (литературное творчество). Чыгармачылык соттолбойт, себеби бул искусствонун түрү. Кыргыздын соту болсо фольклорду да, адабиятты да, поэзияны да ылгабай, жазага тарта берет. Адатка айланды.

Эмнеге депутат мырза буга мынча кыжырланганына эл түшүнбөй калды - "ушунчалык да ажого берилеби" деп. Дагы бир белгилей турган жери бар - доочу менен жооп берүүчү экөө тең азиз адамдар, экөө тең "Азиздер жана дүлөйлөр" коомунун мүчөлөрү. Анан кептин (тагыраак айтсак, кектин) түбү ушунда экени кийин билинди, сырды ырдын автору өзү ачып берди - "Азия news" гезитине берген интервьюсунда. Көрсө, мындан мурун акын мырза депутат мырзаны кескин түрдө сындаптыр (аталган коомго жасаган аракеттери үчүн), сынга чыдабай ал аны сотко берет, бирок ал жолу

“соттого” негиз табылбады. Эми президенттин “көлөкөсүнө” кирип, акындын сазайын берем деген үмүтүнө шарт түзүлүптүр. Бул иш кантип аяктаганын сатирик өз маегинде айтып берди.

“Кылмыш иши токтолду. Дастан Бекешов арызын алып, “мен айыптоону колбодойм” деди. Бекешов арызын алмак эмес. Ал мени “Азиздер жана дүлөйлөр” коомундагы иштер боюнча сотко берген. Эми Атамбаевди сындаган ырым боюнча экспертиза дайындап, ишти козгошту, Атамбаевдин сөзүн да экспертизадан өткөргүлө деп кайрылдым, жообун ала элекмин” [138]. Дагы бир “сырдуу” жери бар - акындын ишин сот карап жаткан учурда Атамбаевдин бийлиги бүтүп калды, ушуга байланыштуу соттун да, депутаттын да эски ажонун “ар-намысына” багытталган көз карашы эскирди.

Иш ошо бойдон жабылып калды, ал эми Атамбаевге “жооп” ошондон кийин “бумеранг” сыяктуу имерилди. Өзүнө жана анын менчик “Апрель” телеканалына каршы сотко доо арыз түштү - муну үч киши жазышты: Ахматбек Келдибеков, Азимбек Бекназаров жана Кеңешбек Дуйшебаев. Соттун акыркы чечими мындай болду - “Апрель” каналына коюлган доо жокко чыксын, Атамбаев моралдык зыян келтиргени үчүн үчөөнө тең 100 миң сомдон төлөп берсин” деп [139].

“Сепкенин экти” дегенде эле болду, буга чейин ажонун пайдасына жоо арыздарды башпрокурор журналисттердин үстүнө жамгырдай жаадырган - “Азаттык” радиосу, “Заноза” сайты, Нарын Айып, Дина Маслова, Дайырбек Орунбеков, Чолпон Джакупова сотко тартылышкан. Доо арыздар боюнча төлөнө турган сумма 20 миллиондон ашты. Кезекте дагы бир топ адамдар турган. Мындай “конверди” президенттик шайлоо токтотту. Атамбаевдин доору бүттү. Арыздар аркылуу козголгон иштер жабылды.

Дагы бир окуя бар. Маданият, туризм жана маалымат министрлигинен чыкты. Үчүнчү ажонун доорунда бул жерден бир демилге жаралды - “райондук гезиттер жабылып, областтык гезиттер болсо областтык телерадио компаниялар менен биригип, өлкөдө 7 медиа борбор түзүлсүн” деп. Анан ошол кезде министр кызматын ээлеген Султан Жумагулов аймактардан

мамлекеттик медиа каражаттарынын 70 жетекчисин чогултуп, “долбоор Өкмөттөн бекилди, артка жол жок, макул болбогондор кызматтан кетишет” деп ультиматум түрүндө тыянактады. Буга каршы “Талас турмушу” гезитинин редактору Козубек Иманкулов чыкты, анан муну Нарындагы кесиптеши “Теңир Тоо” гезитинин редактору Таалай Дүйшеналиев колдоду, дагы райондук гезиттердин эки жетекчиси кошулушту. Министр “бул долбоорду эч токтотпойт” деп турду.

Журналисттер Жогорку Кеңешке, Өкмөткө, Президентке кайрылышты. Депутаттар жыйын өткөрүп, маселени талкуулап, министрдин долбоорун токтотуу боюнча чечим чыгарышты [140]. Маркум министр С.Жумагулов бул жерден өзүн негативдүү түрдө көрсөттү, мунун максаты боюнча өлкөдөгү мамлекеттик масс-медиалардын баарысынын үстүнөн монополия орнотуп, өзү ошолордун башкармасы болмок экен. Бул инсан өзүнүн кесиптин жолун мамлекеттик эмес медиадан баштаган - легендарлуу “Асаба” гезитинде жооптуу катчы болуп, андан кийин “Британиянын согушту жана тынчтыкты чагылдыруу институту” деген уюмдан таалим алып, BBC, “Азаттык” радиолорунда иштеди, президенттин пресс-кызматынан тажрыйба топтоду.

Маалымат берүү тармагын маданият министрлигинин курамына киргизүү бул пайдасыз кадам экенин мезгил өзү көрсөттү. Ажонун пресс-кызматы менен Өкмөттүн ушундай эле пресс-кызматы турганда, маалыматты “министрлөөгө” кажет жок эле, себеби аталган пресс-кызматтар мамлекеттик медиа каражаттарын координация кылууга мүмкүнчүлүктөрү бар.

Мониторингдерге тиешелүү иликтөөбүздү аткардык. Мындай түрдөгү мониторинг 2019-жылы кайра башталды. Каржылоо жагын Сорос-Кыргызстан фондусу алды. 2002-2003-жылдарда өткөн мониторинг так ушул уюмдун долбоору болгон. Бизде өткөрүлгөн мониторингдердин эң сапаттуусу ошол эле, эми ал долбоорду эске алып, 16 жылдан кийин (төртүнчү президенттин доорунда) жаңыртты. Мунун жыйынтыгын кийинки изилдөөчүлөр иликтешет. Биздин илимий ишибиз 2016-жыл менен чектелди.

### 3.4. Автордун жекече алган илимий натыйжалары

Кыргызстандагы регионалдык журналистика илимий көз караштагы салмактуу иликтөөдөн дагы өтө элек. Жазылган эмгектерде жана окуу китептерде журналистиканын өнүгүү процесси жалпы (республикалык) масштабда каралган. Сунушталган диссертацияда регионалдык аспекттер каралып, түштүк аймактагы журналистиканын турпаты изилденип, илимий жаңылыктар жаралды деп жыйынтык кылганга негиз бар. Бул жерде автор үч областында (Ош, Жалал-Абад, Баткен) жарыкка (эфирге) чыгып жаткан радио менен телеканалдардын материалдарын, маалыматтарын, аракеттерин, жетишкендиктери менен кемчиликтерин деталдуу түрдө изилдеп чыкты. Бул жекече алынган натыйжа.

Телерадиожурналистиканын теориялык негиздери биздин өлкөбүздө терең изилденген эмес. Буга чейин чыккан эмгектерде приоритеттүү түрдө практикалык жагдайлары жана тарыхый кыймылдын динамикасы жалпы иретте каралган. Сөзүбүз далилдүү болуш үчүн Кыргызстанда чыккан журналистикага тиешелүү мазмунун байкасак, булар журналистиканын тарыхын (С.Усуповдун китеби), радио менен телевидениенин өнүгүү жолуна (Т.Кадыров), телекөрсөтүүнүн калыптанышына (М.Мырзагулов) арналган [6]. А.Дүйшекееванын радиожурналистиканын негиздерине багытталган эмгегинде тарыхый этаптар, радионун жанрлары жана уктуруунун формалары каралган [24].

Г.Ибраева менен С.Куликованын китебинде да тарыхый этаптарга, мыйзамдык камсыздоого көңүл бурулган, бирок бул жерде регионалдык медиа каражаттар өлкөдөгү саясаттын контекстинде изилденип, тарыхый этаптар авторлордун субъективдүү көз караштарына ылайык (объективдүү көрсөткүчтөр четте калды) түшүндүрүлгөн. Бул жерде авторлор “түштүк менен түндүктүн тирешүүсүнүн” себептерин регионалдык журналистиканын ичинен чыгарууга аракет кылышты [22, 176-188-бб.]. Бул китеп Акаевдин доору менен чектелгенин (20-кылымдын акыркы он жылдыгын камтыган материалдар каралган) эске алып, муну регионалдык багытка биринчи жолу

илимий көз караштагы аракети деп баалашыбыз керек. Бирок региондогу журналистика бир гана “түштүк-түндүк” деген көрүнүш менен чектелбейт. Жана дагы бир жалпы калып менен каралбайт, бул жерде (журналистикада) эки калып бар - басма сөздүн калыбы жана электрондук медианын калыбы.

“Түштүк менен түндүк” деген маселени термин жагынан “полярный” (эки полюс) көрсөткүч деп атасак болот. Мындан тышкары региондун медиасына таандык дагы эки түшүнүк бар - бул “вертикалдуу” көрсөткүч (борбор менен регион) жана “горизонталдуу” көрсөткүч (регион ичиндеги байланыштар жана тирешүүлөр). Ушул нуктагы классификациялар да диссертациянын натыйжаларын толуктайт.

Айтылган жагдай эске алынып, изилдөөдө электрондук медиалар өз алдынча каралды, ар тараптуу жактан анализденди, жаңы теориялык мазмун (атайын параграф аркылуу) аныкталды. Буга кошо диссертациянын методологиясы менен методдору деталдуу иретте (бул да өзгөчө параграф) жазылып чыкканы да иштин жекече алынган илимий натыйжаларына кирет.

Теориялык негиздер Б.Орунбековдун окуу китебинде салыштырма менен аныкталып, совет доорундагы концепциянын өзгөчөлүгү көрсөтүлдү. Медиа каражаттардын ичинен телекөрсөтүүнүн орду өтө маанилүү жана өтө таасирдүү экени талашсыз, демек регионалдык масштабдагы телеканалдын иш аракети илимий тартипте изилдеништин керектиги да талашсыз. Ушул жагынан алсак, диссертациянын натыйжалуу салымы байкалып турат.

Дагы бир проблемалуу багытты айта кетели. Кыргызстандын медиа каражаттары эл аралык контекстинде илимий деңгээлде карала башталды. буга мисал Н.Жумагазиеванын “Заманбап этаптагы Кыргызстандын масс-медиасы жана эл аралык көйгөйлөр” деп аталган китеби (эки тилде басылды - кыргызча жана орусча). Медианын рыноктору, маалыматтык коопсуздукту камсыздоо, медиа тармагындагы интеграция жана медиа каражаттарынын ишмердүүлүгүн бекимдөөгө арналган проблемалар каралды [26, 62-142-бб.].

Эми ушул кадамдан астыга жылыш үчүн регионалдык медиаларды ар тараптуу аспектилерден изилдеп чыгуу иши азыркы учурдун чоң талабы.

Диссертация ушул багытка туш келип, жаңы ачылыштарга чыйыр салганы илимий натыйжалардын курамын кеңейтет.

## Тыянактар

Мониторингдер бизде 21-кылымда башталды. 16 жылдын ичинде (2000-2015) медиа каражаттардын иши атайын түзүлгөн методикалардын негизинде 11 жолу көзөмөлгө алынды. Айрым мониторингдер бир гана электрондук медиаларга багытталып (телеканал менен радио), шайлоо учурун чагылдырышкан. Шайлоого байланыштуу бир эле мониторинг (2015-жылы) жалпысынан көзөмөл кылды - электрондук түрдөгү медиаларга да, басма сөзгө да. Айрымдары бир гана гезиттерди көзөмөлдөдү.

Анан эң маанилүү болгон жана хронологиялык жактан көлөмдү мониторингдер (катары менен 4 жылга узарган - 2002 ден 2005 ге чейин) медиа каражаттардын бардык түрлөрүн камтып, журналистиканын тегерегиндеги бүт фактыларды жана окуяларды деталдуу түрдө чагылдарган. Ошол жылдарда мониторингдин отчеттору областтарда талкууланган. Ошол жылдарда мониторингдин бир конкреттүү фактысы боюнча Өзбекстандын президенти Ислам Каримовго официалдуу кат аркылуу кайрылганда, маселе позитивдүү жагына чечилген.

Ошол жылдардагы мониторингдердин материалдары иликтөөдөн өтүп, өлкөгө керектүү жаңычылдыктарды киргизүүгө негиз болду. Мисалы, 2007-жылы бизде “Этический кодекс журналиста Кыргызстана” пайда болду [136]. 1998-жылы юстиция министрлигинде “Комиссия по нравам” деген уюм түзүлүп, эркин гезиттерди тартипке чакыруу иш-чаралар көрүлө баштады. Комиссиянын атынан эркин гезиттер сотко тартылышты. Ошол окуядан кийин өлкөбүздө “Журналисттер” коомдук бирикмеси жаралды.

2007-жылдан кийинки мониторингдердин методикасы менен ыкмалары журналисттердин этикалык кодексине таянып түзүлө баштады.

# КОРУТУНДУ

1992-жылдан баштап өлкөбүздө мамлекеттик эмес гезиттер чыга баштады, адегенде эркин түрдө үч гезит жаралды, анан мындай прессанын саны көбөйдү. Телеканалдар менен радиолор да өз алдынча (мамлекеттик эмес болуп) жарала баштады. Гезит чыгарууга юстиция министрлигинен алган күбөлүк жетиштүү болсо, электрондук каражатка күбөлүктөн тышкары эфирге чыгыш үчүн дагы радиожыштыкты алыш керек. Түштүк аймакта биринчи болуп мамлекеттик эмес телеканал катары чыккан “Ош ТВ” метрдик диапазондо чыккан, кийин дециметрге которулду.

Эркин статустагы телекөрсөтүү менен радиоберүү 1998-жылы калыптануу процессин бүтүрүп, элге кеңири таанылып калды. 2015-жылы бизде “санариптик формат” деген нерсе электрондук медиа тармагына кире баштады. Буга чейин “аналогдук формат” болчу. Техникалык шарттар жана мүмкүнчүлүктөр өзгөрдү.

1. Кыргызстанда телеберүү Ата-Мекендик согуштан кийин пайда болду. Республикабыздын борборуна биринчи телестудия 1958-жылы орнотулду. 1970-жылы Ошто өз алдынча редакциясы ачылды. Совет доордо идеологиялык калыптын стандарттары (“соцреализмдин” калыбы) улуттук республикалардын баарысына бирдей болгон. Кыргызстандагы телерадиого байланыштуу илимий изилдөөлөр өз алдынча бөлүнбөй, маданияттын жалпы өнүгүүсүнө арналган эмгектердин ичине кирген. Кыргыз журналистиканын тарыхын чагылдырган китептер, тажрыйбасын изилдеген диссертациялар совет доорунан кийин чыга башташты. Жаңы замандын авторлору жаңы ыкмаларды колдонушту, себеби “цензура” жокко чыкты, “соцреализмдин” теориялык негиздери четке кагылды.

2. Советтер Союзу урагандан кийин Борбор Азиянын массалык маалымат каражаттарына Батыштан (АКШ менен Европадан) “гранттар” келе баштады - мониторингдер, иликтөөлөр, конференциялар өткөрүлдү, окуу куралдар жазылды, жаңы китептер басылды. 2003-жылы Ош шаарында биринчи жолу Фергана өрөөнүнүн журналисттери (бул жерде үч өлкөнүн

областтары бар - Өзбекстандын, Кыргызстандын, Таджикистандын) чогулуп, конференцияны өткөрүштү. Журналистиканын теориясына көңүл бурулуп, өлкөдөгү масс-медианын өнүгүүсүндөгү тарыхый этаптарды аныктай турган изилдөөлөргө мезгил жетти. Илимий методдор иликтөөдөн өтүп, учурга ылайык методологиянын базасы түзүлдү.

3. 21-кылымдын башында Кыргызстанда саясий кырдаал өзгөрдү. Өлкөнүн биринчи президенти А.Акаев үчүнчү мөөнөткө шайланды. Андан кийин Аксы окуясы (2002) өлкөдөгү масс-медиа каражаттардын тирешүүсүн курчутту - бир жагынан, мамлекеттик телеканал менен мамлекеттик гезиттер, экинчи жагынан, мамлекеттик эмес гезиттер жана “Азаттык” радио турушту. “Информациялык согуш” башташты. Үч жылдан кийин өлкөдө биринчи ыңкылап орун алды (2005-жыл, март). Акаев Бишкектен Москвага кетти, ошондон бери ошол жерде жашайт. Экинчи президент К.Бакиев өлкөнү беш жыл башкарды, анан экинчи ыңкылап болду, ажо Минск шаарына кетти, ошондон бери ошол жерде жашайт. Үчүнчү президент А.Атамбаев да “эстафетаны” улап, медиа каражаттардын тарыхында журналисттерди сотко берген доо арыздары менен эсте калды. Мамлекетке каршы “Апрель” телеканалын жаратып (бул өзүнүн менчиги), “бийликти кайтарып алам” деп элди толкундатты. Ок атууга жеткенден кийин, камакка алынды.

Төртүнчү президент Сооронбай Жээнбековдун учуру келгенде деле медиа каражаттардын тартиби өзгөрбөдү - коомдук телеканал өлкөдө жок, жергиликтүү мамлекеттик гезиттерди ар бир областка түзүлгөн медиа борбордун курамына киргизишти (телеканалдар менен гезиттерди бир калыпка салган борбор). Бирок мындайдан прогрессивдүү жылыш жок.

4. Кыргызстандын түштүк жагындагы аймактарында азыркы учурда мамлекеттик түрдө алты ММКлар иштейт. Ош областында - “Эл ТР” МТРК (мамлекеттик телерадиокомпания), “Ош ТВ” ТРК (телерадиокомпания), “Ынтымак” КРТРК (коомдук-регионалдык телерадиокомпания), “Илим-билим” телеканалы, “Эл ФМ” радио. Жалал-Абад областында - ЖМТРК (Жалал-Абад областтык мамлекеттик телерадиокомпания). Баткен

областында - “Баткен” ОМТРК (Баткен областтык мамлекеттик телерадио-компания). Мамлекеттик эмес телерадиокомпаниялардын катарына “Керемет” ТРК, “Ош пирим” ТРК, “NUR TV” телеканалы, “7-канал”, “Чолпон” телеканалы, “ЮТС” телеканалы, “Салам” радиолору кирет.

Түштүк регионундагы ММКлардын жалпы саны 15, анын ичинде 8 мамлекеттик, 7 мамлекеттик эмес телерадиолор. Телерадиолордун көбү Ош областында жайгашып, 9 телерадионун ичинен 6 мамлекеттик, 3 мамлекеттик эмес). Бул жерде белгилей турган нерсе, Ош областында мамлекеттик эмес деп уюшулган радио жок болгон болсо, Баткен областында мамлекеттик түрдөгү радио ачылган эмес. Жалал-Абад областында бир дагы кыргыз радиосу түптөлгөн эмес.

2010-жылга чейин республикабыздын түштүк регионунда өзбек тилиндеги «Мезон ТВ», «ДДД», «Ош ТВ» телеканалдары ишмердүүлүгүн жүргүзүп келген. Июнь окуясынан кийин “Ош ТВ” ТРКсы мэриянын карамагына өттү, калгандары жабылып калды. Өзбек тилиндеги маалымат азыр “Ынтымак” телеканалынан берилип турат (эки элдин ынтымагын бекемдөө максатында уюшулган). Өзбек тилинде өз алдынча иштеген өзбек тилдүү телеканал Кыргызстанда бүгүн жок. Санариптик берүүгө өткөндөн кийин тандоонун мүмкүнчүлүгү кеңейди - 50дөн ашык каналды көрсө болот. Жергиликтүү ТРКлар жаңы жолдорго бурулуп, сапатын көтөрүүгө мажбурланды. Маалымат телекомпаниялардын жетекчилеринен такталды.

5. Мониторингдер бизде 21-кылымда башталды. 16 жылдын ичинде (2000-2015) медиа каражаттардын иши атайын түзүлгөн методикалардын негизинде 11 жолу көзөмөлгө алынды. Айрым мониторингдер бир гана электрондук медиаларга багытталып (телеканал менен радио), шайлоо учурун чагылдырышкан. Шайлоого байланыштуу бир эле мониторинг (2015-жылы) жалпысынан көзөмөл кылды - электрондук түрдөгү медиаларга да, басма сөз түрүндөгүлөргө да. Айрым мониторингдер бир гана басма сөздөгү медиаларды (гезиттерди) көзөмөлдөдү. Анан эң маанилүү болгон жана хронологиялык жактан көлөмдү мониторингдер (катары менен 4 жылга

узарган - 2002 ден 2005 ге чейин) медиа каражаттардын бардык түрлөрүн камтып, журналистиканын тегерегиндеги бүт фактыларды жана окуяларды деталдуу түрдө чагылдарган. Ошол жылдарда мониторингдин отчеттору областтарда талкууланып, мониторингдин бир конкреттүү фактысы боюнча Өзбекстандын президенти Ислам Каримовго официалдуу кат аркылуу кайрылганда, маселе позитивдүү жагына чечилген.

6. Ошол жылдардагы мониторингдердин материалдары иликтөөдөн өтүп, өлкөгө керектүү жаңычылдыктарды киргизүүгө негиз берди. Мисалы, 2007-жылы бизде “Этический кодекс журналиста Кыргызстана” пайда болду. 1998-жылы бийлик тарабынан дагы бир жолу ушундай аракет жасалды. Бул жолу “тизгиндин” учун өлкөнүн юстиция министрлигине карматышты, ал жерден “Комиссия по нравам” деген уюм түзүлүп, эркин гезиттерди тартипке чакыруу иш-чаралар көрүлө баштады. Комиссиянын атынан биздеги эң окулуктуу гезиттер сотко тартылышкан. Так ошол окуядан кийин өлкөбүздө “Журналисттер” деген коомдук бирикмеси жаралды.

7. Өнүккөн дүйнөдө мамлекеттик менен коомдук телеканалдар бир эле учурда параллелдик тартипте иштешпейт - биринчиси иштесе, экинчиси иштебейт, экинчиси орун алса, биринчиси жокко чыгат. Анан коомдук канал регионалдык масштабда ачылбайт, ал борбордук масштабдагы мамлекеттик каналдын ордуна түзүлөт. Бизде бул жагынан карасак, жылыш жок, комментарий берүү да кажетсиз. Финансылык жагы коомдук каналдарда көп тараптуу ыкма менен чечилет - лецензиялык төлөмдөр, реклама, спонсордук взностор, автордук укуктарды сатуу, бюджеттен акча бөлүү. “Дүйнөнүн тажрыйбасына түшүүгө биздин коомубуз даяр эмес” деген пикир бар, бирок коом эчак эле даяр турат, буга бийлик даяр эмес. Ыңкылапты эки жолу аткарууга жараган коом, коомдук телеканалга кантип татыктуу болбойт.

8. Ажо тараптан журналисттерге каршы доо арыздар да орун алган. Ушул жагын алып, үч ажону салыштырсак (Акаев, Бакиев, Атамбаев), анда мындай бир көрүнүш байкалат. Жогорку деңгээлдеги доо арыздар Аскар Акаевден башталды - муну адвокаты жазып, андан аркы ишин өзү эле (ажону

катыштырбай) бүтүргөн. Журналисттер ошол арыздардын негизинде түрмөгө да түшүп, бир нечен ай камакта отуруп чыгышкан, бирок узак мөөнөткө эркинен ажырытышкан жок жана ири суммадагы штрафтарга тартышпады. Коркутуу-үркүтүү менен чектелишкен. 2003-жылы (Аксы окуясынан кийин) мыйзам чыгарышып, ажонун атынан доо арыз берүү укукту башпрокурорго жүктөп салышкан, бирок муну Акаев пайдаланууга үлгүрбөй калды. Экинчи президент Курманбек Бакиев да аталган укукту пайдаланбады, себеби журналисттер менен күрөштү башка ыкмалар аркылуу жүргүздү.

Үчүнчү президент Алмазбек Атамбаевдин доору алты жылда бүттү, шайлоо аркылуу төртүнчү президентке бийликти өткөрүп берди. Ал эми доо арыз жагын айтсак, мөөнөтүнүн бүтүшүнө эки жыл калганда, мунун доосу тоодой болуп кетти. Башпрокурордун колу менен арыздар биринин артынан бири журналисттер менен медиа каражаттардын үстүнө түштү. Дооланган акчалардын суммасы 20 миллион сомдон ашты. Ажонун ушундай агымын президенттик шайлоо токтотту.

9. Дагы бир орчунду нерсеге көңүл буралы. Бул өлкөбүздө жана чет мамлекеттердеги практика менен теориянын айкалышкан (же айкалышпаган) учурларга байланыштуу көрүнүштөр. 2012-жылы Бишкекке АКШдан Минесота университетинин журналистика боюнча профессору Джейн Киртли келип, сөз менен прессанын эркиндиги темасында кеп козгоду. “Азыркы учурда дүйнөдө эң маанилүү маселелердин бири бул маалыматтын эркиндиги” деп, Джулиан Ассанждын тагдырына байланыштуу суроого мындай түшүндүрмө берди. “2001-жылдын 11-сентябрынан кийин АКШда журналисттерге карата бийлик тарабынан мамиле өзгөрдү. “Террорго” байланыштуу “сыр сактоо” аракети (государственные тайны) биринчи катарга чыкты. “Вечерний Бишкек” гезитине берген интервьюсунда профессор айым мындай деди. “В определенные моменты, когда дело касается национальной безопасности, положения о свободе слова и самовыражение могут отойти на второй план” [143].

10. Американын башпрокурору президенттин намысын коргоо үчүн доо коюп, журналисттерди сотко беришпейт, аларда мындай доолор менен кайрылуу мүмкүн эмес. Экстремалдуу кырдаалдар деле сөз эркиндигин жок кылганга негиз түзбөйт. Американын эң бийик жетишкендиги ушу. Эми ушуну биздеги сот үлгү кылса, кыргыз сотунун баркы көтөрүлмөк. Биздеги мисалдар менен (соттун чечимдери менен) сыймыктанууга болбойт.

АКШнын медиа тармагын иликтөө үчүн, албетте, өз алдынча илимий изилдөө жүргүзүш керек. Биз ушул тармактын үлгүлүү жактарын алып, өлкөбүздөгү журналистиканын теориясы менен практикасына киргизип, ийгиликтерди жараткан багытта пайдалансак болот. Ооба, минустары деле бар, анысын сын көз караш менен анализдеп, бизге ылайыксыз жактарын четке чыгаралы. Биздеги масс-медиа тармагынын негизги өзгөчүлүгүн алсак, анда бул системада эки тараптын сакталышын белгилешибиз керек - мамлекеттик жана мамлекеттик эмес медиа каражаттар эгемендүүлүктүн башынан бери келе жатат.

Изилдөөнүн жүрүшүндө бир нече **алгылыктуу натыйжалар алынды.**

1. Иште телерадиожурналистиканын коомдогу ролуна кенен мүнөздөмө берилди. Республикабыздын түштүк регионунда жайгашкан журналистикага тиешелүү компаниялардын иш-аракети, булардын социалдык кызматы ачык көрсөтүлдү. Аларда чагылдырылган маалыматтардын элдик саясат таануучулук, маданият өздөштүрүүчүлүк, экономиканы үйрөнүү ж.б. сапаттарын өрчүтүүгө болгон салымы белгиленди.

2. Учурдагы электрондук медиа каражаттар региондун өнүгүү, жаңылануу этаптарына болгон ар тараптуу, көп багыттуу журналисттик иликтөөлөргө мүнөздөмө берилди. Бул таризде байкалган айрым проблемалар ачыкталды.

3. Жергиликтүү материалдар ареалдык жактан чектүү, таркалуу чөйрөсү да тар. Аларда глобалдык маселелердин эпкиндери гана шартка жараша учкай берилет. Жалпы проблемалар журналистикада региондук көз караш, региондук кызыкчылык аркылуу да мүнөздөлөт. Иште журналистиканын

методологиялык маселелери, принципиалдуу өңүттөрү ушул багытта да талдоого алынды.

4. Изилдөөдө түштүктө жайгашкан медиа каражаттарынын жалпы өзгөчөлүктөрү, окшош-тараптары, бирдей маселелери жана өздөрүнө гана тиешелүү жекече бөтөнчөлүктөрү сыпаттоого алынды. Чекене бөтөнчөлүктөр көптөгөн факторлорго багынычтуу болорлугу көрсөтүлдү. Мында чарбалык, географиялык, этнопсихологиялык, маданий ж.б. себептер мааниге ээ.

5. Өлкөбүздө, анын түштүк регионунда бир нече экстремалдык окуялар болуп өттү. Алардын себебин, булактарын, жүрүшүн, кесепеттерин ж.б. тараптарын аныктоо – орчундуу милдет. Иште ушул багытта аткарылган журналисттердин баалуу иш-аракети талдоого алынды.

6. Коомдогу каардуу, катаал окуяларды, улут аралык кагылышууларды изилдеген медиа журналисттердин эмгектери сыпатталды. Андагы объективдүү-субъективдүү, бир жактуу же ар тараптуу, салмактуу же элди козуткан, үстүрттөн же кенен сыпатталган маселелер каралды.

7. Коомдук дүрбөлөңгө дуушар кылган башка да процесстер бар. Жогорку Кеңешке болгон шайлоолор, президенттикке карата шайлоо, эл аралык мамилелердин орчундуу проблемалар, жооптуу кызматтарга болгон жаңы дайындоолор да элди жандандырууга, саясатташтырууга алып келет. Бул багытта жүргүзүлгөн журналисттик кызмат өзүнчө иликтөөнү талап кылат. Биз ишибизде журналисттердин ушул өңүттө жүргүзгөн аракетине да талдоо жүргүздүк.

Ошентип, изилдөөбүздө түштүк регионундагы оперативдүү маалыматтарга болгон көрүүчү-угуучу-окурмандардын таламдарын өз убагында канаттандырып жаткан журналисттердин иш-аракетине кенен мүнөздөмө жүргүзүлдү. Бул жааттагы айрым проблемалар ачыкталып, аларды чечүүнүн жолдору көрсөтүлдү.

Кыргызстандын түштүк тарабындагы электрондук масс-медиа каражаттарын схема түрүндө көрсөтүлдү. Ош областында – 7 телеканал жана

2 радио, Жалал-Абадда – 3 телеканал  (радиосу жок), Баткенде – 2 телеканал жана 1 радиосу ишмердүүлүктөрүн жүргүзүп келишет.  [142].

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР


1. Орунбеков, Б. Журналистика негиздери [Текст]: жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу китеби / Б. Орунбеков. – Бишкек: Салам, 2015. – 240 б.

2. Бакашова, Ж. К. Кыргыз журналистикасынын тарыхы [Текст] / Ж. К. Бакашова. – Бишкек: [б-сыз], 2002. – 206 б.

3. Вакуров, В. Н. О языке радио и телепердач [Текст] / В. Н. Вакуров. – М.: НМО ГКРТ, 1960. – 104 с.

4. Сагимбеков, Р. Создание и развитие массового радиовещания в Казахской ССР (1928-1941) [Текст]: дис. … канд. ист. наук / Р. Сагимбеков. – Алма-Ата, 1973. – 207 с.

5. Каракеев, К. Особенности и основные этапы культурной революции в Киргизии [Текст] / К. Каракеев // Культурная революция в СССР (1917-1965 гг.). – М., 1967. – С. 356-361.

6. Мамбетсариев, Т. Роль партийно-советской печати Киргизстана в осуществлении культурной революции (1924-1958г.г.) [Текст]: автореф. дис. … канд. ист. наук / Т. Мамбетсариев. – М., 1968. – 25 с.

7. Усупов, С. История кыргызской журналистики [Текст]: учеб. пособие / С. Усупов. – Бишкек: БГУ, 2007. – 176 с.

8. Ибраева, Г. История развития и современное состояние СМИ в Кыргызстане: результаты исследования [Текст] / Г. Ибраева С. Куликова. – Бишкек: Салам, 2002. – 304 с.

9. Туралиев, Ж. К. Система СМИ Республики Кыргызстан: генезис, современное состояние и тенденции развития [Текст]: автореф. дис. … канд. филол. наук: 10.01.10 / Ж. К. Туралиев. – М., 1997. – 25 с.

10. Телевидение и радиовещание за рубежом [Текст]: сб. ст. – М.: 1973. – 129 с.

11. Прохоров, Е. П. Гуманизм - основа журналистики XXI века [Текст] / Е. П. Прохоров. – М.: 1977.

12. Репкова, Т. Жаңы мезгил: демократиялык коомдо профессионалдык гезит кандайча түзүлүш керек [Текст] / Т. Репкова. – Бишкек: «ММК колдо борбору» коомдук фондунун каржылык көмөгү менен бас., 2012. – 305 б.

13. Симкачева, М. В. Профессионализм журналиста: трансформация понятия, модели практического воплощения [Текст]: дис. … канд. филол. наук: 10.01.10 / М. В. Симкачева. – Казань, 2006. – 180 с.

14. Браун, Дж. Эффективный менеджмент на радио и телевидении [Текст]: в 2-х т. / Дж. Браун, У. Коул. – М.: Мир, 2001. – Т. 1. – 503 с.; Т. 2. – 557 с.

15. Ситуация в области средств массовой информации в Казахстане, Кыргызстане, Туркмении, Таджикистане и Узбекистане [Текст]: пять спец. докл. – Вена: [б.и.], 2002. – 150 с.

16. Региональная журналистика Ферганской долины [Текст]: материалы междунар. конф. – Ош: [б.и.], 2003. – 52 с.

17. Исследование СМИ Кыргызской Республики [Текст]. – Бишкек: [б.и.], 2013. – 48 с.

18. СМИ в Центральной Азии: анализ ситуации и перспективы развития [Текст]. – Алматы: Дайк-Пресс, 2001. – 66 с.

19. Стандарты Общественного Телерадиовещания [Текст]. – Бишкек: [б.и.], 2005. – 112 с.

20. Сатылканова, А. Р. История становления общественного телевидения в Кыргызстане [Текст] / А. Р. Сатылканова // Вестн. КРСУ. – Бишкек, 2015. – Т. 15, № 2. – С. 75-77.

21. Общественное вещание: опыт других стран [Текст]. – Бишкек: Интерньюс-Кыргызстан, 2005. – 12 с.

22. Ибраева, Г. Кыргызстандагы массалык маалымат каражаттарынын өнүгүү тарыхы жана азыркы кездеги абалы [Текст] / Г. Ибраева С. Куликова. – Бишкек: [б-сыз], 2002. – 236 б.

23. Печатные и электронные СМИ Кыргызской Республики [Текст]: справ. – Бишкек: [б.и.], 2003. – 60 с.

24. Дүйшекеева, А. Т. Радиожурналистиканын негиздери [Текст]: окуу китеби / А. Т. Дүйшекеева. – Бишкек: Жанызак@басма, 2013. – 304 б.

25. Акматбекова Ж. А. Кыргызстандын массалык маалымат каражаттарынын өнүгүү тенденциясы (1991-2014) [Текст]: филол. илим. … канд. автореф.: 10.01.10 / Ж. А. Акматбекова. – Бишкек, 2016. – 22 б.

26. Джумагазиева, Н. К. Заманбап этаптагы Кыргызстандын масс-медиасы жана эл аралык көйгөйлөр [Текст] / Н. К. Джумагазиева. – Бишкек: [б-сыз], 2018. – 232 б.

27. Ким, М. Н. Основы творческой деятельности журналиста [Текст] / М. Н. Ким. – СПб.: Питер, 2011. – 400 с.

28. Корконосенко С. Г. Политическая журналистика [Текст]: учеб. для бакалавриата и магистратуры / С. Г. Корконосенко. – М.: Юрайт, 2015. – 319 с. – (Бакалавр и магистр. акад. курс).

29. Гегель, Г. В. Энциклопедия философских наук [Текст] / Г. В. Гегель. – М.: Мысль, 1974. – Т. 1: Наука логики. – 452 с.

30. Ворошилов, В. В. Журналистика [Текст]: учеб. / В. В. Ворошилов – СПб.: Изд-во Михайлова В. А., 1999. – 304 с.

31. Основы журналистской деятельности [Текст]: учеб. для академ. бакалавриата / под ред. С. Г. Корконосенко. – 2-е изд. – М.: Юрайт, 2015. – 332 с.

32. Мисонжинков, Б. Я. Журналистика. Введение в профессию [Текст]: учеб. пособие: Стандарт третьего поколения. Гриф / Б. Я. Мисонжинков А. Н. Тепляшина. – СПб.: Питер, 2014. – 272 с.

33. Тертычный, А. А. Расследовательская журналистика [Текст]: учеб. пособие для вузов / А. А. Тертычный. – М.: Аспект Пресс, 2002. – 384 с.

34. Дима А. Принципы сравнительного литературоведения [Текст] / А. Дима. – М.: Прогресс, 1977. – 229 с.

35. Основы творческой деятельности журналиста [Текст]: учеб. для студентов. / ред.-сост. С. Г. Корконосенко – СПб.: Знание, 2000. – 272 с.

36. Крейг, Смит. “Ош ТВ” жөнүндө // Смит Крейг “Нью-Йорк таймс”

гез. – 2005. – 30-март [Электронный ресурс] / Крейг Смит. – Режим доступа: https://www.nytimes.com/2005/03/30/world/asia/us-helped-to-prepare-the-way-for-kyrgyzstans-uprising.html. – Занл. с экрана.

37. Сулейманов, М. Халил Худайбердиев менен “акыйкаттык” жана басма сөз эркиндиги жөнүндө маектешүү [Электронный ресурс] / М. Сулейманов. – Режим доступа: https://cpj.org/ru/2011/12/1/. – Загл. с экрана.

38. Известную телекомпанию «Ош ТВ», принадлежащую московскому инвестору, власти Кыргызстана забрали себе [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://vesti.kg/obshchestvo/item/27957-izvestnuyu-telekompaniyu-oshtv-prinadlezhaschuyu-moskovskomu-investoru-vlasti-kyirgyizstana-zabrali-sebe.html. – Загл. с экрана.

39. На судебном процессе по уголовному делу Кадыржана Батырова просмотрены видео-записи с выступлениями обвиняемого по Ош ТВ и Мезон ТВ [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http:// old.kabar.kg. – Загл. с экрана.

40. Руководство двух телекомпаний допросили в связи с показом в телеэфире выступления лидера узбекской общественности [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http:// www.advocacy.kg. – Загл. с экрана.

41. Абдраимова, А. Мезон ТВдагы уурулук атайын жасалган [Электронный ресурс] / А. Абдраимова. – Режим доступа: http://media.kg/news/krazha-na-mezon-tv-byla-prednamerennoj/. – Загл. с экрана.

42. Ош телекомпаниясынын «Мезон ТВ» телеканалынын эфир студиясына бейбаштык кол салуу [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://www.turmush.kg/ru/news:1220669. – Загл. с экрана.

43. Төлөгөн Келдибаев, Апрель Баатыры: "Эмне үчүн Ош ТВ улутташтырылат, бирок Кадыржан Батыровду колдогон Мезон ТВ улутташтырылбайт?" [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://m.gezitter.org/politic/32477_tologon_keldibaev_geroy_aprelya_pochemu_oshtv_natsionaliziruetsya_a_podderjavshiy_kadyirjana_batyirova_mezon_tv_ne_natsionaliziruetsya/. – Загл. с экрана.

44. Именем конституции Кыргызской Республики решение конституционного суда кыргызской республики [Электронный ресурс]. – г.Бишкек от 11 июня 2008 года. – Режим доступа: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/320025/10?cl=ru-ru&mode=tekst. – Загл. с экрана.

45. Эфирде түштүктөгү 4 канал! [Текст] // Ош шамы. – 2015. – 4-дек., № 43(1307). – 8 б.

46. Об особенностях национально-этнической политики Кыргызстана [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http: // www. ca-portal.ru. – Загл. с экрана.

47. Телекөрсөтүү негизинен мамлекеттик тилде [Текст] // Ош шамы. – 2008. – 5-дек., № 51(913). – 8 б.

48. “Керемет” – это чудо [Текст] // Вечерний Ош. – 1995. – 8 апр., № 15(216). – С. 8.

49. “Кереметтин” керемети [Текст] // Ош шамы. – 1995. – 10-июнь, № 24(225). – 8 б.

50. Кыргызстанда "PRIMETV" телеканалы ачылды [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://kabar.kg/news/v-kyrgyzstane-zapushchen-telekanal-primetv/. – Загл. с экрана.

51. “Ынтымак” радиосунун продюссери А. Акимовадан 2018-жылы диктофонго жазылып алынды [Текст]: маалымат.

52. Узбекский язык в СМИ на юге Кыргызстана: осторожно и в малых дозах [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://www.fergananews.com/articles/7744. – Загл. с экрана.

53. “Уш садоси” гезитинин өкүлү А. Бабаевден 2018-жылы диктофонго жазылып алынды [Текст]: маалымат.

54. Эл тиреги- Эл ТР [Текст]. – Бишкек, 2007. – 76 б.

55. “ЭлТР” МТРКсына 50 жыл [Текст] // Инсан Кыргызстан. – Бишкек, 2017. – № 2 (006). – 40-б.

56. О телерадиовещательной компании Кыргызской Республики «Общественное телевидение Эл ТР” [Текст]: указ Президента Кырг. Респ. от 10.12. 2005 г., № 632 // Норматив. акты Кырг. Респ. – 2006. – № 3. – С. 21-26.

57. О государственной телерадиовещательной компании «Эл ТР»: постановление Правительства Кырг. Респ. от 16.03. 2015 г. № 122 [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/97369?cl=ru-ru. – Загл. с экрана.

58. Об Общественной региональной телерадиокомпании "Ынтымак" [Текст]: постановление Правительства Кырг. Респ. от 29. 11. 2011 г., № 742 [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/92843. – Загл. с экрана.

59. Жумаев: "Жетинчи канал" Ташиевдики эмес. – Бишкек, 16-сент. 2012-ж. [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_osh_7_channell_jumaev/24709632.html . – Загл. с экрана.

60. “Ачык саясат” 2012. – 30-сент.

61. Камчы Ташиевдин “7-канал” телеканалы 100% Икрамжан Илмияновго өттү. – Бишкек, 2016. – 15-июль [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://kyrgyztoday.org/ky/news_ky/kamchy-tashievdin-7-kanal-telekanaly-100-ikramzhan-ilmiyanovgo-ottu/. – Загл. с экрана.

62. Ток-шоу “Чындык” [Текст]: 7 телеканал. – 2013-ж., февр.

63. Ш. Маматокуровдун интервьюсу

64. Ахмадулин, Е. В. Основы теории журналистики [Текст]: учеб. и практикум для академ. бакалавриата / Е. В. Ахмадулин – М.: Изд-во Юрайт, 2016. – 358 с.

65. «7-канал» мындан ары А.Атамбаевдин арыгын чабат [Текст] «Майдан. Kg». – Бишкек, 2018. – 22-авг., № 31 (368). – 16 б.

66. Жалал-Абадда журналист бычактады [Текст] // «Майдан. Kg». – Бишкек, 2018. – 14-нояб., № 41 (378).

67. ЖЧК “Дааназат Ордо”. Радиостанция “Салам” [Текст] / Презентатор - Амирова Улукбүбү. – Баткен, 2018. – 6 б.

68. Узбекский язык в СМИ на юге Кыргызстана: осторожно и в малых дозах г. Бишкек, 30.05.2013. [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://www.fergananews.com/articles/7744 . – Загл. с экрана.

69. Разаков, Т. Ош коогалаңы. Ошские события [Текст] / Т. Разаков. – Бишкек: [б.и.], 2011. – 162 с.

70. Евлашков, Д. Ош – Узген 1990-го глазами очевидца [Текст] / Д. Евлашков // Слово Кыргызстана. – 2000. – 2 июня.

71. ООГА ПД, ф.2, оп.144, д.16, л.33.

72. ООГА ПД, ф.27, оп.38, д.19, л.18,19.

73. Сатарбаев, А. М. Причины и уроки ошских и узгенских событий 1990 года (исторический анализ) [Текст]: автореф. дис. … канд. ист. наук / А. М. Сатарбаев. – Ош, 2006. – 25 с.

74. Разрешение стереотипов или “Демон национализма”? [Текст] / Известия. – 1990, 6 июня, № 157 (23060).

75. Правда. – 1990. – 6 июня. – №157 (26240)

76. ООГА ПД, ф.2, оп.144, д. 92, л.1.

77. Рост, Ю. Колокол по тем, кто пока жив [Электронный ресурс] / Ю. Рост. – Режим доступа: https://centrasia.org/newsA.php?st=1277100600 .

78. Садохин, А. П. Этнология [Текст]: учеб. для студ. высш. учеб. заведений / А. П. Садохин, Т. Г. Грушевицкая. – М.: Академия, 2000. – 304 с.

79. Мустафина, А. Земные страсти вокруг святой горы [Текст] / А. Мустафина // Ленинский путь. – 1989. – 24 нояб., № 224 (12439).

80. Джолдошев, Т. Т. Ош-90 [Текст]: роман / Т. Т. Джолдошев. – Ош: [б.и.], 2012. – 138 с.

81. Не перерастет ли локальный конфликт в религиозную войну? [Текст]. – Бишкек: [б.и.], 2001. – 120 с.

82. Президенту грозит импичмент? [Текст] // “Дело №.”. – 2001. – 16 мая, №16 (434).

83. Бекназаров, А. Аксы ыйы - улут кайгысы [Текст] / А. Бекназаров. – Бишкек: Бийиктик, 2010. – 2- китеп. – 518 б.

84. Аксыйский дневник [Текст]. – Бишкек, 2002. – Ч. 1. – 76 с.

85. Аксыйский дневник [Текст]. – Бишкек, 2002. – Ч. 2. – 72 с.

86. Букашова, Б. Уроки Аксы [Текст] / Б. Букашова // Лица. – 1993. – 4 июня.

87. Жоогазын революциясынын башаты - Аксы окуясы [Текст] // Эркин Тоо. – 2012. – 20-март, № 23 (2173).

88. Орозобеков, С. Аксы окуясы - демократиялык өнүгүүнүн бурулушу [Текст] / С. Орозобеков // Кыргыз Туусу. – 2012. – 13-март, № 19 (23608).

89. Абдразаков, Т. Аксы окуясы тарыхта алтын тамгалар менен жазылат [Текст] / Т. Абдразаков // Кыргыз Туусу. – 2012. – 20-март, № 21 (23610).

90. Доор жаңырткан элдик ыңкылаптар [Текст]: 2005-ж. 24-мартында ж-а 2010-ж. 7-апр. Кыргызстанда жүзөгө ашкан элдик ыңкылаптардын маарекелерине арналган жыйнак / редкол.: Т. К. Чоротегин, З. Ж. Эргешов, ж.б. – Бишкек: КРПжӨ ИБнын алдындагы «Типография» мамл. ишк., 2015. – 302 б.

91. Назаралиев, Ж. Движение масс или стихия толпы. Правда о кыргызской революции 2005 [Текст] / Ж. Назаралиев. – Бишкек: [б.и.], 2006. – 92 с.

92. Кыргызский лидер осуждает протестующих [Электронный ресурс]. – г. Бишкек, - 2005, 23 марта. – Режим доступа: https://www.theguardian.com/world/2005/mar/23/nickpatonwalsh. – Загл. с экрана.

93. Financial Times. – 2005. – 22 марта.

94. The Gardian. – 2005. – 24 марта.

95. Кыргызстан: элдик революция 24 март, 2005 [Текст]. – Бишкек: Учкун, 2006. – 416 б.

96. Неужели пришли к 37 году? [Текст] // Лица. – 2006. – 2 февр.

97. 37-жылга туш болобузбу? [Текст] // Агым. – 2006. – 3-февр., № 07 (391).

98. Асанканов, А. А. Установление системной политической репрессии в период правления государством К. Бакиева [Текст] / А. А. Асанканов // Вестн. Ош. гос. ун-та. – 2017. Спец. вып. – 316-б.

99. Де-Факто. – 2008. – 29- апр.

100. «Акыйкат үчүн» кыймылынын жана коомдук парламенттин Билдирүүсү [Текст] // Ачык саясат. – Бишкек, 2009. – 30-янв., №7 (43). – 16-б.

101. ”Дело №”. – 2008. – 24 дек., 41 (750).

102. Айгай. – 2009. – 3-апр.

103. Айгай. – 2009. – 17-апр.

104. Журналисттик кесип коркунучтуу болуп баратат [Текст] // Аалам. – Бишкек, 2009. – 10-март, №17 (834). – 16-б.

105. Гексен ООН одернул Кыргызскую власть [Текст] // “Дело №”. – 2010. – 7 апр., № 13 (807).

106. Революция в Киргизии [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.fergananews.com/article.php?id=6537. – Загл. с экрана.

107. Алымбаев, М. 7-апрель [Текст] / М. Алымбаев. – Бишкек: [б-сыз], 2019. – 1-т.: Тарыхый окуя. – 180 б.

108. Көк асаба. – 2010. – 26-апр.

109. Жетинчи апрель каармандары [Текст]. – Бишкек: [б-сыз], 2010. – 224 б.

110. Өмүрзаков, Ы. 7-апрель жана түштүк коогалаңы – 2010. Журналисттин көзү менен [Текст] / Ы. Өмүрзаков. – Бишкек: [б-сыз], 2013. – 256 б.

111. Максутова, С. От тутанган онунчу жыл же Убактылуу Өкмөттүн ишмердүүлүгү [Текст] / С. Максутова. – Бишкек: [б-сыз], 2013. – 196 б.

112. Василивецкий, А. Преломление: События 2010 в Кыргызстане глазами историка и очевидцев [Текст] / А. Василивецкий. – Бишкек: [б.и.], 2014. – 288 с.

113. Ежегодный сборник аналитических статей [Текст] / ред.-сост. Д. А. Вольтерс, С. Дзарданова. – Бишкек: Академия ОБСЕ, 2018. – 204 с.

114. Новости Кыргызстана [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.media.kg/news/kyrgyzstan-iynskaya-tragediya-2010-v-zerkale-smi/. – Загл. с экрана.

115. Назаралиев, Б. Ал – мас капитан... [Текст] / Б. Назаралиев // Жаңы Ордо. – 2012. – 7-дек., № 38 (382).

116. Орешкин, А. Второй страшный урок не пошол впрок [Текст] / А. Орешкин // Вечерний Бишкек. – 2011. – 14 янв., № 5 (10161).

117. Анализ в Центральной Азии [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.centrasia.ru/ntwsA.php?st=1276521360. – Загл. с экрана.

118. Пономарев, В. Хроника насилия: события июня 2010 года на юге Кыргызстана (Ошский регион) [Текст]: докл. / В. Пономарев. – М.: МОО ПЦ Мемориал, 2012. – 200 с.

119. Мырзакматов, М. Мен издеген чындык. Ош коогасы тууралуу [Текст]: маектер, кайрылуулар, билдирүүлөр, документтер, фактылар / М. Мырзакматов. – Бишкек: [б-сыз], 2011. – 384 б.

120. [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.bbc.com/kyrgyz/mobile/in_depth/2011/06/110606_june_ natiional_comission.shtml. – Загл. с экрана.

121. Азимжан, Аскаров. Долгая дорого к правде [Текст] / А. Аскаров // ResPublica. – 2016. – 6 окт., № 36.

122. Телеканал “Апрель” [Текст]: новост. эфир. – Бишкек, 2019. – 24 июля.

123. Ночевкин, В. Американская рулетка на кыргызском поле [Текст] / В. Ночевкин // Дело №. – 2011. – 16 марта, № 9 (848).

124. ResPublica. – 2019. – 18 июля, № 21.

125. ResPublica. – 2019. – 2 авг.

126. Турусбеков, К. Кезектеги Ош – 2020 окуясына даярдык башталдыбы? [Текст] / К. Турусбеков // “Фабула”. – 2018. – 10-июль, № 49 (269).

127. Мониторинг конфликтов и нарушений со стороны журналистов и СМИ права в Кыргызстане [Текст]: май 2002 – авг. 2003. – Бишкек: [б.и], 2003. – 110 с.

128. Мониторинг электронных СМИ (Кыргызстан) [Текст]: 26 янв. - 20 февр. 2000 (выборы в Парламент). – Бишкек, 2000. – 84 с.

129. Мониторинг электронных СМИ (Кыргызстан) [Текст]: 2 окт. -29 окт. 2000 (выборы президента). – Бишкек, 2000. – 64 с.

130. Мониторинг конфликтов и нарушений прав журналистов и СМИ Кыргызстана [Текст]: май 2002 – авг. 2003. – Бишкек, 2004. – 128 с.

131. Евразийская экономическая комиссия [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.eurasian.org (2002). – Загл. с экрана.

132. Кыргызстан: Защита демократических принципов свободы слова в странах Центральной Азии [Текст]: мониторинг: янв.-дек. 2004 г. – Бишкек, 2005. – 112 с.

133. Кыргызстан: Защита демократических принципов свободы слова в странах Центральной Азии [Текст]: мониторниг: янв.-дек. 2005 г. – Бишкек, 2006. – 232 с.

134. Мониторинг СМИ. Президентские выборы - 2009 [Текст]: 18 июня – 23 июля: отчет. – Ош, 2009. – 12 с.

135. Кыргыз тилдүү ЖМКлардын мониторинги [Текст]: 2011-2012-ж.: отчет. – Бишкек, 2012. – 12 б.

136. Череменина, Е. Г. Профессиональная этика журналиста – 2 [Текст]: учеб. пособие / Е. Г.Черeменина, А. В. Кулинский, С. Жумагулов. – Бишкек: Изд-во БГУ, 2013. – 167 с.

137. Мониторинг освещения предвыборной кампании в СМИ

Кыргызской Республике (выборы Жогорку Кенеша КР) [Текст]: сент.-окт. 2015 г. – Бишкек, 2015. – 143 с.

138. Турдугулова, Д. Баары бир акталып чыгам, өлбөгөн жерде калам [Текст] / Д. Турдугулова // “Азия news”. – 2019. – 14-февр., № 6 (293).

139. Грачевская, Л. Свобода без справедливости [Электронный ресурс] / Л. Грачевская. – Режим доступа: https://mp.kg/politic/item/4889-1474_svoboda_bez_spravedlivosti.html. – Загл. с экрана.

140. Иманкулов, К. Как необдуманные действия чиновников потерпели фиаско [Текст] / К. Иманкулов // Слово Кыргызстана. – 2018. – 27 июля, № 83 (23644).


141. Тузов, А. Никакому правительству нельза, органичивать свободу слова [Текст] / А. Тузов // Вечерный Бишкек. – 2012. – 19 окт., № 156 (10520).

142. Бул маалымат медиа каражаттардын жетекчилери менен такталды [Текст].

## ТИРКЕМЕЛЕР

### Кыргызстандын түштүгүндөгү телеканалдар

*1-тиркеме*





**Эскертүү:**

1. ТК-телеканал
2. 1-эфирдик сааты
3. 2-өздүк продукция
4. 3-штаттагы кызматкерлер

## Кыргызстандын түштүгүндөгү радиолор

*2-тиркеме*





**Эскертүү:**

1. Р-радио
2. 1-эфирдик сааты
3. 2-өздүк продукция
4. 3-штаттагы кызматкерлер
5. Сызыкча жоктукту билдирет.

**Кыргызстандын түштүгүндөгү мамлекеттик жана мамлекеттик эмес телерадиолор**

***3-тиркеме***




**Эскертүү:**

1. ТР-телерадиолор
2. 1-мамлекеттик телерадиолор
3. 2-мамлекеттик эмес телерадиолор
4. Сызыкча жоктукту билдирет